ШАКИН ЭСЕНКУЛОВ

# КӨЧ




ШАКИН ЭСЕНКУЛОВ

# КӨЧ

ПОВЕСТТЕР, АҢГЕМЕЛЕР

ФРУНЗЕ
«АДАБИЯТ»
1991

# ПОВЕСТТЕР



# КӨЧ

Кандашым, уялашым, түнөктөшүм,
Кайгырсам, кубансам да жүрөктөсүң!
Коштошпой сапар алсам алыс жакка,
Кайгыга көңүл чөгүп күн өтпөсүн,
Алымды сурап билгин мезгилдерден,
Ал сага «азаптанып жүрөт!» десин...

*Эжем БУКЕНГЕ*

## I

— Эл кайда көчөт?! Эл кайда көчөт?! Эл кайда көчөт?! — Дариянын алаканындагы кичинекей кызыл макулук бир аз тегеренип басты да, суунун агымын карай учуп, заматта көздөн кайым болду. Кыздын көңүлү сууду. Анын сезиминде бул — жакшы жышаана эмес. Кусалуу жүзүн булут каптап, эл кайда көчөттүн учкан багытын кыйлага карап турду... Анан, бөбөгүнө бүлдүркөн териш үчүн, калың чөптүн арасына отурду. Кара кочкул мөлтүрөгөн бүлдүркөндүү тикенектүү сабагынан бошотуп, уйгактын чоң жалбырагынын бетине чогултту. Өзү али бирөөнү да оозуна салган жок. Абал мурун бөбөгүнө бериши керек. Бул мурдатан көнгөн адаты. Кээде өзү жалгыз айылга барса, энчисинин көбүн бөбөгүнө калтырып, азын өзү жейт. Ансыз тамагынан өтпөөчүдөй сезет дайым. Адатта бөбөгүн жанынан

калтырбайт: Ойногон оюндары, иштеген иштери, жаткан төшөктөрү бир. Бөлүнбөй жүрүш кандай жакшы!...

Дария былтыр биринчи класска окууга барган. Алгачкы эле күнү Назим апасы Зейнепти отургузган жок. «Эжем качан келет? Жүрчү, эжеме баралы? Эжеме алып бар?!» дей берип, айласын кетирген. Кечке маал Зейнеп уулун жетелеп, Дариянын астын утурлап басууга аргасыз болду... А Дариячы? Аны: береги камыш менен чатырланган мектеп, теректен калың чабылган «парталар», анда отурган окучуулар, тигил чолок мугалимдин айткан сөздөрү, ал турсун апасы эмгек кылып тигип берген китеп салгыч таар баштыгы да кызыктырбады. Көңүлүнөн бөбөгү чыкпай жол карап, ыйлап отурганы элестей берди. «Бөбөгүн ыйлатып таштаган кантип жакшы болсун!» деп ойлоду ал...

Назим Дариянын караанын тээ алыстан — Мамбетмусанын тегирменинин кыясынан чыкканда эле таанылы.

— Эжем! Эжеке-е!.. — Жетелеп келаткан бала колунан кандай чыгып кеткенин Зейнеп байкабай да калды. Назим үнүнүн бардыгынча бир нерселерди сүйлөп, чымын-куюн болуп чуркап баратты. Жалаң аяк таманын тызылдаткан таштар, а тургай Зейнептин: «Акырын жыгыласың!?» — деген сөздөрү кулагына угулган жок. Айтып оозун жыйгыча болбой, Назим чалынып жыгылды. Дария апасынан мурун жетти. Зейнеп кучакташып ыйлап отурган балдарын соороотуунун ордуна эмне үчүн көзүн жашка каптатканын өзү да сезбей калды.. — Акебайым, ыйлаба? Мындан ары сени таштап кетпейм, барбайм, уктуңбу?... Ыйлаба?..

Дария бөбөгүнө берген убадасына туруп, мектепке баруусун таптакыр токтотуп койду. Эки күндөн кийин, чолок мугалим балдагын кере-кере таштап, кечке маал Зейнептин үйүнө ачуулуу кирди.

— Сен кандай катынсың?!. Кызыңды окууга жибербейсиңби? Балдагымды сүйрөп, сенин үйүңө келип кыйкырып турганымды жеңил деп турасыңбы мага?! — Зейнеп эмне дээрин билбей, уялып жер карады. Чолок мугалим жини келгенденби, денесин калтырак басып, таягына өбөктөй калып сөзүн аянычтуу улады: — Мени аягыла? Немистерден калган жарты жаным бар. Бир бутумду сунуп үйдө отурайын десем, эркелеткидей балам, эрмек болоор аялым жок. Өкмөт ушул ишин тапшырып койду... Эми менин эрмегим — береги балдар.

Балдарыңарды сабактан калтырбай жиберип турсаңар боло?

— Кызымды мен жибербей жатканым жок аке, — де-

ди Зейнеп буулуккан үнү менен. — Өзү, өзү барбайм дейт. Тилдесем да болбой койду көгөрүп.

— Эмне үчүн, эмне үчүн баргысы келбейт? Же таарынтып койдумбу? Мен сага китептин жаңысын бербедимби. Айтчы кызым, эмне болду? Таарындыңбы?

— Жок.

— Анан эмнеге барбайсың? Билимдүү, акылдуу кыз болгуң келбейби?

— Келет.

— Анан эмне үчүн барбайсың?

— Акылдуу кыз кантип бөбөгүн ыйлатып жалгыз таштасын? Бөбөгүмдү ыйлатып таштап, баргым келбейт. — Дария ыйлап жиберди.

— Береги каапыр... — Зейнеп Назимди көрсөтүп мукактанды, — ээрчип, чыргоолонуп... Айламды кетирди. Эмне кылышты билбейм, Болот аке. Мектеп жакын болсо эмне!..

— Бөбөгүмдү мектепке киргизсеңиз, ээрчитип алып, алыс болсо деле бат эле барат элек?.. — деди Дария акырын.

— Ээрчитип?.. — Болот унчукпай калды. Узак тынымдан кийин, эшиктин алдындагы чоң дөңгөчтүн үстүнө барып отурду да, Зейнеп экөө көпкө сүйлөштү. Зейнептин жадырап-жайнап, улам башын ийкендеткенинен улам, Дария жакшылыктын болоорун сезип, алыстан көз салып турду.

Ошондон кийин Дария мектепке бөбөгүн ээрчитип барып, жанына алып отурууга укук алды. Назим дагы эжекесиникине окшоп таар китеп баштыктын ээси болду. Дария эми мугалимдин сөзүн кунт коюп угуп, дептерине тамга түшүрүүнү үйрөндү. Анын жазгандарын Назим эрикпей көчүрөт. Болот менен Зейнеп ойлогондой ал мектепке баруудан жадаган жок. Кайра эжесинен бөлүнбөй, жакшы болбодубу!.. Чарчаса көтөрүп, ыйласа соороткуп, алгачкы окуу жылын чогуу аякташты. Дария класстын алдыңкысы болуп бүттү. Назим дагы үзгүлтүксүз катышкандыгы үчүн, эки дептер, бир калем менен сыйланды. Бирок анын класстан-класска көчкөндүгү жөнүндө сөз айтылган жок. Дария дагы сураган эмес. Сураганда эмне, мындан ары деле, бөбөгү менен бирге отуруп окуса болбодубу!..

Назим азыр эжесинин күрмөсүнө оронуп уктап жатат. Ал ойгонгуча бүлдүркөн терип барыш керек. Зейнеп колхоздо — орок оруп жүрөт. Көп күн болду. Кыз азыр апасын анча эстебейт, көнүп калды го сыягы... Тээ мурда (Дария окуй электе) Зейнеп эки баласын ээн тамга кал-

тырып, колхоздун жумушуна кетчү. Анда дагы көп күнгө. Аралыгы алыс болсо керек... Ошондо Дария бөбөгү жана кара эчки үчөө, күндө жол карап кусаланышчу. Кээде үн чыгарышпай көздөрүнөн жаш агызышканда, мурдуларынын шор тартылганын тыңшап, кара эчки да экөөнүн кусалыгын бөлүшкөндөй оттогон чөбүн токтотуп, үнсүз тиктеп туруп калчу жаныбар. Орсок эчкини үч маал саап, анын каймагынын теңин кара жыгач чөйчөккө салып, апасы үчүн сактап коюшаар эле. Азыр апасын анча эстебейт... Бирок, акыркы жолу сагындырган апасы келген күн, Дариянын сезимине бүлүк салган. Ошол көрүнүш негедир эсинен чыкпай калды...

Зейнеп анда жалгыз келген эмес. Жанында узун бойлуу, кара мурут киши бар болучу. Дария үчүн бөйтааныш. Бул үйгө көптөн бери чоочун эркек кире элек. Атасы аскерге кеткенде апасы жаш экен. Элес-булас эсинде бар: бакыракай көздүү, олбурлуу кара киши бооруна сыга көтөрүп: «Кызым мага окшош, чоңойгондо өзүмдү тартат» деген сөзү эсинде калыптыр. Андан бери көрө элек. Атасынын кайда кеткенин, качан келээрин, апасынын сөзү аркылуу гана баяндайт. Мындан эки жыл мурда үйгө көп киши чогулуп, Зейнеп... анан ага кошулуп бардыгы ыйлашкан .Ошондо апасы Дария менен Назимди алдына алып отуруп: «Атаңардан ажырадык куу тумшуктарым! Эми биз кандай күнгө кабылабыз?» деп буркурап ыйлаган эле. Кыз ал сөзгө анча маани берген эмес. Жанында апасы, бөбөгү бар... «Тамдын башына күл төккөндөн бери тамчы акпай калды... Эмне болмок эле? Казанга буудай нан бүгүнкүдөй көп-көп жабылып, эчкиден көп-көп сүт чыгып турса, апам дагы ушинтип колхозго кетпей койсо эле, Назим ыйлабай калмак. А мен жүгөрү сугаруудан, чөп оруудан, куурай терүүдөн түк дагы жадабас элем!..» деп ойлогон. Андан бери далай күндөр өтүп, Назим менен Дария колхозго кеткен апасын сагынышып, далай көз жаштарын агызышты...

Чоочун киши жонуна көтөргөн капты босогого жөлөп, Назимди өөп, обочодо турган Дарияны чакырды.

— Кел, келегой? Атың ким? — Анын корулдаган үнү кыздын кулагына жат угулду.

— Бар, барагой кызым, учураш, байкең болот, — деди Зейнеп. Дария акырын келип колун сунду. Чоочун киши өзүнө тартып бетинен өптү эле, башын ала качып, тигинин ээрди тийген жерди алаканы менен бат-бат аарчып жиберди.

— Үйгө кир Чоке. — Зейнеп балдарынын демиценби,

жетине албай жагалданып, чоочун киши көтөрүп келген каптын оозун чечип, жаны буудайдын нанын алды. Тоо чөбүнөн салынган чай демейдегиден бачым кайнап, Дария сактаган каймак менен кошо дасторконго коюлду.

— Же Чоке, жесең!?. Садага кетейин кызым, ушундай эстүү! Жалгыз эчкинин каймагын өздөрү жебей, мага сактаганын көрбөйсүңбү!.. Алсаң Чоке. — Зейнеп бу жолу бир сөздү кошпой таштап кетти негедир. Демейде кызын бирөөгө мактаганда: «Атасын тартып» деп баштоочу... Чоочун киши нанды каймакка малып жеп, шашпай үнсүз отурду. Ушул көрүнүш Дарияга жаккан жок. Баарынан да атайы апасы үчүн сактаган каймакты бөтөн киши түгөтпөдүбү!.. Ичи ачышып, кызганып, ыйлагысы келди кыздын.

Ошондон кийин Чоке бул үйгө бат-бат келчү болду. Зейнептин эшигинин алдына отун толуп, жүгөрүсү эрте орулуп бүттү. Жалгыз эчкиге арналган чөп жылдагыдан көп камдалып, жалпак кара тамдын башына алда качан жыйылып калган. Бирок, мунун баарына Дария кубанган жок. Чокенин карааны алыстан көрүнгөндө эле, өзүнөн-өзү кысылып туталана берет. Кийинчирээк Зейнепке: «Тигил кишини келбе дечи апа?» — деп бир нече жолу шыбыраган. Ал сөз Чокеге айтылбадыбы жокпу алиге белгисиз, айтор узун бойлуу, кара мурут кишинин карааны жалпак кара тамдын жанынан көп көрүнчү болду.

Кийин Дария окуп калды. Назим экөө мектепке эрте кетип, кеч кайтат. Үй оокаттарына анча аралашпайт. Балким, сабактан алагды кылгысы келбейби, айтор Зейнеп да мурдагысындай жанына чакырып жумуш жасатуусун койду. Бардыгын күбүрөнүп жүрүп жалгыз иштейт, көбүнчө Чоке болот жанында. Бул үйдүн күзгү жыйын-терими быйыл эрте бүттү. «Шүгүрчүлүк!.. Эгинден тартыш болбойм. Колхоз эмгегиме кичине тыйын-тыпыр берсе, балдарымдын кийимин жаңыртам. Эми тегирменге ун-талкан тартып алсам, балдарымдын курсагы ток болот» деп, сүйүнүп жүрдү Зейнеп. Дария муну уккандан бери, жакында кийүүчү бөбөгүнүн ботинкасы менен өзүнүн көйнөгүнүн өңү-түсүн болжоп биле албай, убара.

Күткөн тегирмендин кезүүсү өтө кеч—жерге кыроо түшкөндө келди. Жылда тешиксин ит жалап аңырап жаткан үстү ачык тегирмендин, быйыл тээ кырман сапыра баштагандан бери үнү басыла элек.

Чоке таар каптарга буулган аштыктарды тегирмендин жанына көтөрүп жеткирди. Дария Назимди кучактап, каптарга көз салып отурат. Тегирменчи Мамбетмусанын

тайгандары шимшилеп, кыздын айласын кетирди. Бирок, аларды чаап же каргап коюш өтө кыйын. Анда тегирменчи бербей кууп жиберет деп айтышат. Тегирменчи: олбурлуу кызыл ырай, кара сакал киши. Бул айылдын белдүүсү, кадырлуусу ушул дешет. Өмүрүндө үч аял алыптыр, бирок, негедир баласы жок. Дайыма бозого кызымтал болуп, узун жалдуу тору атына минип, тайгандарын ээрчитип алат да:

«Маңга дүнүев керекмес,

Маңга дүнүев керекмес...»

деп жүргөнү-жүргөн.

— Быйыл түшүмүң түзүк болгон го Зейнеп. — Мамбетмуса тегирмендин кулагын ырастап жатып сүйлөдү.

— Жаман эмес аке.

— Кут болсун! Жаман балдарыңа буюрсун!..

— Айтканыңыз келсин аке!..

— Сен эми аштыктарыңды тартып бүткөндөн кийин, сууну алыштын башынан жыгып, каласын үйгө жеткирип бер, жарайбы?

— Макул аке.

Мамбетмуса имерилип кетпей, эки өрүм чачы бар, чыбыктай ичке кара тору келинди узакка тиктеп калды. Кирпик ирмем каректери илинише түшкөндө, Зейнептин денеси чымырап, ишинип бараткансыган бетин жашырып, серпилип жаткан унду максатсыз аралаштырып кирди.

— Тегирмендин каласын албай эле койсомбу?.. Андан көрө, сенин өзүндү алсамбы деген ой пайда болуп жүрөт менде. — Чоң каптагы буудайды тегирмендин кампасына төгүп жаткан Чокенин көзү, тигил экөөнүн желкесине батып кетти.

— Эриңден эрте калып, убал болду сага. — Мамбетмуса камырабай ундун майдалыгын текшерди. — Көрчү элебей жей турган болдуң — деди да, ун болгон колун каккылап ордунан туруп жатып: — Айтчы, мага тийээр белең!— деп кошумчалады. Зейнеп дүлөй жандай мисирейди.

— Сенде эмнеңин кеби. Келтин баары менин жаңагы аш түгөтөөр катындарымда. — Мамбетмуса адатынча камырабай сүйлөп, балдардын жанына барды. — Береги балдарың жакшы. Ушундай эле кыска мурун эки бала тууп таштасаң, атаганат!..

Чоке бошогон таар капты жерге урду да, кайдадыр басып кетти.

— Кара чыракты күйгүзүп алып, жакшылап көз салып тур, кокус оогустап кетпесин. — Тегирменчи аттанып жатып бакылдады. Жалдуу тору ат ыңгырана аяк шилтеген-

де, тайгандары тура жөнөштү. Анан ал жалгыз сап ырын көнгөн обонуна салып, кырааты менен созолонтту:

«Маңга дүнүев керекмес,
Маңга дүнүев керекмес...»

Тегирмендин күрүлдөгөн доошу анын үнүн бат эле угузбай салды. Чоң казандын оозундай кызыл таш жеп-жеңил тегеренип, аппак унду бүркүп жатат. Анын бир калыпта күрүлдөгөн доошу, Дариянын кулагына миң түркүн кайрыктарды берет: селкинчек тепкен жаштардын ыры, бирде жалаң гана каткырыктар кээде кошок болуп уңулдап, жүрөктүн үшүн алат. Кайра туруп, жалама зоо асканы жарып аккан дарыянын жээгин, жомоктогу жалгыз көздүү кемпирдин караанын элестетет. Тегирмендин сүрдүү жаңырыгы кыздын кыялын узаткан жок. Ал өйүзгү кызыл аскага айдын шооласы жаңыдан тийгенде уйкуга кеткен.

Дария уктап жатып түш көрдү. Түшүндө: апасы, Назим үчөө тоодо чийе терип жүрүшүптүр. Чийенин көптүгүн айтпа!.. Аябай бышыптыр. «Ырас болбодубу, апам эми мындан сонун кымыз жасайт», деп сүйүнөт.

Аңгыча далдайган бир чоң куш учуп келип, чийенин түбүндө оттоп турган эчкинин үстүнө конду. «Апа, эчкини жеди, эчкини жеди!.. Кыздан мурда Зейнеп чуркап жетип, куштун канатын капшыра кармагандай болгон. — Укмушуң кур! Эчкинин жонунда Чоке отурат.

— Учкаш! — деди Чоке Зейнепке. Ал үнсүз учкашты. Чийе жеп турган Назимди узун колу менен апчый өөрүп, кара эчкини темпиди эле, безип жөнөбөспү!..

— Эчкинин бели сынат, түшкүлө! Ошондой кантип оюн болсун, түшкүлө!?

— Түшпөйбүз. Эчкинин бели сынбайт.

— Токтогула! Кайда барасынар?..

— Тигил өйүзгө... Эркинирээк жашашыбыз керек. Таштын арасында жашырынып жүрүп, карыдык. Жетишет!.. Чыдоонун да чеги болот.

— Менчи? Мени ала кеткиле!?

— Сен али турмушту түшүнбөйсүң. Жашоонун эң негизги максаты бар. Аны билбейсиң. Ошондуктан окушуң керек. Агайыңа баргын да окуй бер. Чоңойгондо өз жашооңду өзүң тандап аласың. Биз да тоскоол болуп кийлигишпейбиз. Уктуңбу?..

— Назимди таштагыла!? Назимди!? Назим, Нази-им!..— Безилдеп чуркап баратып ташка чалынып жыгылды. Чочуп ойгонсо Назим кучагында бүжүйүп жатыптыр. «Ку-

дайым ай, кандай жакшы!» — деп, ушул окуянын эчи болуп калганына аябай сүйүнүп, бөбөгүн кайра-кайра өпкүлөдү. Тегирмендин добушу асканы жаңыртып, мурдагыдан да катуулап калгандай — дуулдайт. Параны чимирилткен өжөр суунун шабыры денесин ичиркентет. Ачылган күрмөсүн кымтыланыш үчүн, козголгондо, Чокенин таанышы үнү буудай салынган таар каптын артынан угулду. Азыр эле кара эчкинин үстүндө баратып дал ушундай кыйкырган. А тургай, сөздөрү дагы окшош...

— Чыдоонун дагы чеги болот дебедимби, чеги болот! Жетишет качанкыга чейин чыдамак элек. Алты айдан бери артыңдан жакшы эле ээрчидим. Токто дейсиң — токтойм. Чыда дейсиң — чыдайм! Беш көкүл кыздай назданбай, ачыгыңды айт! Менин да адамча жашагым келет. Элден эч жерим кем эмес.. Балким бирөөнү күтүп жүргөндүрсүң?.. Башкасы түгөнгөнсүп, Мамбетмусага эмне жок, же ал экөөңөрдүн башыңан байланышыңар барбы?

— Жок ботом, акырын?

— Сага жашы дагы, карысы дагы көз артчу болду. Мен аларды көрүп туруп, кантип чыдаарымды сезесиңби?!

— Сезгенде эмне кыл дейсиң? Биз азыр жаш эмеспиз, ойлонуп иштебесек, журт алдында абийирибиз төгүлүп...

— Абийирибиз төгүлгүдөй кайсы күнөөбүз бар?

— Күпөөдөн кудай сактасын!? Он жылдык жыргалды бир күндүк өкүнүч жууп кетет... Менин кыйналганым эле балдар эмеспи, Чоке? Алар... көнүшөбү, жокпу?..

— Көнбөгөндө кайда бармак?!.

— Сага имерелип, боор берип калса деп...

— Имерилет. Имерилбесе... Э, бакыт баладанбы, башкаданбы ким билет. Өмүр он жылдыкпы, он күндүкпү ким билет. Эртеңки күндүн тумандаган ой-кырын ойлонуп, баш катыруунун эмне кереги бар? Андан көрө колдон келсе «түштүгүнө жорго минип» алууга не жетсин! Куураган турмуштун айынан, жалаң гана көр оокаттын камын ойлоп жүрүп, кырчын өмүрүбүз өтүп баратат. Аскерден келгениме бир жыл болду. Бактым бар экен, тирүү келдим... Келгенде мени Мамбетмусанын тайгандарынан башка эч ким тосуп алган жок. Аялым өлүп калыптыр, кызымды сурамжылап жүрүп араң таптым. Атасы экенимди сезип да койгон жок. Бала деген ошо тура, курсагы тойгон жердин кулу. Көнүптүр... Албайын десем, жалгыз башыңа караан болот деп кошуп беришти. Ал да убактылуу конок... — Чокенин кобуру тып басылды. Анан таар кап бир аз солкулдай түшүп, жалдыраган баланын үнүнө окшогон сөздөр үстөкө-босток бадырай баштады. — Түшүнсөң Зейнеп, ме-

нин мындан аркы өмүрүмө сен гана керексиң! Сени көрүп, турмушта жашагым келди. Балдарга баш катырып эмне, аман болсо болду. Өз күнүн өзү көрөт. Экөөбүздүн аларды чоңойтууга жумшаган жаштыгыбызды кийин сезип да коюшпайт. Ишенип койгун, сезип да коюшпайт! Биз ушундай картаң боюнча гана жаралгандай туюлабыз аларга. Кууратан согушту, ачарчылык күндөрдү, бүтүндөй кыйынчылыктарды унутуп, он күн болсо да адамча жашап алалычы, Зейнеп!? Мага сенин жаныңда болуудан артык эч нерсе жок! Баш кошолучу Зейнеп!? Макул дечи?.. Сүйлөсөң боло?!.

— Өзүң билчи Чоке... Калганын өзүң билчи... Менин эрким жетпей кетти... Сени мен дагы сүйүп калдым окшойт... Катуурак кучактачы!? Ах, кудай ай!..

Дариянын денесин калтырак басты. Анан ал андан ары тыңшоого чамасы келбей, күрмөсүн бекем чүмкөндү да, кулагын басып шолоктоп ыйлаганга кирди...

II

— Дария, ай Дария!.. — Дария ыргып ордунан турганда, этегиндеги бүлдүркөндүн көбү чачылып калды.

— Сени жер жутуп кеткен жокпу?!. — Дилдекандын көздөрү чоңоюп таноолору көөп калыптыр. Анын ачуусу келгендеги кебетеси дал ушундай. — Бас! Бөбөгүң ыйлап жатат. — Төө жалбырактын бетинде калганын тутамдай кармап, Дария чуркап жөнөдү. Дилдекандын өңү эле калыбына келип, чачылган бүлдүркөндү терип жеп кыңылдап ырдаганга кирди...

Чокенин жалгыз кызы ушул. Дариядан беш-алты жашча улуу болсо керек. Бирөөдөн үйрөнгөнбү, же мезгили жеттиби айтор, өзүн бойго жеткен кызча кармайт. А тургай өзүнөн кичүүлөрдү чоң кишилерче башкарганды жакшы көрөт. Кээде тигил экөөнү чыбык менен чаап, көсөөнү алып тап берип жазалайт. Мүнөзү бат өзгөрүп, оозуна келген сөздү айта берүүдөн айбыкпайт. Жалгыз калган убактысын ырдап өткөргөндү сүйөт. Айрыкча келиндер ырдоочу ырлардан кумарлана созолонтот:

«Кара жака пальточон,
Кайрылып келсең жоргочон...»

Тиги чоң колхоздогу төрт жылдык мектепти бүтүргөн. Ошондуктан муну «билимдүү кыз» деп коюшат. Азыр бош. Убактысынын көпчүлүгүн тор түйүп, сайма сайып, куурчактарын жасалгалоо менен өткөрөт. Анын бул түйшүктөрү

Дарияны түк кызыктырбайт. Дилдекандын тери кптен баштыгынын иштинде толтура майда чурурекетерге сайылган саймалар жатчу. Аны күнүгө бир сыйра карап чыгып, кайра эрикпейн таптап салчу. Дария бир жолу минтип сурады:

— Буларды кимге жасап жатасың? Өзүңөбү же атаңабы?

— Атама мен жасамак белем?..

— Аван ким жасайт?

— Аялы, сенин энең жасайт. А мен буларды өзүмдүн күйөөм үчүн жасап жатам, билдиңби?.. Мына бул бет аарчылар, сүлгү, кол кап, байпак, ушулардын баарын ошол үчүн жасабадымбы!.. Минтпесем ал мени чанып кетиши мүмкүн. Билесиңби, менин күйөөм аябай сулуу! Таякем быйыл күздө баш коштурабыз деген.

— Анан сен биротоло кетип каласыңбы?

— Кетпегендечи! Эми бул үйдүн ээси силер болбодуңарбы. Мен да эртерээк үй-жай күтүшүм керек... Мына көрдүңбү, менин үйүм дал ушундай жасалгаланат. — Ал куурчактары жаткан көшөгөнү ачты. — Туш кийиз, жууркандар, бул мен, бул күйөөм!..

— Азырынча күйөөң жок да, тигил эркек куурчакты алып таштасаң?

— Эмне үчүн?

— Ал эркек киши да, жаныңа жаткырбай эле койбойсуңбу?

— Келесоо! — Дилдекан каткырып күлдү. — Сүйүү дегенди билбейсиң да, келесоо!..

Чынында эле бул сөздөргө Дариянын акылы жеткен жок. Балким мындай иштерди апасы али үйрөтө электигиненби же жаштыгынанбы, айтор «мындай сөздү эси жок кыздар айтса керек» деп жыйынтык чыгарды. Өзү жөнүндө эмне дээр экен? «Баары бир, бирок, «жетимдер» деген сөздү айтышпаса эле болгону! Назим ыйлабай жанымда ойноп жүрсө!?» Дариянын тилеги ушул.

— Экөө керээлден кечке үч эчкини кайтаруу менен алек болушат. Чокенин эки ала бел эчкиси бар, биринин улагы жок. Кара эчки быйыл эгиз улак тууган. Экөө тең энесине окшош. Азыр чоңоюп калышты. Эртең менен Оро-Секиге айдап чыгып, кечке чейин кайтарып жүрүшөт. Кара эчки улактарын ээрчитип алып тигилерден обочороок оттойт дайым. Дарияга ушунусу жагат...

Алар Оро-Секинин тумшугундагы чоң ак таштын үстүнө чыгып отурушат да, айланадагы көрүнгөн нерселердин баарын санап чыгышат. Дариянын эсеби боюнча ушул айылда элүү бир там бар. Алар: өзүлөрүнүн ээлеген орду,

жашаган адамдарына жараша көңүлгө сезим бергенсийт. Булардын коозу Мамбетмусаныкы, сүрдүүсү биргадирдики. Ал эми тээтиги жалгыз түп өрүктүн түбүндөгү жалпак кара там баарынан көзгө сүйкүмдүү!.. Ал тамда көптөн бери киши жашабай калды. Быйыл жазында кароосуз калган жайды, аяnты менен бригадир Султан өз огородуна кошуп алыптыр дешкен. Ошондон бери анын картаң энеси керээлден кечке жаны тынбай, баш-аягы бир ат чабым аянтты чарк айланып, кыбыраган жан киргизбей коруп жүрөт. Кайнаган ысыкта үйгө отурбай, эгиндерди шырп алдырбай андып, жүгөрүнүн чачысына конгон чымчыктарды ташка алат.

Дария мына ушуларды күн сайын алыстан карап отуруп ичи ачышат да, көз жашын чыгарбоого тырышып, шилекейин жута берет... Айлананы туман каптап, ак жаан дыбыратып жаап турган күнү кара тамдын ичиндеги буюмдар жыйналып, бир таңылчакка таңылды. Ээн бөлмөнүн босогосуна жөлөнгөн шыбак шыпыргыдан башка эч нерсе калган жок. Чоң таңылчакты көтөргөн Чоке жол баштап, Зейнеп Назимди, Дария эчкини жетелеп, кечке маал үйдөн чыгышты. Анан ошол кечте мына ушул Оро-Секиге артылган жалгыз аяк сокмо жол менен ашып, Дилдекандардыкына келишкен болучу. Андан бери кыш өттү. Жай аяктап,күз келет. Бирок, ал там Дариянын сезиминен өчүп калбай, көңүлүнө күндө жаңы бүлүк салат... Алгачкы айларда Назим экөө бат-бат барып жүрүштү. Кээде төркү бөлмөнүн төрүнө төшөлгөн самандын үстүнө жатып уктап калган жеринен, Зейнеп же Чоке келип ээрчитип кетчү. Качан гана тамдын үстүндөгү жайылган чөптү Чоке көтөрүп кеткенден кийин тамчы таамп, шыбактары урап түшүп, ичи чылага айланды. Ошондон бери көп барышпайт...

## III

— Эже, бул биздин үй ээ?! — деди Назим кара тамдын ичин айландыра карап туруп.

— Ии, биздики болчу...

— Анан эмне келбейбиз? Ии-ий дубалдары кулап калыптыр карачы. Баягыдай ылай жасап, ондойлубу?

— Жок, кереги жок.

— Апам келгенде оңдойбузбу?

— Жок, таптакыр оңдобойбуз. Эми Дилдекандардын тамында жашай беребиз...

— Өзүбүздүн там болбойбу?

— Болбойт, болбойт! Түшүнбөйсүңбү, апам Чөкөө тийип албадыбы. — Дария отура калып ыйлап жиберди.

— Тийип? — Назим акырын сурады. Анан эжесинин көзүндөгү жашты сөөмөйү менен аарчыды да, адатынча кучактап өптү.

— Эми ыйлабайм. — Дария дароо басылды. — Жүр, эшикке чыгалы. Улактарды откоруш керек, бизди ээрчип жүрүп ачка болушпадыбы. Жүр?

— Эже өрүк жейм! — деди Назим эшикке чыкканда.

— Өрүк али быша элек.

— Мейли, мынчаны эле жейм? — Назим сөөмөйүн көрсөтүп буруйду. Дария өрүктүн шагын ылдый ийди да, эки көрөк үзүп алып бирөөнү бөбөгүнө берип, бирин өзү жей баштады.

— Бышканда келип терип кетебизби?

— Болбейм... Чокенин өрүктөрү көп да...

— Атамынбы?

— Ата дебе! Ал биздин атабыз эмес дебедим беле. Сен аны «ата» десең, менин ыйлагым келет.

— Анда Чоке ата дейинби?

— Жок, эч нерсе дебе! Түшүндүңбү?

— Ии... — Назим баш ийкеди.

— Биздин атабыз башка... Атам жакшы киши... Мен билем. Атам мени эркелеткенин сага айттым эле го!? — Назим үнсүз тиктеп турду.

— Мен атамды сагына берем... Билесиңби, мен атама арнап ыр чыгардым. Жөн эле, ойлонуп отуруп, ырдап берейинби?

— Ии?

— Кичине Токмок, чоң Токмок,
Машина жүрөт ойсоктоп.
Мен атамды эстесем
Көзүмдүн жашы мончоктоп...

— Жакшы бекен?

— Ии...

— Эми муну сен дагы жаттап ал, экөөбүз ырдап жүрөбүз, макулбу?

Дария Назимге ырды жаттатууга киришти. Бул ыр кантип жаралганын өзү да жакшы ажырата албайт. Айтор, те мурда Зейнеп жолдошун узатып Токмок деген шаарга чейин барганын, анда машинелердин көп болоорун, өчпөй турган чырактар жөнүндө далай жолу айтып берген. Бирок, унутуп эле калбаса, апасы мындай ырды айтканын кулагы чалган эмес. Дилдекаңга жолуккандан бери өзүнчө отуруп ырдагысы келип калчу болду. Антейин десе ыр билбейт. А

тигил кыздын жамактары көңүлгө жакпайт. Мындан эки күн мурун капыстан ушул ыр оозуна келди. Анан аны өзүнчө бир обонго салып үн чыгарып көрдү эле, жүрөгүн жашытып жиберди. Ошол замат бирөөнө угузуудан уялып, азыркыга чейин араң чыдап келген. Эми аны Назимге обону менен үйрөтүп отурат...

— О, өлүгүңдү көрөйүн окшошкон жетимдер! Көк өрүктү үзүп гана отурушканын булардын. — Кемпирдин ачуу үнү капилеттен угулганда, экөөнүн жаттап жаткан ырлары заматта унут болду. — Жоголгула! Өрүктөрдүн балакетин аласыңарбы! — Экөөнү көмөлөтө-көмөлөтө муштады. Жерден муштумдай ташты ала коюп токол улакты урду эле, белин мыйыштырып маарап жиберди. — Чөптүн баарын тебелетип.. Жоголгула! Бул жердин балакетин аласыңарбы! Шаарын жериген жексурлар! Жанагы эрсиреген энеңер таап берет өрүктү. Баргыла! Экинчи ушул жерден көрчү болсом, жилигиңерди чагам!

Экөөнүн улуп-уңшуган үндөрү кемпирдин далай сөздөрүн угузбай салды. Ал адатынча жаман сөздөрдү айтуудан жадабай, эчкилер тебелеген чөптөрдү отуруп алып оро баштады. Дария бул жолу демейдегиден узак ыйлады. Баарынан жаманы өзүнүн сүйүктүү үйүнө, атасы тиккен өрүккө эркин басып келе албай калышпадыбы!.. Эми бул ызасын кимге барып айтса болот? Мурда апасына даттанчу. Бир курдай, Дилдекан чыбык менен бутка чаап жибергенин айтса: «Ырас болуптур, эмне кылайын?» деп көзүн жашылдапта кеткен. Ошондон кийин негедир арыздангысы келбейт. Азыр ишенээр кишиси жок. Назим бат эле чоңоё калсачы!.. Кээ бир балдар ызаланышса «Атама айтам, атама айтам карап тур!» деп балактап ыйлашат. Атасына арызданган баарынан жакшы болоор!? Дариянын көзүнөн жаш куюлганы менен оюнда бригадирдин энесинен өч алуунун жолун издеди... Жалгыз үмүтү Назимге келип такалды. Анын эр жеткен кези элестеди көзүнө... Ошол замат бөбөгүнүн ыйлап жатканын сезип, жашын дароо сүрттү да, аны сооротууга киришти.

— Ыйлаба акетайым, ыйлаба? Сен чоңойгондо экөөлөп токмоктойбуз, билдиңби? Ыйлаба акем, акетайым ыйлаба? Бат эле чоңоё калсаң кандай жакшы болмок! Чынбы? Басыл эми, мени дагы катуу чаппадыбы, көрдүң го... Айланайын акебай, ыйлаба?..

— Дария! — Капилеттен эркектин үнү угулду. Экөө тең жалт карашты өйүзгө. Өтмөлүктүн жанында Болот агай туруптур. Жалгыз жумуру көпүрөдөн өтө албаса керек. — Дария, эмнеге ыйлап отурасыңар?

— Урду,— деди Назим болоктоп.

— Ким урду?

— Тигил... — Сөөмөйү менен нускады да, жерден таш ала коюп кемпир тарапка ыргытып жиберди.

— Чилби? — Болоттун суроосу өкүм угулду. (Бригадирдин энесин ушундай деп аташчу. Мүнөзүнө жараша элдин койгон аты болсо керек).

— Ооба.

— Эмне үчүн?

— Жөн эле, тамга келип... Өрүктө-ө-ө — Дария өпкөлөп ыйлап жиберди. Жаңы эле басылган Назим ага кошулуп кайрадан бакырды. Болот агай аттамакташтарды бастыбы, же сууну кечтиби, айтор түз эле кечмеликке салып эки-үч секирди да балдардын жанына келди.

— Алтын кызым, ыйлабай түшүндүрчү мага, Чил эмне үчүн урду силерди? — Агайдын денеси калтырап турган эле.

— Биз тамыбызга келгенбиз. Өрүгүбүздөн бирден үзүп жеп отурсак Чил энем келип: «...окшошкон жетимдер, көк өрүктү үзүп гана отурушканын. Жоголгула! Экинчи ушул жерден көрчү болсом, жилигиңерди чыгарам!» — деп урду-у-у. — Дария кайрадан өпкөлөдү.

— Мен ага жетимдин ким экенин көрсөтөмүн! — Жаак эттери түйүлгөн Болот балдактарын кере-кере шилтеп, кара тамды карай жөнөдү. Экөө үн-сөзү жок ээрчишкенде, улактар маарап кошо жүгүрүштү. «Эми эмне кылаар экен? Кармап алып оозун таныл таштаса... Ал агайга жеткирбейт. Мейли, тамды кайра алып берсе эле болду. «Дариянын дикилдеген жүрөгү кулагына угулуп баратты. Болот эгинди тоскон кашаадан узун шыргый сууруп алды да, анын ордуна балдагын таштады. «Ушуну менен сабайбы!?»

Чил отуруп алып өрүктүн түбүндөгү чөптөрдү оруп жаткан эле. Өзүнчө кобуранып, эч нерсени сезген жок.

— Мастан! — Болоттун каардуу үнүнөн Чилдин колундагы орок ыргып кетти:

— Көтөс! Өлүгүңдү көрөйүн чолок! — Ордунан тура жөнөдү.

— Сен өрүктү ким үчүн коруп жатасың? — Шыргыйды ондоп кармады. «Муну сабаса... Колуна эле чапса экен!.. Башына тийип калса... Ой...» Дариянын шаштысы кетти.

— Мен азыр коруган өрүгүңдү башыңа жаздап, ачык көргө саламын.

Узун шыргыйын менен тоң өрүктү кубуп кирди. — Мен муну немистерден балдар үчүн коругам. Балдардын ырыс-

Нарын облустук
китепканасы
№ 56226

кысып талашкан жырткычтарды дал ушул колум менен жексен кылгамын! Түшүндүңбү, мастан!?

— Өрүктү күбүбөңүз агай?! Өрүктү күбүбөңүз?! — Дария чуркап барып агайдын бутуна жармашты. Болот денесинин салмагын кармай албай, бир аз титиреп турду да жерге кулап түштү. Канталаган көздөрү чыбырчыктап, моюнун кучактаган Дариянын өзүнөн мурда мөлтүрөгөн жашын байкады. Анан ал эсине келгендей токтолуп кызды бооруна бекем кучактады да жалгыз сүйлөм сөзүн кайра-кайра кайтара берди:

— Алтын кызым! Кагылайын эстүү кызым!.. — Титиреген эриндери менен кыздын чачынан өпкүлөп, көз жашы менен жууп жатты... Дария өз атасына жеткендей кумарланып, Болот агайынын кучагында канча убакыт турганын сезбей калды... Дал ушул убакта Чил артын карабай безип, короосуна кирип бараткан эле...

...Дариялар Оро-Секиге чыкканда күн тоонун чокусуна отуруп калган болчу. Энтигип күйүккөндөрүнө карабай, Чокенин эчкилерин издеп жүгүрүштү. Жакын арада жандыктын караны көрүнбөйт. Күндө жайылчу жерлерди күүгүмгө чейин кыдырышты да аргасыздан үйгө кайтышты. «Балким өздөрү келишкендир» деп ойлошту алар. Дариянын болжолу туура чыкты: короонун жыгач дарбазасын ачаар замат, тээ караңгы түпкүрдөн эчкинин мекиренген үнү угулду.

— О кокуй, келишиптир! — деди кыз сүйүнүп. Короого чуркап кирип баарын түгөлдөдү да, кара эчкини ордуна байлап, көңүлү жайланып сыртка чыкты.

— Эй, бул ким? — Дилдекан үйдүн эшигинен башбага кыйкырды.

— Биз эле. — Дария акырын үн катты.

— Эмне кылып жатасынар?

— Эчкилерди байлап...

— Кайсы эчкилерди байладын? О өлүгүндү көрөйүн шүмшүйгөн тентимиштер. Баскыла бери?! Жугунду издеп кайда бардынар? Жарма ичсеңер эки аяктан ичесинер, а эки эчкини тынчыраак кайтарганга жарабайсынар ээ!? Кемегеге от жак! — Дария бүжүрөп отуруп кууралган чырпыктарды сындырып, кемегеге салды.

— Эй шүмшүк, биздин эчкилерди эмнеге бөлүп таштайсыңар ыя? Ичиңер арам да силердин, арам тамактар. Түштө эле келипсе керек, жүгөрүнүн баарын талкалап салышыптыр. Эгерде, мен көрбөсөм эмне болмок? Сүйлөбөйсүңбү көк тултук!? Сенин мына бул бетиң жаман, шерменде! — Дилдекан күйүп жаткан чычаладан бирди ала коюп

Дарияны бетке сайып жиберди. Кыз чыңырып бетин басты. Назим коркконунан тура калып бакырды.

— Бакырба бейит! Башыңды жармага малып алам.
— Дилдекан Назимге тап бергенде Дария ыйын токтотуп, бөбөгүн колдон тартып эшикке чуркап чыкты.

— Үнүңөрдү чыгарбагыла! Эжекелеп келбесеңер, үйгө киргизбейм.

Бул сөздү короонун оозуна жеткенде угушту.

— Ыйлаба акебайм, ыйлаба? Дагы токмоктойт, басылып кал? Мен эчкини жетелеп чыгайын, кетебиз.

— Кайда кетебиз эже?

— Агайдыкына.

— Окуйбузбу?

— Жок. Акырын сүйлө, угат.

— Бетиң айыгып калдыбы?

— Ии, азыр айыгат.

— Келсең мен өбөйүн, батыраак айыксын? — Дария бөбөгүнө бетин тосту. Назим айдын жарыгынан үңүлө карап, эжесинин сыйрылган терисин акырын өптү. Кыздын денеси дуулдап, чыдатпай турган эле.

— Эми сен ыйлабай тур. Мен эчкини жетелеп чыгайын.
— Дария короого киргенде, тамдын арка жагынан Дилдекандын ырдаган үнү угулду. Суу га баратса керек.

«Борумдуу жака пальточон,
Бастырып келсең жоргочон...»

— Жүр, — деди Дария энтигип, — ай бата электе жетели.

— Эже, корком...

— Коркпо, жаныбызда эчкибиз баратпайбы — коркпойбуз. — Узун жипке байланган кара эчки кулагын тикчийте жолду баштап, шырп эткен добуш угулса мант берүүгө даярданып бараткансыйт...

## IV

Кечээтен бери эле эмчегим зыркырайт, бул эмнеси? — Зейнеп орогун токтото калып үн чыгарды. — Чоке, балдар сагынышкан бейм, эмчектеримдин зыркыраганы басылбай койду. Барып келсек кантет? Бригадирден эки күнгө сурансак, бошотоор? — Чоке уюган бетин түзөп, Зейнепти жактырбагандай карады да, башындагы калпагын алып чекесиндеги терин аарчыды.

— Деги балдар аман болсо экен? — Зейнеп өзүнчө күбүрөндү.

— Сен сасыган ырымыңды кой. Андан көрө эртерээк

оруп бүтөлү. Карачы, дагы канча бар... Олойгон сокур өчөшкөнсүп, быйылкы айдалган буудайдын тенин эле бизге бөлүп берсе керек, сенин эски кошунаң...

— Көп орсок, эмгек күнүбүз көбөйөөр, андан зыян жок. Аман болсок — бүтөбүз. Менин балдарымдая санаам чыдабай турат. Барбаганыбызга да көп болду.

— Жүрүшкөндүр. Мурдагыга караганда «кудай» десен... Үйдө чоң кыз бар. Курсактарын ачырбайт. Дилдекан экөөбүздөн тын... Көрчү, үч күндөн берки орулган буудайлар кырманга ташылбай жатат. Оргонунан да ташыгары азап. Анан кантип кетебиз?

— Анда мен барып келейинн? Оокат-тиричиликке көз салып...

— Жок, жол ээн... Быйыл мурду катуу таначалар көбөйүп кетиптир...

— Тамашанды койсон, Чоке? Азыр жөнөсөм эл жата барып калам. Эртең балдар менен болуп, бүрсүгүнү түшкө чейин жетип келем, жарайбы?

— Жок. Айтпадымбы, балдарыңды Дилдекан багат. — Чоке орулган боого кыйшайды. Зейнептин ичи муздай түшүп акырын үн катты:

— «Балдарын» дегениң эмне? Алар экөөбүзгө тең бирдей эмесби.

— Туура. — Чоке Зейнепти эркелете кучактады. — Балдардын мындан аркы түйшүктөрүн тартуу, экөөбүзгө бирдей. Ал биздин тирүүлүктөгү милдетибиз. А бирок, сен мага баарынан кымбатсың. Жанымдан эки кадам алыстаткым келбейт. Эки баланын энеси деген гана атың болбосо, өзүң мага баладайсың!.. Кыз бирөөнүн бүлөөсү, быйыл күздө Дилдеканды күйөөгө беребиз дешкен. Андан кийин Дария турмушка чыгат. Назим чоңойюп окууга кетээр... Ошентип алар бизден бат эле бөлүнүшөт. А балким, унутуп коюшу да мүмкүн. Экөөбүз гана бири-бирибизден бөлүнүшпөй, өмүрүбүздүн акырынан чейин жашайбыз.

— Бала кантип сүйгөн ата-энесин унутсун, Чоке.

— Э Зейнеш, турмуш кимди баш ийдирбейт дейсиң...

Бул сөз Зейнепке оор тийгенсиди... Анын түпкүрдө кайнаган сезимдери удургуп чыкты... Тынымдан кийин Чоке сөзүн улады:

— Менде бир жакшы ой болуп жүрөт.

— Кандай ой?

— Мына бул бөлүнгөн буудайды эртерээк оруп кутулсак, колхоздон бошонуп алып, Дилдеканды таянесиникине жеткирип берсем. Алар аны эрге береби, коёбу өздөрү билишсин... Окуу башталарына да аз калды. Дарияны

шаарга алып барып, балдар үйүнө өткөрүп келсембидейм. Жатаканасы, тамагы, кийими тың болот. Дурус окуса турмушту бачым үйрөнүп, адам болуп кетээрине жакшы. Экөөбүз Назимди жетелеп, Асыл-Ташка кетебиз. Ал жерде иштеген кенчилердин маянасы да арбын деп уктум. Өкмөт үй берет имиш. Экөөбүз тең иштесек, турмушубуз бачым оңолор!.. Качанкыга чейин бутубуздан чокой, башыбыздан тебетей түшпөй, сокур бригадирдин тепкесинде жүрөбүз? Айтсаң!?

— Билбейм Чоке, билбейм... — Экөө тең унчукпай калышты. Бир аздан кийин Зейнеп ордунан турду.

— Сен кайда?

— Бригадирге. Балдарга барып келүүгө суранам.

— Токто!? Экөөбүз тең барабыз. Бүгүн тигил орулган буудайларды кырманга ташып жеткирип, эртең күрөң өгүздү сурап алып, учкашып кетебиз.

## V

Болоттун чырагы үч түндөн бери өчө элек. Дариянын эти ысып, төшөктө жатат. Кечээ түнү таң атканча жөөлүп, «Назимди урбагыла!? Назимди урбагыла?!» деген сөздү көп жолу кайталады. Агай ага катып жүргөн дарысын ичирип, үн чыгарбай жанында отурду. Бүгүн бир аз жакшы. Көңүлү сергип, ойногону келгенине карабай, турбай жатуусун эскертип, Назим экөө парталарды оңдош үчүн короого чыгышкан.

Дария таңылган бетине колун жаздап, мында келгенден берки көргөндөрүн ойлонуп жатат. Болот агайды түнт, кара мүртөз, сөзгө келбес, «контужин» деп кеп кылышчу айылдагылар. Бирок, андай эмес окшойт. Эки күндөн бери таптакыр башкача агай сыяктанып калды. Сүйлөгөндөрү кызык. Мындай куудул кишини көрүшө элек болучу. Айрыкча «апендинин жоруктарын» айтканда, Назим экөө көздөрүнөн жаш чыкканча күлүштү. Нанды эң эле таттуу жасайт экен, арасына картошка кошуп коюптур... Кечээ Назимдин көйнөгүн жууп кийгизди... Түндө таң атканча уктабай чоң кызыл тыштуу китепти окуп отурду. Эркектерден башкача... «Агайлар ушундай болот ко» деп ойлоду кыз.

Короодон агайдын күлкүсү угулду. Ал жерде болуп жаткан тамашага кыздын аябай баргысы келди, бирок, айбыкты. Аңгыча балдактардын түрсүлдөгөнү угулуп, ачык кашка тишин көрсөтө күлгөн мугалим Назимди ээрчитип кирди.

— Дария бөбөгүңдүн ырын укчу?! Кана, ырдап бер эжеңе?
— Кайра унутуп калдым — деди Назим буруюп.
— Унутуп калдыңбы. Анда мен айтып берейин ээ? Кызык, мен буга «Төө минген калп айтпас бала» жөнүндө айтып бердим. Бул жаагын таянып партада тыншап отурган. Көптөн кийин көзүн жуумп алып:

«Келе жатса төө,
Алдынан чыкты Бээ,
Жата калып экөөнү,
Жен жиберди бээ» — деп кобурады.

— Туура эмес, менин жомогумду түшүнбөй калган турбайсыңбы. Бээ кантип төөнү жесин, калп айтпаш керек да десем, Назим ордунан тура калып, кабагын карыш чытыды да: «Мен ыр чыгарып жатпаймынбы» — дейт. Ха-ха ха, уктуңбу эжеси, Назим ыр чыгарды. Балким бул биринчи чыгармасыдыр!..
— Амансынарбы? — Зейнептин киргенин эч ким байкабай калды.
— Апа!.. — Дария күнөөлүүдөй салкын кучактады.
— Карангүн! Сага эмне болгон? Жыгылдыңбы? Айтчы?!
— Эжемди Дилдекан көсөө менен бетке сайып...
— Тут!!! — Назим жалт карады. Болот агай чормойгон оозун сөөмөйү менен басып туруптур.
— Мен калп айткан жокмун да?! — Назимдин бети тырышып, мурдагыдан да катуу ызааланып турду.
— Ооба, сен калп айткан жоксуң. — Болот шашып сүйлөдү. — Дариянын бир аз эти ысып калган экен, эки күндөн бери үйлөрүнө жибербей койгом. Бүгүн жакшы. Түштөн кийин жеткирейин дедим эле. Назим дагы Дилдекан эжесин сагынып калгандай болду.
— Көп жериң күйдүбү? Көрөйүнчү?..
— Чечпе! Дары сыйпап, жаңы эле которуп таңдым. Эртең жаңыртып таңсаңар болот.
— Ал кыз кутурган го...
— Эч нерсе эмес... Бала да, ойноп туруп тийгизип алган көрүнөт. Бат эле айыгат...
Зейнеп туталана ордунан турду.
— Кайтасынарбы?
— Кайталы. Жардамыңызга ыраазымын аке. Балдарым аман-эсен чоңойсо, сиздин жакшылыктарыңызды актаарбыз!..
— Тилегиң акталсын Зейнеп, тилегиң акталсын! Дарияны ысыкка көп чыгарбагыла!

— Жарайт. Жакшы отуруңуз.
— Силерди узатайын...
Алар эшикке чыкканда, Чоке мурду жырык күрөң өгүздүн үстүндө ачуулуу отуруптур.
— Салоомалекум Чоке.
— Алекисалам. — Көңүлсүз корулдады.
— Качан келдиңер?
— Түндө?
— Буудай орокту бүткөрдүңөрбү?
— Бүтөт. Бүтпесө да бүткөрөбүз. Кудайга шүгүр, алты саныбыз аман... Келе баланы?!
Болоттун денеси дүркүрөп, каны башына тээп чыкты. Бирок, негедир тили буулду ушул саам... Чокенин сөзү ылайыктуу айтылдыбы?.. Жамыраган ойлордун этегин жыйнаганча, алар тээ суунун боюна түшүп кеткен эле. Эчки жетелеген Дария артына кылчак-кылчак карайт. Камыш менен чатырланган кичинекей мектептин жанында, кечээги куудул киши эмес, мурдагы эл айтып жүргөн түнт агайы турган болучу.

## VI

Эл кайда көчөттөр баарын билет окшойт. Кишинин сүйлөгөн сөзүн, ички дүйнөсүн, а тургай келечектеги тагдырын жазбай түшүнүшкөнү кызык... Башкаларды ким билсин, Дарияны алдаша элек. Баарынан да өгүнкүсү тим эле чыкпадыбы! Алаканына акырын коңдуруп, эртеңки максаты жөнүндө жаңыдан сурай баштаганда, суунун баш жагын карай сызды дейсиң, кантип гана кубанбайт киши!..
Ошонун эртеси түшкү ысыкта эчкилерди короого айдап келишти да тамак ичүүгө киришкен. Чоке босогодогу ээрдин үстүндө жерди тиктеп олтуруптур. Зейнеп үйдүн ичин оңдоштуруп жатканбы, айтор төшөктөр ар кайсы жерде чачылып жатат. Дилдекан көрүнбөйт. Төрдө баягы Чоке көтөрүп келген таңылчак ошол калыбында чырмалып, үстүндө можу көмөрүлүп турат. Зейнептин көздөрү кызарып, чачтары уйпаланып калыптыр. Кыймылы адаттагыдай ыкчам, өңү улгайган аялдыкындай көрүндү.
— Дария, сен бул можону колуңа кармап ал, мен таңылчакты көтөрөйүн. Назим, эчкини жетеле!..
— Кайда барабыз?
— Кетебиз.
— Үйгө кетебизби!?
— Ооба, үйгө кетебиз кызым. Өзүбүздүн үйүбүзгө барабыз.

— Өзүбүздүн үйгөбү, апа?! — Назим эми түшүнүп, таноолорун барбайта жылмайды. Дариянын кубанычы койнуна батпай, көзүнөн чыгуучу жаш тамагын бууду. Кайсы ишти жасаарын билбей карбаластап, «Кулайым, кандай жыргал! Кандай жыргал болду!» — деп өз ичинен кайталай берди. Зейнеп таңгылчакты арчындап көтөрө турган болгондо, Чоке ордунан козголду.

— Ташта!..

Дария селейип катып калды. «Балакет болуп кетпей калабызбы? Таңгылчакты деле таштап кете берсек!?» Бирок бул оюн апасына айталган жок.

— Тур мындай! Мен көтөрөм! — деди Чоке күрүлдөп. Жүктү эшикке булкуп чыгарды да, жонуна көпөлөктөй коюп, Оро-Секини көздөй басты. Кара эчки кайда бараарын өзү түшүнгөндөй, алдыга чуркап жөнөдү...

Мына ошентип төрт адамдын тагдырына тийиштүү кичинекей көч баягы Оро-Секиге арта салынган жалгыз аяк сокмо жол менен чубап, өйдө жакты көздөй жүрүп баратты... Бул көчтүн мурдагыдан айырмасы: кара эчкинин улактары менен Дариянын колундагы можу казан эле.

Чоке кечмеликке жеткенде Чил алдынан утурлай чыгып салам айтты. Кемпирдин чыйылдаган үнүн уккан жокпу же амандашууну каалабадыбы, айтор, унчукпай өтүп кетти.

— Алей чоң чокой өгүз, бул эмнеси? — Кемпир өзүнчө күбүрөндү.

— Эне, биз өзүбүздүн тамга көчүп келатабыз! — Назим алыстан кыйкырды. — Эми урбайсынбы?

— Урбайм чунагым, урбайм. — Ал эпилдеп барып Назимди өөп, анан Зейнепке кол берди. — Эмне, бөлүнүп алдыңбы?

— Ооба.

— Ырас кылыпсың. Дегеле жакшы иш кылыпсың! — деп кубүрөндү. — Мен эримден жыйырма төрт жашымда ажырагам. Ошондон бери эркеги жок эле өлбөй-житпей күн көрүп келатпаймынбы. О кудай, күлгүнүндө жайрабады беле байкушум!.. Байкушумдун төшөгүн башкага тебелетким келбей, эмчектеги баламды медер тутуп, мына эми убайын көрүп отурам. Сенин береги эки жаман немең эсен болсун! Эр кара жерге кирсин! Күнүмдүк кубатына азгырылып кеттиң көрүнөт... Ушунчалыгы жетишет... Биреөнө көз каранды болбой, өз үйүң, өлөң төшөгүң... Тигил арыктын боюндагы чөптөрдү өзүң оруп ал. Жалгыз эчкиңе болот. Өрүгүңдү коруп койдум.

— Агай, көрдүңүзбү агай, биз өзүбүздүн тамыбызга

көчүп келатабыз! — Назим алыста келаткан Болотко сүйүнчүлөдү. Жанында бастырып келаткан Мамбетмуса кандайдыр бир нерсени сүйлөп, экөө баш ийкешкендей болду. Атчандар Чокенин жанынан чыгышты.

— Көч байсалдуу болсун! — Мамбетмусанын кээрдүү сөзүнө олурая карап тим болду да, кара тамга эртерээк жетүү үчүн, кадамын кере-кере адымдады Чоке.

— Чил энем өрүгүңөрдү өзүңөр жегиле деди.

— Элдештиңерби? — Болот аларга жакын бастырды.

— Ии, энем мени өптү.

— Жакшы болгон турбайбы. Бу кайда, ташындыңар?

— Үйүбүзгө. Кайрадан өзүбүзчө жашай турган болдук. — Дария азыр гана үн катты. Бүгүнкү кубанычын агайынан башка эч кимге айткысы келген эмес. Күткөндөй астынан чыкканын карасаң!

— Жарайсың эстүү кызым! Келе колуңду!? Мына, өз мамилекстин сактаган баатыр кыз!...

— Ооба, «Мамлекетин сактоону» жакшылап үйрөтүптүрсүң, — деп кыйкырды обочого токтогон Чоке. — Бөлүү, жаруу, талкалоо колуңдан келет. Биргелешип ынтымакта жашоону үйрөтүү кантип колуңдан келсин. Жаш балага көрүнгөн нерселерди айта берип, ушунун баарын сен кылдың!...

— Калжыраба! — Болот жалгыз буту менен теминди эле, кашаң карагер тоготкон жок. — Сенин сөздөрүң сөөгүмө батып жүрөт. Немистен калган бир бутумду каныңа малып коём! Күңкор болуп жашашты эч ким каалабайт. Сен ушуга түшүнөсүңбү, макоо!?

— Түшүндүрүп бүтүпсүң, ана, эми сен катын кылып ал! — Таңылчакты эшиктин алдына ыргытты да басып кетти.

— Акмак!!! — Кашаң карагер желип калганда Мамбетмуса тизгинден тартып, Дария үзөңгүгө жармашты.

— Ушуга кайсы киши теңелсин?! — Мамбетмуса жай сүйлөдү. — Көк мээнин тукумуна сүйлөгөндөн көрө, дөңгөчтү койгулаганың артык эмеспи. Кара жанын бага албаган кайсар кантип береги балдарга ата болсун? Зейнептин жаңылганын былтыр эле билгем. Эми ырас болуптур. Балдардан айланайын! Силердин ортоңорду ысык кылаар да, суук кылаар да ушулар. Чокенин акылы буга кайдан жетсин... Ачууланба? Зейнептей келиндерге кимдин көзү түшпөйт!.. Ал кеп эмес. Бирок, өзүнөн дагы балдары кымбат, балдары...

— Сиз ал кишини урушсаңыз, бизди жаман көрөт. Урушбасаңыз агай?

— Макул кызым, макул. — Болот балдактарын ондоп өңөрүп, карагердин тизгинин какты.

Кара тамдын эшиги кайрадан элге толду. Эң биринчи, эскирген кемегеге от жагылып, эчкинин көгөнү жаңы казыкка тартылды...

— Бүгүн кеч кирип калды. Эртең ылай жасап, тамды шыбайбыз. Анан дубалын кантип агартышты үйрөтсөңүз агай?

— Жарайт, үйрөтөм. Мен атайын силерге аттангам. Окуучуларды кыдырып жүрөм. Он беш күндөн кийин сабак башталат. Китеп-дептерлерди көп алып келип койдум. Мектепке барып алгыла.

— Мен дагы окуймунбу? — деди Назим.

— Сенби?.. Ооба сен дагы окуйсуң. Зейнеп, балдардын кийимдерин караштырып, окуу куралдарын сатып бер. Эми биз кайталы. Дасторконуңардан даам ооз тийдик...

— Эси жок эрге кабылып, балдардын жүрөгүн калтырдың окшойт. Эми сага сөз айтыш кыйын болуп калды... — деди Мамбетмуса аттанып жатып...

...Мына ушинтип Дариянын тилегени келди. Демек, эл кайда көчөттөр бардыгын билишет. Мындан артык эмне болот: бөбөгү ыйлабайт, апасы жанында, казанга жабылган буудай нан дайыма досторкондо оролуп турат. Жаңы окуу жылына карата бир сыйра кийимдери, а тургай өмүрүндө акталбаган кара тамдын дубалдары аппапак болуп жаңырды. Эл кайда көчөттөн мындан ары дал ушундай жашоону гана сурангысы келет. Азыр анын көзүнө бардыгы сүйкүмдүү. Чилдин огородду бербей койгондугу болбосо, үйгө кирип-чыгып, өз кишидей болуп калды. Бир курдай тигил өйүздөн Чокенин караана көрүндү эле, анча суук сезилген жок.

Дария азыр дагы атайы арыктын бооюна келип, ишенимчтүү досун издеп тапты. Анан ал кичинекей кызыл макулугун аярлай кармап, алаканына салды да жакшы тилектерин ичинен күбүрөнүп, кеңешчисине кайрылды:

— Эл кайда көчөт!? Эл кайда көчөт!? Эл кайда көчөт!? — Кыздын жүзү албырып, жүрөгү бүтүндөй ишенимчке толуп чыкты... Эл көчөр жакшылап ойлогондой, кичинекей алаканда узакка тегеренип басты. Дария суроосун кайра кайталады.

— Эл кайда көчөт!? Эл кайда көчөт!? Эл кайда көчөт!? — Ушу саам учпай койсо, эң эле жакшы болмок. Бирок ал Дариянын сөөмөйүнүн учуна чейин жөргөлөп барды да, кызыл гүлдүү канатынын ичиндеги ак көйнөгүн дирилдетип, тигил капталды карай — Чокенин үйүн көздөй учуп

кетти. «Бул эмнеси? Оюма түшүнбөй калдыбы?.. Бул эмнеси?.. «Кыздын таттуу ойлору кайрадан чачырап, көңүлү тынчыбаган жаңы түйшүккө кабылды.

— Жок!Сен калп айтасың! Эч качан андай болбойт! Ишенбейм. Ишенбейм сага!.. Сен эч нерсе билбейсиң! — Дария бул макулукту экинчи колуна албоого ичинен ант берип, үйүн карай тызылдап жүгүрдү...

## АК БЕКЕТ

### I

Күн кечтеп баратат. Боз шыбактуу адырлар мунарыктап, сары жалбырактары самсаалаган дарактардын күнү кеткендей, теребел суз. Өрөөндүн ортосундагы созулуп жаткан чоң жолдо демейдегидей кыйма-чийме каттаган машинелердин караанı анча көрүнбөйт. Мезгил ушундай — талаа жумушунун кайнап турган учуру. Күндүн нуру чачырай электе ишке жарактуу делингендер талаага кетишип, каш карайганда кайтышат. Окуу токтолуп, иш мекемелерин жаап коюшат. Эки жакка ээн баскан кишилердин агымы азаят. Бул адат жылдан-жылга бекемдеп баратат. Көпчүлүк буга көнүп калды. Жыйын-теринди карга калтырбай бүткөрүү негиз болсо, элдин билимдүүлүгүн арттырууга андан бетер өбөлгө. Мандайдан тер агызып, эл жерге кызмат кылуудан артык бакыт барбы! Муну ар бир элеттик жакшы түшүнөт...

Жалгыз гана борборго каттоочу автобус күндө бир маал келип кетет. Буга тыюу салынбайт, албетте. Зарыл жумушу барларга тоскоолдук кылынмак беле. Терезелерине гүлдүү парда тартылган жумшак автобус каркырадай сызып өтүп бараткынын көргөндө кээ бирөөлөрдүн көзү күйгөн учурлары да болот.

Ошол үмүттүн кызыл жибиндей сүйкүмдүү көрүнгөн жумшак автобус бүгүн дагы өрөөндөгү чоң жол менен сызып келип, тиги эски тегирмендин мандайындагы бурулушка токтоду.Бул жерге адатта өтө сейрек токтоор эле. Абыл-Булуңдун эли Кургак-Талаага көчүп кетишкендей бери, эки жактан киши деле каттабай калган.

Эшик алдын шыпырып жаткан Эрмек автобустун токтогонун көрүп, жүрөгү өзүнөн-өзү делөөрүп, негедир чуркап жеткиси келди. Бул автобус өйдө-төмөн өткөн сайын, аны суктана карап, гүлдүү терезе пардаларынан көзү өткөндөрдүн бири ушул кыз болучу. Анын ичинде жалаң бактылуу

кишилер бараткандай туюлуп, «кудай ай! Ушул автобуска олтуруп, шаарга жөнөсөм арманым болбос эле!» деп жиберчү кыз. Мына, тилеги орундалаарына аз калды: быйыл онунчуну бүтөөрү менен борборго жөнөмөк.

Азыр тигн автобустун токтоп турушу Эрмекке кол булгап жаткандай, тынчын кетирди. Ангыча автобус ордунан козголуп, жол боюнда эрбейип, жалгыз турган аялдын карааны калды. Колунда чемоданы бар, шаардыктарча жеңил кийинген аял экен. «Бул ким?» деп ойлоду Эрмек. Анан ал өз коңшуларынын баарын түгөлдөп кирди оюнда. Жок, алардын бирине дагы окшошпойт, чоочун.

Аял чоң жолду кесип өтүп, сокмо жол менен эски тегирменди карай басты. «Ал жакта эмнеси бар?» деп ойлоду кыз, «чоң жол, чоң көпүрө турса...» Аял эки жагын элеңдей карап, тушап койгондой бүжүрөп басып сайдын ичине түшүп кетти. Эрмек чоочун аялдын келишин күттүбү, эшик алдын эртелей шыпырып кирди...

## II

Жаркын ушул жерге жайдын толук учурунда, улуу шашкеде келген эле. Анда автобус менен эмес, такси менен келишкен. Береги сокмо жолдун эки тарабындагы сеңселген гүлдүү жашыл ыраңдар Жаркындын түптүз, жылаңач балтырын сылагылап, тээ өйүзгү, тегирмендин аркы секисиндеги жалпак тамга алып барган. Жанында сүйгөн Жубайы — Нурдин, анын досу — Саламат бар болучу. Үстүнө ак гүлдүү көйнөк кийип, төбөсүнө чачын түйгөн, жылаң баш сексеңдеген кызды, ушул байбичеси — Айдай апа тосуп алышкан. Анда алар деле өтө улгайган эмес беле. Антсе да булар Жаркынга эзелки кылымдын элдерине окшоп туюлду.

Эмеле куштай сызган «Волганын» ичиндеги жумшак орундукта чалкалап, ак танкеткасынын таманына чаң жугузбай келген келинге, береги элет көрүнүшү өтө өөн учурап, эски тегирмендин жанындагы эски кийим кийинишкен эски кишилердин тосуп алышы, эски жомокту эске салгандай болду. Тегирмендин үстүн калкалаган камыш чатырча бир жагына кыйшайып, кулаганы турат. Тоонун албуут суусунун үнүнө кошулуп, кандайдыр бир нерсенин дүңгүрөп жатканына караганда тегирмен жүрүп жаткан болуу керек деп болжоду Жаркын. Бул байыркы кылымдын калдыгынын атын угуп, өзүн көргөнү ушул. Сууга салынган такта көпүрөнүн жыгачтары бошоп, сынып кетчүдөй солкулдайт. Анысынан дегеле чочуп койбой, Айдай апа эки жолу

чуркап өтүп барып келди. Абал мурун эски кара жыгач чөйчөккө суу сузуп келип, үчөөнүн башынан айлантып чачты. Кийинки барышында бир байлам ак жоолук алып келип, Жаркындын башына салды. Өзү боргулдана тердеп, ичинен бир нерселерди күбүрөнүп жүрдү. Көз жарып көргөн жакшылыгына жетине албай кубанып да, сүрдөп да, кейип да жаткан эле. Экинчи жолу үйгө барганда мойнуна жаңы көйнөгүн иле коюптур.

Кадыр аке карбаластап, оозунан ондуу сөз чыкпай ары-бери кайсалактап, анан тегирмендин суусун жыгып токтотту.

— Абышка, мындайраак турчу, балдардын кийимин булгайсың?! — деди Айдай апа.

— Булгабай калайын... Булгабайм... — Кадыр аке ыңгайсыздана кетенчиктеди. — Булардын келээрин кайдан билдим... Болбосо, баш-аягыбызды жыйып албайт белек!

— Кайсыга булганабыз? — деди Саламат. — Нанга кантип киши булгансын!? Нан жугузганыбыз — ырыскы жугузганыбыз эмеспи!... Жаркындын күлкүсү келди. «Мынчалык көшөкөрлөнүүнүн кереги эмне?» деп ойлоду ал.

— Силерди дүрбөлөңгө салбай эле баралы дедик, ата. Капа болбоңуз? — Нурдин келинчегин карап токпейил жылмайды. Кыясы, экөөнүн кеп-сөзү бирдей экендигин, азыркы жаштардын жаңыча салттары, ой-максаттары бир экендигин туюндургусу келди окшойт.

— Ошонун дүрбөлөңү барбы?! Мындай кубаныч адамга бир гана жолу келет. Көз жарып көргөн жакшылыгыбыз эле ушул. Келин келүүнүн өзүнчө кубанычтуу шаан-шөкөтү бар. Биз дагы камынып алмакпыс. Теги жок киши болуп... — Кадыр аке дагы бир топ сөздү айткысы келди эле, Айдай апа бузуп жиберди.

— Болду эми?! Азыр ушундай сөздү айта турган учурбу... Жүргүлө кагылайындар, үйгө баралык.

Ушундан кийин алар эски көпүрөдөн өтүшүп, эски тегирмендин секисиндеги эски үйдү карай бет алышты. Тегирмендин гүүлдөгөнү басылып, суунун шары угулбай калгандан кийин, бешөөнүн ойлору өз көөдөндөрүндө кайнап, ар ким өзүнчө кыжаалаттанып баратат.

«Жарыктык атам, эмнеге капаланат? Окуумду бүтүп, аймончоктой келин алып келгениме сүйүнбөйбү?» деген ой бийлейт Нурдинди. Кадыр аке ушул ойду улагандай: «Иттин баласы, кабар берип койсо тууган-урукту чакырып, чарбаны ирээттеп, бой-аягыбызды карап, «бир көрмөккө жан бермек» деп, калдайып тосуп албайт белек! Чунак бала, келинчегине уят болду ээ! Эч кимиси жок өндөнүп,

кемпир экөөбүз көркоодой болуп астынан чыктык. Үйдүн ичи чачылып жаткандыр... «жийиркенбесе экен, чунак бала. Жакын тегеректе келин-кесектер дагы көрүнбөйт» деп, өкүнүп баратат.

Секиге чыга берерде Жаркын артын бир карап алды. Тигил чоң жолдун боюна келип токтогон чаар каптал «Волга» эчак кетип калыптыр. Денеси муздай түштү. Жанында өмүрлүк жубайы баратса дагы ээн талаада жалгыз калгансып, кара тамды карай баскысы келбей, жүрөгү кысылды: «Бул жерде кантип жашашат?.. Ушундай дагы жер болобу?.. Өздөрүнүн кебетелери укмуш! Кандай караңгы адамдар, байкуштар ай!» деген ойго кабылат.

Айдай апанын азыркы абалы өзүнө чоочун эле. Ал ушул өлгөндөн калган жалгыз уулунун келинчек алып келишин кандай гана тилебеди дейсиң! Береги секелек кыздын сүрөтүн көрүп, уулунун айтып жүргөнүн уккан. Бирок, мындай болот деп үч уктаса түшүнө кирген эмес. «Босогону аттабай жатып, боюнда болот деген эмне шумдук!?» деп туталанат ал, «кудай шерменде кылбагыр, жок дегенде жарым жылдан кийин төрөсө экен...

Саламат азыркы салкын жолугушуунун себептерин болжолдоп билди. Бул үчүн кимди күнөөлөөгө болот? Ар кимдин өзүнчө чындыгы бар. Жолду ката энсеп келген шатыра-шатмандык өкүм сүрбөй капилеттен капталган салкындык денесин чыйрыктырды. Күнөөнү тепе-тең бөлүштүргөн күндө да, жанындай көргөн досу Нурдинге ыйгаргысы келбейт. Мунун негизги себеби, бул жигиттин нээтинин тазалыгын, кичи көөнүн калтырбас кенендигин билет. Баарынан мурун Жаркындын махабатын аздектеп, анын каалаганына каршы турбай, эркине койгонун эске алуу керек. Азыркы аялдардын күткөнү ушундай эмеспи. Кеп Жаркында, ушул ишенични алып жүрүүсүндө. Бүгүнкү күндүн планын дагы Жаркын чечкен. «Күтүүсүз барып, эне-атабызды сүйүнтөлү» деген ал. Ошол сөз ошондой чечилди Бирок, сүйүнүчтүү маанай кайда?! «Эч нерсе эмес, бардыгы жайында болот. Ортодо тунук махабат турганда калганын жөнгө салуу кыйын эместир?! Сүйүү турган жерде кайгынын өмүрү кыска. Жаркын жаркыраган кабагы менен жарына дем берип турса, калганы кеп беken!» деп ойлоду Саламат. Апан аялын астыртан карады эле, келиндин жылдызы өчүп, каш-кирпиги бузулуп калыптыр.

Аңгыча көң жыттанган короонун ичине кирипти. Ортодо бараткан Жаркын кайра артка кетенчиктеп, теңселип туруп калды.

— Эмне болду? — деди Нурдин, астейдил үйрүлүп.
— Башым айланып кетти, бир аз турайынчы... — Жаркын бетин басып, башын чайкады.
«Боюнда бар кезде боло берет» деп ойлоду Айдай апа, анан уулун кекеткендей оройураак үн катты:
— Мейли, бир аз эс алып турсун. Биз көшөгө тарта коёлу, жүрчү балам.
Нурдин келинчегин аргасыз калтырып, энесинин артынан үйгө кирди. Кадыр аке заматта жок болуптур, кыязы, тууган уругуна кабарлаганы кетсе керек.
— Ужас, кандай кыйын... — деди Жаркын оор улутунуп.
— Эмне кыйын? Кайсыл кыйынчылыкты айтып жатасын? — Саламат түшүнүп турса да, аяшын сынай сурады.
— Ушул түркөйлүк сага аябай жагып турса керек... — Жаркын кекээрлүү күнкүлдөдү.
— Мага жагат,— деди Саламат. — Нагыз элет турмушу. Ырас, кемпир чалдын турмушу бир аз кыйыныраак окшойт, эми аны силер ондойсуңар да.
— Жаркын үнсүз башын чайкап туруп, анан акырын күнкүлдөдү.
— Нурдинди көрүп туруп, анын жашоосун, эне-атасын мындай болот деп элестеткен эмесмин.
— Кантип? Менимче, бардыгын ачык айтып жүргөн. Түшүнгөндөй болсоң керек эле.
— Түшүнсөм дагы мынчалык деп элестеткен эмесмин... Ужас!
— Андай дебе, Жаркын? Тирүүчүлүк болсо бардыгы болот. Ынтымак бар жерге ырыскы өзү келет дейт эмеспи.
— Кургак кайратыңды койчу, кудай жалгагыр? — деди Жаркын ыйлагысы келип. — Мен бардыгын түшүнүп турам. Карачы жашоосун?! Кебетелерин карачы?! Ушуларды адам кейпине айландыргыча карып кетпейбизби?! Ичкери тараптан шашкалактаган Айдай апа чыкты.
— Бизди малканага киргизген турушабы? —деди Жаркын ыйламсырап. Экөө үнсүз турушту. Саламаттын оюна:

«Кээ бирде тегирмендин парасына,
Себепсиз калгым келет кайчылашып...»

деген ырдын сабы түштү.

## III

Жаркын азыр кыядан түшүп келатып, эски тегирмендин секисиндеги үстү чатырланган ак тамды узакка тиктеп турду. Тегерегинде кыбыраган жан билинбейт. Бир

кезде бул жер базарга окшоп, мал менен адамдын аягы үзүлчү эмес. Үстүн тоскок жапкан Кадыр аке үй менен тегирмендин ортосун тынымсыз таптап, күйпөлөктөгөн Айдай апа жаны тынбай эшик алдында жүрчү. Жогорку сазга аркандалган мал батпай, тегирмендин үнү басылбай, келип-кеткендер көбөйүп, буулаиган кара чөөгүн кемегеден түшчү эмес. Жаркын келгенден кийин кара чөөгүн иштен чыгып, сары жез самоор салтты улаган. Азыр алардан дарек байкалбайт.

Тегирмендин алыцынын эки жагы калың чөп болор эле. Ошол жайда кайын атасына Нурдин кошулуп, чалгы чаап, кууралган чөптү боолап жүрүшкөнүн көргөн. Булардын ар бир машакаты керексиздей, эскинин калдыгындай сезиле берген келинге...

— Уулум, — деген Кадыр аке, арадан эки-үч күн өткөндөн кийин, арыктын кырында эс алып отурушуп. — Сен келинчегиңе уят болдуң көрүнөт. Шаардык неме бизди көрүп ирээнжип калгандыр... Ал эми өттү, кетти... Мындан кийинкисин түздөп алалы. Экөөбүз эркекче сүйлөшөлүчү... Жакында сен дагы мага окшоп «ата» болосуң. Анан өз балаңдын камын ойлой баштайсың. Буга чейин менин бардык аракетим: сенин эсендигиңди тилеп, окутуп, үйлөнтүп, эл арасына кошуу жөнүндө болду. Тапкан-ташыганым ушуларга жумшоодон ашкан жок. Мына, ошол тилегиме жеттим окшойт. Атамдын мага калтырган белеги береги дөөтү, эмдигиче бизди багып келатат. Мындан ары кандайча жашайбыз. Бизди кантип багасың, бул жөнүндө сен ойлонушуң керек го дейм? Кана, айтчы, жашоону кантип улантсак болот?

— Ата,— деди Нурдин бир аз кысылып. — Абал мурун Жаркын экөөбүздүн үйлөнүү тоюбузду азыркы шартка ылайык, шаардан бир ресторан сатып алып, комсомолдук той катарында өткөрөлү дедик. Өзүңүз билесиз, Жаркындын апасы, туугандары, биздин жолдоштордун баары шаарда.

— Андан кийин?..

— Андан кийин экөөбүз тең шаарда калып иштесекпи дейм...

— Турагыңар кандай болот?

— Убактылуу, квартира алганча кайненемдин үстүндө турсак деле болот.

Кадыр аке кыйлага үнсүз отурду да, акыры:

— Бул өз башыңдан чыккан ойлорбу, же... — деп, сөз аягын бүтпөй, уулун сынай тиктеди.

— Кандай десем... — Нурдин акырын күңкүлдөдү. —

Жаркын экөөбүз ушундай сүйлөшкөнбүз... Кайнене бир үйдө жалгыз. Кайната каза болгондон бери Жаркын экөө жашачу экен. Эми бул кызы дагы кетти. Жалгыз аялдын бир үйдө турушу мага өтө аянычтуу туюлат. Сиз каршы болбосоңуз, Жаркындын көңүлү үчүн, бир-эки жыл кайненеге каралыщып бирге турганыбыз жөндүү. Андан кийин, балким, неберелеринен бирди багып алаар...

Экөө үнсүз отурушту. Канткен менен уулунун сөзүнүн жүйөсү бар өңдөнөт. Ошондой болгон күндө да бул пикир ата жүрөгүн жибите албады...

— Жарайт... — Кадыр аке туруп кетчүүдөй обдулуп, кайра этегин мыкчый кармап, үңкүйө отуруп, дагы бир сөздүн башын чыгарды. Бул анын маанилүү деп эсептеген ойлорунун бири эле. — Оюңа келгендей жаша... Эми сен менден акыл үйрөнбөйсүң. Бирок, бизди бөрөгн үңкүрдөй тамга калтырып басып кетишиң кандай болоор экен? Жаңы там салуу менин жалгыз колумдан келбесин билээрсиң! Биз көнүп деле калдык, өмүрүбүз өткөнчө отура беришген намыс кылбайбыз. Дагы деле болсо элге-журтка сени сөз болобу деп чочуйм. Келинчегиңдин астында деле жүзүң чүрпө... Эгерде эп көрсөң эки-үч көмүт там салып берип кет. Аман болсоң ата конушуңа айланып келбей койбойсуң. «Баланчанын турак-жайы» деп эл айта жүрүшөт. Тигине, керектүү жыгач-ташын жетишээрлик камдап койгом. Чыгынсаң бат эле бүтөт. Эл бар, журт бар, жалгыз эмессиң. Жаныңда караан болобуз. Кандай дейсиң?

— Макул, ата — Нурдин чечкиндүү сүйлөдү. — Бүгүндөн баштап киришели.

Короонун бир жагын алып, тамдын түбүн түптөдү. Ылай жасап, кыш куйду. Кадыр аке айылдаштарын чакырып ашар жасады эле, бир күндүн ичинде үч бөлмөлүү тамдын дубалы туруп калды. Андан соң устун сунуп, чатырын тургузду. Айдай апа менен Кадыр аке Нурдинге тирек болуп, таң менен кошо туруп, кошо жатышат. Ошондо Жаркын «бул азаптуу күн качан түгөнөөр экен?!» деп зарыккан.

Арадан ай өтпөй, үстү чатырланган, эшик, терезелери сырдалган үч бөлмөлүү там курулуп бүттү. Абыл-Булуңдун көркүн ачкан мыкты тамдардын бири болуп, алдакайдан көзгө сүйкүмдүү көрүнүп турчу. — Мынакей, биздин ак-бекетибиз курулуп бүттү, — деди Нурдин сыймыктуу.

— «Ак-Бекетиң» эмне? — деген Айдай апа.

— «Бекет» деген — жүргүнчүлөрдүн түнөп, ат-көлүк алмаштырып өтүүчү жайы. Биздин үй дагы дал ошого ок-

шош: кыштактан келгендер унааларын биздикине калтырышып, өздөрү районго жумуштан кетишет. Кайра келгенче жем-чөбү даяр. Жөө калгандарын атамдын эшеги жеткирет. Тегирмен тарткандар каалашынча түнөшөт. Демек, биз ушулар үчүн жаңы Ак-Бекет курдук.

— Үйгө киши келип турганы жакшы эмей! Кишинин келип турганы жакшы, балам. Киши келбеген үйдүн мазардан айрымасы кайсы?! Кудай ошондой үйдү көрсөтпөсүн?!

— Ошону айтып жатпаймынбы, апа. Мынакей, коноктордуу каалашыңызча күтө бериңиз. Жүргүнчүлөрдүн агымы көбөйсүн. Кыштыр-жайдыр атамдын тегирменинин үнү басылбасын. Биздин Ак-Бекетибиз конокгордон айрылбасын, оомийин!? — Нурдин тамашалай жылмайып, алакан жайган. Айдай апа ага жетипе албай, ак дилинен бата тарткан эле. Ошол батага Жаркын дагы кошулган болучу...

## IV

Азыр мына, ошол Ак-Бекет томсоруп, тегереги кыймылсыз турат. «Деги апам бар болду бекен?!» деп ойлоду Жаркын. «Апа» деген сөз бир кездегидей ооз учунан эмес, жүрөгүнөн жылуу илеп чачып чыкканын туйду. Азыр, тээ жаш кезинде, абышкасы областтан сыйлыкка алган ак бөртмө жоолугун салынып, боргулдана тердеп алдынан чыга калышын аябай тилеп келатты. Кайын атасы — Кадыр албетте, азыр жок. Эгер болгондо, үстү-башы ак тоскок экенине карабай, көкүрөгүнө жыгылып, көкшүнү суугангa ыйламак! Балким, ошентсе жеңилдеп, санаадан арыла түшмөк.

Кадыр аке Жаркынды көргөн күндөн баштап эле жактырып, ичи жылып, жакшы көрчү. Айтпегендечи! Өзү да ошондой — сүйкүмдүү келин эле да. Муну Жаркын билчү. Бирок, аны кайын аталык сый катары кабыл албай, «караңгы адамдар мындан башка кандай мамиле жасашмак эле» деген бозомук ойдун туткунунда кала берген...

Жаркын келин катары келген жерине баш-аягы үч ай кызмат кылган жок. Бардыгы өзү каалагандай, Нурдин айткандай болду. Ак-Бекет бүтөрү менен шаарга келишип, жогорку билимдүү адистер, экөө эки жерге кызматка орношуп, эмгек жолун башташты. Эрте менен жумушка бөлүнүшүп, кечинде жолугушат. Үйдө кыларга кызмат жок, кээде кино театр, кээде конок, жашоонун алгачкы учуру жаман болгон жок. Жаркын орто мектепте математикадан сабак берип, Нурдин газетада иштечү. Үй түй-

шүгүн кайнене бүтүрүп, экөө жумушка барып-келүүчү келбет-бойлорун жасап-түзөө менен гана чектелүүчү.

Бул мезгилде Кадыр аке менен Айдай апа күүдөн-күчтөн кала элек, тың кездери эле. Ак-Бекет бүткөндөн бери андан бетер тыңышып, үйгө конок толуп, уул-келиндин жогу анча билинбейт. «Тегирмендин парасы токтобосо, менин жашоом токтобойт» деп коёр эле, Кадыр аке карылыкка моюн бербей. Кадыр акенин кадыры бул өрөөнгө белгилүү болуучу. Колунда барын кишиден аябаган, келим-кетимдүү, сөзүнө бек, калбаат эле. «Уулумдун Ак-Бекетине келгиле?! Даам сызгыла?! Үшүнү сөзөр үчүн тургузбадыбы!» деп, териси жайыла бакылдап калчу.

Келин келгенден төрт ай өтүп өтпөй кыз төрөптүр. — Сүйүнчү! — Телеграмма колуна тиер замат Кадыр аке кемпирин шаштырды:

— Бол кемпир, жөнөйлү! Кудайыма шүгүр, неберелүү болдук!.. Мунусуна шүгүр... Эртерээк баралы. Тегирменди тигил Сарыбай көзөмөлдөй турат. Ой, болбойсуңбу?! Шырдагыңды бүгүн көргөнсүбөй. Ташта ары, келгенде бүтүрөөрсүн...

Мен даяр эле турам. — дейт Айдай апа кебелбей. — Сен райоңго барып эртеңки автобуска билет алып кел.

— Эртеңкиге чейин кантип чыдайбыз, ыя оңбогон кемпир? Азыр эле жол тосуп жөнөй берели?! — деди Кадыр аке. Айдай апа үндөбөй, шырдак шыруусун уланта берди.— Бешикти ала баралыкпы? Жок, алып келгенден кийин, бала бир аз бышып-бүткөндөн кийин салаарбыз ээ, байбиче. Келин кошо келип, бир ай, жарым ай туруп кетсе, анан багып алаарбыз, туурабы?.. Ой сен угуп жатасыңбы, же?!

Айдай апа эми башын көтөрүп, абышкасын карады эле, ал жаңы маасысын кийип, ак көйнөк, тукаба кемсел, колго жасалган кайыш кемер курчанып, сакал мурутун серпип, башына суусар тебетейин кийип койгон экен, кадимки жаш кезиндей көрүнүп кетти.

— Сүйлөбөйсүңбү? Эмне жалдырайсың!? — Кадыр аке кемпиринин бул жосунуна ачуусу келди. — Баланы бэгуу жөнүндө оюң барбы, жокпу?

— Бакпайм-этпейм... — деди Айдай апа күңкүлдөп.

— И, алжыган кемпир, эмне болду?

— Өздөрү баксын... төрт айлык бала бала болобу.

— Эмне дейт?!

— Келиндин келгенине канча болду? Эсептебейсиңби?

— Оңбогон кемпир, жок нерсени сүйлөбөчү? Ар кандай боло берет да...

— Ар кандайдан төрөлгөн баланын мага кереги жок...

Алсам экинчисин алам. Мунусу өздөрүнө эле буйрусун. Кадыр аке шаабайы суугандай, далдайып туруп калды...

Ушул эле учурда Нурдин менен Жаркын ушул маселе тууралуу сүйлөшүп отурушкан. Боюнан бошонгон Жаркын ансайын ажарланып, сүйкүмдүү болучу. Нурдин жубайын эркелетип, көөдөнүндөгү кубанычын ортого салды:

— Мына эми, кыйналган мезгилиң өтүп кетти. Бир аз күн чыдасаң, отпуска алып, бир жакка барып, эс алып келебиз. Баланы апамдар багышат, мунусун ошолорго берели. Экинчисин бул апама берсек, туура болот ко деймп? Үчүнчү баладан баштап, өзүбүз тарбиялайбыз. Туурабы? Кандай дейсиң? — Жаркын кирпиги бириндей түшүп, үндөгөн жок.

— Сен коркпой эле кой. Айылга барып, баланын бешик тоюн өткөрүп, бешикке бөлөп бир айча эмизсең, калганын апам өзү билет. Атамдар келишсе, чогуу кетебиз.

Жаркын Нурдинди жек көрө карап, мыскылдай күлдү:

— Сен дагы эне-атана окшоп, түркөй турбайсыңбы... Ушуну бешикке таңып бактыргың келеби? Муну кыз дейт. Эркек бала болсо бир жөн. Буту ийрейместен чойройсо дагы жүрө берет. Не думай, дорогой, кызымды апама бере албайм. Анын жарым жапайы болуп өсүшүн сен дагы каалабассың, ырасбы?

— Албетте, бирок, кыштакта жашагандарды «жарым жапайы» дегениң жакшы эмес. Андай болсо мен дагы ошол «жарым жапайы» адамдардан чыккам.

— Аны көрүп-билип жатам... — Жаркын сөзду жыйынтыктагандай ордунан турду. — Балдарыбыз бизден жакшы болушу үчүн ойлонуубуз керек... Мен энесимин, демек, балдарымды өзүм тарбиялайм...

Жаркын экинчи кызын төрөгөндө дагы ушул эле сөздөр кайталанды. Кадыр аке кемпирин ээрчитип келип бир жумача туруп калышты. Ырас, бу саам Айдай апа астейил көңүлдөнүп, небересинин ороо-чулгоосун камдап, көрүндүгүн мол берип, кудагыйынын алдынан өткөндөй болду «Келиндин энесинин көңүлүнө кир кетпесин. Ымыркайды берип жатканда жүрөгү ооруп калса жаман» — деп ойлоштү алар. Бирок кудагыйы эзели ачылып сүйлөбөгөн сыпайы жан эле, бала жөнүндө кылайып оюн айтпады. Өз бөлмөсүнө жан киргизбей, кызча майпандап, үнсүз басып жүрчү. Жашы өтүп калса дагы боюн тыкан тутуп, баскан жерине кыл таштачу эмес. Үйдүн тазалыгын, тамак-аш даярдоону өзү бүтүрчү. Тең жарыша иштегендерди жактырбай, таң аткандан эл жатканга чейин кадамы-

пап добуш чыгарбай, кыбырап жүрө берчү. Дүкөндөн нанды дагы чечеп кестирип келип, бир күкүмүн арттырбай пайдаланышчу. Күйөөсү ыраматылык дагы дал ушундай — бүйрө киши эле. Экөө тең өмүр бою министерстводо бухгалтер болуп иштешип, кийин пенсияга чыгышкан...

Келин да чечилип кепке келген жок. Кайын эне, кайын атасын жактырып же, жактырбаганын билдирбей, сый гана бир бөлмөгө отургузуп коюшту. Алгачкы эле келген күнү Айдай апа келинге каралашып, баланы ороп-чулгап, жанында отургусу келди.

— Мурдундан тегеренейин! Мурдундан! Ак чүч! Чүчкүрүгүндөн апаң тегеренсин! — деп, ымыркайды көтөрүп ала койду.

— Апа, баланы мага эле берсеңиз?.. — Жаркын Айдай апанын колунан оролуу баланы аярлай алды. — Көп жакындабай эле койсоңуз? Жаш балага ар кандай нерселер жугушу мүмкүн...

— Ыя!? — Айдай апа башка чапкандай боюн жыйрыды. — Мейли анда...

— Тигил бөлмөгө барып, эс ала бергиле, мен өзүм эле жетишем.

Ошондон кийин наристенин жүзүн ачып көрүшкөн жок. Такай ичинен илип алып, сыртка чыкса бекитип коюшат. Кадыр аке кемпирин тиктеп кичинекей бөлмөдө керээлди күнү кечке бекер отурушуп, же, чер жазылып сүйлөгөн сөз жок, калп айтканда эмне, жүдөп, кетишкендей болду. Экөөнүн ортосунда купуя сыр бардай дулдуюшуп, жүрөк өйүгөн бир түйүндү чечүү менен алек болуп, күн кечкиртишет. Эки жашка чыккан кызы эрте менен эрте бакчага кетип, кечинде кеч келет экен. Үйдө болгондо да кемпирчалга жакындабай, качып турат.

Жетинчи күнү Нурдин жумуштан кеч келди. «Газетанын чыгышына дежурмун» деген ал эрте менен кетип жатып. Келинчеги экөө ашканада тамактанып отурушуп, арачолодо бала жөнүндө кеп салышты.

— Кандай дейсиң? Баланы берелиби апама? — деди Нурдин. Жаркын үндөгөн жок. — Эгерде эмизгиң келсе, апамдар менен кошо кет. Бир аз күндөн кийин командировка алып артыңдан барам. Балким, кайра чогуу келебиз.

— Кызыксың,— деди Жаркын. — Бет маңдайыңдан жаркырап күн тийип турса, артты карай кетенчиктеп, караңгы жакка качканыңа таңмын... Баланын аларга эмне кереги бар? Өздөрү араң жашап жатышат...

— Аларга менин балам керек. Аны өмүр бою күтүп ке-

латышпайбы. Баласы катары үмүт-тилектерин актап, аз да болсо кубантып турайын... Сен өз эненe каралашкан сыяктуу эле... — Нурдин оюндагысын бүтпөй токтоду. Жаркын мыскылдуу кыска күлүп, акырын сүйлөдү.

— Апам кимдир бирөөнүн жардамына муктаж эмес. Кыясы сен «багып жатам» деп ойлойт окпойсуң? Кызын койнуңа салып, үстүнө үй берди. Ичээрге тамагың, киээрге кийимиң даяр. Бул сага эч канча көрүнбөйт экен да ээ?..

— Ырахмат... Бирок мен өз түндүгүмдөн чыккан түтүндү көрбөй жатам. — деди Нурдин ызалуу. — Сени сыйлаганымдан, сен үчүн...— Бул жолу да сөзүнүн аягына чыкпады.

— Мен үчүн жашаба. Бирөө үчүн бирөө жашабайт эмеспи. Өзүң үчүн ойло. Мындай жашоо сени канааттандырбаса, ылайыктуусун изде. Түк каршылык кылбайм, жаным...

— Ошондой дечи...— Нурдин ушintти да, андан ары сөздү узаткан жок. Идиш-аяк жыйылып, өз бөлмөлөрүнө кетишкендей болду. Бул сүйлөшүүнү Кадыр аке да, Айдай апа дагы угушту. Угушту да, ар ким өз ичинде толгонуп, сыртка чыгарышпай, бири-биринен сыр жашырышты.

Эртеси Кадыр аке кемпири менен кыштакка жөнөп жатып, арай көз чарай айткан сөзү Жаркындын күнү күнкүдөй эсинде.

— Биз кайталы, балдарым,— деди Кадыр аке ойлуу.— Силерге ылайык келсе, балдарыңарды өзүңөр багып, өзүңөр чоңойткула. «Уядан эмнени көрсө учканда ошону алат» болуп, биздин тарбия башка, силердики башка... Андан калса карылык, кыйнабагыла. Колубуздан келишинче жардам берип турарбыз. Келбей калса, таарынбагыла? Шартыңар келсе барып турарсыңар. Кат жиберип, кабарыңарды билдирип койсоңор, бизге капиет... — Анан Нурдинге бурулуп, сөзүн улады. — Уулум, бизди ойлоп кабатырланба? Көзүбуздүн тирүү кезинде Ак-Бекеттин түтүнү суюлбайт. Ошол сенин түтүнүң. Эл дагы ошентип билет... Кайсы бир себептер менен ортоңордү суутуп албагыла? Суранаарым ушул... Оту жок коломтодо турмуш өтпөйт...

## V

Мына азыр Жаркындын кулагына кайнатасынын ошол сөзү улам кайталанып жаңырыктады. «Оту жок коломтодо турмуш өтпөйт экен, ата! Эми, кайрадан сиздин коломтодон жылынганы келатам» деп шыбырады, ачуу дем ме-

нен. Көзүн жаш каптап, тамагы бууллу. Эгерде азыр Айдай апа алдынан чыга калса, кумардан чыга ыйлап, бир бүтүн таратмак! Ошол, таанып карап көздөн учат.

Тигине Ак-Бекет. Сырткы көрүнүшү эскирип калган менен ошол калыбында эле тургансыйт. Бирок андан от да, түтүн да чыкпайт. Тегерегинде кыбыраган жан дагы билинбейт. Денесин муздак илеп аралап өтүп, өзү күтпөгөндөй чемодандын үстүнө отура кетти. Кайсы бир фантастикалык романдын окуясы көзүнө элестейт. Бул турмуштун жыргалын сезбей, башкача жашоону эңсеген бир ойчул, дүйнөгө алааматты баштап коюп, өзүн бир кылымга уктатып таштаган. Убакыт сааты жетип, денеси кыймылдап, уйкудан турса, планетада кыбыраган жан калбаптыр! Төгөрөктүн төрт бурчун төрт айлана кыдырып, жан алакетке түшүп издесе да, тирүү жан көзүнө чалдыкпайт. Ошондо үйүлүп жаткан алтындын үстүнө үңкүрүп отура калып, «мен өлүүмүнбү, тирүүмүнбү?» деп күбүрөйт. Жаркын өзүн дал ошол ойчулга салыштырды. «Ой, укмуш ай! Мындан өткөн азап болорбу?! Өлгөндөр үчүн эмес, тирүү калган — акыркы адам үчүн азап! Отту өчүрүүгө себепкер болгон — мага азап! Айланайын Ак-Бекет! Биздин планетабыз! Менин кесепетимден томсоруп ээн калдыңбы?!» Анан ал коркунучтуу өңгөчүн тарта ордунан ыргып турду. «Жок, апда апам бар!» деп угуза күбүрөндү кайра. «Апам бар!» Азыр апама жолугам... Чемоданды жерден илип алып, калдаңдай басып, какшыган сайдын ичине түшсө, баягы эски көпүрөнүн изи да калбаптыр. Сайда кеберсиген таштардан башка, тамчы суу жок. Өйүзгү тегирмендин жоолусунун нугу турат. Таштарын эчак кум чайкап койсо керек, көөлүсү толуп, тегиздейин калыптыр. Ноосун кыян шыпырып, арыгы цукөуз болуптур. «Атам байкуштун өмүрү ушул тегирмен менен сууга байланыштуу турбайбы!» деп шыбырады Жаркын...

Чынында эле ошондой болду. Нурдин каза табар жылдын жазында Кадыр аке түнөрүп отуруп кемпирине сыр каткан.

— Капырай, каспетинден айланайын ак жылан, тукуму уругу менен жер оол кеткенби, быйыл көрүнбөйт. Сойлоочу жерлерине ун чачам, дегеле изи жок. Бул эмне сыры экенин билбейм...

— Балким өлгөндүр. Канча жыл жашайт ал?.. — деди Айдай апа.

— Тукум курут болмок беле. Жер оол кетти ал, жер оол кетти...

Ак жыландын көрүнбөй калышын Кадыр аке да, Айдай

апа дагы жакшылыктын жышааны деп билишкен жок. Бул сыр — үч атадан берки келаткан сыр. Мурункуларын унутуп, кийинки, өзү көргөнүн эске салса деле, жүрөгү түпөйүл болууга негиз бар.

Ушул тегирменди эки атасы кармап, ушул жерди эки атасы мекендеп келиптир. Абал мурун ээн жаткан булуңга чоң атасы Абыл келип тегирмен салып, үй тигет. Кийин кошуналар көбөйүп, совет өкмөтү түзүлгөндө өзүнчө колхоз болуп уюшулган. Ошондон улам бул жер чоң атасынын ысымына азыр да Абыл-Булуң деп аталат. Өз атасы Садыр, колхоздун алгачкы активдеринен болгон. Ал кечээ эле согуштан кийин өлдү. Уулун өз колу менен аскерге узатып, кайра аман-эсен тосуп алды. Ошол алаамат жылдын башталышы менен уулунун аман келишин, ушул ак жылан аркылуу билгенин көзү өткөнчө айтып жүрдү, жарыктык.

Ак жылан тегирмендин ичи-тышында сойлоп жүрчү. Бирок, туш келген кишиге эле көрүнө берчү эмес. Көрүнсө да бирөөнө тиш тийгизип, зыян кылган учуру болгон жок. Жалгыз гана Айдай жаштык кылып, жаңы келген жылы тегирменге кире калса, сок билектей ак жылан унга аралашып жаткан имиш. Ошондон катуу чочуган экен, туң баласы боюнан түшүп, андан кийин көп жылга өнөкөт болуп калыптыр. Акыры, Нурдинди аман-эсен көз жарганына жетине албай сүйүнөт.

Күндөрдүн биринде, жарыктык киши, дал ушул Кадыр акедей түнөрүп отуруп, сыр учугун чубаган.

— Быйыл ак жылан жок. Үрккөн окшойт... Бизден үрккөндөй эмне кылдык экен?! — деп күңкүлдөгөн. Ошол сөздү ушул экөө тең: Кадыр аке да, Айдай апа дагы угушкан. — Бул тегин сыр эмес...

«Ак жыландын үркүшү тегин болгон жок. Жайдын толугунда согуш чыгып, күзгө айланганда жер титиреди. Мурда мынчалык апаат болгонун бул өрөөндөн эч ким билбейт экен. Соо там калбай, жер жарылып, короосу менен кой жоголгон учур болду. Ушул кош алааматтын келишин ак жылан алдын ала билген экен, жаныбар...» дечү, Садыр аксакал.

Ак жыландын көрсөткөн кийинки сырын, Айдай апа жакшы билет. Ал майданга кеткен жубайын күтүп, кемпир чалдын маңдайында тип-туура беш жыл отурду. Ортолорунда эркелеткен бала жок, казан толо тамак жок, кандай кыйын заман эле! Үчөө бардыгына кайыл болуп, жалгыз гана майдандагы Кадырдын аман-эсен келишин тилешкен.

Ак жылан сыр берген жылы жаз эрте келген. Абыл-

Булуң көрпөдөй көгөрүп, чытырман бадалдар тегиз бүр ачып, арык-торук көккө тойгон убак болчу. Эл үрөндөн арткан аштыктарын алып келишип, тегирменге тартып жатышкан. Ушул Сарыбай эрте менен эрте эшегине өңөрүп, жарым кап буудайын алып келди.

— Кечинде келип алып кетейин,— деди ал. — Күзгө чейинки ырыскыбыз ушул. Майдалап тартып кой, Садыр аке?

— Тегирмендин ташы жышкаяк болуп калды эле, чегейин дегем.

— Кокуй, меникин тартып бүтүп чек? Антпесең, ундун баары таш болуп калбайбы. Жарым путка жетпеген буудайды үч эселентип берейин деп бирөөнөн карызга алдым. Бир айдан бери кымыран — сүт менен отурабыз. Эптеп нан жедирбесем, үй-бүлөмдөн ажырап калам го... Меникин тартып бүтүп чегээрсиң?.. — деп безене сүйлөдү да эшегин теминип, жүрүп кетти.

Садыр аксакал эки күндөн бери токтоп турган тегирмендин кампасына Сарыбайдын буудайын салып, жыгылган сууну бурду. Суу көп, таш ийнктей чимирилет. Кулагын ырастап, серпилген ундун майдасын текшерди да, эшик алдына чыгып, күн чубактап отурду. Анын оюнда «уруш бүтүп, уулумду аман-эсен көрүп анан өлсөм!» деген ой жүлүнүн сыздатып, көзүн жумуп, төмөн үңүлдү. Аңгыча тегирмен ташынын гүүлдөгөн доошу акырындап барып басылып калды. Садыр аксакал ордунан ыкчам туруп, көөлүгдөгү сууну карады эле, суу өз калыбында оргуштап агып жатыптыр. Ак көбүк чачкан айлампада жайнаган бүкүлү буудай калкып турат. Демек, тегирмен богуздаган экен. «Кара саттыкын карабайсыңбы! Тилегиң каткан Сарыбайдын тапканы талаага кеткен экен ээ!?» деп, кейиген тейинче тегирменге кирсе, буудай шырылдап куюлуп жатыптыр. Калакты каңтара байлап, таштын огун караса, шынаа жыгачы эчак түшүп, оңурайып турат. Кыясы, бир чакадай буудай ысырап болгон окшойт. «Олдо кесепеттики ай! Жышкаяк болгону аз келгенсип, шынаалары дагы жешилип бүткөн экен. Ушун үчүн айткам, ондогондон кийин тартайын десем көнбөй койбодубу, түгөнгөн Сарыбай!» деген ойго сапталып, тартылган унду, түшкөн буудайды болжолдоп карады. «Учурунда көргөнүмдү кара. Оозунун сары суусу бар экен». Ушул ойдон кийин көңүлүнө бир сыр кылт этти: «Кандай болуп кетти? Суу агып жатат. Ок темири ордунда. Пара эмне үчүн айланбайт?..» Табышмактуу суроону табыш үчүн Садыр аксакал көөлүгө башын эңкейтип, параны карады. Ошол замат көргөн көзүнө ишенбей, кирпигин бат-бат ирмегилеп, жерге жата калып

жакшылап эңкейди. Укмушуң кур э-эй! Сокбилектей жоон, көтөрмөдөн узун кадимки ак жылан парага чырмалышып туруптур. Ишенээрин же, ишенбесин билбей абдырай түштү. Көзү көрүп тургандан кийин кантип ишенбейт! «Астахфуралла!» деди Садыр аксакал, башын өйдө көтөрүп. «Жакшылыктын жакындашы ажап эмес! Ак жылан келиптир! Ишибиз оңолот экен! Ой, касиетинден айланайын, ак жылан!»

Ушинтти да, буту-бутуна тийбей чуркап, алыштагы сууну жыгып андан кийин үйгө кирди.

— Ак жылан келиптир! — деди ал бычагын алып. — Жүргүлө, түлөө өткөрөлү! Эч кимден жооп күтпөй сыртка калдастай чыгып, арыктын боюнда аркандалып турган жалгыз улагын жетелеп барып, тегирмендин кулагына бата тарткан.

Садыр аксакалдын түлөөсүнө айылдаштары келишип, ак жыландын кабарын угушту. Айбан да болсо, анын акылына таңданышты. «Балким, жылан парага оролгондо, шынаа түшүп, буудай богустагандыр» деген ой, эч кимдин акылына келбеди. Ак жыландын изине ак чачышып, улактын канын агызып, арча отун жагып аласташып, жүрөктөрүнө жылуулук себишти. «Жер эс алып, эл тынчый турган учур алыс эмес! Менин уулум дагы аман эсен келет, калайык! Түлөөбүз кабыл болуп, силердин үмүтүңөр акталсын, оомийин!» деп бата тилеген Садыр аксакал.

Ошондон көп күн өтпөй «ЖЕҢИШ!» деген сөз жаңырып, көңүлдүн көшөгөсү ачылды. Аскерге кеткен уулу Кадыр, алты саны аман үйүнө келди. Ачкан курсак тоюнуп, жыртылган кийим бүтөлдү. Тегирмендин үнү күнү-түнү басылбай, короого мал толуп, жыл айланбай Нурдин төрөлдү. Ак жыландын сыры булар үчүн ушундан улам кымбат.

Мына ушул окуялар Айдай ананын күнү-күнүндөй эсинде. Азыр, абышкасы ошол кайын атасына окшоп, ак жыланды эстеп, дулдуюп отурушунда негиз бар.

— Койчу, абышка? Жаман ойлобочу? Жүргөндүр, жаныбар. Дайыма эле көрүнө бермек беле... Дасторконго жакын отуруп, ысык-ысык чай иччи? — Айдай апа абышкасынын абалын сезип, ичинен күдүктөндү...

Жарыктык кишң, ошондон көп өтпөй шаарга келип, уулунун жанында үч-төрт күн жүргөн. Кудагыйы анча жактырбаса да, неберелерин эркелетип, келининин тамырын тартып көргөн. Имерилип, жан тартып, жакындаган эч кимиси болбогон соң, уулу менен ачыгыраак сүйлөшкүсү келдиби, кетээр күнү иштеген жерине ээрчип барды.

Бир бөлмөдө алты киши отурушат экен. Нурдин бөлүм башчылыгына көтөрүлгөнүнө аз күн болуптур. Жолдоштору кадырлашат окшойт, столдорунан тура калышып учурашышты. Жанагы пионерлердин гезитин чыгарышат экен, көрсө. Алдыларында доңолонгон каттар жатат. Бөлмө тар күңүрт, ирээтсиз сезилди. Гезит кызыл-тазыл болуп кооз көрүнгөн эле, а бул жерде андай көңүл көтөрө турган нерсе байкалбайт.

— Атам келди эле,— деди Нурдин жолдошторуна. — Бүгүн кетет. Узатып коёюн. Балким түштөн кийин келээрмин...— Ушинтти да, атасын ээрчитип көчөгө чыкты.

Көчөдөгү кайнаган кыймыл, күндүн аптабы, көркөмдүү кооз жайлар экөөнө таасир этпегендей, шылкыйдары бош, жайбаракат баратышат. Ушундан улам экөөнү тең ой басканы байкалат.

— Эс алалычы, уулум,— деди Кадыр аке, сирендин түбүндөгү орундукка отура берип. — Бир аз акылдашалы... Көңүлүң неге чөгүп жүрөт, айтчы балам?.. Нурдин тилин чайнагансып, үнсүз, башын жерге салды.

— Сенин көңүлүң ачылып, жаркылдап, ишиңде, үйүңдө санааң тынч болсо, анда биз бейкам элек... Кийинки кезде оюм онго бөлүнчү болду... Ишиң деле мааниси чак көрүнөт. Мындай шапалактай гезит биздин райондо деле чыгат. Барсаң, бир кызмат табылат эле... Келинчегиңдин ойлогону кандай, мага ушуну айтчы?

— Ал кыштакка барбайт.

— Барбаса, барбасын. Экөөңөрдүн жашооңор таттуу болсо го.

Нурдин кайрадан үнсүз...

— Мен ушуга кабатырмын... Очогуңдун табы ойдогудай болбосо, калган атак-даңкың түккө арзыбайт.

Нурдин дагы деле үндөбөйт. Айта турган сөздүн ылайыгы жок сыяктуу. Ансыз деле атасы баарын сезип жатпайбы.

— Сен бизди багам деп кыйналба. Ага анча муктаж эмеспис. Өзүң өрнөктүү жашасаң — бизди бакканың ошо!.. Эркек үчүн аялдан ашкан асыл гүлазык жок. Гүлазыкка арзыган аял эркектин төбөсүн айга, күнгө жеткирип, баскан жерин мисир кылат. Андай гүлазыгың болбосо, башың булутка тийсе да басканың баткактан арылбайт. Азамат эрге асыл жар керек. Менин сенден сураарым: ушул жагын эмитен жакшылап ойло... Канжыгаңды бошондотпо? Бекем байлоого аракет кыл?.. Эшигиң ачылып, үйүң ээн калбасын?! Ушуну ойло?!.

Сөз үзүлүп, кайрадан унчукпай калышты. Адамдын так

алдынан кыпалыша баскан эки жаш жүздөрүнөн жылдыз чачыпын, жан кишини капарларына алышпай, каалгын өтүштү. «Ооба, бир кезекте баардыгы ушундай. Кийинчи?..» деп ойлоду Нурдин. «Өңдөрү мөлтүрөп, кандай татына! Ушундай периштелер жүрөккө уу чачып жиберет деп кантип ойлойсуң?!

Жүзүмдөй мөлтүрөгөн келинчегим,
Жүлүндү кайрып өтөт кебиң сенин...

деген саптарды шыбырады.

— Макул, ата,— деди Нурдин өйдө обдулуп. — Жакында командировка алып, айылга барам. Калган сөздү ошондо сүйлөшөбүз. Бу саам кабатырланбай кете бериңиз. Сиздин оюңузду түшүнөм...

Ата-бала бирин-бири мурун эле түшүнүшкөн. Экөөнүн ой-тилеги окшош болучу. Бирок, көңүлгө тамчылап жаткан кирди кантип тазалашаарын билишпей, бушаймандуу күндөрдү чубап өткөрүштү.

## VI

Жаркын азыр чемодан үстүндө үңкүйүп отуруп, ошол кайын атасы кеткен түнү Нурдин экөөнүн сүйлөшкөнүн эске салды. Кийинки кезде ал түн бат-бат эске түшөт. Албетте, ага негиз бар. Көрсө ошол түнү тагдырды чакмак алып ойногон экен...

Бөлмө тынч, адаттагыдай көңүлсүз болучу. Кыздар эчак уктап калышкан. Нурдин экөө чогуу жатышканы менен ортолору «ат чабым» алыс, кунарсыз эле. Демейдегидей Жаркын тетири карап, ойлуу. Нурдин колун жазданып, толгон ой менен алпурушат. Экөө ушинтип жатышып, акыры уйкуга кетишчү.

Бул адат биринчи кызы — Айзада төрөлгөндөн кийин күчөдү. Бала жарым жашка чыкпай эмчектен чыгып, кайненесинин карамагында калды. Болбурап жоош да эле, үнүн катуу чыгарып ыйлачу эмес. Денеси чыңалып толукшуган Жаркын, күн сайын түрлөнө кийинип, эрте менен кетип, жатаарда келчү. Нурдиндин сураганына анча маани бербей, кааласа жооп берип, каалабаса кабак чытып тим болчу. Ортону салкындык каптаган күндөрдүн далайын өткөрүштү.

Санаага баткан Нурдиндин сабыры түгөндүбү, ошол түнү Жаркынды ачык сүйлөшүүгө чакырган.

— Жаркын, уктадыңбы? — деди Нурдин.

— Азыр уктайм...

— Ыр окуп берейинби?
— Билем, эмнени окуурунду...
— Балким, билбестирсиң. Билсең эсиңе салам.
— Окуй бер...
— Ичсебиз бир казандан бышкан ашты,
Сезебиз даамдарын башка-башка,
Жатсак да бир шейшепке далдоолонуп,
Жагылат ой учкуну алыс жакта...
Нурдиндин үнү муңдуу угулду. Ошол муңдуу үн Жаркынды ансайын алыстатты.
— Бул айта жүргөн оюң,— деди Жаркын.
Нурдин сөз ордуна ыр окуду.
— Белгисиз жылуулукка чаңкап-суусап,
Чөлдөгү жолоочудай сапар алба?!
Салбырап саябанын төгүп турат,
Санаана саргарган тыт — катарында...
— Мен акын эмесмин,— деди Жаркын тырчып. — Ыр менен сүйлөшө албайм.
— Макул, кара сөз менен эле жооп берчи? Бул эмне деген жашоо? Экөөбүздүн ортобузду мынчалык калың катмарлуу муз каптаганга эмне себеп болду? Чынынды айтчы? Эгерде сага жакпаган, сени капа кылгыдай жоруk-жосунум болсо айт, ондоп-түзөйүн?..
— Макул...— деди Жаркын, жай толгонуп. — Чындыкты уккуң келсе, айтам. Бирок, чычалаба? Жинденбе?.. Сен мага турмуш жөнүндө, ортодогу жылуулуктун жоголгону тууралу улам кайталап айта берсең, менин жиним ансайын кайнайт. Эмне үчүн экенин өзүм дагы билбейм... Сенин болжолуң балким, туурадыр... Экөөбүз жаңылып баш кошкон окшойбуз... Сенин ата-энең, урук-туугандарың мени жек көрүшөт. Сени мурдуңдан жетелеп кеткен шумпайдай туюлам, аларга. Ушулардан улам, баарыбыздын ойлорубуз ордунда эмес...— Жаркын унчукпай калды.
— Айтаарың ушулбу?.. Сүйлөп бүттүңбү?..— деди Нурдин.
— Ооба...
— Калп... Сен чындыкты айтканың жок. Экөөбүздүн ортобуз сууп калышына булар себеп эмес. Эгерде сенин махабатың алгачкы күнүндөй тунук болсо, калганы кеп беле?! А мен сенин ошол сүйүүңө сүйүү менен жооп берип жашагым келет. Карачы эми, ой-максат ишке ашпай кандай болуп баратабыз?! Мен жокто өзүңдү куунак алып жүрөөрүңдү көргөндөр айтышат. Мен көзүңө көрүндүм дегиче, туталанып, жылдызың өчөт. Кечээ эле мени сүйүп, менин аркамдан тызылдап чуркаган Жаркынга түк окшо-

бойт. Бул бир укмуш эмеспи?! Конокко, отуруштарга өзүңчө кетесиң? Үйгө каалаган убагыңда келесиң. Сурасам туталанасың. Сени капа кылуу менин максатым эмес. Менсиз жашооң жеңил болоорун сезсең айт, аны деле жасап берем...

— Сени сүйүп, сенин аркаңдан чуркаганымды эстесем, жиним келет. Жинди турбаймынбы, көрсө... Конокко сен барганда ичпейсиң. Ичкендерди көрүп, жиниң кайнап, кабагың карыш түшөт. «Сенин күйөөң эмне, сүзөнөөк букадай болуп...» деп шыбырашат келиндер. Сенин жанагы жазмакер жолдошторуң мага жакпайт, бардыгы эзме. Көп сүйлөшөт. Бири-бири макташып отурганы жадатып жиберет. Менимче ар кимдин өз каалагандары менен отурушу кызыктуу.

— Демек, мени сүйүп, менин аркамдан чуркаганыңа арданат экенсиң да?

— Айта албайм... Кубанбайм дагы... Ойлоп көрчү? Сен мени сүйгөн эмессиң. Жөн гана аяп, боор ооруганыңдан баш кошконсуң. А мен жинди болгон немедей артыңдан чуркап... Кандай шылдың!.. Башым жок тура! Турмушка сүйүп чыкпай, сүйдүрүп чыгыш керек экенин эми билдим... Кыскасы... Кандай кылсаң өзүң бил... Ачык айт дедиң, айтайын... Мени сүйгөн киши бар... Мен дагы аны жактырам... Ал менсиз жашай албасын сезип жүрөм. Демек, мен дагы... анын абалын түшүнүүгө аргасызмын да... Үй-бүлөөлү, бала-бакырасы бар.. Кааласаң аты-жөнүн, иштеген жерин айтып берем. Балким, издеп барып...

— Жок, жок, кереги жок!..— Нурдин тумчугуп бараткандай тез-тез сүйлөдү. Белгисиз адамдын аты-жөнүн уккандан качты. — Айтпай эле кой. Ушунчалыгы да жетишет. Болду, ыракмат... Чындыкты айтканыңа ыракмат...

— Менден нрээнжип, жашатың келбесе, аны өзүң бил,— деди Жаркын жайма-жай. — А мен ушундай эле жашай берем...

Сөз үзүлдү. Бөлмөдөгү тынчтык жан чыгарчуудай ныгыра басты. Бир аздан соң Жаркын санаадан арылгандай жумшак дем алып, уйкуга кетти. Нурдин чалкалай жаткан калыбында, зылдай уюган денесин козгоого чамасы келбей, өлүк санаанын коюнунда сапырылды. Көзүнөн аккан жаш жаздыкты суулап жибергенин сезген жок. Бул анын жигит болуп бой тартканы биринчи жана акыркы ыйлаганы болучу. Ошол түнү ал соо-саламат туруп, өзүн «өлгөн кишимин» деп эсептеген...

# VII

Келин эски тегирмендин урандысын айлана өтүп, секиге бет алды. Ангыча Ак-Бекеттин чатырчасы көрүндү эле, жүрөгү «шуу» дей түшүп, кайра артка бурулду. Эмне үчүн мындай болгонун ажырата албай, кургаган сайга чейин делбектеп түшүп келди да, чекесиндеги чыбырчыктаган муздак терин аарчыды. «Бир аз күтө турайынчы, кеч кирсин... Биреөнө жолуксам жакшы болот эле... Же, көрүстөн жакка барсамбы?.. Чемоданды кайда коём?.. Жок, абал мурун апама учурашуум керек. Нурдин мени баары бир кечирбес болгон...» деп ойлоду да жүзүн жуугусу келди. Жуунуп алса, кайраттанып, эс ала түшмөк. Апасын жерге жашыргандан бери өзүн өзү сооротуп, өзүнө-өзү кайрат берүү менен алектенип келатат. «Болоору болду. Эми эмнеге кейүүм керек? Алты саным аман .Биреөнө кор болбой, эл ичинде жашап жүргөнүмө шүгүр...» деген ойго чыйралчу. Азыр дагы ушул кайрат менен суу издеп, теребелге көз чаптырды эле: какыраган сай, бозоргон таш, саргарган чөп, бузулган тегирмен, анан эски чемодандын үстүндө отурган өзүн көрдү. Көрдү да, кайрадан денеси чымырап, сай-сөөгү сыздай баштады. Биреөнө кор болбой, алты саны аман, эл ичинде көргөн жыргалы кайсы?! Ушул азыр береги какшыган сайдан, бузулган тегирменден, саргарган чөптөн, бозоргон таштан айырмасы эмне?! Булардын кимге кереги бар?! Адамдык көөдөндө кимдир биреөнө болгон камкордук, сый, урмат, сүйүү буу бүркүп турбаса, анда береги какшыган сайдын өзү эмеспи!..

Жаркындын денеси жашып, бир аздан соң шолоктоп ыйлап кирди. Суулаган кирпигинин арасынан Нурдиндин акыркы түндөгү элесин көрдү.

Түн бир оокумда Саламат экөө мас болуп келишкен. Эшиктен кире сала ыңгайсыз күлүп:

— Кечирип кой, Жаркын, мен масмын,— деди Нурдин.

— Нурдиндин журналга чыккан ырын майлап, кармалып калдык. Айып этпе аяш?..— Саламат сөзду толуктап, ырастады. Жаркын экөөнө тең жооп кайтарбай, жек көрө тиктеди да, ич катчай бөлмөсүнө кирип кетти.

Нурдин мынчалык иччү эмес. Ичпесине себеп дагы бар болучу. «Ичкиликке кызыкпа, уулум» деген Айдай апа, уулун окууга жөнөтүп. «Сарык менен оорув, чала айыккансың. Ачуу тамакты дагы абайлап же»... Ушундан уламбы, же, өзүнүн табити тартчу эмеспи, айтор, ууртап-татып көйгөнү болбосо, мас кезин көрүшпөптүр.

Эки дос бирге түнөшүп, эрте менен жумушка жөнөөр алдында Нурдин аялынын үстүнө кирди.

— Бүгүн командировкага кетемин,— деди ал, кыйналган жүзүн ала качып. — Балким, он күнчө болоормун...

— Мага десең биротоло келбе...— деп күбүрөгөн Жаркын. Нурдин үнсүз коштошуп, бөлмөдөгү салкын көз карашка денеси чыйрыгып, бейкам уйкуда жатышкан эки кызын аялуу карап, үйгө кайрылып келген жок...

Уккан сөзгө караганда: автобуска түшөөрдүн алдында бир кружка пиво ичип, жолката кусуп барган имиш. Үйгө жеткенде, «апа, сүзмө катыктап, жарма жасап берчи?» дептир. Жарма жаңыдан бышып, сүзмө катыкталып жатканда эшикке чыгып, кан кусуп отурганын атасы көрүптүр.

— Ыя кокуй! Бул эмне шумдук?! Тур өйдө?! Тезирээк доктурга баралы?! — Карбаластаган Кадыр аке атты токуп бүткөнчө, Нурдиндин кускапы басылбай, килкилдеген кызыл кан табактай болуп, жерде уюп калды дешет. Сүзмө катыкталган жарма ичилбей, безилдеген Айдай апанын кыстоосу менен Кашка-Булактын суусунан кере-кере ууртап, атасы экөө доктурга кетишет.

Нурдин ооруканада калып, Кадыр аке кайра тартаарда, «Саламатка кабар айтып кой, ата. Башканын кереги жок» деген имиш. Бул жосуну жок сөз карыянын денесин үркүтүп, уулунун ооруп турганына карабай, тилдеп коё бериптир:

— Бул эмне деп дөөдүрөгөнүң! «Кабар айт» дегени өмнеси экен?! Дөөрүгөн наалаты! Дөөрүбөй кирип жат!..

— Айтып кой дегеним да, ата... Капа болбоңуз?..

Көрсө, Кадыр аке пенделик кылып... уулунун акыркы өтүнүчүн орундата албаганына өмүр бою өкүнүп жүрдү... Саламатка жаман кабар кечигип жетти...

Нурдин командировкага кеткенден кийин Жаркын эки түн үйгө келген жок. Уйкудан калып, алсыраган келин, улуу шашке ченде көчөдө келатып, автоматка кайрыла калып, телефон чалгысы келди. Эмне үчүн минткенин өзү да билбейт. Ыңгайсыздыгын телефон аркылуу бүтүрүп, үйгө жеңилирээк киргиси келсе керек.

— Кайда жүрөсүң?! — деди апасы демейдегиден ачуулуу. — Сага Саламат телефон чалды. Издеп жүрөт. Тезирээк кел?! «Нурдин командировкага кетпесе керек...» деп болжолдоду келин, жүрөгү куушурулуп.

— Анын эмне жумушу бар экен? — Жаркын акырын сурады. Эгер болжолу туура чыкса, жумушту шылтоолоп, бүгүн кечке барбай коюуну ойлоду.

— Айылдан жаман кабар келиптир. Кыясы, Нурдин...

— Нурдин келдиби? — Жаркындын капы башына тээп чыкты да, ойлонбой суроо берди.

— Өлгөн киши келчү беле! — Тезирээк кел!..— Апасы телефонду илип таштады...

Жаркындын колунан телефондун туткасы эчак түшүп, көзүнөн тамчы жаш чыкпай, нес болгон өңдүү буткага жөлөнүп турганда, чоочун аял келип, колтуктап, сыртка чыгарды. Боорукер адамдарды көрчү! Өң-алеттен кеткен келинди тегеректешип, анын оор кайгыга түш болгонун сезишти. Ошондо гана мунун сыртка чыгарып, «күйөөм өлүптүр!» деп эчкирип ыйлап жиберген.

Андан кийинки окуялар баш-аламан, акыл жеткис тумандуу болду. Жаш келин мындай кырсыкка кабылам деп, ойлогон эмес эле. Күтүлбөгөн кайгы, азоо чалыш эркин заматта мокотуп, акыл токтотуп ойлонууга чамасы келбеди. Кылаар ишин айкын түшүнбөй, айтылган сөз кулагына кирбей, толкунда калкыган чымындай, көрүнгөндүн жетегине кабылды. Редакциянын аялдары чурулдашып, үстү-башын жасап-түзөдү. Насаат айткандар көбөйүп, кээ бирөө кошок кошконду үйрөтүүгө аракет кылды. Бир да бирөө Жаркындын кулагына кирбей, нес болгон кишидей үн чыгарбай талып отуруп, кийин, Нурдиндин сөөгүн көргөндө да, жетилигин өткөрүп, үйүнө кайтканга чейин ушул калыбынан жазган жок.

Саламат такси жалдап, аяшын эки кызы менен, кудагыйды салып, Абыл-Булуңга эл жата келди. Ак-Бекеттин тегереги азан-казан элге толуп, боз үйдөн Айдай апанын боздогон үнү созулуп туруптур. Саламат жер жаңырта өкүрүп, боз үйгө сүзө кирип, табытта жаткан Нурдиндин сөөгүн кучактап жыгылды. Тегерек чууга толду. Жаркын ошол чуунун арасында солкулдап, бетин басып отурду.

Ошол күндөрү Кадыр аке көзүнө жаш алып ыйлабай, эл менен бир ооз сүйлөшпөй, коргондун түбүндөгү дөңгөчтө моло таштай сокоюп, кыймылсыз отурган болучу. Эл деген эл да, көрүнгөнү көрүнгөндөй кеп кылышты: Бирөө, «күйүт ичине түшүп кетпегей эле, үнүн чыгарып бир бакырып алса, эс алып калат эле» десе, кай бири, «капыр, как башты карачы, жалгыз уулунан ажыраса дагы, көзүнө жаш алып койбойт!» деген кубуң сөздөр айтылды. «Кара жолтой шерменде, жалгыз байкушту жетелеп жүрүп, түбүнө жетти» дешип, Жаркындын кунөйүн көтөрүштү.

Айтканда, айтпаганда не, иш бүтүп, кара буу чыгып, дем сууду. Калдайган тууган-урук бир уучтан топурак салышып, кара жерге жашырышты. Сүйүүгө, чындыкка, тазалыкка астейил ишенген, киши көөнүн калтырбаган,

жаратылыштын жашыл ырандындай аруу, жигит, жыйырма жети жаш курагында айтаар сөзүн айтпай, жазаар ырын жазбай, кара чымдын алдында калды... Жетилигин өткөрүп, казан тулгадан түштү. Акыл токтотуп, бой аякты жыйнай турган күн келди.

Боз үйгө жакын санаалаштар уй мүйүз тарта отурушуп, кенти Кадыр аке баштады:

— Жаркын кагылайын, ыйлаба?.. Ыйлабай, бери карап кеп ук?.. Сүйлөшөлү. Нике кайып менен өлүм жазмышка айла жок... Мына, аны көрүп отурабыз. Ушуну көрбөй көзүм соолуп калсачы!.. Болоор иш болду... Сенден өтүнөөрүм бир ооз кеп: каралдым, макул көрсөң эншерилген керегемдин бир жагын тосуп, бир жыл биз менен отуруп бер? Жок, ишимден калбай кетейин десең, бир кызынды бизге калтыр, жалгыздын туягын жыттай туралы?! Өтүнүчүм ушул, балам...

Үйдүн ичи тына түштү. Айдай апа өпкөт оорудай бир чыңырып алып, кайра тып басылды. Жаркын ичтен солкулдап, тескери караган калыбында үнсүз..

— Ошондой кыл балам.— Төрдө отурган байбиче сөз жаңыртты. — Өлгөндүн үстүнө көмгөн кылып бул байкуштарды томсортуп басып кетсең, кууран калышат. Кыз алган жарыңдан ажырап, сага деле кыйын болду.. Өлгөндүн арбагын сыйлап, жок дегенде бир жыл отуруп койгонуң оң.

Жүйөөлүү пикирди коштогон кеп сөздөр кыйлага айтылып, көргөн-билгендерден салыштырып өтүштү.

— Пикириңди айт, кагылайын?! — Сарыбай аксакал тигил капшыттан үн катты. — Береги кургурлардын уулу да, келини да сенсиң. Эки көзүн тең соолткондой кылбай, буларга тирек бол?!

Бул сөз дагы кыйла коштоого алынды. Ошондо да Жаркындан кылайып кеп чыккан жок.

— Кудагый эмне дейт? Кудагыйдын пикири кандай болду экен? — деди дагы бирөө.

Элет шартына көнө албай, чарчап-чаалыккан кудагый оозун араң былкылдетти.

— Аны өзү билсин. Мен чече албайм... Ушул бойдон кеп-сөз жүрбөй, үйдүн ичи узакка тынып турду. Жаркын дагы деле солкулдаганын токтотпой, үңкүйүп үнсүз. Отургандар анын бир ооз сөзүн күтүшүп, адаттан тыш жымжырт.

Ансыз дагы кайгыга уугуп отурган Саламат, Жаркындын бул жосунуна кыжыры кайнады. «Өлгөн жарынын артынан жанын кыйгысы келгендей көрүнгүсү барбы?» деп

ойлоду ал. «Же айтылган сөздөр буга таасир эткен жокпу? Анда мен таасир кыла турган сөздөрдөн айтайын!..»

— Жаркын, аксакалдар сенден жооп күтүп жатышпайбы? — деди Саламат. — Оң карап отуруп, оюңду айт?..

Жаркын дагы деле унчукпады. Кудум укпаган жандай, жумшак солуктоосун токтотпойт.

— Жаркын, сен сүйлөбөсөң мен сүйлөйүн,— деп сөзүн улады Саламат. — «Тирүүдө сыйы жоктун өлгөндө ыйы жок», деген кеп бар... Ушул жерде Нурдиндин өлгөнүнө сен эле күйүп жаткандай, кайгыга уугуп отургандай туюлгуң келгенине таңмын. Экөөңдүн ортоңордо мен билбеген эч нерсе жок. Көзүнүн тирүүсүндө эле сен Нурдин менен коштошконсуң. Эми эмнеге ыйлайсың, билбейм?.. Мына, тилегиң орундалды, колу-жолуң бош. Каалаганыңдай жашайсың... Кайын атаңдын өтүнүчүнө жооп бере албай жаткан себебиң да ушундан...— Саламат бир азга тыным жасады. «Балким, Жаркын эми сүйлөп жиберер» деп күттү. Чынында эле жүрөгүндө чындыктын буусу кайнап турган болсо, Саламаттын божомолун жокко чыгармак. Бирок, окуя андай өнүкпөдү. Боз үйдүн ичи кудум киши жоктой жым-жырт. Ушул азыр берегидей бейадеп сөздүн айтылышы, акылга сыйбаган нерсе эле. Антсе да Саламаттын тизгинин эч ким тартпай, тыңшап отурушту.

— Кызык,— деп сөзүн улады Саламат.— Нурдиндин мынчалык алдын ала билгичтигин учурунда баалабаптырмын. Жакында эле экөөбүз эки күн чогуу жүрүп, көп сүйлөшкөн элек. Ошол айтылган сөздөрдү кайра ойлонуп көрсөм, ал өлөөрүн билген окшойт... Мага экинчи жолукпоочудай, шаарга экинчи келбөөчүдөй сүйлөгөн. Мен аны оюн чындан тилдеген элем. «Мейлиң», деген ал, «мени сен дагы кечигип түшүнөсүң...» Чынында эле биз аны кечигип түшүнөт окшойбуз... Ошондо жаңы жазган ырларын мага калтырып кеткен. Чолоом тийип алган эмесмин. Эми, өлгөндөн кийин окусам, алдын ала билгенине ишенбөөгө акым калган жок... Мынакей, анын акыркы ырларын чөнтөгүмө салып жүрөм. Жаркын, сен Нурдиндин чыгармачылыгын баалаган эмессиң. Ошентсе дагы сага арнап жазган акыркы ырын окуп берейин:

Кийдиң да төшү ачык көйнөктү,  
Унчукпай алыска узадың.  
Үмүттүн жел боосу үзүлүп,  
Ачылды капкагы кусанын.

Айла жок, абалым ушундай,  
Калтырбай кусаны төгөмүн.

Мына эми, жеп-жецил — кысылбай,
Акылдын эрине көнөмүн...

Менде эми калган жок кусалык,
Сагыныу үмүтү үзүлгөн.
Эркинмин... Тарады ызалык,
Кош эми, көрбөймүн түшүмдөн...

Түшүнгүн алтыным, кеп жөлүп,
Сөөгүмдү албаймын сага арнай,
Ойлонуп убайым чекпегин,
Оордумдан сыйпалап таба албай.

Суранам жаш төгүп ыйлаба,
Кур бекер актанба жөнү жок?!
Сакталсын алгачкы сый гана,
Ойноп-күл, кысылуу эми жок.

Суранам алтыным, калп эле,
Кайгыга башыңды батырба?
Суранам алтыным, жалпы эле
Чындыкты балаңдан жашырба?!

Үйдүн ичи күбүр-шыбырга толуп чыкты. Саламат алардын бирине дагы көңүл бурбай, бүрүшүп отурган Жаркынды карады. Анын солуктаганы басылып, бир аз түзөлө түштү да, кереге тарапка кыйшая жыгылды...

## VIII

Жаркын азыр да ошол учурду көз алдынан кечирип, алдан тая солуктап отурду. Азыркы көз жаш — жүрөктөн чыккан ачуу көз жаш болучу. Ал кезде жакшы айтышса дагы, жаман айтса дагы жанында жакын адамдары бар эле. Азыр алардын бири жок.

Бечара келин эсин жыя албай койгондо, чоң суунун боюна көтөрүп жөнөшкөн. Акылына келип-келбей, көзүн ача элек жатып, кайын атасынын: «олдо бечара балам ай! Ушинтип калайын деп, каяктан ойлосун!» деген сөзүн кулагы чалган. Эсин жыйып, боюн түзөп, үстүн иретттеп, кеп-сөзгө келбей, кыздарын алып, апасы экөө шаарга кетишкен. Андан кийин кайын атасын көргөн жок...

Байбичесинин маңдайында отуруп, ак жылан жөнүндө Кадыр акенин кооптонгондугу төгүн эмес белем, маңдайга бүткөн жалгыз уулунун бир жылдыгын өткөрө электе, капчыгайдын башынан жаңы канал казылып, өрөөндөгү суунун жалгыз тамчысын калтырбай буруп кетишти. Тегирмен жүрбөй калды.

Жарыктык, бардык кыйынчылыкка чыдаган Кадыр аке,

өрөөндөгү суунун соолуп калышына чыдабады. Колхоздун башкармасына келип, өрөөнгө бир тегирмендик суу калтыргыла деп өтүндү эле:

— Сиздин тегирмениңиздин эми кереги жок. Мына, колхоздун тегирмени бош турат. Азыр бир тамчы суу кымбат, аксакал,— деди ал.

— Тегирмен мага керек, түшүндүңбү?! — деди Кадыр аке, ачуулуу.

— Жалгыз уулуңдан ажырап деле күнүң өтүп жатпайбы. Тегирменсиз эле соңун жашайсың. Берки сарайга кароолчу кылам. — Башкарма сөзүн бүтүргүсү келди.

— Антип сүйлөбө, башкарма! Жазымыштын ишине айла жок. Өйдө-төмөн айтып бекер. А бул өрөөндөгү суунун соолуп калышы жазымыштын иши эмес.

— Башымды көп оорутпа,— деди башкарма тайсалдап. — Муну мен билбейм. Райкомго бар, ошолор чечет.

Кадыр аке ошол күүсү менен райкомдун секретарына кирген. Өзүн кыска тааныштырып, анан келгендеги максатын айтты:

— Сөзүмдү уккун, уулум,— деди ал секретарга. — Окатым өтпөй калгандан арызданып келген жокмун. Үч атам тегирмен кармап, элдин аштыгын тартып, сооп тапкан адамдар. Мен дагы совет өкмөтү курулгандан бери ушул доордун түбүн түптөшүүгө катышкан адаммын. Согуштан келгенден бери атамдын ишин улап, ушул өрөөндүн аштыгын майдалап келдим. Акыма бир чөнтөк ун алып калганым болбосо, өкүмөттөн бир тыйын акча алганым жок. Ырас, колхоз тегирмен салгандан бери бир аз азайды. Ортонун аштыгын тартпай калгам. Бирок, эл дагы деле менин тегирменимди кысыр калтырыша элек... Эми көрчү, сууну каналга буруп кеттиңер. Үч ат чабымча жердин сайы какшып калды. Өрөөндөгү жапайы чычырканак, кайың, талдар куурап калганы жатпайбы?! Алардын арасындагы жаныбарлардын тиричилиги не болот? А бизчи?! Абыл-Булуңдагы алтымыш түтүн элдин жашоосу кантет? Бул жөнүндө ойлонгон киши болобу?

— Туура айтасыз, аксакал... — Секретарь ойлуу токтоп, анан сөзүн жай улады. — Айтканыңыздын баары туура... Биз дагы аны ойлондук, кабыргабыз кайышты... Акыры, ушундайча жасоого аргасыз болдук. Райондо сугат аянттары көп. Суу жетишпейт. Тердиктей Абыл-Булуңду аяйбыз деп, миңдеген гектар жерди пайдаланбай келдик. Мезгил, шарт ушуну талап кылды. Азыр өзүңүз көрүп, билип турасыз. Кургак-Талаага суу алып чыгып, кыштакташтырып, жатабыз. Бул маселе сиздерге бир нече жыл мурда

эскертилген. Кааласаңыз Кургак-Талаага көчүп чыгып, там салыңыз. Жок, каалабасаңыздар, отура бериңиздер. Үч жерден булак чыгат. Жетишинче пайдаланасыңар. Башка арга жок...

Секретарь Кадыр акеге көп сөз айтмакчы болгон. Бирок, анын баары майнапсыз эле. Өзү күткөндөй бир тегирмендик сууну сурап ала албагандан кийин, угуп-укпай, баары бир эмесби. Өтүнүчү орундалбай шаабайы сууп кайткан Кадыр аке, ал күнү үйүнө кирбеди. Болот кетменин ийнинине салып, жогорку сазды карай басты. Ал күнү каналдын болжолдуу нугун белгиледи да, эртесинен баштап, тегирменден саздын жогорку башына чейин бел кырчоодон канал каза баштады. «Былкылдаган сормо саз бир тегирмендик суу берер» деп ойлоду. «Тегирменди жүргүзө албаса, элдин огородун сугарганга кенениреэк болоор».

Ал күчтөн тайып калган абышкасын аяган Айдай апа бул ишке каршы турду.

— Кой абышка, жарабаган жорукту баштаба?! Кerээлден кечке суу кечип, эми сен жигит эмессиң. Бул ишке жигит дагы чыдабайт. Эки күндө өлөсүң, абышка?! — деди безилдеп.

— Олдо, курган байкушум ай! — Кадыр аке кемпирин аянычтуу тиктеп, кейиди. — Тирүү жүрүш менен өлүштүн биз үчүн кандай айырмасы бар?.. Ойлоп көрчү?.. Жок дегенде адамга керектүү нерсенин үстүндө иштеп жатып өлгүм келип жатпайбы! Ошону көрүп туруп, мени эмне үчүн аяйсың?!. Айдай апа жооп кайтара албай, көз жашын жоолугунун учу менен сүртүп кerээлден кечке абышкасына азык ташып, кийимин кургактап, жаны тынбай чуркап жүрдү.

Кадыр акенин демилгесин айылдаштары дагы колдоп, жардамга келишти. Көпчүлүк деген көпчүлүк, арадан жарым ай өтпөй, канал казылып бүттү. Алгачкы күндөрү арыктан тегирмендин парасы айлангандай суу акканына Кадыр аке гана эмес, бүтүндөй айылдаштары кубанышты. Тегирмендин парасы кайрадан тегеренди. Азыноолак аштык тартылды. Бирок, бул кубаныч убактылуу экенин Кадыр аке да, айылдаштары дагы арадан ай өтпөй түшүнүштү. Саз кургап, суу азайды. Тегирмен эми жүрбөй калды. Тартылып жаткан ун таштын алкымына чогулуп, майы түгөнгөн шамдай, бүлбүлдөп барып, өчүп калды. Ошол бойюнча экинчи кыймылдаган жок. Көрсө бул саз дагы өрөөндөгү суудан азыктанчу турбайбы...

Ошондон көп өтпөй, жарыктык Кадыр аке, оорубай-

сыктабай, керээз сөзүн кемпирине айтпай, саздын башындагы каналдын жээгинде, кыйшайып жаткан калыбында узап кеткенин, кечке маал Сарыбай аксакал айылга кабар кылды...

## IX

Эрмек эшик алдын шыпырып бүтүп, кемегеде кайнаган чайдан чоң атасына коюп берип жатып дагы, жанагы автобустан түшкөн аялды эстей берди. «Ал ким болду экен? Биздикине келатабы, же жогорку сарайга барабы?» деп ойлойт ал.

— Сен эмне алактайсың? Чайды аздан куйсаң боло, челкилдетпей! — Сарыбай аксакал небересин кыжаалаттана жекирди. Кыз элпек эсине келип, чайды кайра жаңылай куюп жатып, акырын сүйлөдү.

— Өйүзгө бир чемодан көтөргөн аял келген. Ошону ойлоп атам...

— Качан?..

— Жана эле... Автобустан түшкөнүнө көп болду.

— Анан ал кайда кетти?

— Билбейм... Сайга кирип көрүнбөй калган.

— Ал кайдагы суук тумшук?! Карачы?! — Сарыбай аксакал ордунан кооптуу серпилип, небересине бурулду. — Биздикинен башка кимдикине келмек эле? Утурлачы?!.

Эрмек ушуну күтүп турган окшойт, ордунан тез туруп, сайды карай безип жөнөдү.

Көз ирмем убакыттын ичинде Сарыбай аксакалдын оюна нелер келип, нелер кетпеди. Абал мурун көзү өткөн келинин ойго салды. Ал ушинтип шаардан бат-бат келип туруучу, бейбак. Азыркы келини антпейт, салмактуу. Чакыртмайынча келишпейт. Уулу дагы ошондой, колдору бошобойт эмесин. Айда-жылда бир жолу эки-үч күнгө келсе келет, келбесе жок. «Аман болушсун» дейт Сарыбай аксакал ичинен, «мага эрмек таап берген (Эрмектин энесин айтып) маркум келиниме ыраазымын!..»

Эрмек эски тегирмендин жанына тызылдап жетип келсе, какшыган сайдагы бозоргон таштардын арасында чемодандын үстүндө үңкүйүп, жалгыз аял отуруптур. Эки колу менен жаагын таянып, эң эле ойлуу окшойт. Кыз секиден туруп, аялды тааный албады. Анан аярлай басып жанына келди.

— Саламатсызбы, эжеке? — деди кыз акырын. Жаркын үн чыккан жакка жалт карады эле, тумандаган көзүнө кыздын келбети бүлбүл көрүндү.

— Ой, ыйлап жатасызбы?!.

— Сен кимсиң? — деди Жаркын каргылданган үнүн жасап.
— Мен... Эрмекмин... Сарыбайдын небересимин.
— Сарыбайдын?.. Сарыбай аксакалдынбы?
— Ооба... А сиз ким болосуз? Кимдикине келдиңиз?
— Менби?.. — Аял бир аз селт эте, тайсалдай түштү. — Мени тааныбайсың го... Айтчы, бул жерде канча түтүн эл бар?
— Биз жалгыз калдык...
— «Жалгыз калдык?» Эмне үчүн? Калгандарычы?
— Өрөөндөгү суу каналга бурулгандан кийин, биздин айыл көчө баштаган. А биз... «Жаңы там салбагандан кийин кайда бармак элек» деп, чоң атам көчпөй койгон. Быйыл кайра эки түтүн көчүп келип, там түптөп жатышат. Эми үч үйлүү болобуз.
— А, тиги, Ак-Бекеттегилерчи? Алар дагы көчүшкөнбү?
— «Ак-Бекет» дейсизби?..
— Ооба, Нурдиндин эне-атасын айтам. Нурдин дегенди билчү белең?
— Нурдин акени уккам... Бирок, алар азыр жок да...— Кыз айтаарын айтып жиберип, чоптой бозорду.
— Көчүп кетишти беле?
— Жок... — Эрмектин көзү алая түшүп, анан акырын сурады. — Сиз ким болосуз эжеке?
— Мени койчу, синдим?.. Нурдиндин апасы азыр кайда?
— Айдай апаны айтасызбы?
— И, ошону айтам...
— Ал киши каза болгон.
Аял өңгөчүн бир тартып алып, кайра оозун баса калды.
— Туугандары жакында кыркылыгын өткөрүштү. Анан, тамдын эшик-терезелерин тактай менен мыктап, бекитип коюшту. Майда-барат сокаттары дагы деле ичинде. Тамдын ээси жок калды... Шаарда Нурдин акенин кыздары бар имиш. Бирок, алар эч каттапшпайт. Аялы... — Эрмек сөзүнүн аягын бүтпөй, аялды шектүү карады. — Деги сиз ким болосуз?
Жаркын өпкө-өпкөсүнө батпай, солуктап ыйлай баштады.
— Ой эжеке, ыйлабаңызчы? Же атыңызды айтпайсыз... Балким, сиз Нурдин байкенин шаардагы аялы болуп жүрбөңүз? — Жаркын «туура» дегендей, үнсүз башын ийкеди. Эрмек көзүн алайта, чочолой калып, кайра сурады. — Чын эле сиз Жаркын жеңесизби?

— Менин атымды кайдан билесиң?
— Уккам... Сиз жөнүндө бардыгын уккам...
— Мен жөнүндө баардыгын уккам дечи?..
— Ооба, азыр деле айтат...
— Эмне деп айтышат?
— «Эси жок келин» дешет. «Кадырдын кемегесинин отун өчүрдү. Ак-Бекетин ээн калтырды. Эси жок келин экен» дешет баары...
— Ушундай дешет дечи?.. — Жаркын ыйын токтотуп, суз карады.
— Айдай ана өлөөрүндө чоң атамды жанына чакырып, керээзин айтыптыр.
— Эмне деп?! — Жаркын кызыга сурады.
— Аны сиз уккансыз го... Ошол үчүн келсеңиз керек да... — Эркин аялды жек көрө, тикирээ карады.
— Эмнени?.. Эч нерсе укканым жок. Мени сынабай, билсең айтчы, садагасы?..
— Жүрүңүз анда. Атам өзү айтып берет.
— Жок, жок... Шашпа?.. Түшүнөм, сен дагы мени жек көрүп турасың.
Мейлиң... Ансыз да өзүмдү-өзүм жек көрүүм сенikinен кем эмес. Бактысыз аялды мазактагандан пайда чыкпайт, синдим...
— Эмне үчүн? Неге бактысыз болосуз? Шаарда турасыз. Билимиңиз бар. Чоң кызматта иштейсиз. Каалаганыңыздай — эркинсиз. Жыргал да!..
— Какшыктаба, кагылайын!?
— Какшыктаганым жок, эжеке...
— Эмесе, андай жыргалды эңсеп, убара болбо?!
— Неге?.. Кызык, менин дагы окугум, эл жер кыдырып, чоң кызматта иштегим келсечи?
Жаркын тез жооп бербей ойлонуп калды.
— Же, сиз дагы менин ушул ээн журтту кайтарып, өмүр бою калышымды каалап турасызбы? — Кыз Жаркынды тике карап, кызандай сүйлөдү. — Сизди түшүндүм. Шаардагы менин папам жолугуп, баардыгын айтса керек. Ал кыйын экен, өзү келип, атасын бакпайбы?! Апам өлгөндөн бери чоң атам экөөбүз бир үйдө жалгыз жашап келатабыз. Ал болсо жаш аялынан башканы билбейт. Ошонун көзүнүн карасы менен тең айланып, биздин өлүү-тирүүбүз менен иши жок. Мени кызым дебесе койсун! Атасын эстебейби?.. Жетишет, быйыл онунчуну бүтөөрүм менен шаарга окууга кетем. Ал айткандай бул жердеги ШМКдан окубайм. Айтып коюңуз, келип, атасын багып алсын?! Ошол!.. — Эрмек тетири бурулуп, кете турган болду.

— Токто!? Токтой тур, сиңдим?!. Сен мени түшүнчү?..— Жаркын кызды эркелете кучактап, жалооруй сүйлөдү. — Сенин папаңды таанымак түгүл, атын дагы билбейм. Апан кайдан жолугушмак элек, ишенип кой?

— Кантип эле? Бир шаарда туруп кантип билишпейт элеңер?..

— Мурда таанышпасак, билбейбиз да... А мен Айдай апама келгем.

— Демек, уккансыз. Сизге калтырган дүнүйө-мүлктөрүн алып кеткени келдиңиз. Ошондойбу? Кууланбай эле айтпайсызбы... Ансыз дагы чоң атам сизди чакыртмак. Бирок, байкуш кемпир өлөөрүндө: «бир жылдыгымды өткөргөндөн кийин, калган малымды, көр оокаттарымды, уулумдун кыздарына бер? Каалаcа алышсын, каалашпаса өздөрүнөн калсын. Ушул аманатымды аткар? Мойнуңа карыс?..» деген экен. «Өлгүчө карызымдан кутулсам болот эле» деп жүрөт чоң атам. Бир жылдыгын өткөргөнгө али көп бар, ага да камынуу керек. А сиз кыркылыгы жаңы эле өткөндө жетип келдиңиз. Дагы бир аз чыдасаңыз болмок.

— Жетишет!.. — Жаркын мынчалык ачуу сөздү балким эч кимден укпаса керек. Бир кездеги Саламаттын айткандары мындан жеңилирээк экен. Ал кеп негизинен чындык эле го. Азыр карандай калпты чындай кылып жалаа жаап жатса не дейсиң!? Жеринен маданияттуу келин азыр адаттан тыш чаңырып жиберди. — Кандай кокуй күн кыз элең! Ойдо жок сөздү айтып, жанымды чыгара турган болдуң го?! Өз күнөөмдү өзүм кечире албай... Өзүм жараткан турмуштун ызгаарына тоңуп дагы да болсо Айдай апамдын кемегесинен жылуулук издеп келип отурсам... Мага ачуу кабар угузганың аз келгенсип, жалган жалааны жабыштырып, мазактайсың! — деди да сүйлөй албай өпкөлөп ыйлап жиберди. — Эсиң жок кыз турбайсыңбы... — Эрмек дагы деле өз оюнан кайтпай тике сүйлөдү.

— Эс-акылым сизчелик жеткилең деп мактанбайм. Бирок, мен чындыкты гана айттым, жеңеке...

Жаркындын ыйы өзүнөн өзү токтоду. Бет маңдайында турган сеселек кыз эмес, кастарын тиккен каардуу душмандай сезилди. Ошол замат муну менен тил таап сүйлөшө албасын билди. Үмүтү үзүлүп, айласы түгөндү. Акыркы үмүтүнөн ажырады. Сагынып, энсеп келген Айдай апасын көрбөсүнө көзү жетти. Каңырыгы түтөп, жүрөгү ачышып, муунy бошоп, ыйлагысы гана келет. Бирок, береги сеселек кыздын алдында көз жашын көрсөтүүнү намыс түйдү да, өзүн бекем кармап, бул жерден басып кетүүнү

чечти. Ансыз, баятан берки келеке болгону дагы жетиштүү эле.

— Айткандарыңа ыракмат, сиңдим... — деди Жаркын чемоданын жерден алып. Жакшы кал...

— Эмне, кетесизби?.. — Бу саам Эрмектин үнү бир аз назик, мээримдүү угулду. Анын кетип калышын каалабады окшойт. — Кеч кирип калды. Машина оңой менен чыкпайт...

— Эч нерсе эмес... Ыракмат... — Буттары чалыштаган Жаркын мас адамдай, илээлей басып, жогору көтөрүлдү.

— Жакшы барыңыз... — деди Эрмек акырын. Аял кайрылып жооп берген жок. Бели бүкүрөйүп, буттары чалыштаганына караганда, ыйлап бараткан өңдөнду.

Эрмек артына тез бурулуп, үйүн карай безип жөнөдү. Эртерээк жетип атасына айтууга ашыкты. Бул негизинен кызыктуу кабар болучу...

Сарыбай аксакал кызын күтүп эшик алдында турган эле. Жылаң аяк бутуна галөшүн илип, көйнөк-дамбалчан, жука чепкенин желбегей жамынып ап-аппак сакалын бириндете, эски тегирмен жакты кооптуу карайт. «Оңбогон кыз чын айтып кеттиби же...» деп ойлойт ал... Анын караган күткөнү ушул Эрмек. Бир аз эле кечиксе чый-пыйы чыгып кетет. Ымыркайында баккан эле, мына эми бой жетти. Кемпиринен ажырагандан бери кор кылбай багып келатат. Сарыбай аксакалдын пенсиясы, бирин экин малы күнүмдүк окатка жетишет. Эрмек эркектей болуп, деле тың, үй жумушун дагы, тышкы жумушту дагы иргелтпей бүтүрөт. Мектептин бир аз алыстыгына карабай, сабактан дурус. Мына быйыл орто мектепти бүтүргөнү турат.

— Чоң ата, мени быйыл окууга жибересиңби? — деди Эрмек бир күнү.

— Бийлик сенде. Муну өзүң чеч. — Сарыбай карыя небересин сынай карады.

— Менин билгенимче койсоң окууга кетем.

— Бар... Окуп алган жакшы...

— Сенчи? Сени ким багат?

— Сен окууңду бүткөн күнү мен өз жайыма кетем...

— Антип коркутпа! Жүз алтымышка чыккандар деле жашап жүрүшпөйбү. А сен бар болгону сексен тогузга чыктың. Азырынча акылың ордунда, күүдөн-күчтөн кала элексиң. Эми төрт жыл күтсөң, окууну бүтүп, бир жигитти күч күйөө кылып ала келем.

— Жок. Менин ата-баба, жети-муштум күч күйөө жумшап көргөн эмес. Ошону көрбөй өлөйүн...

— Анда уулуңа айт, баксын. Эмне, аялынын көзүн карап эле шаарда отура береби?

— Анын дагы жумушу бар. Маанилүү жумуш... Сен күйөөңдү жетелеп келем деп ойлобо. Анын дагы ой-максаты, эл жери бар. Сен ага көмөктөш. Эркектин жетеги менен жүргөн жакшы...

— Папамчы? Папам эмне аялынын жетеги менен жүрөт?

— Аны айтпа!? Ал ошентти... Бир жагына оообосо болбойт. Эркектин эки ортодо калганы жаман. Сен аны түшүнгүн. Кыжаалат кылбагын кызым?.. Сөз үзүлгөн. Ошону менен Эрмектин окууга барар, барбасы эмдигиче чечиле элек. Карыган кишини жалгыз тамга калтырып окууга жүрүп кетсе кандай болот? Папасы айткандай ШМКда өлсө да окубайт.

Сарыбай аксакал азыр ушуларды ойлоп, санаага баткан көзүн тикирейтип, тегирмендин секисин тиктейт. Заматта нечен түркүн ой учуп-конуп, «кайдагы азыткы көзүнө көрүнө калды экен!..» деп турганда небересинин караанды эрбеңдеп, тиги секиден чыга калды. «О кокуй, келатат!» деп жиберди, кенен дем алып. Анан кызынын алдынан чуркачуудай болуп, алдыга умтулду.

— Мынчалык неге кечиктиң, ыя балам?! — Аксакалдын үнүнөн урушуу да, жалынуу дагы сезилип турду.

— Жаңагы аял ойду-тоону сурап... — Эрмек туталана, калганын айтпай кыйгач басып өтүп кеткиси келди. Жаман оюнда чоң атасын кошо күнөөлөдү окшойт. Айдай апанын аманат сөзүн уулуна айтып, анан ал аркылуу Жаркынды чакырткандай туюлду.

— Токточу?! Ким экен ал?! Кайда баратыптыр?

— Баягы сен издетем деген аял... Нурдин акенин аялы... Айдай апанын мурасын алганы келсе керек.

— Эмне дейт?! — Сарыбай аксакалдын сакалы бириндей түштү. — Кайдан угуптур? Ким айтыптыр ага?

— Кайдан билейин...

— Кана? Кайда кетти ал шору каткыр?!.

— Кетти го... — Эрмек акырын күңк этип, өйүзгү — чоң жол тарапты карап койду.

— Катыгүн, эмне дейт?! Кайда барат ал? Кеч кирип калбадыбы. Бас, чакырып кел. Мында түнөп алып, эртең кетсин. Чурка?!

— Ал менин тилимди албайт. Урушуп калдык...

— Урушкан эмнеси, суук тумшук?!

— Сөзүнө жараша сөз айтсам капа болду. Ошол...

— Бас анда, экөөбүз баралы...

Күн кечтеп бараткан. Эски тегирмендин секисине чыкканча эле, көлөкө түшүп калды. Сарыбай аксакал будоолонуп, араң баратат. Ал жакшы эле басмак, коңултак гөлөшү бутун өйкөп, көңүлүн алагды кылат...

## X

Жаркын чоң жолго жеткенде токтоп, артына бурулду. Ак-Бекет эми даана көрүнүп турултур. Чатырына күндүн акыркы нуру тийип, ал күлүп турган жакынындай туюлуп кетти. Ошол замат жүрөгү болк этип, бир кезде өз колу тийген, өмүрлүк жарынын мандай тери куюлуп, ак тилек менен тургузган Ак-Бекетине барбай, ак жоолугун салып, ак батасын беришкен кайын ата, кайын энесине куран айтпай жанынан кайра тартып бараткандын сезди. Сезди да, өзүнүн чолок акылдыгына кыжаалаттапып, көөдөнүн кайрадан ыза тээп чыкты. Жакын адамдарынан тегиз ажырап, жаш өткөн кезде биротоло томолой жетим калганын туйду. Апасы тирүү кезинде өзүн эне катарында сезбесе керек. Эки кызына кошулуп «кыз» сыяктуу күн өткөрүп жүргөн экен көрсө. Өткөн беш жыл — энесиз, эрсиз өткөргөн беш жыл бардык өмүрдү, күлкү кубанычты жууп, өчүрдү. Курган апасы Жаркынга «андай бол, мындай бол» деп түк айтпаптыр. Үнчукпай жашап, үнчукпай өтүп кетти. Кызын берилип сүйгөнү да, жек көргөнүн дагы билдирген эмес. Жаркын акыркы беш жылдын ичинде өзүн тотуккан аял, эне экенин, үйдүн башчысы, багуучусу экенин баамдады. Ошондон улам кыздарына акыл айтып, баш-көз болгусу келди. Анысынан майнап чыккан жок. Кичүүсү быйыл онду бүтөт. Улуу кызы — Альбина жыл айланбай күйөөсүнөн ажырашып, азыр үйдө отурат. Жаркындын эне катары айткан сөздөрүн экөө тең кындырына кысышпады. Көрсө, эне болуш үчүн бала тарбиялаш үчүн, тээ башынан, бешиктен бели чыга элек жатып өзүн тарбиялап, өтөсүнө чыга үйрөнүш керек турбайбы! Баарынан мурун баланын атасын кадырлап, анын үй-бүлөдөгү беделин көтөрүп, бешененде тирүү карманып жүргөндөн артык эч нерсе жок турбайбы!..

Өткөн түнү Альбинанын айткан сөзү бул болду. Ал эл жата үйгө чоочун жигитти ээрчитип келди эле, Жаркындын денеси жыйрыла түшүп, кызын ашканага чакырып кирип, акырын сөз катты:

— Альбина, мунуң ким?

— Жигитим...

— Мурдагыңчы? Ал жакпай калдыбы?

— Ал менин ишим да, мама!..

— Албетте, сенин ишиң... Бирок, күндө бирден жигитти үйгө ээрчитип келгенден уялбайсыңбы?!

— Койчу, мама? Уялсаң сен уялып үйдөн чыгып кет... Менин дагы жашагым келет... Мен сага түшүнбөйм, мама. Как будто, билбегенсип сүйлөйсүң... Азырынча мен бар болгону сенден көргөнүмдү, үйрөнгөндөрүмдү гана жасап жатам. Мунун эмнеси бар?.. Жаркын таш тиштегендей мисирейди. Альбина тамак аш салынган табагын көтөрүп, бөлмөсүнө кирип кетти.

Ошол түнү Жаркын турмушка үчүнчү жолу бурулуш жасады. Албетте булардын баары атайылап жасалган жок. Сезимге жетеленип, табити талап кылгандан кийин гана жүрөктөн түнөк алат окшобойбу. Бу саам көптөн бери жанын кыйнап жүргөн бир чындык көзү ачылган булактай, таң атканча уктатпай чыкты.

Бул үйгө башчылык кылуу колунан келбестигин, өзүнүн ашык баш экенин сезди. Кичүү кызы Айзада апасына караганда эжеси менен ынак. Демек, ага деле апасы анча зарыл эмес. Күндүзү мектепте болсо, кечинде курбулары менен кечеге кетет. Апасынан суранүү, айбыгуу дегенди анча билбейт. Жаркын өзү дагы үнүн катуу чыгарып, бирөөнү тилдеп көргөн жан эмес. Ошол түнү Айзада адатынча кечеден кайтпай калды. Демек, ээн бөлмөдө ойлонууга шарт бар... Таң атканча кирпиктүү көзүн какпай, өткөн өмүрүн чубап, өзүнө баа берип көрдү... Атаганат ай! Жашоодо бирөөнүн сүйүүсүнө арзыбай, эч кимге керегиң тийбей, бирөөнү сагындырбай, бирөөгө муктаж болбой, жападан-жалгыз кара башың менен алышып калышың бул тозок эмей эмне!.. Жок дегенде бир мунжу кишини багып, ошонун алкышына арзысаң, (!) ал сенсиз жашай албасын билсең, бул бакыт тура. Көңүлсүз кызматка барып, майпапсыз күн өткөрүп, көптүн арасында көчтүн карасында басып жүргөн менен өлүү кишиден эмне айырмасы бар?!

Ырас, бир кезде көп кишиге керек болгон. Көп жигит караанынан кагылып, көргүсү келип сагынган. Бирок, алардын сагынычынан өзүнүн сагынычы артык турду. Нурдинди көргүсү келип көксөдү. Үнү кулагына жаңырып, түн уйкусунан безди. Санаага баткан сары ооруга кабылды. Акыры, сүйүп калганын өзү билдирди. Жибектей чоюлган назик жигит, кыздын шагын сындырган жок. Буйрук экен, Жаркын эңсегендей, экөө баш кошту. Нурдин дагы анын сүйүүсүн бийик баалап, бийик урматтоочу.

Кийин деле толукшуган келин болгон кезде, астыртан сөз жылдырып, тузак тарткандар тыйылган жок. Кай би-

рөөнө өзүнүн көзү түшкөн учурлар болду. Сүйүү деген нерсе чеги жок, кумар ойнундай, улам жаңыланып туруучу өмүрдүн ширээсиндей туюлду. Нурдинге арзыган учуру тумандап алыстай берди.

Көрсө, ошол таттуу күндөрдө турмуштун таразасында жүргөн тура. Элегине элеп, эркин сынап, басаар багытыңды тандап ал деп жаткан экен. Аны билбей, колдо турган бактыны сезбей, жаштыктын ысык илебине көөлгүп, тартылып, сүйсүнүп, жетелене бергенин кара! Жаштык кез турмуштун сыноосунан өтүп жаткан мезгил экенин туйбагандыгын айтчы! Сыноодон жакшы өтсөң, жомоктогу перилердин азгырыктарындай жылуу жакка ыктабай жолуңду таап кетсең, демек, келечегинде өкүнбөгөнүң ошо. Сыноо мезгилинде күнүмдүк шаан шөкөткө алданып, перилердин назик үндөрүнө көшүлүп, күнүңдү, жаштыгыңды өткөрүп жиберсең, демек, ал утулганың...

Жаркын ошол түнү турмуштун сыноосунан кулап, өмүрдүн кумар оюнунан утулганына чындап ишенди. Эми өкүнүү да, ойлонуп отуруу да, уялуу дагы артык баш болуучу. Бир кезде баарынан артыкчылык кылган өз сагынычынын жүрөктө калган бир кыпынын кайрадан өйдө суурул чыкты эле, ал баштагыдан күчтүүрөөк жанып, денесин өрттөдү...

Эрте менен эрте туруп, чемоданына керектүү буюмдарын салып, кыздарына, иштеген жерине тийешелүү каттарды жазып стол үстүнө таштап, көптөн бери эңсеп жүргөн, бүлбүлдөгөн акыркы үмүтүм деп эсептеген Ак-Бекеттин көргөнү, кайын энесине — Айдай апага учурушканы жүрүп кетти.

Келээрин келип алып, анан, бир секелек кыздын сөзүнө теригип, эңсеп келген Ак-Бекетинин богогосун аттабай, кадырлаган кайын ата, кайын энесинин бейитин көрбөй кайра тартса, санаасы тыңгыдай эмес. «Кой! Ак-Бекетти ачып, очогуна от жагайын. Терезесин жарык кылып, короосун тазалайын. Балким, көргөндөр келишээр. Келген кишиге өзүмдүн ырыс кесээр аял экенимди айтып, күнөөмдү мойнума алып, Нурдиндин элинен, жеринен кечирим сурайын. Мейли, мени кечирбей табалашсын! Ошонусу жеңил. Бир атанын балдары изсиз житип, Ак-Бекетинин түркүгүн кулатканым калппы?! Билишсин! Жумурай-журт, калайык-калк билишсин! Сүйүүнү танып, эр кадырына жетпеген ургачы менин тас кейпимди кийип, тирүүнүн өлүгү болоорун туюшуп, сабак алышсын!.. Ак-Бекеттин жарыгын көрүп эч ким келбесе, байкуштарымдын кармаган буюмдарын кармап, дасторконун жасайын. Арбактары ыраазы болуш-

сун...» деп ойлоду ал. Ошол замат денеси кайрадан чыйралып, өйүздү карай ылдамдай басып жөнөдү.

Тоонун башынан күндүн кызылы заматта өчүп, теребелди ак шам каптады. Жаркын куураган чычырканактарды аралап өтүп, суудан калган беде аңызга жеткенде, эски таанышы буюму көзүнө урунду. Үйүлгөн күлдүн үстүндө сары жез самоор жатыптыр. Кыязы, жакында эле ташталса керек. Балким, Айдай ападан кийин эритип жиберишкен окшойт.

Жаркын ушул самоорду бир жай кайнатып, тигил эски тамдын ичине каймак катыктаган ысык чайды кайын эне, кайын атасына, жактырын баш кошкон жубайы Нурдинге эчен ирет узаткан. Эрте мененки чай шашке ченде ичилчү. «Ойготпо!» дечү Кадыр аке байбичесине, «Өзү каалаган кезде турсун». Жаркын шашпай туруп, Ак-Булактан суу алып келип, ушул самоорго от жакчу. Кайын атасы самоор үчүн майдалап, кургак отундан жыйып коёр эле. Там-таш эски болгону менен бардыгы ирееттүү турчу. Коргондун төрүнө көң жыйылып, бастырманын үстүндө кээде эки жылдык түгөнбөгөн чөп калчу. Кара серкеси баштаган жыйырмадай жандыгы өздөрү жайылып, өздөрү түнөгүнө келишчү. Кадыр аке короонун эшигин ачып, жапканы эле болбосо, аларды кастарлап, кайтарып жүргөн эмес. Бастырманын шыбына сапталган чалгы, кетмен, күрөктөр кыстарылып, булуңдагы чоң көмүркөйдө керки, чот, тегирменге керектүү шаймандар жатчу. Канткен менен көң жыттанган коргондун ичин сарамжалдуу киши тейлептирээрин, бир көргөн элеттик байкамак.

Үйдүн ички жасалгасы жупуну болсо дагы таза, ирээттүү эле. Төркү бөлмөгө эки-үч шырдак салынып, анын үстүндө эчкинин терисинен жасалган төшөктөр жатчу. Келгендер ошол жуп-жумшак, жып-жылуу төшөктүн үстүнө отуруп, сары самоорго кайнаган чайга сары көкүл кылып каймак катыктап ууртап, кып-кызыл бышкан көмөч казандын нацынан сындырып жеп, анан, адаттагыдай мактоо сөздөрүн айтышчу: «Капырай, бу Айдай байбиче чайына мекээрин кошуп коёбу, же, суусу башкабы, айтор даамы укмуш! Менин курган кемпиримдин кайнаткан чайы дегеле оозума татыбайт. Барып бир үйрөнүп келсең боло деп жүрүп, тилим тешилди.» Кептин аягы күлкүгө айланып, чай ичүү узакка созулчу. Эрте мененки чайга такай коноктор кошулаар эле. Ун жыттанган Кадыр аке оң капшытка отуруп, конокту төргө өткөзчү. Кийинки кезде чай жөнүндө мактоо сөз болсо, «бул Айдайдын чайы эмес, Жаркынымдыкы. Мурдагыдан да таттуу бекен?!» деп калаар эле,

«Айтпа, Каке, кайын эненин камырынан деген ушу дечү конок. Айдай апа аны ырастагансып, «нанды дагы келиним бышырган» деп кошумчалачу, дасторкондогу калыңдыгы карыш келген жупжумшак көмөч казанды конокко узатып.

Бул мактоо сөздөр Жаркынга мыскылдагандай туюлчу. Самоорго от жагып, көмөч казанга камыр салышканы ырас. Калганын кайын энеси бүтүрөт. «Мени билбейт деп шылдыңдашканы го. Мейли. Мага муну билүүнүн зарылчылыгы жок» деп ойлочу ал. Анан, ушул караңгылыкты каадалуу сөз кылып отурушканына кыжыры келчү.

Жаркын азыр ээн калган короонун босогосун аттап кирип, айланага көз чаптырды: абал мурун үч тулганы, көмкөрүлгөн чоң казандарды көрдү. Чала күйгөн чычалалар ар кайсы жерде чачылып, шиленген гүл додолонуп жатат. Эски тамдын төбөсү эчак түшүп калыптыр. Сынган жыгачтары алынбай, устундарынын учтары сороюп чыгып турат. Бастырманын үстүндө үйүлгөн чөп жок. Короодогу кой, үйүлгөн көңдүн изи калбаптыр. Бастырманын шыбында эскирген сыр бешик жип менен байланып турат. Муну көрөр замат Жаркындын жүрөгү зырылдады. Сатып алынганы эгерим бала бөлөнбөй, какжырап турган бешиктин тагдыры, Кадыр акенин сыздаган тамырынын бирөө болучу.

Ак-Бекеттин эшигине кулп салбай, туура жыгач кагып салыптыр. Терезелеринин ичинен газета тосулуп, эч нерсе көрүнбөйт. Көз байланып кете электе кантсе да үйгө кирүү керек эле. Сөзсүз кирүү керек! Акыркы чечкиндүүлүк, шамдагайлык Жаркынга капилеттен пайда болду. Жерде жаткан лом темирди алды да, мык урулган туура жыгачты суурүп, эшикти ачты. Ээн калган үйдүн эшигин ачып, кирген айл жөнүндө укса, Жаркын аны жапайылык деп түшүнмөк. Азыр өзү жасап отурат.

Тактайланган үч бөлмөлүү тамдын ортоңкусу жайдак калыптыр. Мештин үстүндө көө болгон чайнек, эки темир кесе турат. Улагадан төргө чейин мүлжүнгөн сөөктөр чачылыптыр. Оң жактагы конок бөлмөсүнүн каалгасы ачык экен. Терезелери тосулуу болгондуктан капкараңгы эч нерсе көрүнбөйт. Сол жактагы каалганы ачып, ичине баш бакты эле, төрдөгү сайма туш кийиз бүлбүл көрүндү. Тамдын шыбында салаңдаган лампочка жылтырайт. Ошол замат эсине келип, бардык бөлмөлөрдөгү жарыктарды жандырды эле, Ак-Бекеттин ичи тышы жаркырай түштү.

Эми ирээтсиз чачылып жаткан тааныш буюмдар даана көрүндү. Эки бөлмөдө тең эски-уску жууркан-төшөктөр, жыгач сандыктардан башка, маанилүү буюм калбаптыр.

Кайын энесинин тирелген ала-кийиз, шырдактары, эчкинин терисинен жасалган жумшак төшөктөр көрүнбөйт. Конок бөлмөнүн дубалында Нурдин менен Жаркындын, Кадыр аке менен Айдай апанын чоңойтулган сүрөттөрү илинүү бойдон туруптур. Алар Жаркынды жалдырай карашып, сүйлөп жибере тургандай сыр беришет. Бул сүрөттөрдү мындан жыйырма жыл мурда, Ак-Бекет жаңыдан курулуп бүткөн күздө Нурдин чоңойттурган болучу. «Ак-Бекет мамлекетинин башчылары, Абылдын урпактары. Укум-тукумубузга эстелик болсун» деп тамашалай сүйлөгөн Нурдин, сөз аягын кейиштүү бүтүргөн. «Аттиң десең, мындан мурдакыларынын сүрөттөрү сакталбаганын карачы!..» Учурунда кыртышы сүйбөй туруп уккан сөздү, Жаркын азыр жүрөгү сыздап туруп эскерди. «Демек мен Ак-бекет мамлекетинин акыркы «башчысы» экенмин го?» деп ойлоду ал. «Анын укум-тукумучу? Альбина менен Айзадабы?.. Ооба, Альбина менен Айзада...» Ушинтип күбүрөдү да, жүрөгү мыкчылып, эчкирип ыйлап жиберди...

Көзүнүн жашын алаканы менен шыпырып жиберип, эми ишке киришти. Мештин күлүн чыгарып, от жакты. Кургак отун чатырап күйгөн кезде издеп жүрүп, көңдөн терип келип калады. «Арча отун менен көңдүн жыты майда чүйдө сасык тумоону айыктырат» деп коёр эле Кадыр аке. Ак-Булактан суу алып келип, үй шыпырып, тактай жууду. Короодогу үйүлгөн күлдөрдү төгүп, ирээттеп жиберди. Мындай шамдагайлыкты Жаркын өзү да күтпөсө керек эле. Ал көзүнүн жашын куюлтуп, тыным албай иштеди.

Шаарда жашаган ушунча жылдын ичинде бүгүнкүдөй жумуш бүтүрдү бекен?! Кыз кезинде кылбаган ишти келин болгондо кайдан үйрөнсүн. Кийин Нурдин экөө жашаган алты жылдын ичинде өз бөлмөлөрүн тазалап, өз кийимдерин биргелешип жуушчу. Бардык майда барат нерсеге Нурдинди жумшай берчү. Кокус күйөөсү столго үңүлүп, ыр жазып отурганын көрсө, «Ой, койчу ошонуңду?! Сен бирдеме жазам десең мен уялам,» дечү Жаркын. «Андан көрө баланын жалаягын жууп жиберчи?!» Нурдин анча терикпей, «балким менин талантымдын тайкылыгын билээр... Канаттуунун баары эле бүркүт эмес да...» деп ойлочу. Ошондон улам газета, журналдарга ырлары чыкканда аялына айтчу эмес. Кыргызча газеталарды окубаган Жаркын кайдан билмек эле... Азыр мына, ээн калган үйдүн эшигин жалгыз шыпырып жатат. Нурдин бет маңдайында ачык кашка тишин көрсөтө, ызалуу күлүмсүрөп тургансыйт. «Шыпыр, шыпыр» дегенсийт ал, «ушул Ак-Бекет-

тин туткасы сен экениңди кечигип түшүнбөдүмбү, байкушум! Карабайсыңбы, турмушубуз туткасыз чимирилип, ар кайсы жакка чачырап кеттик... Шыпыр... Шыпыр... Мажирөө байкушум!..»

Жаркын үнүн чыгара эчкирип ыйлады. Кезегинде Нурдин тоодой калканыч экенин, ооруса, көңүлү чөксө жылуу сөзүн айтып, маңдайында турганын этибарга албаганына жүрөгү ачышты. Кирпиги менен тең айланып, маңдайында үйрүлүп турганда кучунашы кармап, кабагы түшчү эмес беле. Эмне себептен өшенттти экен!? Ооба, ал белгилүү. Жылуулукту, наздашууну башкадан эңсеген. Бейадеп тамашалуу каткырыктар, жеңил музыкага кошулуп маашырлана бийлөө, балапан шыйрак бокалдардын шыңгыры көбүрөөк жакчу. Эки жолу төрөп, эки жолу бешик баскан күндөрүн туткунга түшкөндөй сезген. Саат сайын ызасы күчөп, туткунга кармаган душманы Нурдин болуп көрүнчү. «Жаштыгымды күңдүк менен өткөрүп, карыганда ойнопкүлөт бекемин!?» деген ой тынчын кетирчү.

Нурдиндин өлүмү өзү каалагандай Жаркынды биротоло эркиндикке чыгарган жок. Ал мурдагыдан көбүрөөк саксынып, ойлонуп, алдыдагы жашоосуна астейил кам көрдү. Эмки күйөөсүнө сүйдүрүп тийип, таттуураак өмүр сүргүсү келди. Нурдин менен жашаган күндөрүн ай-талаада адашып жүргөн жолоочунун күнүнө салыштырды. Таанышкан эркектерине өмүр жолун дал ушундайча айтып түшүндүрдү. Он беш жылдын ичинде канча эркекке сыр катып, канча эркекке алдатканын так биле албайт. Антсе да акыры байкаганы бул болду: көрсө, кумарпос аялга сөз катууну бардык эркек каалап, үйлөнүш үчүн ишенимдүүсүн издейт турбайбы.

Эгерде өткөн окуя себеп болбосо, жеңил жашоого жетеленип канчага жүрөт эле, ким билет... Анда адаттагыдай көңүлдөш курбулар чогулуп, үлпөт үстүндө отурушкан. Жеңил музыка делебени козгоп, кызыган келиндер ырдап жатышты. Кээ бирөө кучакташа бийлеп, кай бири кол айкалыштыра шампан ичип киришти. Сакал, муруту өскөн олбурлуу жигит Жаркындын колунан тартып, бийге чакырды.

— Койчу, башым айланып турат,— деди Жаркын.

— Тур, тур! Башың айланса жазып коём!..— Жигит келиндин ой-боюна койбой дырылдатып сүйрөп жөнөдү.

— Кандай адепсиз немесиң? Каалабаган кишини зордуктайсыңбы?!— Жаркын кызаңдай сүйлөдү.

— Ой сволочь! Он сегиз жашар кыздай назданасың да?! — деди тиги. — Каалабасаң мында эмнеге келдиң?

— Эмне дейсиң!? — Ызаланган Жаркын жигитти сүрдүү карады.

— Эмне уксаң ошо. Тур нары кычышпай!.. — деди да, ийилген назик келинди карылуу колу менен жаагынан кабыштыра кармап, түртүп жиберди эле, артындагы отургучка чалынып, чалкасынан түштү. Көйнөгү өйдө түрүлүп, абийири төгүлө түшкөн бечараны тургузуп коюштун ордуна, кай бирөө каткырып күлүштү. Боз ала болгон Жаркын ордунан тура калып, эмне кылышын билбей, көптөн бери кадырлашып жүргөн жигитин караса, эч нерсе көрбөгөндөй, кебелбей, салат жеп отуруптур...

Жаркын ошол түнү Нурдиндин кадырын көбүрөөк сезип, аябай ыйлаган. Тоодой калканычынан түбөлүк ажыраганын, андай тирек экинчи кайталанбасын сезген. Кадырын билээр, күйөөр кишиси көрсө Нурдин турбайбы!..

## XI

Чоң атасын жетелеген Эрмек чоң жолдун боюна чыгышса, жанагы аял көрүнбөйт. Анан алар «районго жөө кеткен болуу керек» дешип, тээ тигил Абыл-Булуңдун тумшугуна чейин барууну чечишти. Караанды көрүнсө эле кыйкырышмак. Алар антип-минтип тумшукка жеткенче күүгүм кирип кетти. Аял эмес таш-балакет жок. Машинеге түшүп кетпесе, бир караан көрүнөт эле го. Ушул арада машине өткөндөй болгон эмес.

— Капырай балам, сенин көзүңө аял кейпиндеги... — деп келип Сарыбай аксакал сөзүн үздү.

— Коюңузчу ата?! Жүрөктү түшүрбөй... Аял кейпиндеги көрүнчү эмес эле, кадимкидей, сулуу аял болучу. Көтөргөн чемоданы бар. Экөөбүз уруша кеткенбиз.

— Анан аны жер соруп кетти дейсиңби? Чоң жолдун кайсы багытына басса деле караанды көрүнмөк. Машина өткөн жок деп өзүң айтып жатасың...

— Балакет катын го... — деди Эрмек туталанып. — Балким, бадалдын арасына жатып алган чыгаар?

— Бадалдын арасына жаткыдай... Жанына эмне күч келсин... Кой үйгө кайталы. Күүгүм кирди, эми көрүнбөйт. Кетсе кеткендир да, суук тумшук.

Сарыбай аксакал конултак гөлөшүн шалпылдатып, Абыл-Булуңдун этегиндеги сокмо жолго бурулду. Гөлөштүн апкыты аяк бутун өйкөп, кыйла жерди тегеренип жөө басканга шайы кеткенин билдирбей, үйгө чейин үн катпай келди. Ошол мезгилде асманга жылдыз чачыран, тооктор эчак уясына түнөп калыптыр. Короонун эшигин ачып жат-

кан Эрмек жогору жакты караган калыбында селейип катып калды.

— Э-эй ата, карасаңыз!? — деди кыз. — Ак-Бекет тарап жарык болуп жатат да?!. Сарыбай аксакал жогорку секинин үстүнөн чыгып жаткан жарыкты көрдү бирок, анын кайдан чыгып жатканын аныктай алган жок.

— Чоң жолдогу машиненин жарыгы чагылышып жаткандыр,— деди ал.

— Жо-ок, машиненин жарыгы эмес.

— Ээн үйдү ким жарык кылмак эле?..

— Билесизби ата, жанагы аял келген болуу керек...

— Койчу!.. Капырай, ээн үйгө кантип кирсин...

— Жүрсөңүз, баралы? — Эрмек атасынын макулдугун күтпөй эле жөнөп берди.

— Токто?! Мени кармап ал?! Караңгы кирип калбадыбы...

Эрмек чоң атасын жетелеп, жолдун аң-дөңүн аярлай басып, секиге чыкканда, жарык чын эле Ак-Бекеттен чыгып жатканын көрүштү. Үйдүн бардык терезелери, короонун ичи күйүп турат.

— Тигине,— деди Эрмек энтиге дем алып. — Көрдүңбү? Үйдүн ичинде аял жүрөт...

— Астахфуралла!.. — Келме келтирди Сарыбай аксакал. — Байкачы, ошол сен көргөн аялдын караанлбы?

— Алыстан таанылбай жатат... Башка ким болмок эле? Бассаң, короого жеткенде даана тааныйм.

Алар коргоого жетишкенде аялдын карааны көрүнбөй калды. Экөө сенейип кыйлага турушту. Аңгыча уюлгуган шамал, көңдүн коюу чыккан түтүнүн сапырып өттү.

— Түтүн жыттанабы? — деди Сарыбай аксакал коонтуу. Өрт чыгып жаткан жокпу?

— Ким билет... — деди Эрмек,— Балким...

Ошол тушта конок үйүнүн төрүнөн бир нерселерди алып жаткан аялдын карааны кайра көрүндү.

— Көрдүңбү?! — деди Эрмек шыбырап. — Ошонун өзү. Айттым эле го, ал Айдай ападан калган дүнүйөлөрдү алыш үчүн келген да. Бети жок...

— Мында дүнүйө дегендей деле эч нерсе калган эмес. Жаңыраак буюмдарын тигил Айдайдын төркүндөрүнө тапшырбадык беле. Бир аз акча тыйыны дагы ошолордо. Мага малын калтырышкан.

— А бул жанталашып издеп жатат. Уяты жок! Шаардыктарга эски тери болсо да буюм көрүнөт.

— Суук тумшук, балакетти тапсынбы. Терилердин баарын тыйынга өткөрүшкөн...

— Мынчалык келген катын соо кетпейт. Карасаң, ээн үйгө коркпой кантип кирип, кантип басып жүрөт десең!.. Албуут неме, балким, үйдү өрттөп жаткандыр?.. Жүрсөң, кирели!? Мен тимелеби, мунун абийирин төгөм! — Эрмек бир булкунуп алып, алдыга жөнөдү.

— Коё тур?! — Сарыбай аксакал кооптуу сүйлөдү. — Сен эси жок аялга теңелбе? Мейли, алгысы келсе ала берсин.

— Бассаң эми, кирели да?.. — Эрмек көөдөнүндөгү кайнаган кыжырын баса албай, атасынан мурун Ак-Бекеттин босогосун аттады.

Меште от алоолонуп, үстүндө эски чайнекте чай кайнап турат. Бөлмөнүн тактайлары таптаза жуулуп, эски буюмдар иреттелип, эшик-терезелердин чаңдары сүртүлүп, кошок үйдүн төрүндө кичинекей жүк жыйылып, аны жапжаңы гүлдүү ак жабуу менен жаап коюптур. Жүктүн үстүндө байбичеге ылайыкталып тигилген көйнөк, күрмө, жаңы жоолук, маасы, гөлөш катар тизилип турат. Төргө эски төшөк салынып, Кадыр аке менен Айдай апанын, Нурдин менен Жаркындын сүрөттөрү тикесинен коюлуптур. Алар алдыларындагы дасторкондон даам сызганы отурушкандай туюлат. Жап-жаңы, ап-аппак дасторкондун үстү дүйүм даамга толуп, аны Жаркын эпилдетип иреттеп жатат. Дубалга илинген кичинекей радио ушул көрүнүшкө атайын арнагансып «көкөй кестини» берип атыптыр.

Ачуу дем менен кирген Эрмек бул көрүнүшкө апкаарып, кыймылдабай туруп калды. Алиги өзү урушкан аял ары карап отуруп, ар бир сүрөттүн алдына ак табакка салып даам коюп жатат. Жаш кыздын жүрөгү өзү күтпөгөндөй эзилип кетти. Анан ал токтоно албай, босогого жөлөнгөн калыбында солуктап ыйлап кирди.

Сарыбай аксакал небереси ыйлап жибергенден кийин гана эсине келип, береги көргөндөрү турмуштук чындык экенине ишенип, оор тыныгууну бузду. Тескери карап, бейкам отурган бечера келинди чочутуп албас үчүн, таягын тактайга тыкылдатып, тамагын кырды. Жаркын артына жалт карады. Ушул учурда күү дагы бүтүп, бөлмөнүн ичи туна түшкөн эле.

— Жакшысыңбы, кагылайын...— деди Сарыбай аксакал.

— Келиңиз?! Келиниздер?! — Жаркын көз жашын сүртүп жиберип, астейил кубанычтуу өтүндү. — Өтүңүз?! Жогору отурсаңыздар?! Сарыбай аксакал гөлөшүн чечип, чаң болгон жылан аяк бутупан корунгандай токтой калды.

— Өтө бериңиз!? — деди Жаркын.

— Биз сени кур талаадан издеп убара болбодукпу,— деди Сарыбай аксакал отуруп жатып.— Көрсө үйүңө келген турбайсыңбы!.. «Үйүңө» деген сөз Жаркынга ачуу да жылуу дагы сезилди.

— Атайын келгенден кийин, минтип кетпейт эле дейм да...

— Ооба, атайын келгем... Апамды көрөйүн деп... — Жаркын сөз айта албай тамагы буулуп бараткан. Жанагы Эрмектин жалган жалаасы эсине түшө калып, оюн ачык билдиргиси келип, бат-бат сүйлөп кирди. — Жаштыгымбы же, жаңылдымбы, турмуш мен күтпөгөндөй өзгөрүлүп кетти. Анан биринин артынан бири кетип, баарынан кол жуудум. Кийин каттапшпай кеттик. Менин апам каза болгондо, бул жактан киши барган жок... Мунун баарына себепкер мен. Эки үйдүн кубанычына да кайгысына дагы мен күнөөлүү экенимди сездим. Кеч болсо да кечирим сурап, кайын энемди көрөйүн деп келсем... — деди да эчкирип ыйлап жиберди.

— Ыйлаба кагылайын? Кудайдын буйругу экен... — деди Сарыбай аксакал. — Жаман иш болду. Кандай кылабыз...

— Ушул жаман иштердин баары менин кесепетимден болду! Акылсыздыгым, турмушту түшүнбөстүгүмдөн Нурдинди эл-жеринен, ата-энесинен алыстатыптырмын. Кемпир чалга неберелерин сүйдүрбөй, алар арнап алган сыр бешик эмдигиче какжырап, эшикте илинип турбайбы! Наристенин жытын эңсеп жүрүшүп, армандары ичтеринде кетишкен турбайбы! Акырында минтип, Ак-Бекеттин түркүгү кулаганда келип, төрт дубал менен сүйлөшүп отурам!..— Жаркындын өпкөлөгөн ыйы сүйлөөгө мүмкүндүк бербеди.

— Болду, балам, ыйлаба?! Эми ый менен ордуна келтире албайсың! — Сарыбай аксакал адаттагыдай эле, сабырдуу сүйлөдү.. — Кеч болсо дагы алгачкы аттап кирген босогоңду унутпай келип, жубайыңдын, кемпир чалдын арбактарын сыйлап, бергидей урмат көрсөтүп отурганыңа ыракмат, балам. Мындай иш дагы чоң кишинин колунан келет! Жаркын ичинде кайнап жүргөн бугун биротоло чыгарып алууну чечти да эч кимге айта элек ымандай сырын төгүп кирди.

— Көрсө мен өз гана кызыкчылыгымды көздөп жүргөн экенмин. Көзүмдү чел баскандай жашоону башкача түшүнүптүрмүн. Кайненеге кызмат өтөбөй, кайын атага ийилип ызат кылбай, Нурдиндин кадырын түшүнбөй — Жаркын эми ыңулдап ыйлаганга өттү.

— Сабыр кылчы, кагылайын?! — Сарыбай аксакалдын карт жүрөгү бир аз жибигендей, ордунан козголду...

— Турмушта мээсинен ажыраган макулукча темтендеп жашап келетканымды тумшугума суу жеткенде гана түшүндүм. Эркексиз үй — ээн калган мазар экенин билдим! Аял гүл болсо, эркек күн болот турбайбы! Аял кызарган алма болсо, аны көтөрүп турганга шак керек турбайбы! Мен шагымды эчак омкоруп таштаптырмын! Тирегин жерген аял — түнөгүнөн ажырайт турбайбы! Эркектин кадырына жетпеген аял — эне болуп жарыбасын эми билип отурам. Кагылайын атакебай! — Жаркын Сарыбай аксакалдын астына чөгөлөй отурду. — Ушул арманда кеткен байкуштар үчүн сизден кечирим сурайын?! Калган өмүрүмдү ушулардын арбагын сыйлап жүрүп өтөйүн! Беш убак эскерип, бейиттерине гүл өстүрөйүн! Эне болуп бакыт таппасам да, эки кызымдан көргөн «сыйым» үчүн өзүмдү-өзүм табалайм! Ата-эненин кадырын түшүнбөгөн, эрди сыйлабаган аял менин кейпимди кийсин! Атасыз бала чоңойбой, эркексиз үй болбосун! Кагылайын ата! Акылыңызды айтыңыз?! Мен тигил какшыган сайдай суусузмун. Атамдын эски тегирмениндей талкаландым. Ылайык десеңиз, Ак-Бекеттин терезесинен жарык өчүрбөй, кемегесине от калап, Ак-Булактын көзүн тазалап турайын?! Ушул байкуштарымдын арбактары ыраазы болсо, элине сый көргөзүп, жерине кызмат кылайын?! Башка менин аргам калбай калды, ата?! — Жаркын Сарыбай аксакалдын тизесине өксүп жыгылды. Босогодо турган Эрмек учуп жетип, аялдын башын көтөрдү...

## XII

Эртең менен асмандан жылдыз тарай электе Сарыбай аксакал экөөнү ээрчитип, көрүстөнгө карай келатты. Эрмек женесин аягандай колтуктап алган. Жаркын бир кезде мода үчүн тиктирилген кара баркыт көйнөгүн кийип, кара гүлдүү япон жоолугун салыныптыр. Албетте, ушул буюмдарын сатып алганда, акыры жамандыкка кийээрин билген эмес. Ал турсун кара кийим жамандыкта кийилерин кайдан ойлонуптур. Учурунда жаштык менен сулуулук эгерим өтпөөчүдөй, жарашыктуу кийим тандап, сымбаттуу жүрүүнү гана көздөбөдү беле. Көрсө, адам баласы эзелтеден кийим күйүүнүн өзгөрүлбөс жол-жобосун аныктап бүтүшкөн окшобойбу... Кантсе да бул кийимдер Нурдин өлгөндөн бери чемоданда жатып, бүгүн кайра кийилди.

Боз торгой бут алдынан учз качып, кайрадан кара жол-

жатасыңбы?! Энекебай! Мен сени бул аралдын бир бүдүр ташын койбой, бир түп дарагын койбой, качантан бери издеп келатпаймынбы! Акыры жолукканыма канчалык кубанычка батканымды көрүп турасыңбы, энекебай!? Мындан ары түбөлүк бир болобуз. Жаныңдан түк ажырабайм! Түшүнүп жатасыңбы, энекебай?! Онгуран!? Онгуран?! Онгуран-н!?» деп бет алган багытына кете берди...

Чук жерди кучактап жыгылган калыбында өксүп ыйлады. Өзүнүн жапайы энесин маданияттуу атасын дагы эзели кечирбе алгыс жек көрүү пайда болду жүрөгүндө. Көөдөнү туз куйгандай ачышып, жараткандын баардыгын жек көрүп, муштумдай жүрөгү жарылганча өксүдү. Ошол жаткан абалынан өзгөрбөй канча күн канча түн ыйлаганы белгисиз, канча кыш, канча жай жатканын эч ким көргөн жок. Бир гана денеси топуракка айланып, үстүнө көгүлтүр гүл өнүп калганын жапан адамдар көрүштү. (Атасы анңемени ушунтип бүтүргөн).

Азыр бул жомок Элзардын эсинен эзели кетпөөчүдөй түнөп алды... «Эгерде азыр берега чытырман жапайы жүзүмдүн арасынан өзүмдүн энем чыга калса, эмне дээр элем?.. Мен эмне дээр элем?..» деп ойлонду Элзар.

— Элзар, эмне кылып отурасың? — деди Сайкал, так жанына келип. Капилеттен чыккан үнгө баланын жүрөгү «шуу» деп, ордунан ыргып тура калды. Көз чанагы жашка толуп, тунарып калыптыр. — Биз сени күтө берип айла кеткенде мен жөнөдүм,— деди Сайкал, колундагы күчүктү ондой кармап.

— Мына, баратам... — Элзар күнөөлүүдөй күңкүлдөп, жерде жаткан тулубун көтөргөнчө, көз жашын сүрткүлөп жиберди.

— Барбасаң отура бер! — деди Сайкал кумсарып. — Атаң суусадым деп суу ичип жатат. Мага карабай эле кой. Күйсөң атаңа күй, күйгүң келбесе өлүп кетсин...

— Кечирип коюңуз эже? Уктап калыпмын...

— Эмне, ыйлап жатасыңбы?

— Ыйлаганым жок. Көзүмө чимээл кирип кетти...

— Жакшы болуптур... Жөнө атаңа!.. Мен үйгө кеттим. — Сайкал жөнөй бергенде Киреше бет алдына типтик секирип, колундагы күчүктү тиштей качууга аракет кылды. — Кет, өлүгүңдү көрөйүн!..— Сайкал али көзүн ача элек күчүктү бутунан кармап, куу канчыкка тап берди. Күчүк алсыз кыңылдады эле, Киреше алыс качпай, күчүгүнө жулунду.

— Күчүктү эмне көтөрүп жүрөсүз, эже? — Эми гана көргөн Элзар кызыга сурады.

Киреше жакында эле эки күчүк тууган. Экөөнүн өңү эки башка болучу. Бири энесине түспөлдөш — куу, экинчисинин түгү кара көк келип, тумшугу шиш, кулагы чоңураак эле. Сайкал азыр ошол кара-көгүн көтөрүп келатыптыр.

— Өлүгүңдү көрөйүн шүмшүк! — деди Сайкал Кирешеге ачуулапып, эки баласын эки жакка бөлгөн ит болобу? Ушул күчүгүн мурдагы күнү дагы ушул жактан таап келдим эле. Бүгүн дагы алып барып коюптур. Эмне билгени бар бул шүмшүктүн. Жоголчу ары желмогуздай жалаңдабай!.. — Киреше эч тартынбай, Сайкалдын чеңрейген курсагына алдыңкы эки бутун коюп, тура калды. — Кет дейм! Жан койбойт го бу?.. — өз күчүгү менен өзүн урду эле, эти ооруган күчүк элсыз кыңылдады.

— Эмне үчүн балдарын экиге бөлөт, эже? — деп Элзар кайра сурады.

— Аны кайдан билейин... Шүмшүк ит да, өз баласын өгөйсүнткөн...

— Муну кантип таптыңыз?

— Күчүктүн кыңылдаганын угуп барсам, жогорку чоң таштын түбүнө кишн киргис жерге бекитиптир. Эки жолу тең ошол жерден алдым Карачы, колумду тикенге тыттырып... — деп Сайкал тытылган билегин көрсөттү да, кайрадан Кирешеге күчүк менен тап берди. — Жөнө! — деди Сайкал узай берип. Анысы Кирешеге да Элзарга дагы тиешелүү эле. Киреше болсо күчүгүнөн санаасы тынбай Сайкалдын эки жагына шыйпаңдай чыгып, жан алакетке түшүп баратат. Элзар эми жарма куюлган чаначын артына көтөрүп, чытырман бадалдын арасындагы сокмо жол менен жогору жөнөдү. Анын көңүлүндө эми Киреше уялап, Сайкалдын «өз баласын өзү жериген...» деген сөзүнөн улам, «Бул дагы Опгуранге окшош го?» деп койду ичинен.

Киреше акыркы жылдары Кара-Булуңда алышып ойноорго тели-теңтушу жок жалгыз жашап жүрөт. Өткөн жылы негедир тукум бербей — калган. «Ит дагы кысыр калат экен ээ, укмушуң кургур!» деп койгон Бермет. Өткөн кышта төрт үйлүү чабан төрт кашарга көчүп келишип, эчкилерден төл алганга чейин турушту. Бул өрөөнгө кышкысын кар аз түшүп, күн жылуу болот. Ошондон улам Кара-Булуң аталган да. Киреше кышында ээн тамда калып, чабандардын иттери менен кошо тамактанып, жапайы коёндорду баса калып жеп, кыш бою көңүлдүү болгон, албетте. Ошондо да ээн калган үйгө жан жолотпой, түнкүсүн алыска кетпей там-ташка көз болгон.

Эчкилер жапырт төлдөп, улактар отугуп калган кезде, жуп гана Кирешенин ойноп-күлөөр кезинде чабандар кө-

чуп кетишкен кайдадыр. Куу канчык ээн тамды кайтарып, Кара-Булунду жойлоп, Берметтер көчүп келгенге чейин жалгыз жүрдү. Андан кийин деле ит аттуудан жалгыз эле. Акыры минтип, бир жума мурун эки күчүк тууп таштады. Аман-эсен боор көтөрүшсө, Кара-Булунда үч күчүк болмок...

«Кайдагы көк дөбөттүн тукуму бу? Мындай ит бучөлкөмдө жок эле. Оңбогон Киреше Желкайыптан тууган го» деп бир курдай Бермет апасынын күңкүлдөп жатканын уккан Элзар. «Желкайып деген кандай ит болду экен?» деп ойлоду Элзар, азыр да жолдо баратып.

* * *

Батма апасын Элзар жакшы көрөт. Эгерим жаман сөз оозунан чыкпаган мээримдүү жан. Элзар төрөлгөндөн он беш күн өтүп-өтпөй колуна алып, жашы улгайып калганда жаш баланы тежемел бакты. Тээ бир кезде анын атасы — Аманатты кантип бакканын азыр элестете албайт. Чарага сүт батпай, тамак-аш жайнап турган заманда ууз сүт эмизбей, ымыркай тежемел багыш — билген кишиге түйшүктүн түйшүгү. Бирок Батманын эмгегин азырынча эч ким көңүлгө ала элек. Алынбаганы да ушудур, балким...

Абышкасынын көзү өткөнүнө көп болду. Аны Элзар көргөн жок. Эки жубай узак жылдар жол кызматында бирге иштешип, (Түндүк менен түштүктү бириктирген мына ушул капчыгай жолун ушулар салышкан) өмүрдүн гүлгүн кезин бирге өткөрүшсө дагы бала көрүшпөптүр. Батма анысына өкүнүп да койбойт азыр. «Кайсыл ата-эне баласынан убай көрүп жатыптыр. Кайра ата-энени убайга салып, тапканын тартып алышат. Кайрымы жок баладан көрө куу башым өйдө. Жалгыз бир тууганымдын өмүрү узун болсун! Анын уулун багып отурам, ушул эле мага бала» деген сөзүн көп уккан Элзар. Ошондон улам Элзар «апа» дейт.

Батма балалуу болбосо дагы көп бала төрөп өстүргөн аялдан өйдө кызмат өтөсө өтөдү, асти алардан кем калбайт. Элзарды багыш эмне болуп калыптыр. Мына, анын атасы Аманатты бакканды «бала бактым» десе татыйт... Үч кыз бир эркек ата-энеден жашында ажырашкан. Болгондо да жалгыз эркек — Аманат этек алдында калды. Балдардын атасы жан бирге жарынан ажыраганына көз жашын тыя албай, «кара жолтой» баланын жүзүн ачып

көрбөй, (атасы Аманатты Кара жолтой атаганын көр!) «Бул байкуш энецердин «уулдуу болсом» деп зарлап жүрүп тапканы, үчөөнө калтырган аманаты. Шордуунун тагдыры кыйын болоор... Колуцардан келсе асырап, чоңойтуп алгыла» деп, көп өтпөй күйүттөн көз жумганын айтат Бермет апа. Ошондон улам атын Аманат коюшуптур. Үч кыздын улуусу Бермет ымыркай бала ыйласа кошо ыйлап, күлсө кошо күлүп, көрүнгөн жаш эмчектүү аялдын эмчегин эмизип, түтүн чыккан үйгө тызылдап чуркап жетип барып байкуш бөбөгүнө ит жеминдей тамак сурап берип, көбүрөөк болсо, өзү жебей бармагынын алдына басып келип, ыйлаганда тамактандырып, балапан башын кууратып жүрүп торолтот. Эки кыздын бири ошол жылдары ачкадан өлдү. Эр азамат нан таппай кырылып аткан жылдары ушул тежемел ымыркайды аман асыраган Бермет, жаанжакшылыкта Элзарды бага албай калмакпы!.. Кийинки сиңдиси деле көп узак жашай албаптыр... «Элге ыракмат! Элден айланайын! Ушул эл болбосо биз өлмөкпүз... Мен бала болгон эмесмин. Төрөлгөндө эле кемпир болуп төрөлгөм. Баланын кандай экенин эми билип отурам» деп, көз жашын агызып жиберип, ызалуу күлгөн учурун Элзар эчен ирет көргөн.

Аманат ата-эненин зарын тарткан. Бардык жерде Бермет канаты менен калкалап турду. Жашында турмушка чыгып, анысы да айкөл киши эле, атадай милдет өтөп, «канаттууга кактырбай, тумшуктуура чоктурбай» өстүрдү. Айылдык мектепти бүтөөр замат шаарга ээрчитип барып, окууга өткөнчө кошо жүрүп, үйлөнтүп-жайлантып, кызматка орноштуруп, үй күттүрүп, келинчеги кыйналбасын деп Элзарды колуна алды. Эми жаңы түйшүктөн кутулган чыгармын дегенде, Аманаттын шору кайра башка «казанда кайнап», Берметтин боконо сөөгү болкулдап, ичинен тымызын күйөт.

Көбүнчө төшөккө жаткандан кийин, Элзарга ушуларды кобурап, анан тетири бурулуп жатып, өзүнчө бир нерселерди күбүрөнүп, кимгедир жалынып, бүлкүлдөп ыйлаганын көбүрөөк туюп жүрөт.

Атакеси экөө шаардан келишкенден бери бир жылдан ашуун мезгил өттү. Мына ушул Кара-Булуңда эки жылдан бери каникул күндөрүн өткөрүп жүрөт. Кандай десе болот? Негизинен дурус эле, бирок көңүлсүз. Көңүлсүздүктү көбүнчө Сайкалдын кабагы чакырып келет. Ал эми өз энекеси шаарда калган. Ошол боюнча кабары билинбей калды. Ал турсун мына, атакеси аял алып алганда да келген жок. «Энекеңди сагынсаң ачык айт, уулум? Алып ба-

рам. Кааласаң жанына калтырам. Энең экени калпы. Баары бир унутпайсың...» дейт атасы. «Эмнеге барат экен? Барбайт, этпейт! Бала тапкандыкы эмес, баккандыкы!» деп тилдеп жиберет Бермет апасы. Элзар экөөнүн сөзүн салыштырып узакка ойлонот. Чындыгында энекесин сагынган деле жок. Бирок, эсине тез-тез түшө калганын унута албады.

Азыр энекесин эстеди Элзар. Анан такыр унута албаган бир окуя кайрадан көз алдына тартылды. Энекеси баягы көкүрөгү ачык көгүлтүр көйнөгүн кийип, таноолору кыпчыла кумсарып, ашканада чоң аш бычакты колуна кармап турат.

— Атаңа гана болушасың ээ, сволочь! Азыр мен сени мууздайм! Уктуңбу!.. Үйгө кимдин келип, кимдер кеткени менен сенин кандай ишиң бар ыя?! Анын эмнесин түшүнөсүң, эй шүмшүк!? — деп, жалаңдаган бычакты Элзардын бетине карай тап берди. — Атаңдын акмактыгын билбей туруп, оюңа келгенди дөөрүйсүң! Дөөрүтөм мен сени! Азыр сени мууздап, анан өзүм муунуп өлөм! — Энекеси чоң аш бычакты кармап жакындай басканда, бүткөн бою дүркүрөп, турган ордунда бүжүрөй калып, жалынып жиберген.

— Мамакебай! Кечирип коюңузчу?..

Ошол окуя азыр болуп өткөндөй, Элзардын денеси дүркүрөп, бардыгын унутууга аракеттенип, көзүн бардап-бардап ачып, атасына тезирээк жетүүгө шашты. Антсе деле мамакесинин кумсарган өңү көз алдынан өчпөй, өткөн окуялар биринен сала бири суурулуп чыгып береги сокмо жолду бөгөп тура калгандай болушат...

Кулак тундурган кайым айтышуудан соң эне-атасы бөлмөнүн оозундагы (кире бериштеги) тар коридорго тыгылышып, бой тиреше тура калышты. Көз ачып жумганча укмуштуудай чапчандык менен Аманаттын чөнтөгүндөгү документти энекеси сууруп алды.

— Клара! Партбилетке тийбегин?! — деди атасы. Энекеси токтогон жок. Колуна тийген документти тытып-тытып чачып жиберди.

— Тытпагын, Клара!? — сөздөн мурун тытылган кагаздардын айрындысы менен атакеси жерди карай жан талаша жүткүнүп, колуна тийген бир тал айрындыны кармап, саамга сенейип катып калган. — Бул эмне кылганың, Клара?!.

— Тытам!.. Партбилетиңби?!. Буга сенин эч нерсең корогон эмес!.. А мен сенин өзүңдү тытам!.. — деди да, Аманатты алка жакадан алып, көйнөгүн бырча-бырча айрып жиберди. Аманат кирпигин ирмөөгө шайы келбей, жалды-

рап карап турган болучу.. — Кет! Караанынды көргөзбөй жоголгун! — деди да, энекеси эшикти кенен ачып, атасын сыртты карай түртүп жиберди. Атасы жыгачтан жасалган куурчактай сенделип, тепкичтен ылдый кулап кетүүгө аз эле калып, туура жыгачты кармап токтогон. Элзар чыңырып барып энекесинин колун кармады эле. — Сен дагы жогол, сволочь!.. — деп колупан силкип, босогодон алыс ыргытканда, атасынын артына барып жабыша калган. Кызыл түстүү жасалма кайыш менен капталган каалга күрс жабылып, илгичтер шарак-шарак илинип, энекесинин үнү угулбай калган.

Элзар ошол боюнча уга элек. Кызыл түстүү эшикти да андан кийин көргөн жок.

Экөө жетелешип, шаардын ичинде көп күнгө чейин көрүнгөн үйгө барып жүрүштү. Атасы өйдө карап баса албай, ачылып сүйлөбөй, Элзарды такай жетелеп жүрдү. Бир күнү түн ичинде, жолдо келатып карацгыдагы терекке жөлөнүп, атасынын буркурап ыйлап жатканын көрдү. Ансыз дагы араң турган Элзар кошулуп, экөөнүн ыйы узакка созулган. «Энең бизди алдады! Энекең экөөбүздү азапка калтырбадыбы, уулум! Сен муну түшүнбөйсүң ээ?! Кайдан түшүнмөк элең!..» деп буркураган, Элзарды бооруна бекем кучактаган атакеси. Бирок, Элзар ошондо эле баарын түшүнгөн.

Атасы экөөнүн азапка калуусунун себебин күнөө кимден кетип жатканын билген. Жалгыз гана жакшыраак кеңеш бере албаганына эмдигиче бушайман!.. Азыр дагы ошол бойдон жүрөт...

Элзар чоң таштын жанына жетип калганын байкады да, Сайкалдын айтканын эсине түшүрдү: «Киреше эмне үчүн көк күчүгүн бул жерге көтөрүп келет? Өзүнө окшогон куу күчүгүн жаман көрөбү?.. А балким экөөнү тең бул жакка алып келгени жүргөндүр? Ошого жетише албай жаткандыр? Балким, жүзүмдүн түбү жакшыдыр: жумшак, таза, көлөкө, жанына жакын суу агып турат. Түнкүсүн аң уулап чыкканга жакын, коёндор көп да. Кирешенин каалаганы ушундай го сыягы.

Эмнеси болсо да чоң таштын тегерегиндеги жүзүмдү аралап, Кирешенин күчүгү жаткан жерди көргүсү келди. Чоң таш — Чоң таш дегендей эле бар. Үстүнө чыксаң Кара-Булуңдун ичи түгөл көрүнөт. Анын үстүнө чыгыш оңойго турбайт. Тээ мурда, бул жер өзүнчө колхоз кезинде атасы экөө үстүнө чыгып, айлананы карап отурушкан. «Көрдүңбү?! Мындай кооз жер башка жакта жок. Токой, суу жапайы жер-жемиштер, коён, кыргоол, кооз чымчык-

тардын түрлөрү ушул жерден учурайт. Бул биздин Африкабыз! Түшүндүңбү?» деген атасы суктанып. Кийин эле Элзар шаарда окуп жүргөндө, Бермет апасы жер-жемиштерин көтөрүп барганда, өзүнөн мурун:

— Биздин «Африка» жакшы жатабы? — деп сураган атасы.

— «Африканды коё туруп мени сурачы? Өлгөн-талганда араң келсе...— деп кейиген Бермет апай.

— Биздин «Африка» жакшы турса, силердин жакшы турганыңар ошо,— деп күлгөн атасы. — Андан көрө ошол жерди сыркоолотуп жибердиңер го дейм?..

— Сыркоологонун ким билсин. Жылдан жылга эчки көбөйдү. Жибек жүндүү эчки дейт, жүнү алтынга тете имиш. Андан эч нерсебизди аяган жокпус. Балабыздай бапестеп багып жатабыз. Токойлорду кемирип, короодогу алмаларыбызды койбой кууратты. Кайберен жүрчү аскага чейин чыгып барышып, аларга да жайыт бербей, кырып жоготушкандай болду.

— Кайберен деген эмне? — деп сураган Элзар.

— Кайберен дегенби? Кайберен деп жапайы малды айтабыз.

— Алар көпбү?

— Көп.

— Кайда болот?

— Биздин «Африкада». Эчки, теке, аркар, кулжа, куран, элик, марал, бугу, аюу, карышкыр, сүлөсүн, илбирс дегендер бизде болот да, уулум.

— Ой-и-ий, анда биздин «Африка» зоопарктан дагы сонун турбайбы! — деп кубанган Элзар. — Көргөзөсүзбү, ата?

— Көргөзөм, сөзсүз көргөзөм. Эгерде сен биринчи классты эң жакшы бүтүрсөң, жайында биздин «Африкага» барганда тоого, кийикке чыгабыз. Билесиң го, менин мергенчи досторум бар.

— Жапайы кишичи? Жапайы киши дагы болобу?

— Жапайы киши болот.

— Аны дагы көрөбүзбү?

— Жок. Жапайы адам биздин Африкада жашабайт. Алар алыста,ээн аралдарда, чытырман токойдун арасында жашашат. (Ушундан кийин атасы Чук жөнүндөгү жомокту айтып берген).

Элзар азыр негедир эле өзүн токойдун ичин сыдырып энесин издеп жүргөн Чукка окшоштурду. Энекеси болсо Онгуран эмеспи. Атасычы? Ал англиялык төрөгө окшошобу?.. «Ташбоорлук, урушуп-талашуу бул — жапайылыктын

калдыгы. Алар бирин бири түшүнүшпөгөндүктөрүнүн кесепетинен ошентишет. Эки элдин урушу, эки адамдын урушу сыяктуу эле, түшүнбөстүктүн, таш боорлуктун, көрө албастыктын кесепетинен келип чыгат. Менин байкоомдо, жапайылык адамдардын канынан арыла элек. Бирин-бири түшүнүшүү гана адамды бактылуу кылат» деген, атасы. Анда эмне үчүн энекеси экөө урушуп-талашты? Эмне үчүн Сайкал дайыма таарынганын койбойт? Демек бул жапайылыктын калдыгы да... Таш боор энекеме эрегишип, Чукка окшоп, топуракка аралашып кетишим керекпи?.. Жок, энекем Онгуранге окшобойт... Онгуранын таш боор болушу жапайылыктанбы же.. Кой, кой, атакем ал төрөгө кылайып окшобойт. Андай ойлошум жарабайт. Башка себептер бардыр, муну ойлонуп көрүш керек».

Элзар чоң таштын түбүндөгү жапайы жүзүмдүн калың жалбырагын ачып, Кирешенин күчүгү жаткан жерди көргүсү келди. Чычкан мурду сойлогус чытырман шактар, жүзүмдүн шиңгили менен, жазуу жалбырактардан башканы көрсөткөн жок. Андан соң кол чаначын ташка жөлөп койду да, чоң түп жүзүмдү айланып, жалбырактардын арасынан башын салды. Күн тийбес караңгы булунда эки алдыңкы бутуна шиш тумшугун жөлөп, көзү кызыл, кулагы тикчийген көк дөбөт жатканын көрдү. «Энекебай!» деп күбүрөндү Элзар ичинен. «Бул кайдагы дөбөт? Чабандардын ушундай дөбөтү бар беле? Балким бул Бермет апам айткан Желкайыптын өзү болуп жүрбөсүн?!» Элзар башын тартып албай же кирип барбай, көк дөбөт менен көңкө тиктешип калды. «Күчү, күчү. Ме, Желкайып, ме, күчү, күчү» деп акырын үн чыгарды бала. Көк дөбөт эми араң акырын башын көтөрүп, Элзарды сүрдүү карады да, анан жактырбагандай артына акырын имерилип, чытырман бадалдын арасына кирип, көрүнбөй калды. «Ой кызы-ык! Укмуш ит экен!» деп ойлоду Элзар. Анан дөбөттү кайрадан көргүсү келип, чоң таштын экинчи тарабынан, шактардын арасынан узакка тинтип жүрдү.

Көк дөбөт кайрадан көрүнбөгөн соң, чаначын көтөрүп жолго чыкты да, бул керемети көз алдынан өчүрбөй ойлоп баратты. «Желкайып деген балким, Кайберендир? А бул ит да. Кайберен ит болбойт. Мен көргөн Кайберенди эч ким көрө элек. Ал Кайберен — Кара Теке биздин көлгө чөгүп өлгөн ноопастан чоң болучу... Быйыл дагы ошол убакта Кайберендерди көргөнү тоого чыксак!.. Дагы бир жолу ошол Кайберен — Кара Текени көрсөм!.. Балким мүйүзү дагы узарган болуу керек. Эмки барганда эч жерге токтобой, Кайберендер чубап өтүүчү аңга эртерээк жетиш

керек. Анда тим эле, мүйүзүнөн кармап, минип алса болот. Укмуш болоор эле, ээ!» деп ойлоду Элзар. Анан ошол Кайберен — Кара Текени көргөн күнүн суктана эске түшүрдү....

— Өзүңчө атка минип жүрө аласыңбы? — деди атасы.

— Жүрө алам.

— Бийик тоого чыксак, жолу жок жерлер менен жүрсөк, коркпойсуңбу?

— Эмнеден коркмок элем?!.

— Үшүсөңчү? Үшүсөң ыйлабайсыңбы?

— Ыйлабайм.

— Ыйласаң экинчи ээрчитпейм, эсиңде болсун.

— Ээлигип ээрчип алдың, эмненин ичинен чыгаар экенсиң, башың өскүр,— деп Бермет апасы кабатырлана кейип калган. — Баланы эби менен эркелеткен жакшы. Жаш бала кантип ууга чыксын. Суук түшүп калды. Тоонун башы кар. Балким бүгүн талаага түнөп калаарсыңар. Бөөдөдөн бөөдө ооруп калса...— Бермет апасы куржунга жол азыктарды салыштырып жатып, Аманатты жемелеген болду.

— Оорубайм апа. — Элзар эми апасын мойнунан кучактап эркелей сүйлөдү. — Атам мени эркелетпей эле, Кайберенди көрсөтөм деп убада бербеди беле. Мен болсом жалаң беш менен окуп жүрөм...

— О тукумуң өскүр, эмитен эле эсептешкенин көр... Сендей бала аң уулаганга чыкканын көргөн эмесмин. Бул эркелечү жумуш эмес...

— Эй бокмурун, сен калгын! Биз кийик уулайбызбы же сенин көзүңдү карап эле жолдо жүрөбүзбү. Атаңа эркелесең, үйдө эркеле. Ал жакта сага суутуп койгон жок. Калгын! — деп кесе айтты Мааткасы.

— Барам! — Элзар ызаалуу ыйлап жиберди.

— Мына көрдүңбү? Көз жашың эмитен эле башталды, жолдо кантесиң? Ой бокмурун ой, бизди бул токойдун арасына барып эле, кыргоолго тузак тарткандай туюп жатасың го дейм. Болду, каласың! — Мааткасы азык салынган куржунду көтөрүп сыртка чыга турган болду.

— Байке!? — деди Элзар анын колуна жармашып.— Мен жолдо ыйлабайм.

— Чынбы? Кокус ыйласаң, аскадан алыс ыргытып жиберем. Менин жинимди билесиң го?! — деп сүрдүү карады Мааткасы.

— Мейли!..— Элзар дагы аны сүрдүү карап, өзүн көрсөткөндөй кайкая калды.

— Болуптур, Бокмурун. Сөзүңө тургун... Кеттик анда. —

Мааткасы баланы атайын эрегиштиргендей, мыскылдуу жылмайып, сыртка жөнөдү.

— Эми сөзүңө бек бол, уулум...— деп кошумчалады атасы.

Таң куланөөк салганда төрт атчан кыштактан чыгышып, тоону бет алышты. Эң алдыда жээрде кашка ат минген Куланчы, анын артында арык жээрде жоргосун минген Мааткасы, алардан кийин кара кунанчан Элзар. Атасы көк ат минип, чоң куржунду салынып, артына түштү. Куржунда жол азык бар. «Талааны үйгө болжобойт. Буйруса бирдеме колуңарга илинет, буйрубаса жок. Тамакты оорсунбагыла» деп, жол азыкка куржундун көзүн толтурган Бермет апасы. «Бизге мынчанын кереги эмне? Эр азыгы менен бөрү азыгы жолдо. Айлабыз кетсе кекилик, чил атып бышырып жейбиз. Берeги суу мурун уулунуздун курсагын ойлоп, бизге жүктү аябай арта турган болдунуз» деген Мааткасы, куржунду атка артып жатып. «Буйруса деп сүйлөгүлө. Буйрубаса эки мурдуңарга колуңарды тыгып кайра келесиңер. Менин азыгым ошондо кереги тиет» деген Бермет апасы. «Камсанабаңыз Бермет эже, кантип эле тырмакка бирдеме илинбесин? Качан биз куру кол келчүү элек?» деп ишенимдүү сүйлөгөн Куланчы. Баары бир Бермет апасы оюнан жанбай, «буйруса дегиле» деген сөзүн кайра кайталап, короонун оозунда, «жеңил барып, оор келгиле!» деп узата карап калган.

Майрам аралаш кылаңкыр кар жаап, жер тоңголок эле. Алдыда бараткан эки мергенчинин далысында мылтыктын сүмбөсү сороңдойт. Атасы дагы «мергенчиликтин шааниси» деп бир мылтыкты өңөрүп жатканын көргөн. (Аманат аң уулаганды жактырчуу эмес. Чындыгында эле эмдигиче чымчык атып көрө элек. Бу саам бой турмуштун ызаасын унутканча досторуна кошулган. Анда Сайкалга үйлөнө элек болчу). Эки тайган жалаңдашып, бадалдардын түбүн шимшилеп баратышат.

Таң аппак атканда ойрумаңын түбүнө жетишти. Куланчы аттан түшүп жатып эскертти:

— Аттарды бир аз тыныктырып, өзүбүз дагы бошонуп алалы... Бадалдын арасынан элик чыкса, ок атпагыла. Азыр береги кайкынын үстүндөгү тэйпаңда кийик жайылып жүргөн учур. Үркүтүп алабыз. Эчки, теке кошулушуп калган маал. Эмнесин айтасыңар, кийиктин болуп турган учуру!... Тайгандарды кармап жетелеп алабыз. Бир аз тыныгалы, кароол көрүнгөндөй болсун...— Анын сөзүнө эч ким карпы айткан жок.

Бардыгы Куланчы айткандай иштелди.. Алдыда бир

керемет иштер болчудай, Элзардын жүрөгү катуулай сокту. Тайгандын бири Элзардын канжыгасына байланды. Экинчисин Куланчы өзү алды. Төртөө бирдей атташып, бирдей жоопкерчиликке болушту. Үн чыгарышпай, айланага сергек серп салып, даяр турушу керек.

Жалгыз гана өкүнүчтүүсү — Элзардын мылтыгы жок эле. Ыңгайы келе калганда балким, атып жибериши мүмкүн болучу. Мунун кыйынчылыгы мээлегенди шаарда — тир атканда үйрөнгөн. Жакын жердеги кийикти атуу менен тирдеги сөлөкөттү атуунун айырмасы жоктур.

Эки атчан өтүп кетээр замат, Элзардын алдындагы жапалак арчанын түбү шатырап калды.

— О жаныбар, элик! — деп жиберди Аманат. Элзардын канжыгасына байланган кара тайган тамагы киркирегенче, жулунуп, үн чыгарбай акактады. Элзардын жүрөгү катуу булкунуп, капталдай чуркап бараткан таңыракай ак куймулчак сулуу кайберендин карааны көрүнбөй калганча көзүн алган жок. Тигил эки мергенчи кылчайып да карабай, кайкыга жакындашты. Кырга жете беришпей экөө тең аттан түшүшүп, тушап жиберишти да, мынтыктарын даярдай кармашып жогору карай бөкчөңдөй жөнөштү. Бир укмуштуу окуя азыр эле башталчуудай, Элзардын жүрөгү андан бетер алып учту.

Бардыгы тыптынч. Теребел түгөл бир кооганын болоорун сезишип элейип карап турушкандай тыптынч. Үлп эткен жел да, чырт эткен чымчык дагы билинбейт. Береги беттеги жапалак арчалар, калың бадалдын бутактары серпилүүдөн жаңылгансып, үрөйү учкандай тып-тынч. Аттар дагы бышкырык атпай, буралган бетегеден бурдап сугунууну унутушкандай, эки жакка элеңдей серп салышып, аяр чайнаган болушат.

Ушл азыр Элзардын жүрөгү гана тынч эмес. Бара-бара жүрөгү кабынан чыкчуудай дүкүлдөй баштады. Аттан түшпөй, тигил кырыңды ашып кетишкен эки мергенчинин добушун күтөт. Азыр мынтыктын үнү узакка зарыктырды.

Аңгыча так төбөгө тийчүдөй болуп, калың уларлар учуп өтө башташты. Жерге эң эле жакын, калың учушкандыктан, алардын уяң бозомук жүнү, кызыл түстүү тумшугу менен буттары даана көрүнүп баратты. «Чыйк, чыйк,» дешип үн чыгарышканы болбосо, ачкан канаттарын бир дагы шилтеп коюшкан жок.

— Ата, булар индюкпу? — деп сурады Элзар шыбырап.

— Индук эмес, улар деген ушул болот. — Аманат дагы акырын жооп берди.

— Индюкка окшош экен ээ?

— Ооба...

— Жапайы индюк турбайбы ээ?

— Ошондой...

— Ой-и-ий, аябай көп экен. — Элзардын бүйүрү кызыды. Колунда мылтыгы болгондо эмне!.. Атасы деле атып койсо болмок. Жакын учуп бараткан ушунча көп индуктун бирине сөзсүз тийет эле да.

Теребел кайрадан жым-жырт тартты. Уларга алаксый түшкөн Элзар, эки мергенчини эсинен чыгарып, ушулардын бирин кармап калбаганына тымызын ичи ачышты. Айлана коонтонууну унуткандай, түштүктөн жылуу жел согуп, бадалдар бутактарын серпип кирди. Заматта эле шактан шакка секирип, учкан чымчыктар көбөйүп кетишти. Аттар дагы бышкырып, тайгандар тынч алып, ойлуу жатышты. Аңгыча алтындай кирпигин жалтыратып, кайкыга күндүн мурду тийди.

Эки мергенчиден дайын билинбейт. Аманат уулун аттан түшүрүп койнуна катып койгон бөтөлкөдөгү сүт катыктаган чай менен нан берди. Элзар улар менен эликти элестетип, нанды шашпай жеп, так бетмаңдайына келип сайрап турган тоонун кооз чымчыгын карап отурду. Ошондон кийин ал бардык кызыктуу нерсе бүтүндөй, алдыда эч кандай керемет болбочуудай, эки мергенчини унутуп, калың бетегеге жатып, уктагысы келди.

Куланчылар күткөндөй тайпаңда кийик жок экен. Элик менен уларды теңсинишпей өтүшкөнүнө кийин кейип калышты. Агытылган тайгандар көрүнгөн бадалдардын түбүн шимшилеп жүрүшүп, лөкүйгөн каманды кууп чыгышты да, калың чыргайдын ичине камашты. Мааткасы атууга камынып жөнөгөндө, «этин жебегенден кийин, убалына калбайлы» деп Аманат аттырбай койду.

Мергенчилер жон менен жүрүп отурушуп, кенен тайпаңга жетишкенде күн шашке болуп, курсак ачкандыктан, шалдырап шай кете түштү. Аттарды отко коюшуп, оттон улуу жагышып, бозодон, жармадан жылытышып, шашпай тамактанышты. Бул жерден Кара-Булуң дагы, тосулган көл дагы көрүнбөй калат экен. Нарын дайрасынын этеги кайрадан кадимки нугунда, узун көтөрмөдөй чубалып агып жатат. Андан бери жылаңач аска эбегейсиз сүрдүү көрүнөт.

Түш мезгилинде кийиктер көбүнчө жар түбүндө көлөкөлөшүп, шор жалашып, болбосо жөн гана жуушап жаткан учуру болот. Куланчы дүрбүсүн алып, баягы бери төмөнкү жалама асканын жылга-жыбырттарына чалгын жасап жүрөт.

— Тамактанып бүтсөңөр туралы, жигиттер,— деди Куланчы шаша кетип.— Кызыл-Зоонун этегинде, Кош-Аңдардын башталышындагы кичинекей тайпаңда жоон топ кийик жуушап жатат. Эчкиси менен текеси аралаш экен. Жети карыш кара теке так ортосунда кепшеп турат. Ошону колго тийгизсек, төрт атка сылай жүк болот эле.

— Эми ошол жакка түшөлүбү? — Мааткасы ачуулуу бурк этти.

— Анан кантебиз?..— Куланчы тай туягын тагынып жатып сөзүн улады.— Ушул жерден кайтабыз го дедим эле, тырмакка эч нерсе илинбеди. Экөөбүз аска менен түшүп барабыз. Тайгандарды белге байлап алуу керек. Агай сен (Аманатты айтканы) уулуңду ээрчитип эки атты куйрукташтырып, Кыр-Жол менен түшөсүң да, оңго бурулсаң үч аң бар. Экөөнөн өтүп, үчүнчүсүнө барып, тосорго отурасың. Бизден качкан кийик түз эле сага барат. Бирден чачырап эле, аскага тарап кетпесе, топ кийикке андан башка жол жок. Абайлагыла андын ичинде турбагыла. Тайгандардан качкан кийиктин тебелендисинде калбагыла! Мына эми, мергенчилигинди ошол жерде көрсөтөсүң. Тандап ат!? — Куланчы сүйлөп да, даярданып дагы бүттү. Дагы деле ага каршы сөз эч ким айткан жок. Баарынан күчтүү Мааткасы деле унчукпай, тай туягын тагынып, тайганды белине байлап, артына кичинекей кол чаначка бозо куюп арчындап алды.

— Кыр-Жол абдан коркунучтуу. Суу мурунун чачып коёр бекен.— Мааткасы Элзарды мыскылдуу карады.

— Коркпойм! — деди Элзар ыкчам.

— Эми ыкчамдай бастыргыла. Биздин караанызды алыстан көрсө эле, ошол аңды карай качат. Эртерээк барып, алдын тосуп калгыла,— деди Куланчы сөздү ишке буруп.

Мааткасы менен Куланчынын аттарын куйрукташтырып, Аманат алга түштү. Азыр эң артта өзүнүн кара кунаны менен Элзар келетат. Эки мергенчи тайгандарын белдерине байлап, мылтыктарын асынышып Кызыл-Жардан түшкөнү келишти. Ушуну менен сапар эки башка өзгөрүп, Элзар үчүн алдыда көрө турган кызыктуу болчуудай сезилди. Мынча болгондон кийин Мааткасыга шылдың болбой, аягына чейин кайраттуу жүрүүнү гана ойлоду.

Элзар азыр тайгандын ордуна дүрбү асынып баратат. Ушул дүрбү менен ыңгайы келсе, жанагы Куланчы көргөн чоң кара текени бир көрүп алса болбос беле! Азыр ат үстүндө дүрбүнү бетке кармаш дегеле мүмкүн эмес. Кыр-Жол, чыныгы Кыр-Жол экен. Эки тарабы жып-жылаңач

асканын кырын мергенчилер жол кылып алышыптыр. Жол
дегенине бир аттын туяктары араң баткыдай. Эки тарабына дит багып кароо кыйын. Абал мурун Элзардын бүткөн бою дүркүрөй түшүп, эки көзүн чылк жуумп, ээр кашты өбөктөй кармаганда, андан бетер башы тегеренип, аттын кайсы бир тарабына ооп бараткандай сезилген. Кокус кулап кетсе, анда сайда саны табылбай калганы ошол!..» Мен коркпойм!» деп күбүрөндү Элзар. Ошентти да чыйрала түшүп, көзүн бардап-бардап ачып, түз эле тигил бет маңдайындагы Нарындын аркы өйүзүндөгү карагайлуу бетти карады эле, көңүлү ачылып, башынын айланганы басыла түштү. Ушундан соң алдын чукул карабай, ээр кашты коё берип, атасын тууран, үзөңгүнү чирене тээп, ээрге чалкалап отуруп алды. Бактыга жараша Кыр-Жолдун топурагы буртулдап, жумшак экен. Ошондон улам кара кунан дагы жумшак басып, жерге жакын баратат.

Кырдын бир кененирээк тектирчесине жеткенде атасы аттарды токтотуп, мергенчилер түшүп кетишкен Кызыл-Жарды карады. Чынында эле ушул жерден Кызыл-Жар тарап, абдан айын көрүнөт экен. Учурдан пайдаланып, Элзар дагы дүрбүсүн көзүнө кармай койду. Абал мурун сүрдүү жылан ач аскалар көрүнүп, анан төмөнүрөөктөгү атайын жасагандай тегерек жашыл тектир, тектирдин ортосунда боз үйдөй дөңсөө, ошол дөңсөөдө бир эчки турат. Элзар дайыма көрүп жүргөн алтын жүндүү ак эчки эмес, өңү сур, бою бийигирээк окшойт. Кыясы тектирден суу чыгып, эч жакка агып кете албай сазга айланган көрүнөт. Жашыл туланда калың эчки жайылып жүрөт.

— Ата, бул жерде совхоздун эчкилери жайылып жүргөн турбайбы,— деди Элзар, дүрбүнү көзүнөн албай.

— Совхоздун эчкилери эмес, Кайберен деген ушул.— Атасы камырабай жооп берди; кыясы бая эле көрсө керек.

— Кайберен!..— Элзар кубангандан үнү буулуп, коркгондой акырын чыкты.— Ушунчалык көппү!?

— Мындан дагы көп болот дешет. Көрдүңбү, эчкилер текелер аралашып, камырабай оттоп жатышат. — Атасы Кайберендердин камырабай оттоп жаткан бейпил турмушуна суктана карап турду. Эртерээк барып алардын алдын тосуп ка...ууну унуткан өңдүү камырабады. Элзар дүрбүсүн көзүнөн албай, кийиктерди сыдыра карап жатып, ортодогу дөңсөнүн түбүндө аска тарапты карап, мойнун бийик көтөрө кайкайып, эки мүйүзү чычаңына тийип турган Кара текени көрдү.

— Ата, ортосунда бир өгүз турат,— деди Элзар аптыгып.

— Ал өгүз эмес, Теке. Балким, тогуз карыш, же андан дагы узун чыгар. Өтө сулуу экен, жаныбар!..

— Карыш деген эмне?

— Мүйүзүн карыш менен ченешет. Канчалык узун болсо, ошончо жашка чыкканын билишет.

— Ой, и-ий, зор теке турбайбы!..

— Зор экен, жаныбар!

— Абдан сулуу экен, ээ ата?!

— Ананчы! Сулуулук менен адептүүлүк ушуларда гана сакталып турат... Булардын өздөрүнчө өзгөрбөс жашоо эрежелери бар. Аны эч кандай күч өзгөртө албайт.

Дал ушул учурда дөбөнүн үстүндө турган сур эчкилер элеңдей эки жагын карап, кандайдыр бир үн чыгарып, төмөн жакты карап, аткан октой секирип түштү. Ошол замат бейкапар оттоп жатышкан Кайберендер дүрбөлөңгө түшүп калышты.

— Мергенчилерди кароолчусу көрүп калды окшойт,— деди атасы, негедир туталанып.

— Кароолчусу болобу?

— Бирөө такай кароолчулук кылат. Дөңдүн үстүндө сур теке турбады беле? Ошол кароолчусу окшойт. Төмөн карай бой урду эле, баардыгы дүрбөлөң түшүп калышты... Ана мылтыктын үнү чыкты... Кеттик уулум.

Ушул боюнча атасы жолду ката дулдуюп, эч үн чыгарган жок. Түзгө түшкөндө, көлөкө басып суук боло баштады. Кайберендердин алдын тосууга ашыккандай Аманат аңды-дөңдү карабай ыкчам бастырып, Куланчы айткандай эки андан өтүп, үчүнчү аңга жеткенде кырсык болду. Аң аябагандай терең экен. Кыяп жей берип, эки тарабын жалама аскага айлантыптыр. Өтө турган ыңгайлуу жер таппай, атасы өйдө-төмөн көпкө бастырды. Ушул жерге деле токтолуп, келүүчү кайберендердин алдын тосуп тура турса болмок, бирок, аңдын аркы жагындагы дөңсөөнү ашып, Кызыл-Жар тарапты карап турууну ойлоду Аманат. Акыры бир ыңгайлуу өтмөк таап, өтө турган болушту. Аңдын мизилдеген беттерине аттардын такалары токтобой, кадим музда бараткандай тайгаланышты. Мындайда ыкчам бастыруу гана керек. Аманат аңдын таманына түшүп, аркы бетине тырмышып калган эле. Куйрукка байланган экинчи ат аңдын берки өйүзүндө калып, ортодогу Мааткасынын аты аңдын аркы бетине жаңы эле тырмыша бергенде, арткы Куланчынын аты аңдын таманына түшкөндөн коркуп, токтоп койсо болобу? Ошол тушта Мааткасынын аты эки жакка жылбай токтой калды да, Аманаттын атынын куйругуна байланган начар чылбыр тарс үзүлүп, Маатка-

сынын күрөң жоргосу андын тар тамапына чалкасынан түшүп калды. Темир ээр сынган жок. Кууш аңга кыр аркасы тытылган арык ат, туягына таканчык кылаар жер таппай, башын жерге койгулап, жанталаша тыбырады. Муну көтөрүп тургузгандан башка айла жок деп түшүндү Аманат. Арык күрөң башын ташка койгулап, турууга аракет кылып, аянычтуу жалдырады. Өзүнчө туруп кетиши мүмкүн эмес эле. Атты көтөрө коюу Аманат менен Элзардын колунан келбейт. Кантсе да мергенчилердин келишин күтүү керек. Арык күрөңдүн башы жараланбасын деп, токулгасын шыпырып, жумшактап жаздады да, тынчтап койду.

Теребелдин бардыгы заматта тынчып калгандай болду. Чарчаган аттар баштарын жерге салышып, оттоону унуткандай, тынч турушат. Мынтыктын үнү угулбайт, кайберендерден да, мергенчилерден дагы дайын жок.

Чындыгында иштин баары эчак бүткөн болчу. Ушул эле аң менен Кайберендердин бир тобу өтүп кеткенин Аманат кийин билди.

— Жаныбарлар, өтүп кетишиптир! — деди атасы кубанычтуу. — Издерин карачы жап-жаңы...

— Кимдер? — деди Элзар түшүнбөй.

— Кийиктерди айтам. Көрдүңбү береги издерди.

Элзар андын тамапына секирип түшүп, кум үстүндө жаткан изди көрдү.

— Кадимки эле эчкилердикиндей турбайбы.

— Ооба, эчкилердикиндей...

— Ка-ап!.. — деп кейип алды Элзар. Анын ичи негедир ачышып, эртерээк келип, жакындан көрүп калбаганына өкүндү да, кум үстүндө жаткан жаңы издерди узакка аяр сылап отурду.

Күүгүм талаш эки мергенчи тоодон түшүп келишти.

— Шыралга,— деди Аманат.

— Силердин шайтаныңар бар окшойт,— деди Мааткасы. — Жол болбой калды.

— Мен бир теке атып койдум,— деди Аманат камырабай.

— Ой, жакшы болгон турбайбы! Кана?.. — Мааткасы жанданып, ал турсун жаркырап күлүп жиберди.

— Андын ичинде. Кыймылдатууга алым келбеди. Жүргүлө, көтөрүп чыгалы?

Куланчы эч сөз сүйлөбөй, ал турмак ишенкиребей, экөөнүн артынан ээрчиди. Мааткасы анда чалкасынан түшүп жаткан өз атын көрүп саамга унчукпай тиктеп калды.

— Кел, көтөрөлү? — деди Аманат. — Алдына аркан са-

лалыбы? Ошол замат Мааткасы кутургандай каарданып, атын башка-көзгө тепкилеп, колуна тийген таш менен койгулай баштады.

— Мына сага! Мына! Мына-а!..

— Урбагын!? — деди Аманат колун кармоого аракеттенип. Мааткасы уккан да, токтогон да жок.

— Мына! Мына! Мына-а!.. — Анын үнү жырткычтыкына окшоп, сүрдүү угулду. Элзар корккондан атасына чуркап жетип, колун кармай калды. Аңгыча кандай күч таасир эткени белгисиз, жээрде жорго ордунан ыргып туруп, силкинип жиберди. Ошондо да Мааткасы токтобой, колундагы таш менен чыкыйга атып урду.

— Мына-а сага! Эненди!..

Күрөң жорго кууш андын ичинде ийнктей чимирилип, башын эки жакка чулгуп, артына имерилип, кетти.

— Ай, жаныбар ай! — деп онтоду Аманат.

Эч токтоосуз үйдү карай жол тартышты. Урушкандай дулдуюшуп, бирөө дагы үн чыгарбады. Аманат Мааткасыны таарынтып алдым го деген кыяста, ыңгайсыз бастырып баратат. Элзар эми коркууну такыр унутуп, кайберендерди жакындан көрбөгөнүнө ичи күйгөнү басыла элек.

— Мен өмүрү мындай абалга туш келген эмесмин,— деп сөз баштады Куланчы.

— Сен жерге кир, шалтурук! — деп жиндеди Мааткасы. — Кийиктин алдынан чыгып, алыстан ок чыгарып, сени карай үркүттүм. Боо түшүрө турган жөнүң бар эле го ит!

— Туура... — Куланчы күнөөлүдөй акырын күңкүлдөдү. — Туш келгенин ата бербей, тандап жыгайын дебедимби!.. Көздөгөнүм эле кара теке болду. Кыясы он карышка жакын окшойт. Буга чейин мындай зор текени көрбөгөм! Толгон экен, жаныбар!..

— Ал сага түз эле көкүрөгүн тосуп, барып берди го. Шилекейинди чуурутуп отура бербей, атпайсыңбы, шалтурук!? — Мааткасы күчөй жинденип, Куланчыны чаап жибере тургандай жанаша калды.

Мен аны атыш үчүн алты кадам жогору басуум керек эле. Алты гана кадам!..

— Сенин бутуңду бирөө тушап койдубу? Баспайсыңбы!..

— Тушап койду, Мааткасы. Тушагандан дагы жаман болдум. Өмүрүмдө мындай абалга туш болгон эмесмин... Шумдугуң кур...

— Кана айтчы, эмне шумдук экен ал?!

— Кара теке колотчо менен өйдө баратканын мүйүзүнөн көрдүм. Ал колоттон ары кеталмак эмес. Келсе мен жакка кайрылмак. Эми бул менден качып кутула албайт деп ой-

лодум ичимде. Тайган мени кара текенин капталын карай сүйрөп бараткан. Текенин аркайган мүйүзүнөн башкасы көрүнбөйт. Бет алдымдагы секиге чыксам эле, теке алдымда суламак. Алты кадамча гана калган. Заматта буттарым шилтенбей, ордумдан жыла албай, туруп калдым. Тиземди бүгүп отурууга да мүмкүндүк болбоду. Акыры тайган мени алдыга катуу сүйрөгөндө, көмөрөмдөн кулап түштүм. Буттарым сенейип калды. Денемди жыйноого күчүм жетпеди. Тайган алдыга умтулуп, жанталашат, кургур. Эми мага кара текенин мүйүзүнүн учу гана көрүнүп баратты. Мылтык кармаган колдорум карышып калыптыр. Эптеп жатып оң колумду бошоттум да, жанымдан бычагымды алып, тайгандын жибин кесип жибердим. Ал текенин артынан кетти. Мен бир саатча жатып, араң бутумдун кыймылдаганын сездим.

— Кой а, жомогуңду, шалтурук!.. Жер жутуп кеткенсип, ың-жыңсыз жок болдуң. Башка кийиктер дагы үстүңдөн чубап өтүп жатат. Кыйкырып жатып тамагым бүттү. Эй, акмак, боортоктоп сойлосоң дагы алты кадам алдыга жылып, кара текени атып өлсөң, сени кудай алабы!.. — Мааткасы күйүп-бышып, өкүрүп бакырды.

— Ошондой болду, Мааткасы...— Куланчы акырын күңкүлдөдү. — Мени бирөө тушап салды... Кайрадан буттарым кыймылга келип, силерге кошулганыма кубанып бараткан паймбы!

— Кошулбай ө-өл, арам шалтурук!.. — Мааткасынын жини басылбай күрөң жоргосун такымга бир салып, алдыга өтүп кетти.

— Байкуш тайганым, текени аскага камаса керек. Жаны калбай чыйылдап үрүп жатат, угуп жатасыңарбы?.. — деди Куланчы.

— Үрбөсө кара жерге кирсин! Сенин жаман тайганыңды ал теке кардын жара сүзүп өлтүрөт. Эртең өлүгүн жүктөп кет,— деп кекетти Мааткасы.

— Тайган жаман эмес. Ал чарчаганча текени камоодон кетирбей мени күтө берет. Күндүз болсо эмне!.. — деди Куланчы өкүнүчтүү.

Элзар тайгандын үнүн эми гана укту. Туруп-туруп арсылдаган иттин үнү алыстан шоокумданат. Кыясы ал баятан бери эле үрүп жатса керек.

Асканын арасында анда-санда арсылдаган тайгандын үнү кулагында жаңырып, Кайберен — Зортеке менен тиктешип тургандай, көпкө чейин көз алдында элестеп жүрдү. Азыр дагы ошол асканын бооруна камалышып, көз ирмебей тиктешип турушкан Кайберен-Зортеке менен Сур тай-

ган көз алдына тартылды. Ал экөө тең бири-бирине жеңдирбес сезилди. Андай болсо аягы эмне менен бүтөт?.. «Эки бирдей тирелген күчтүн аягы кайгы. Жаратылыштын бири-бирине баш ийүү, ыначуу эрежеси бар. Аны адам баласы гана бузат... Адам баласы акыл-эстин кудайы. Ал жакшылык кылууга да, жамандык жасоого дагы жөндөмдүү. Тениз адам гана бул экөөнү тепе-тең кармап жүрө алат... Жалаң гана жакшылык кылуу, балким, жаңылыштык болоор» деген атасынын сөзү угулду кулагына...

* * *

Эй, бери кел!? — деди Аманат, бадалдын арасынан. Элзар үн чыккан жакка жалт карады. Көз алдынан баардыгы учуп кетти: азыркы көргөн көк дөбөт, бири-бири менен теше тиктешкен Сур тайган жана Кайберен — Зортеке, Мааткасынын аңга чалкасынан жыгылып жатып токмок жеген күрөң жоргосу, Чук, Онгуран, Энекеси Клара, Кирение жана анын эки күчүгү сезиминен ыргыды. Ал азыр «атам суу ичип атып, ооруп калбаса эле болду!» деп тиледи ичинен.

Атасы боз шым, боз көйнөк, ак калпак кийип, бадалдын арасында турунтур. Колунда чалгынын сыныгынан жасалган орок. Мааткасы менен Куланчыдан дагы бойлуу, кашы калың, көзү бакыракай, сүйлөгөнү балдарга сабак берип жаткандай, дайыма салмактуу, мүнөзү токтоо, үнү коңур эле. Кыскасы, атасы тууралуу Элзардын арданаар жери жок. Ошондуктан ал дайыма атасындай болгусу келет. Жасаганын, сүйлөгөнүн, турганын, ойлонгонун дагы өз акылында кайталап, бышыктап, түшүнүүгө аракет кылат.

— Кел уулум, сага бышкан жүзүм менен бүлдүркөн терип койдум. Береги жүзүмдү жеп көрчү, өзгөчө ширээлүү экен,— деди Аманат, көлөкөгө жайланып отуруп жатып.

— Жарма ичкиңиз келдиби? — Элзар күнөөлүүдөй сурады. Жолдо Сайкал «атаң суусаганына чыдабай суу ичип жатат» дегенин эстеди. «Муздак суу ичпе, ооруйсуң» дейт Бермет апасы такай. «Менин кечиккениме ачууланып, Сайкал эжени жибердиңизби? Уктап калыпмын. Түндө көпкө уктай албай жаткам...» дегиси келди А дегеле атасы жарма жөнүндө ойлонгон түрү жок. Элзарга жаңы бышкан бармактай кара күрөң түстөгү жүзүм менен малинага окшогон кызыл бүлдүркөндү берип, өзү чаначтын оозун чечип да койбой ойлуу сүйлөдү:

— Эчкини Кара-Булуңга жолотпоо керек. Жетишет эми, болду!.. Кара-Булуң эмес, жалпы эле райондон алып

таштоо керек! Биздин райондун аймагы бүтүндөй токой. Эчки аларды кемирип, кууратып салыптыр. Токойдун теңинен көбү куураган. Жетекчилердин бул кылганы жакшы эмес... Кайран «Африка», минтип отурса, бир аз жылдан кийин какыраган ташка айланат...

— Жапайы эчкилер жебейби?

— Алар токойго келишпейт. Келсе да мынчалык жебес эле...

— Жарма ичсеңиз?.. Тигил түйүлгөн жоолуктун ичинде каймакка салынган таруу бар,— деп сөздү башкага бурду элзар.

Аманат куурай түтүк менен жарма ичип, өзүнүн бала кезинен сүйгөн тамагы — каймакка салынган таруунү жеп ойлуу отурду. Анын жан-дүйнөсүндө, «канткенде Кара-Булуңду кайрадан калыбына келтирүүгө болот?» деген ой тынчтык бербей жаткан болучу.

Кыштак бызылдап, эл көчүп кетти, бирок Кара-Булуңга төрт короо эчки кыштатуу эрежеси бузула элек. Эки жылдан бери жайкысын мугалимдер коллективи келишип, күндөп-түндөп жатышып, берегиі маңдайдагы тегерек чоң саздын өлөң чөбүн чалгы менен чаап, (ат чалгы жүрө албайт ага, батып кетет) кургатып, төрт сарайга экиден сегиз жал чөп жыйнап кетишет. Эчкилер ал көпкө канаат кылышпай, береги бадалдын арасына жайылып, минтип кемирип кетишет. «Койгула, бул жерге жайбагыла!» деген жан жок. Кыясы, бул мөмөлүү токойдон ак эчки кымбат. Ырас, бул жакта эл жашабагандан кийин, эчкилерди дагы кыштатпай койсо болмок. Антишпеди, кыштоо, эчки кымбатка турду.

Иштин мындай чечилиши Берметке зыянын тийгизген жок. Ал жайкысын ушул төрт сарайдын кароолчусу болуп кызмат кылат. Кеч күздө, чабандар сарайга көчүп келишкенде Валерканын кайыгы менен чакан жүгүн таңып алып, «Жеңиш» колхозунун борборундагы мугалим инисинин үйүнө көчүп кетет. Малын чабан кудасына табыштайт. Ээн үйдү Кирөше кайтарып калат.

Сайкалдын атасы башынан бери чабандык кесипти аркалап келет. Оңдой берди болуп, ал киши Кара-Булуңда, кыштаганы жакшы болду. Ансыз дагы окууга өтпөй, төрүндө кара далы болуп отурган кызын, Берметтин билимдүү иниси алганына жетине албай сүйүнүп жүрүшөт. Малын эмес, кышкысын Берметтин өзүн кошо багууга даяр, бирок, Сайкал жаш неме, кыйналып калабы деп жанында бирге болуунү каалаган. Сөздүн кыскасы, Бермет «эми жыргай турган учурум келди» деп санаасы тынып калган...

Аманаттын турмушу өзгөргөн менен, санаадан арылган түрү байкалбайт. Муну Бермет тымызын сезип, өзүнчө кабатыр. Атасы негедир арыктап, көңүлү ачылбай жүргөнүн Элзар байкайт. Ушунун баарын Сайкалдан көрөт ал. Дайыма Сайкалдын канасын жаза албай алектенип жүргөн атасына кээде ачуусу келет. Кийинки кезде атасы экөөнүн ортосунда айтылбас бөгөт пайда болгондой, алыстап баратышат. Мунун себебин билет Элзар. Чынында атасын Сайкалдан кызганганын айтуудан коркот...

Аманат бала кезинде жазуучу болууну эңсечүү. Максатына жетиш үчүн орто мектепти бүтөөрү менен университеттин журналистика бөлүмүндө барды эле, конкурс өлчөөсүз көп экен. Анда да эжеси жанында жүргөн, албетте. Акыры экөө кеңешип отуруп, география факультетине документин тапшырды. Бактыга жараша, зээндүү бала экзамендерден кыйналбай өтүп кетти. Ошентип, жок жерден географ болду да калды. «Мейли, эптеп билим алып, жакшы киши болсоң экен! Жазгың келсе жаза бересиң да. Жакшы киши табылбайт, жазуучу табылаар» деген эжеси сүйүнүп. Бирок Аманат өзү айткандай: «жакшы киши да жазуучу боло албады». Дагы деле баягы бала кезде пайда болгон «асан кайгы» адатынан өзгөрө албады.

Аманат университетте жакшы окуду. Экинчи курска барганда артыкчылык степендияга жетип, коммунистик партиянын катарына өтүүгө жолдомо алды. Курстун алдыңкысы, активисти эле. Үчүнчү курска барганда үйлөндү да, капилеттен үч бөлмөлүү, жасалгалуу үйгө ээ болду. Мынчалык бат үйлөнөм деген ой үч уктаса түшүндө жок эле. Өзү менен бирге окуган сүйкүмдүү кыз Клара кантип башын айлантканын сезбей калды. Ушунчалык оңой, жан жыргаткан сезимдердин арасына бат кабылып, акыл токтотуп ойлонууга чамасы келбей, сулуу кыздын жубайы болду. Арзандын аягы сууга айланаарын ким баамдап жүрүптүр...» Адам кылмышты бир гана жолу жасайт. Калганы көнүмүшкө айланат» деген акылды Аманат студенттерине, окуучуларына көбүрөөк айтчу болду. Муну өз денесинен өткөргөн, жүрөгүнөн кайрылып чыккан акыл эле.

Клара Аманатты үйүнө бир нече жолу ээрчитип барып, ата-энесине сынатты. Адептүү, ишенчээк жигит сындан дурус өттү. Бир курстун көзгө басаар уулу Кларанын кирпигинин тегерегинде бат эле айланып калды. Ким билет, учурдун талабы ошолбу, эч нерседен айбыкпай кыз дагы жигиттин каалаган эркине көндү...

Кларанын кыраакы энеси болуп жаткан окуяны илгирт-

пей баамдап, кыз баланын атасынын төрүндө төрөп коюшу бир аз намыс көрүнүп, күйөөсүнө чоо-жайды түшүндүрүп, бат эле үч бөлмөлүү квартира даярдап, кыздын себин ичине толтуруп, Берметти чакыртты да, анык жаңычыл эне катарында бир сом калың албай, айдай сулуу кызынын башына ак жоолук салып, келин кылып киргизип берди.

Бермет бул көргөн көзүнө ишенген да, жеткилең түшүнгөн да жок. Бул бир сыйкырланган жорук болду. Атасы өлөөр алдында айткан «кара жолтой, асан кайгы» иниси, мындай кереметке туш келет деп үч уктаса түшүнө кирип-тирби!? Эсин жыя электе кудасы мына мындай так кесээр тапшырма айтты: «Өзүңүз көрдүңүз кудагый, мен кызымдан эч нерсе аябаймын. Караңгы атага окшоп, кызым үчүн калың албаймын. Экөөнүн тоюн дагы өзүм өткөрөм. Сиз мага эт-аштан, жер-жемиштен жардам бересиз!» деди...

Кларанын атасы коммуналдык чарба министиринин орун басары болуп көп жыл иштеген киши эле. Энеси белгилүү бир ательенин директору болчу. Шаардын чок ортосунда, чоң короонун ичинде өзүнчө салынган көп бөлмөлүү ак сарайда турушчу. Кларанын жалгыз агасы чоң ресторандын директору болуп иштечү. Ушундан улам Клара бир үйдө эрке чоңоюп, түк кыйынчылык көрбөй, оюндагысын бербеген чалпоо кыз болуп өстү. Анын айтканын бирөө дагы аткарбай койчу эмес. Аманатка баш кошуп, аны менен кандай жашай тургандыгы жөнүндө ата-энесине өзү айткан. Бардыгы эрке кыздын айтканындай болду.

Той өткөрүү бир айга жакын созулду: жакын жолдошторун, тааныштарын, досторун, бирге иштешкендерин, тууган дарын, Кларанын курбуларын, кошуналарын, Аманат менен Кларанын курсташтарын, кыскасы ар бирин бөлөк-бөлөк чакырып, алардын тамак-ашы кыштактан даярдалып келип турду.

Бермет той үчүн колундагы төрт жандыгын түгөл чачып, жалгыз уйунан башкасын койгон жок. Ал турсун кадырлуу куданын өтүнүчү боюнча ушул Куланчы менен Мааткасыга жалдырап жатып, бир аюу, төрт теке, кырктан ашуун улардын этин, эки семиз каманды бүкүлү куйкалатып жеткиртти. (Аны менен алыстан келген меймандарды сыйлайм деп айттырыптыр) Жаңгак, мисте, мейиз, анар, алма, жүзүм, анжир, шабдаалы, койчу, Кара-Булуңдун жер-жемиштери бир ай бою шаарга сандык сандыгы менен тынымсыз жеткирилип турду. «Жалгыз бөбөгүмдүн жакшылыгын аябагыла!» деп, элбе-делбе сүйүнүп, эл-журт тууган-уруктан алган жардамын дагы кудасынын сыйы үчүн жумшады. Бирок, ушул аракетин тойго келгендердин

бирөө дагы билген жок. Аларга «Аманат жетим бала экен» дегенден башка кеп айтылган эмес...

Тойдун эртеси да болду. Жаш жубайлар жарашыктуу квартирада жашап калышты... «Мына, баардыгы ойдогудай болду! Биз кандай бактылуубуз!.. — деп эркеледи Клара. — Жакында балалуу болобуз. Аны эжеге (Берметти айтканы) беребиз. Бала кылып алсын. Биз азырынча өзүбүз балабыз, ырaспы?! Паамдар (папамдар дегени) бизди багышат. Ал эми экөөбүз дүйнө жүзүнө саякат жасап, ойноп жүрө беребиз. Алган билимибизди тереңдетебиз. Сага баш кошконума бактылуумун жаным!..» (Клараның тилеги орундалмак. Балким, буга да «асан кайгы» Аманат күнөөлүдүр).

Клара жарым жыл өтпөй Элзарды төрөп, ууз сүтүн эмизбей Берметтин колуна салды. Бул Бермет үчүн өлчөөсүз кубаныч эле. Тежемел ымыркайдын кыйнаганына кабагым-кашым дебей: «Мага ушунусу кызык. Кудайдан ушуну тилегем. Экөө жакшы окуп, жакшы жашап, ынтымактуу жүрүшсө гана болду!» деп, тапкан-ташыганын көтөрүп, ат тезегин кургатпай, шаарды карай чаап турду.

Аманат диплом алаары менен университетке мугалим болуп калды. (Кийинчерээк аны Клара «Паамдын аркасы менен...» деп колколоп жүрөт.) Клара кино саякатчылардын клубунан орун табылбагандыктан (алардын үй-бүлөсү менен тилегени ошол болучу) музейге экскурсовод кылып орнотушту. Негизинен экөөнүн тең иштери жаман эмес. Турмуштары ойдогудай. Кесиптештеринин жана студенттердин арасында Аманаттын кадыр-баркы бат эле көтөрүлдү. Тема алып, илимий иштин үстүндө иштей баштады. Ал гана турсун баштапкы партиялык уюмдун секретары болуп көтөрүлдү.

Ушуга чейин Аманат Клараның мамилелерине негедир тымызын чыдады. Үч бөлмөлүү квартира, андагы дүнүйө-мүлк аялынын себи экени чындык. Ошого таянабы айтоор, Клара Маасы (мама дегени) менен гана кеңешип иш кылып келди. Жөнөкөй эле чечилүүчү нерсе аларсыз бүтпөйт. Үйгө киши чакыруу, жада калса кино театрга барыш үчүн дагы Маасы менен кеңешет. Кокус Аманатка көйнөк же костюм ала турган болсо, аны сөзсүз кайын энесине көрсөтүп, акылдашуу керек.

«Мурда студент элек. Жардамга муктаж болчубуз. Эми биз дагы өз жолубузду таап, өз арыгыбызды чабууга киришелик. Жолубузду өзүбүз шыпырып, арыгыбызды өзүбүз тазалаганыбыз жакшы. Ата-энелерди көп кыйнай бербей, моюндарынан түшөлүк. Жашообузду өзүбүзчө чечип,

турмушка билгенибиздей багыт алсак кантет?» деп бир ирээт сөз учугун чубады Аманат.

— Муну менен эмнени айткың келет? — деди Клара жактырбай.

— Ата-энелерибизди кыйнабасак дейм да...

— Менин ата-энем кыйналбайт. Мен алардан керектүүмдү өмүр бою алам. Алардын милдети ошо... «Силер чоңойгондо энчиңерди бөлүп берем, карызыңардан кутулам» дечү паам. Бул квартира, мебелдер менин энчим. Серовно, эрге тийбесем деле алмакмын. А сенин туугандарың эмнеге кыйналып кетишти? И так сенин ата-энең жок, сага ким эмне бермек эле?.. — деп Клара чыныгы оюн билдирди.

— Балким, айтканың туурадыр,— деп оор улутунду Аманат. — Кимдир бирөөгө көз каранды болуп жашоо кандай кыйын, ыраспы Клара?..

— Жо-ок, мен эч кимге көз каранды эмесмин!..

— Менчи?.. Мен жөнүндө ойлогуң келеби?..

— Аны өзүң билесиң да...— Ийнин куушуруп, мыскылдуу күлдү Клара.

— Укчу, Клара?! Менин айтканыма көнчү, Клара? Ушул жерден алысыраак кетели? Башка шаарга, мейли кыштакка? Жашоого өз бет алдыбызча багыт алып, турмуштан ордубузду таап көрөлүк? Колубуздан келсе, алыстан туруп, ата-энелерибизди сыйлайлык. Айтчы, ушундай кылалыкпы?.. — Аманат анык көксөгөнүн билдирди. Клара узакка үнсүз, жаман көзү менен карап туруп, акыры шылдыңдуу жылмайып, таноолору кыпчыла ачуулуу сүйлөдү:

— И-ии, киши болуп, алгандан кийин айтаарың ушул экен да?.. Кимдин аркасы менен «Ким» болгонуң эсиңден чыгыптыр го... Кеткиң келсе өзүң кете бер. «Жолоочуну ээрчиң ит өлөт...» Мен эч жакка барбайм. Өз үйүм, өлөң төшөгүм бар...

Ушул сөз ушул боюнча калбай, күн сайын өнүктү. Майда чыр-чатактар көбөйүп, ачуу ызалар ичтерине жыйнала берди. Клара өз үйүндө, Аманат жолоочудай күн өткөрүп жүрүштү. Клара мурдагысындай эле ата-энесине кеңешип конок күтүп, конокко барат, буюм алат. Кээде айлап, жумалап, борбордук чоң шаарларга командировкага кетет. Ал жөнүндө Аманатка кеңешип коюуну ойлоп да койчу эмес. Энеси тиктирип берген модалуу көйнөктөрдүн бирин кийип, бирин чечип, үй-бүлө тууралуу убай тартпады.

Экөөнүн ортосундагы салкындыкты байкаган Бермет сары убайымга батып, айласы куруганда Элзарды кайра берүүнү чечти. «Балким, ортолоруна данакер болоор» деп ойлоду ал.

— Уулуңар чоңойду, быйыл мектепке барат. Каалаганыңардай окутуп алгыла. Билимдүү кылыш эми силердин ишиңер,— деген сөздү шылтоолоду. Ошондо күнгө тотуккан, кара тору, кызыл ыраң Элзар, эч нерсеге түшүнбөй ойноп отурган.

— Бул бала менин тарбияма көнбөйт. Өскөн чөйрөсү башка болуп калды. Мүнөзү калыптанып калган немеге убара болуунун кереги жок... Каалаca Аманат алып калсын. Мага кайда жүрсө баары бир... — деген Клара. Келиндин көңүлсүздүгүнө, баланын ыйлаганына карабай, Элзарды таштап кетти. Бермет үчүн бул азап мурдагылардан дагы кымбатка турду. Баккан баланын ысыктыгынанбы, же өмүрүндө согончогу канабай, балага зар болуп калгандыктанбы, Элзардан аргасыздан ажыраганда ооруп, узакка сабыркады. «Мейли, кантейин... Мен эч нерсе боло койбойм. Жалгыз инимдин турмушу бузулбай, ортолоруна данакер болсун!» деп тиледи ичинен.

Аманат Элзарды көндүрүш үчүн жанынан чыгарбай, бирге жатып, бирге туруп, бирге ойношуп, жумушка дагы ээрчитип барчу. Зоопаркка, циркке, эс алуу бакчасындагы ар кандай оюндарга, тирге, киного, театрга, кыскасы, уулуна кошулуп анык бала болду. Жатканда түрдүү жомокторду айтып, бирге сабак даярдашып, ойлоруна келгенин жашырбай ачык сүйлөшүп, абдан ынак болуп калышты. Клара Аманаттын бул тарбиясын жактырган жок. «Мындай эркеталтаң бала башыбызга шор болот» деди ал. Баланы өзүмчүл кылбай, катуу кармоо максатында, «унчукпай отур! Кийимиңди кирдетпе! Бутуңду тазалап кир! Тамакты унчукпай отуруп же! Көзүңдү жум, укта,!» деген буйрук сөздөрдү кың дебей аткарууга мажбурлады. Эркин жүрүп, эркин сүйлөп көнүп калган Элзардын көңүлүнө бул катуу тийди. Ал өзүнчө жалгыз калганда: «Унчукпай кантип отурууга болот? Кийимди кирдетпеш үчүн ойнобой коюш керекпи?» деген суроолорго баш катырып, бирок жооп таба алчу эмес. Кийин аны атасынан сураганда: «ойнобогон, сүйлөбөгөн, кийимин кирдетпеген бала болбойт. Бирок, ойногондо да, сүйлөгөндө да жакшылап ойлонуш керек» деп койду. Элзар баары бир жакшы түшүнгөн жок.

Окуу башталганда Элзар мектепке, атасы лекцияга кетчүү болду. Эми атасы экөө кечинде гана, үйдөн жолугушчу. Мектеп жакын болгондуктан Элзар өзү барып келчүү. Атасы жумуштан кеч келээр эле. «Жумуш оор, керээлден кечке лекция окуйм» дечүү ал. Кыясы, сабак окутат го... Көбүнчө энекеси менен үйдө болот. Анда деле Элзарга: «Сабак оку! Кийимиңди тазала! Полду сүртүп кой!» де-

геп гана буйруктарды берчү. Көбүнчө жолдошторун ээрчите келип, ашканада бажылдаша сүйлөшүп, кенен залда музыка угушуп, көңүл ачышчу. Андай учурда эшиктен кирип келатканда эле Элзарга: «Сен бөлмөнө киргин дагы, сабагыңды даярда!» деп эскертчүү энекеси. Ошол бойдон ал атасы келгенче бөлмөдөн чыкчуу эмес. Кээде сабак даярдап отуруп уктап калчу.

Элзар Бермет күткөндөй экөөнүн ортосуна данакер болбостон кайра айгак чыкты. Үйдө болгонун болгондой, көргөнүн-көргөндөй, төкпөй-чачпай, атасына айтып берчү.

— Коля байкени сен тааныйсыңбы? — деди Элзар бир күнү.

— Кайсы Коля?

— Мамам менен такай үйгө келип жүрөт го, узун бойлуу, сулуу киши.

— Билбейм, таанybайм го... Көрсөм балким, таанырмын... Ал эмне дейт?

— Мага эч нерсе дебейт... Бирок, мамам экөө дайыма эле өбүшө берет. Эмне, бизге жакын тууган болобу? — деп сурады Элзар. Бул сөздү укканда Аманаттын денесин тер басып, башы тегеренип чыкты. Албетте, мындай окуяларды угуп, көрбөсө дагы, шектенүүсү бар эле. Азыркы жаңылык, шектенүүдөн чындыкты жараткандай болду...

Коля жөнүндөгү кабар үйгө бүлүк салды. Чатак күн сайын күчөдү. Ага кайын журту түгөл кийлигишти. Ресторандын директору болуп иштеген кайын агасы ачык эле коркутканга өттү:

— Сен бекер оокатка көптүң, жигит! — деди ал ай-үйга келбей, сөздүн ток этээр жерин айтып. — Кайын атаңдын сага кам көргөндөрү жакпаса, карындашымдын мозгисин чакпай, каалаган жериңе барып, жапайы турмушуңду өткөрүн. Анткиң келбесе, куйругуңду кыпчып, жөн жүр! Болбосо, көзүңдү тазалаш анча кымбатка турбайт... Түшүндүңбү?!.

— Бул эмне дегениң? Абал мурун менин сөзүмдү укпайсыңбы?! — деди Аманат ызалуу.

— Укпайм!.. Сенден кайсы сөз чыгат... Мен бир гана сүйлөйм. Экинчи жолу бул темада беттешсең, дайынсыз жоготом!.. Бар, кете бер! — деди ал, Аманаттын ээгинен кармап, артка итере түртүп...

Акыры чатак ырбап, Элзар эчен ирээт токмок жеп, Аманаттын партиялык билети тытылгандан кийин, кадырман кайын энеси кыскача кеңеш берди:

— Ырыс кесээр турбайсыңбы, кагылайын. Өзүңдүн жыргаган уяңды жеридиң!.. Бекер аял алып, бекер тамдуу

болуп, кудайга шүгүр мансапка жеттиң эле. Ошону асырап, кастарлагың келбеди!.. Эми болоору болду, калган акылың өзүңдө, кагылайын. Башында эле Кларага ылайык эместигиңди байкагам... Кызыбыздын көңүлүн кыя албай, ушул жыйынтыкка келгенбиз. Кошомат кылсак дагы жетесиздигиңди көрсөттүң! Сага айтаар бир гана сөз, кагылайын, сотко арыз жазып, кызыбыздын башын бошот. Өзүң каалаган жериңе барып, оокатыңды кыл.

— Менин кайсыл күнөөм бар, эне?! — деп сурады Аманат, жүрөгү өрттөнгөндө.

— Күнөөңбү?.. — Кайын энеси мыскылдуу жылмайды. — Сенин турган турпатыңдын баары күнөө. Күнөөдөн башканы сенден көрө албайм. Жүргөн-турганың, сүйлөгөн сөздөрүң, жасаган мамилең, өзүңдү өйдө сезген маданиятсыздыгың, арамза ойлогон оюң, кыскасы, түзүлүшүңдүн баары күнөө. Мен ушундайча түшүнөм, кагылайын...

Сотко чейин эле баары бүттү: «Коммунист аялын туура тарбиялай албаган үчүн, жана да партиялык документти сактай билбегендиги үчүн» партиянын катарынан чыгарылып, кызматтан бошотулду. Элзар экөөнө эки чемодан көтөрүп үйдөн чыкты. Сотто Элзар энесине калтырылып, алименти кесилген. Бирок, тагдырдын Аманатка калтырган шыбагасы ушулбу, энекеси Элзарды атасынын артынан кууду.

Баардыгынан ажыраган Аманат шаардан акыркы күнү узап жатып: «Мен көп нерседен ажырадым, көп нерсеге уттурдум, бирок, бактымдан ажыраган жокмун! Ал мына, өз колумда турат!» деп, Элзардын тыпыйган колун бекем кармап, кубанычтуу жылмайган.

Кантсе да «туугандын топурагы алтын» деген сөз бекер айтылбаса керек. Өздөрү каржалып, турак жайларынан ажырап, кыйналып жатышса да, Аманаттын кайгысын туура түшүнүп, көңүл жубаткан кеп-кеңештерин айтышып, жардамдарын аяшпады. Тез эле айылдык орто мектепке мугалим болуп орношуп, колхоздун адистерге арнап салган төрт бөлмөлүү тамынын бирине кирди. Эки кабаттуу заңкыраган мектепте өзүнүн курбулары, тааныш агайлары иштешет экен, жайдары кабыл алышып, өрүлүктөп тосушту.

Бермет эми иниси үчүн чындап киришип, «мурда өзүң билгенсиң, эмкисин мен билем» деп, айылдан жакшы кыз издеп, акыры үч жылы удаасы менен окууга барып өтпөй келген, чабандын кызы Сайкалды келинчек кылып алып берди. Ушулардын баары дагы деле оной-олтоң бүтүп, турмуш эч кимден кем эмес өтүп жаткан шекилдүү. А бирок,

көңүлдө чөгүп жаткан зылдай муздак туюмдун жибип кетээр түрү жок.

Эки аялы тең Аманат үчүн окшош болду: бири өзүп ашкан акылдуу сезсе, экинчиси ой жүгүртүүнү билбеген түркөй чалыш неме. Экөө тең Аманаттын акылына акыл кошуп, кеңешчи болуп бере албады. Кларасы: Сен караңгысың, жапайысың, киши менен мамиле түзүүнү билбейсиң» деп жемелесе, Сайкалы: «Сен акылдуусуң, билимдүүсүң, ошондуктан мени тениңе албайсың, сүйбөйсүң» деп, кылдан-кыйкым таппай, керээли кечке, таңды таң атканча таарынат. Ушул таарыныч менен айлар өтүп, жылга жакындап, эми төрөй турган болду. Сайкалдын таарынычын таратуунун амалын издеп, Аманаттын айласы түгөнүп баратат. Дагы эле «түшүнөөр, акылына кирээр» деген ишенички алданат. А чынында ортодо чыныгы махабаттын болбогонунан көрүп, тымызын өзөгү өрттөнүп, адамда андай арзуунун болгон, болбогонун, болсо кайда кеткенин түшүнө албай, армандуу кыңылдап койчу болду.

Өрттөнбөй, ата-бабам аңыз кылган
Арзуунун азабына, тозогуна!
Арзанга турду баары... Түшүнбөдүм
Өзүмдү кандай жанга кошорума...

Бул өзүнүн жүрөгүнөн чыккан саптар. Мындай саптардын канчасы жаралып, канчасы жоголбоду. Муну кыңылдап жүргөнүнөн улам, Элзар жаттап алган. Бирок, «арзуу» деген сөздүн эмне экенин түшүнбөй жүрөт. Ыңгайы келсе атасынан сурагысы келет.

Ансыз дагы Аманат уулуна турмушта эмне болсо ошонун баарын ачык айтып, жакшылап түшүндүргүсү, өзү жаңы эле билген нерсени да билдиргиси келет. «Бала баардыгын эртерээк билип, жакшылап түшүнсө, турмуштан өз ордун батыраак табат. Ансыз дагы биз бала тарбиялаган жокпуз. Тарбияны кийинтип, тойгузуп, кат таанытып коюу менен чектедик. Бул жеткиликтүү тарбия эмес. Малды бордоп семиртүүдөн айырмасы жок. Баланы тарбиялоонун али биз ойго албаган жактары көп» деген ойго такалат. Ушундан улам Элзар менен кадим чоң киши сыяктуу кеңешип, ой бөлүшкөндү жактырат.

— Кандай дейсиң? Биз береги жапайы жүзүмдөрдүн арасындагы калың чөптөрдү орок менен оруп, бадалдарга зыян кылып жаткан жокпусбу? — деп сурады Аманат. Элзар жеп жаткан жүзүмүн токтотуп, тез жооп бере албай, айланасына ойлуу серп салып, чөк салынган чөптөрдү, арасы шымаланып тазаланган бадалдарды көрдү. — Айтчы,

биз минтип, бадалдардын арасын тазалаганыбыз зыянбы? — деп сурады кайра.

— Зыян го... — деди Элзар кабагын түйө, ойлуу буруйуп. — Мурда аралай албаган эчкилер, эми оңой аралайт. Андан жей турган чөп таппагандан кийин, бадалдарды кемире баштайт. Бадалдар кабыгы аарчылгандан кийин куурап калат турбайбы.

— Туура. Туура айтасың, уулум. Калганын орбойбуз. Бүттү. Оргондорубузду боолап, жыйнайбыз да, токтотобуз. Туура эмес оруптурмун. Бадалдардын мынчалык куурап кеткенин сыртынан байкаган эмесмин. Ичин араласаң баары көрүнөт экен. Андан калса, бадалдын арасындагы көптөгөн ийиндерге, уяларга бүлүк салдым окшойт. Туура эмес кылыптырмын, бүттү,— деди Аманат кейиштүү.

— Эмне, балапан таптыңызбы?

— Жок, Кургап калган уялар көп экен. Коёндун ийиндери... Бир ийинден табылга таптым.

— Табылга? Эмне ал?

— Тигине, турбайбы... — Аманат жүзүмдүн түбү жакты башы менен нускады. Элзар ичинде толтура саргарган суюктугу бар, оозу бекем чырмалган айнек идишти көрдү.

— Бул эмне?

— Болбогон нерсе... Кимдир бирөө жүзүмдү сыгып, чыпкалап, оозун бекем таңып, коёндун ийнине чөптөн толтуруп, ага муну ороп үстүн топурак менен көөмп коюптур.

— Эмне үчүн?

— Ачыйт. Ичимдик болот.

— Ичеби?

— Ичет... Муну ким жасаганын билбей турам. Эгерде мугалимдер жасап кетишсе, мага айтышат эле. Алар кайра келишпейт. Мен ала бармакмын. Балким ошолордун ичинен бирөө келүүчү чабандар үчүн жасады бекен?

— Канча күндө ачыйт?

— Канчалык көп турса, ошончолук күчтүү болот дешет. — Аманат бул ишти анчалык билчү эмес. — А балким, эжем жасап жүрбөсүн ыя?

— Жок. Апам жасабайт! — деди Элзар өктөм. — Апам ичкен кишини жаман көрөт.

— Анда ким, Сайкалбы?..

— Билбейм,— деди Элзар бүшүркөп.

— Эмне кылалык муну? Ташка чаап сындыралыбы же, ордуна коюп коёлубу? — Элзар уулун сынай карады. Уулу тез жооп бере албай, дагы буйдала түштү.

— Сындырганыбыз уят,— деди Элзар кайрадан ойлуу буруюп. — Ордуна коюга да болбойт...

— Анда кандай кылуу керек?

— Үйгө алып барып коёбуз. Тийбейбиз. Жасаган киши келип, баары бир бизден сурайт.

— Беребизби?

— Беребиз бирок, ким жасаганын билебиз да.

— Анын эмне кереги бар?

— Уялтабыз.

— Уялтабыз дечи?.. жарайт, ошентсе ошентелик,— деп, атасы уулунун акылына көндү.

Ушундан кийин экөө үнсүз чөп боолаганга киришти. Элзар орулган чөптү боолукка салып, аны атасы боолап жүрдү. Боолап бүтүшкөндөн кийин аны беш-бештен бешемиктешет. Бир аз күн өтүп, басырылгандан кийин, ташып барып, бастырманын үстүнө жыйуу керек. Зыяны тийбейт, жазга маал мал төлдөй баштаганда кенен болот. Ансыз деле кышка тоют жетиштүү бирок, Аманат бекер отура албай, ушул жумушту таап алган. Эми окуу башталганча дагы көп күн бар. Ага чейин эмне жасоо керек деп, эртеден бери ойлонуп жүрөт.

Жүзүмдүн арасы, көлөкө, салкын эле. Шиңгил байлаган сабактары мөлтүрөп, жадырап күлүп тургандай сезилет. «Ушундан кантип адамга зыяндуу ичимдик жаралсын?» деп ойлойт Элзар. «Эң эле аялуу, кол тийгизгиң келбейт. Анан ушуну бузуп, зыяндуу нерсеге, ичимдикке айландырат. Адам аны ичип мас болот, жиндиге айланат Ушуга жүзүм күнөөлүүбү? Жаратылыш күнөөлүүбү? Жоок, адам... Атам экөөбүз дагы зыянкечпис. Коёндордун, чымчыктардын уясын буздук, аларды качырдык. Алар бизге сөзсүз капа. Балким, жүзүм дагы...»

Ушул тапта маңдайынан Чуктун элеси көрүндү. Күнгө тотуккан, кызыл жүздүү, келишимдүү бала, сымбаттуу кийинип, жүзүм жеп турат. «Мен түшүнүп бүттүм,— дейт ал, оор үлүтүнүп. — Жапайы деген сөз тазалыкты билдирет. А тигил өздөрүн өтө маданиятуу сезишип, эки аяктап басып жүрүшкөндөрдүн кылган-эткендери оош-кыйыштуу, өйдө-төмөн. Аларга түк ишенбейм. Балким ошолор өздөрү анык жапайы Мен түшүнүп бүттүм». Чук кабагын карыш салып, тетири карап турат. «Чук, ишенгин? Мен таш боор эмесмин. Балким мени жапайы десең дагы болот. Кээде энекемди көргүм келээри да чын. Себеби, ага жакшылык кылгым, жардам бергим келет. Бирок, ашкан айкөлдүк деле жакшы эмес го ыя? Мисалы, мына, Валерканы билесиң го? Канчалык ичсе деле, сүйкайган сулуу аялы кечирип, аркасынан ээрчип жүрөт. Мунусу кандай айтчы?..» Чук Элзарды жаман көзү менен узакка тиктеп турду да:

«Силерге түшүнүп болбойт...» деди да, көздөн кайым болду.

Боолукка чөптү салып, башын өйдө көтөрсө, аркы чатырдай чоң түп жүзүмдүн ичинде энекеси себетке жүзүм салып жатат. Шактарын сындырып, күбүлүп түшкөндөрүн былчыйта тебелеп турат... «Сен атаңды тарттың,— дейт энекеси. — Андыктан мен сени балам деп эсептебейм.» Элзар эмне деп айтаарын билбей, узакка ойлонду. Чындыкты айтса урат. Калп айтуу — андан кыйын.. Кандай кылганы оң?.. «Мен баары бир чындыкты айтам,— дейт Элзар. — Сен таш боор, калпычысың!..» Энекеси сүрдүү карап, колундагы жүзүм салынган себет менен атып урду эле, Элзар жалтанам деп, бир шиңгил жүзүмдү сүзүп алды. Жүзүм сабагынан үзүлүп жерге түштү. Уялганынан бирөөнү калтырбай терип кирди. «Жакшы болду. Бышып калыптыр. Апама ала барайын» деп ойлоду ал.

* * *

Күн кечтеп калганда кечөөтөн берки орулган чөптү боолап бүтүштү. Эми бадалдан сыртка алып чыгып, бешемиктеп жыйноо керек. Ошондо канча боо орулганы так саналат. Көлөкөдө жатып кургаган чөп, көк жашыл өңүнөн жазбайт.

Алыстан эркек кишинин үнү угулду. Валерка экен. Күндө кечинде келип чийки сүт алып кетчүү. «Бышырып, каймагын Валеркага берем» деген Суйкайган сулуу аялы. Кайыгы алдында, ашып кетсе жарым сааттык жол.

Мурда, жаңыдан таанышкан күндөрү Валерканын суйкайган сулуу аялы кошо келүүчү. Бермет апасы менен эзиле сүйлөшүп, иннисинин атайын эжеси үчүн келгенин мактап, өзү Валерка үчүн жердин түбүнөн бери ээрчип жүргөнүн, аны ашкере сүйөөрүн, анысын ичкиликтен куткарыш үчүн айран, сүт, каймак алып кетчүү.

Абалкы жолу ошол аял сүттү кичинерээк идишке алып, анын акчасын сунганы Элзардын эсинде.

— Кой катыгүн, мен сатпаймын. Тим эле кой,— деди Бермет апасы.

— Кантип?.. Бекер жок. Эч ким бекер эч нерсе бербейт. Алыңыз? — деди Суйкайган аял.

— А мен бекер эле берем. Алагой...

— Сиз эмне деп жатасыз?.. Мүмкүн эмес... — деп таңыркай күлдү суйкайган сулуу.

— Кой кагылайын. Мени ызалаба! Алсаң бекер ал, болбосо, бербейм.

Суйкайган сулуу аял жетине албай, айтаарга сөз таба албай, эч жерден мындай март адамды жолуктурбаганын, бул жакшылыкты эч качан унутпай турганын айтып, алкышын жаадырган.

Кийинчерээк каймак, сүт алуучу идиштердин көлөмдөрү чоңойду. Мурда үч күндө бирден алса, эми күн сайын келип алып кетишчүү болду.Кээде, үйдө киши болбой калса, бөлүнгөн энчисине окшотуп, жөн эле сурабай куюп кетишчүү болду. Муну айтып, Бермет апасы кээде күлүп калат...

— Сиздин каймагыңыз Валерканы оңдоду. Көрдүңүзбү, семирип баратат. Ичкиликти тап-такыр таштагандан бери жалаң каймак, сүт ичип, Валерканын ичтейи ачылды. Сизге чоң ыракмат. Бекер каймак менен багып жатасыз. Валеркам убадасына туруп, «ачуу айран ууртабайм» деп жүрөт. — Суйкайган сулуу аял келген сайын ушундай алкыштарды жаадырып, үч башка идишке: каймак, айран, сүт куюп кетүүчү.

Кийинки күндөрү Валерка жалгыз келип калды. Кыясы суйкайган сулуу аял бул өйүздөн ичимдик табылбасына биротоло ишенди окшойт. Валерка дагы аялынын ишеничин актагандай, коп сүйлебөй келип, көп сүйлөбөй айран, сүт, каймак алып кетет. Мүнөзү токтоо, ачылып күлбөгөн, бирөө менен чечилип сүйлөшпөгөн неме.

Ырас, каймак менен сүттүн аркасынан улам, кайыктын пайдасын жакшы эле көрүштү. Колхозго, дүкөнгө, шаарга же доктурга баруу керек болсо, жээктеги дөбөгө чыга калышып, кызыл жоолук булгалашат. Валерка кыйыктанбай сүзүп келип, кызматын көрсөтөт. Катнашуу жагы жайында.

Азыр ошол Валерканын үнү угулду. Бүгүн негедир эрте келиптир. Күндө кечке маал, уй сааган учурда келчү. Бадалдын четинде атасы экөө сүйлөшүп турушту. Элзар дал ушул учурда кайрадан жанагы Желкайыпты көргүсү келип, кокус көрүнүп калабы деп, калың бадалдын арасынан издеп турган. Эгерде Желкайып кайра көрүнсө, аны эркелетип, тамак берип, колдон келсе кармап, мойнуна каргы тагып, чынжыр менен байлап, көнгүчө агытпай, дайыма ээрчитип жүргүсү келди. Ал аябагандай акылдуу болуу керек. Өзү да чоң, сүрдүү экен. Кулагы тикчийип, сулуу, көзү жалындап турат. Андай ит менен түнкүсүн тоого чыксаң да коркпойсуң!.. Бирок, Желкайып көрүнбөдү.

Демейде аз сүйлөгөн Валерка негедир шайыр экен.

— Сен чарчапсың. Аябай чарчапсың. Ушунча чөптү орок менен оруш оңой бекен?! — деген Валерка бадалдын арасына кирип келатты.

— Кыйналганым жок. Бекер жатпай, жүзүмдүн арасында жүрүп эс алдым. Байкадыңбы, жапайы жүзүмдөр быйыл шагын көтөрө албай турушат.

— О, керемет! Өзүнчө керемет! Сен бул жердин атын «Африка» деп туура койгонсуң.

— «Африканын» айласы кетип баратпайбы,— дейт асан кайгы атасы. — Жапайы жүзүм көрүнгөн жерде өсө бербейт. Биздин республикада, мен билгенден ушул гана жерде өсөт. А биз аны кадырлабай жатабыз!..

— Мен кадырлайм! Мен кадырлайм, Аманат. Ырас, былтыр бул жерди анча түшүнгөн эмесмин. Быйыл менин сүйүүм башкача!..— Валерка көйнөгүн чечип, шакка илип, жыланачтанды. — Бул жер керемет! Өзүнчө бейиш!.. Менде ой пайда болду!.. Аны шашпай айтам...

— Валерка, сенде кандай ой пайда болгонун билбейм. Бирок, менин дагы оюм бар. Эгерде аялың экөөңөр жардам берсеңер, биз ушул жердин жер-жемиштерин терип, мамлекетке өткөрөлүк. Кандай дейсиңер? — деди Аманат кызууланып.

— Негизинен туура. Эмне үчүн болбосун...

— Мен тиешелүү жерлерге барып сүйлөшөйүн. Биз теребиз. Сен өйүзгө чыгарасың. Өзүлөрү келишип жүктөп кетишет. Ыя, кандай дейсиң? Сага ушуну кеңешейин дедим эле...

— Мен аялыма айтайын. Ал жардам бере алаар бекен? — деп ыңгыранды Валерка.

— Жардам бербесе мейли. Өзүбүз деле жетишебиз. Сен өйүзгө чыгарып турсаң болду.

— Жо-ок, ал мындай иштен качпайт... — деп, бир нерсени айталбагандай буйдалат үштү Валерка. — Бирок, абал мурун ага билдирбей өзүбүзгө жетишээрлик кылып даярдап алышыбыз керек,— деди көзү жайнап.

— Бизгеби? Жегенгеби? Толуп жатпайбы! Анчалык көптүн эмне кереги бар?..

— Кереги бар! Керек болгондо да кандай дейсиң! Бир жылдык үч жылдык, керек болсо беш жылдыктарды жасайбыз,— деди Валерка көзүнөн жалын чачыратып. — Мен аны сага үйрөтөм. Анын бир айлыгын мына азыр сага көрсөтөм! — Валерка кеп-сөзгө келбей, бадалды аралай чуркап барып, өзүнүн белгилүү жерин көрүп, сенейип туруп калды.

— Аны сен каттың беле? — деди Аманат супсуну суугандай шалдырап..

— Алдыңбы?! — Валерканын өңү бузула түштү.

— Ооба, тигине, турат...

— Мага калтырдыңбы?! — Валерканын үнү кектүү чыкты.

— Оозун ачканым жок. Ошол калыбында. — Аманат таарынгандай артына бурулуп, бооланган чөптөрдү ташыганга киришти.

Валерка денесин шак тигилгенине карабай, кастарлуу мүлкүнө учуп жетти да, айнек идишти аярлай алдына алып, оозунун бекемдигин байкап, ичиндеги суюктукту акырын чайкап көрүп, кыйлага алектенди да, анан көңүлү жайлангандай сүйлөдү:

— Бардыгы жайында экен... Көрөбүз. Азыр ачып көрөбүз... Кел Аманат отур? Татып көр!? Кандай экен байка?! Чарчаганың басылат. Анан мага алкыш айтасың. Хи, хи, хи... Мына мен кургатылган балык ала келгем. — Тер баскан жүзүн шашпай шыпырып, чөнтөгүнөн кагазга оролгон балыкты алып чыгып, жерге койду. — Кел эми, жумушуңду кой?! Менин тырмак алдымды чогуу татып көрөлү.

— Бул ачытманы ким жасады десек, сиз белеңиз? — деди Элзар кабагын түйүп. Ал баятан бери Валерканын кыймылын кызыга карап турган.

— Ооба, чүрпөм. Мен дагы бир нерсе жасоону билем,— деди Валерка күлүп.

— Муну ичкен киши мас болобу?

— Эмнесине мас болсун. Сен жүзүм жеп жатасыңбы?

— Ооба...

— Ошондой эле тамак. Ишенбесең татып көр... — Айнек идишти ачып, оозунан жутуп көрдү. — Бах, бал! Тим эле бал татып калыптыр. Отур Аманат? Сен дагы отур, чүрпөм? Идишиңди ала келип, куюп ич. Бул керемет суусундук. Грузиндер мындайды чакалап ичишет. Мен жапайы жүзүмдөн жасоого болобу, жокпу, билейин дегем. Демек, баардыгы жайында экен! Буйурса,иштин пийине келтиребиз!.. Аманат, ууртап көрсөң? Сен грузиндин Ча-Часын ичип көрдүң беле?

— Жок,— деди Аманат көңүлсүз.

— Анда азыр ичип көр? Эмкисин өзүң жасайсың!..

— Ыракмат, мен ичпейм.

— Эмне үчүн?

— Мага жакпайт. Башынан бери ушундай...

— Бул арак эмес. Грузин виносунун рецеби менен жасалган суусундук. Чарчап турганда табылбаган нерсе. Ичип көрсөң?

— Валерка байке,— деди Элзар. — Сиз дагы, атам дагы ичпесин. Мен ичейин дагы, жакпаса төгүп салайын. Ошондо туура болот.

— Сөз эмес бекен! — Валерка ыңгайсыз күлдү. — Мен атайын аракеттенип жасасам. Аны сен төгүп салсаң. Жо-ок чүрпөм, жарабайт. Муну ырыскы дейт. Ал эми ырыскыны төкпөйт, билдиңби?

«Ырыскыны төкпөй жүр!» деген сөздү Бермет апасы такай айтаары чын. Бирок, бул ырыскыбы, жокпу, Элзар ушуну ажырата албады.

Валерка абал мурун: «таттуу экен, бал татыйт, жетиле элек экен» деп ууртап-татып, бир аз тарткынчыктап отурду да, анан чоң банканын теңине жакынын ичип жиберди. Ошондон соң туздалган балыктан кумарлана жеп, терин аарчыды.

Бул учурда Аманат уулу экөө бадалдын арасындагы бооланган чөптөрдү сыртка алып чыгышып, бешемиктеп жүрүштү. Көңүлү көтөрүлгөн Валерка Аманаттын жанына келип, жардам бергиси келди окшойт, бооланган чөптү көтөргөнчө жайдарыланып сүйлөй берди. Анын сөзү көбүнчө ичимдик жөнүндө болуп, жапайы жүзүмдү өзгөчө мактап кирди.

Сиз мас болдуңузбу? — деди Элзар Валерканын жанына келип.

— Мас, Мас дейсиңби? Жок, чүрпөм. Эч кандай мас эмесмин. Жүзүмгө кантип киши мас болсун. Мен мас болсом, анда сен дагы массың. Хи, хи, хи. — Анан бир боо чөп көтөрөм деп, чалынып жыгылды да, отурган калыбында ойлуу сүйлөдү: — Чүш-ш... Кызуу болсом азыр тарап кетет. Силерге жардам берем.

— Сен туура эмес кылдың, Валерка,— деди атасы, оюн ачык айтып. — Эгерде ичкиң келсе, үйүңө алып барып, аялыңдын көзүнчө ичсең болмок.

— Аялыңдын көзүнчө? Хи, хи, хи... Аялымдын көзүнчөбү?..

— Эми ал бизге капа болот...

— Аны кой, кудай алсын... Сага калтырдым, жүр ичип ал?

— Атам ичпейт! — Элзар ортого тура калды. — Сиз калпычы турбайсызбы!.. Аялыңызга ичпейм деп убада бересиз да, азыр массыз.

— Аял?.. Убада?.. Хи, хи, хи,.. Аялды сен түшүнбөйсүң. Качан түшүнгөндө сен дагы мен кылганды кыласың.

— Кылбайм! — деди Элзар орой.

— Кыласың! — деди Валерка дагы ачуулу.

— Кой уулум, улуу кишиге антип айтыш жарабайт... Бар, чөптөрдү ташый бер...

— Менин аялымды силер эле укмуш ойлойсуңарбы? —

Валерканын жини келе түштү. Азыр баягы жоош Валерка жок эле. —Адамды абал мурун билип туруп, анан баа берүү керек. Баардыгы «Чындык! Чындык!» деп көкүрөгүн мушташат. А бирок, эч ким чындыкты айтпайт. Кайра, чындыкты айткан кишини «жинди» деп шылдыңдашат. Аялым эбиреп-жебиреп сүйлөсө, анык чындык. А мен башымды жерге салып, унчукпай жүрсөм күнөөлүдөй сезилем. Ушундай да, ээ?!

— Мен сени сүйлөбөй жүргөнүңдү күнөөлөгөн жокмун, Валерка. Азыркы ичип алганыңды гана айтып жатам.

— Айтпа! Билбей туруп айтууга акың жок!..

— Жарайт, кечирип кой? — Аманат жактырбагандай тетири бурулду.

— Антип кечирим сураба?! — деди Валерка алдын тосуп. — Сен мени түшүнбөй туруп, мазактап жатасың!

— Валерка, бул эмне дегениң? Мазактаган киши мендей болобу? А балким, сен мени мазактагың келип жаткандыр?

— Жо-ок, андай эмес? — Валерка жиндене тегеренди. — Тап-такыр андай эмес... Бери кел, сага бардыгын айтып берем,— деди да, Аманатты ой-боюна койбой, колунан жетелеп, туздалган балыктын жанына алып барды. — Отуруп, менин сөзүмдү ук! Ошондон кийин экөөбүз сөзсүз дос болобуз. Сен ошондо сөзсүз ичесиң!.. А сен, чүрпөм, ойной бер,— деди Элзарга. — Атаң эс алсын. Бир аз сүйлөшүп отуралы.

Валерка кызуу сөзгө кирди. Атасы мас кишинин жетегине көнгөнүнө Элзар тымызын таарынып, кепке кылыя кулак төшөйт. Аманат адатынча мааниси жок сөздү күңт коюп угуп, момурап отурат.

— Менин аялым кыз кезинде мындан дагы сулуу болучу,— дейт Валерка, тамекисин аптыга соруп. — Айылдагылар анын атынан айтпай «Пери кыз» дешчүү. Эмнесин айтасың, чынында эле чүрөк болучу! Ал эми андай чүрөктүн артынан ээрчигендер көп болоорун билесиң го? Бул кыз бой тарткандан баштап эле бойдок аттуунун баардыгы сары изине чөп салып, артынан ээрчип, самсаалап жүрүштү. Албетте, ошолордун ичинде мен дагы бар элем. Бойдок болгондон кийин кылаарың ошо да, чынбы?

— Ооба, ооба, чын...— деди Аманат солгун баш ийкеп.

— Орто мектепти бүтөөрдө андан бетер көркүнө чыгып, биздин кыштактын чаңдуу көчөсүндө өтүп баратса, көчүгүн көтөрө албаган чалдар дагы тамшанып карап калышчуу. Андай Периге жигиттер кантип тамшанбайт, ыя?!

— Туура...

— Албетте туура...— Валерка тамекинин түтүнүн бурулдата үйлөп, куйуттуу үшкүрдү. — Бирок, тамшанганда да туура эмес тамшангандыгыңды кийин билет экенсиң. Мына мен ошентип, кийин билдим...

Аманат сөздүн аягын угуудан тажап, ордунан туруп кетүүгө канчалык аракет кылса дагы, аткара алган жок. Буга окшогон тагдырга ким кабылбаптыр!.. Бирок, Валерка Аманаттын ой-боюна койбой аягына чейин угууга аргасыз кылды.

— А сен көңүлдөнүп уккун! Мен сени адам экен деп, ачуу тагдырымды айтып жатам. — Валерка сөөмөйүн кезеп; орой сүйлөдү.

— Угуп жатам, Валерка, угуп жатам...

— Ошентип уккун!.. — Валерка кайрадан кейиштүү толгонуп, сөзүн улады. — Сулуунун бир тууган агасы биз менен окуучу. Албетте ал дагы бойдок да. Биз барган жакка барып, биз сүйлөгөндү сүйлөп, биз ичкенди иччүү. Эсеп жеткис кыздар менен эсеп жеткис сүйлөшүп, эсеп жеткис ичпедик!.. Андай учурда, өзүң билесиң, аралашып эле калат го, ыраспы?

— Ооба, балким...

— Ар ким эле алиги Периге жеткиси келип, колдон колго өтүп кетчү. Ал сулуу биринин дагы көңүлүн калтырган эмес. Ох, арман ай!...

— Анын эмнесине өкүнөсүң, жаштык да...— Аманат сөздү ушул жерден токтотуп, ордунан тургусу келди эле, Валерка чыңырып жиберди.

— Токто! Сөздү аягына чейин уккун! Мен дагы акыл айтканды жакшы көрөм. Учурунда башка акыл кирбей калат. Өткөндөн кийин чепебеген акылдуу болуп кетем. Азыр менин акылым жайында, акыл үйрөтүштүн кереги жок!..

— Угуп жатам го, Валерка.

Валерка чылымын кайра тутантып, аптыга-аптыга соруп, оор үшкүрүп алды да, сөзүн улады.

— Ошентип биздин сулуу баардыгыбыздын көңүлүбүздү калтырган жок. Түшүнүп жатасыңбы?

— Түшүндүм Валерка...

— Ал гана турсун, бир тууган агасынын дагы көңүлүн калтырбаптыр... Буга ошол бойдоктордун баардыгы күбө!..

Экөө тең үнсүз отурушту. Валерка ыйлап жаткандай башын төмөн сала үңкүйүп, алсыз жөтөлдү. Аманат ыңгайсыз абалда Валерканы жалдырай тиктеди.

— Мектептин акыркы коңгуроосу болгон күнү «Пери кыз» мени бийге чакырып, «сени жанымдан артык сүйөм!

Мага үйлөнгүн?! Антпесең, бүгүн кечеден кийин сөзсүз бирөө жетелеп кеткени турат. Ошондон сактап кал, жаным!?» деди ал. Кубанычым койнума батпай, кече бүтө электе эле, Сулууну үйүмө жетелеп кеттим. Ата-энем, тууган уруктарым үнчукпай кабыл алышты. Ал турмак, куттуктап да коюшкан жок. Арадан күн өттү, ай өттү, той эмес, тойдун карааны болбой, ата-энемди кой, бирге жүргөн досторум дагы саламга келишпей, жүзүн үйрүп келишти. Бир күнү жанымдай көргөн жубайым: «бул жерден кетели. Антпесек, экөөбүздүн бактыбызды көрө албай жатышат» деп көз жашын көлдөттү. Ошондон бери экөөбүз жер кезип келатабыз. Барган жерде тааныштарга туугандарга жолугам... Дагы бир жерден жакын жолдошума, бир кезде чогуу жүргөн классташыма жолуктум. Ал мага анык чындыкты түшүндүрдү... Көрсө, менин сулуум жөнүндө элдин баары эбак билишкен экен... Мен гана баардыгын кеч түшүндүм...

Валерка сөзүн токтотуп, үнсүз үңкүйдү. Аманат эмне айтаарын билбей, өзүнчө бушайман. Ушул учурда Элзар сүйгөн ырынын обонун ышкырып кирди. Азыр ушинтип обонун гана ышкырат, сөзүн ойкуштатып ырдачуу:

Моңолдордун кыздары,
Мени менен ойнобойт.
Мени менен ойносо,
Жез билерик саламын,
Женеке кылып аламын.
Кош билерик саламын,
Колукту кылып аламын...

Муну Бермет апасы үйрөткөн.. Азыр сөздөрүн айтыштан уялабы, кээде обонун ышкырыкка салып калат. Бир кезде Элзар ушул ырды ойкуштап ырдап калганда, карап отурушкан аял, эркектер, кайгыларын унутушуп, жетине албай сүйүнүшчүү. Элзар аны көп жолу байкаган. Азыр атасы менен Валерканын сезээр түрлөрү жок.

Валерка ордунан кыжына турду.

— Жүр,— деди ал Аманатка. — Калган вннону ичебиз. Сага калтыргам.

— Ыракмат, мен ичпейм. Ичкиң келсе өзүң ич. — Аманат Валерканын көңүлүн көтөргүсү келип, өтө жумшак сүйлөдү. Валерка ансыз дагы ошондой ойлогон окшойт, үнсүз бадалдын арасына кирип кетти.

* * *

Аманат бүгүн уулуна «Мактум жөнүндөгү жомокту» айтып бергиси келген. «Чыныгы арзуу кандай экенин билип алсын. Бизге окшоп тайыз махабатка азгырылбай, адамдык сүйүү баарынан кымбат экенин эми түшүнсүн» деп ойлогон Аманат. Бирок, Валерка жаңы жомоктун айтылышына жолтоо болду.

Күн уясына отурган кезде үчөө үйгө түшүп келишти. Бермет уй саап, Сайкал кемегеге тамак жасап жатыптыр.

— Апа, мен бүгүн Желкайыпты көрдүм,— Элзар алыстан эле Берметти карай кыйкыра чуркап.

— Желкайыбың эмне? — Бермет саанын токтото коюп сурады.

— Киришени Желкайыптан тууду дебедиң беле. Ошону көрдүм.

— Эмне дейт, тукумуң өскүр... Ал кандай неме экен?

— Кулагы тикчийген, көзү кып-кызыл, тумшугу шиширээк, өзү көк экен.

— Сен көргөндө ошондой беле? — деп сүрөттөдү Элзар.

— Мен кайдан көрөйүн, жөн эле айткам. Аны кайдан көрдүң?

— Чоң таштын жанындагы жүзүмдүн түбүндө жатыптыр. Кирише көк күчүгүн ошол жерге алып барчу турбайбы. Сайкал эжем бүгүн дагы ошол жерден таап, көтөрүп келаткан. Желкайып бизден коркуп үйгө келалбай, күчүгүн ошол жерден күтөт окшойт, э апа?.. Болбосо, Кирише күчүктү эмне үчүн ал жакка көтөрүп барат? Болгондо да жанагы Желкайыптын өзүнө окшогон эркек көк күчүктү көтөрүп барат экен. Эгерде Желкайып күчүгүн көргөнү үйгө келсе, тамак берип эркелетип, кармап алалыбы? Иттей чоң, сулуу экен. Мен мойнуна каргы тагып, чынжыр менен жетелеп жүрөт элем. Түн ичинде да коркпой, талаага барсам болмок!..

— Кайдагыларды айтат, тукумуң өскүр. Жолбун ит бизге карматабы. Үйгө жолобой калсын. Ушул жерге үйүр алган дөбөттөрдүн бирөө го. Баса, андай чоң, көк, кимдин ити бар эле? — Бермет саанын бүтүп, ордунан турду да, Элзарга ойлуу карады. — Сен кашкулакты көрүп алып жүрбө?

— Кашкулак?.. Кашкулак эмне?

— Кашкулакты билбейсиңби? Андан ошол кашкулак. Тумшугу шиш, мурдунун үстүндө эки ак сызыкчасы болот.

— Билбейм,— деди Элзар ойлуу буруюп. — Эки ак сызыкчасын байкаган жокмун.

— Анда ошол кашкулакты көргөн турбайсыңбы. Бул жерге ит кайдан келсин дейм да... Чабандар алыс...— Бермет апасы ак чакага толтура көбүктөнгөн сүттү көтөрүп, чарпаяга барды. Адатынча Валерканын идишине куюп, оозун жаап, баштыгына салып, көтөрүп кетүүгө даярдап койду. Валерка болсо эшик алдындагы саябанда көмкөрөсүнөн түшүп, бырыксып уктап жаткан.

Аманат Сайкал экөө үйдө окшойт. Каалганы тартып алышыптыр. Ангыча каалга катуу ачылып, Аманаттын колунан булкуна суурулган Сайкал каадасынча кабагын бүркөп сыртка чыкты. Аманат эжесинен ийменип, калп күлгөн болуп, кайра үйгө кирип көрүнбөй калды. Сайкал кемегеде булоолонуп жаткан казандын капкагын ачып, тамакты максатсыз аралаштыра баштады эле Бермет келинин жоошута сүйлөдү:

— Тамак бышырууну мага кой, Сакибай. Сен балдарга каймак катыктап, ысык чай бер, тигине, самоор кайнап турат. Бир аз эс алып турсаңар тамак бышат. Ошентегой балам?..

Бирок, Сайкал «балдарга» чай да бербей, кайнап турган самоорду да карабай, улуу кишинин сөзүнө жооп да кайтарбай, бош чаканы көтөрүп, сууну карай кетти. Аманат сүлгүнү мойнуна илип, анын артынан жөнөдү. Экөө суунун боюнан кайрадан жолугушту да, түгөнбөгөн күңкүлдөк сөзгө киришти.

Элзар Кирешенин күчүктөрүн улам карап, Желкайыпка окшоштуруу менен убара. Эки күчүк энесинин жанын койбой эмишип, жылуу уяда бейкапар жатышат. Куу канчык кандайдыр бир кылмыштуудай, өзүнчө эле Элзарга кошоматтанып, күчүгүн алып кетирбөөнүн амалын кылгансыйт.

Бермет келининин мамилесине тымызын жүрөгү зыркырап, өзүнчө тогуз толгонуп, кемегенин боюнда отурду. Анан өзүнүн жаш кези, жубайы, ага жасаган мамилесин эстеди. «Мен ага кандай мамиле кылчу элем? Дегеле таарынган, урушкан күнүм эсимде жок... А байкушум, мени эркелетип, көңүлүмдү көтөргөн күнү деле болгон жокко? Жумуш дегенде мени унутуп калчу. Ушул жолду бүткөргүчө төбөсү менен тик сайылып иштеди эле, шордуум. Бригадир болгон соң элдин мүдөөсүн аткаруум керек дечүү. Бей-бечераларга кийип турган кийимин, үйдө болгон ашты да кармата берчү. Ошондо да үн катчу белем? Мен аялдык кылып, үйдөгү көр тирилик жөнүндө өйдө-төмөндү айтып калсам, «жөн отурчу, сен эмес, тигил жакта жумуш бүтпөй жатат» деп чуркап кетчүү. Менин көңүлүм менен эсептешчү беле? Жумушум, жумушчуларым деп жүрүп өл-

ду, шоруң каткыр. Мына ошол кастарлаган жолун суу басып, карегиндей көргөн жумушчуларынын бири калбай көчүп кетишти. Дагы деле мен «жүзүмдү ачып көргөн жубайым» деп, бейнтиндин башына шам жагып, эртели кеч куран окуп отурам. Эрден көңүлүм калса мелики калмак экен, бир жолу аркамдан ээрчип, капамды жаза албай сабылып коюптурбу?.. Сыягы, азыркылар ушундай го...

— Апа, мен билдим! — деди Элзар Кирешенин күпкөсүнүн жанынан кыйкырып. — Мына бул көк күчүк мен көргөн итке аябай окшош экен. Демек, анын дагы тумшугунда эки ак сызыкчасы жок окшойт. Карасаң, күчүктүн мурдунун үстүндө сызыкча жок турбайбы. Демек ал, Желкайыптын өзү Көрөсүң го!..

— Болуптур эми, кайдагы жок нерсени айтпай, ташта күчүктү! Колуңду жууп кел, тамак ичебиз. — Аңгыча казандын түпкүчүн издеп, чарпаянын жанына барды да, көмкөрөсүнөн түшүп уктап жаткан Валерканы көрө сала кыйкырды: — Ыя каран күн! Береги эмне жатат, дардайып?! Түн кирип баратат, кетпейби!? — Ошентти да, анан жанына барып кыйкырды: — Ай Валерка, кетпейсиңби? Сүтүңдү бая эле куюп ырастап койгом...

— Ал мас,— деди Элзар.

— Эмне дейт, башың өскүр? Кайдагы арак? Жөн эле мас боло береби?

— Жөн эмес эле... Жүзүмдөн ачытып коюптур. Коёндун ийнинине каткан экен, биз таап алганбыз. Барып, ошонун бардыгын ичти.

— Шумдугун ку-ур! — деп кыйкырды Бермет. — Ой, сен кайдагыларды айтасың? — Анан Валерканын мастыгын текшергиси келдиби, так жанына барып, ылдый эңкейип, түрткүлөй баштады. — Ай Валерка, Валерка дейм?!

Валерка көзүн ачып ордунан турду да, балдырап сүйлөй баштады.

— Мен кетпейм, эже. Тамагыңызды дагы ичпейм. Ушул жерге жатып, уктай берейин? Эч нерсеге зыян кылбайм.

— Ай, аялыңчы? Аялың эмне дейт? Ал байкуш сенин ичпей калганына сүйүнүп жүрбөдү беле?! Качан ачыта койгонсуң, бул түгөттү?

— Аны сураба, эже? Бул ачыткан эмес, мына эми ачытабыз. Сизге үйрөтөм. Бир жылга чейин сактасак, коняк болот! Ошондо сизди жердин түбүнөн издеп келип, акчасына алалбай жалдырашат. Береги жапайы жүзүмдөн жылына жүз миңдеген киреше табууга болот. А сиз аны билбей жүрөсүз, эже!.. Мен сизге үйрөтөм. Азыр эле эрежесин

айтып берейин, сиз жазып алыңыз, жарайбы? — Валерка ордунан тамтаңдап тура баштады.

— Кой, айланайын! Жазбайм, кереги жок. — Бермет алыстай качты.

— Валерка байке, жүрүңүз, мен сизди кайык менен жеткирип келейин,— деди Элзар астейдил. — Болбосо аялыңыз күтүп, таарынат.

— Жо-ок, чүрпөм! Карышкырдын оозуна башымды салып бергидей жинди эмесмин,— деп, ызалуу ырсайдай күлдү Валерка.

— Эртең деле тил угасың. Андан көрө бүгүн кетип кал. Аялың кабатыр болот. — Бермет сүт куюлган идишти даярдады.

— Эртең эмнеге тил укмак экемин. Тил укпайм... Кайык ташка тийип, түбү тешилди. Ошону бүтөй албай жаттым, деп кутулам. Силер менин ичкенимди айтпагыла, макулбу?

Сууну Аманат көтөрүп, Сайкал артынан келди. Дагы деле элдешпей калышса керек. Элзар экөөнү жактырбагандай кылыя карап, «Булардын максаты эмне?» деген суроо көңүлүнө тамды. «Ар бир жандын жашоо максаты болот. Ошол максаттын аткарылышы үчүн күрөшөт. Бул адат, айрыкча адам баласында өнүккөн. Максатсыз жашаган адамды тирүүнүн өлүгү деп коюшат. Максат менен жашаган жакшы. Бирок максаттын бардыгы бирдей эмес. Анын ичинен зыянсыз, ыймандуу максатка бет алуу керек» деп сүйлөйт атасы. Азырчы?.. Азыр эмнени ойлоп жүрөт? Кандай максаты бар экөөнүн?..»

— О, Аманат, мен кетпей калдым. Кайыктын түбү тешилди. — Валерка алжактай күлдү.

— Качан тешилди? Эмне болуп тешилди! — Аманат чын эле ага ишанды.

— Калп айтат! — Элзар кыжырлана сүйлөдү. — Аялынан коркуп, баргысы келбей жатат. Эртең барып уштинтип айтам дейт

— Ошондойбу... Аны өзүң бил... — деди Аманат жактырбай.

— Эмне үчүн өзү билет? Жүрүңүз жеткирип келебиз? Аялы бизге ыракмат айтат. Болгон чындыкты билдирүү керек, туурабы ата?

— Ай кичинекей кожоюн, койгун? Жолдошчулукту сатпоо керек! — деди Валерка, ыңгайсыз жылмайып. Анын өңү бузула түшкөн эле.

— Мен сизге жолдош эмесмин! — деди Элзар өктөм.

— Жолдош болгондо да кандай!., А мен сага ишене-

мин... Бүгүнкү окуяны силер айтпайсыңар, ал эч нерсени билбей калат. Ошондо гана мындан кийинки ишибиз үчүн жакшы. Кайык такай силердин карамагыңарда болот. Эгерде биз ишеничтен кетишсек... — Валерка сөөмөйүн кескен боюнча сөзүн токтотту да, кадыр эсе кыжынып, «пристанга» карай жөнөдү. — Ооба, кайык тешилди. Азыр бир мык кагып жиберсем, бардыгы жайында болот. Мына, азыр эле...

— Кой эми,— деди Аманат колунан кармап. — Кетпесең кетпе. Жүр, үйгө киребиз.

— Кайыктын тешилгенин көрсө, аялым сөзсүз ишенет. Болбосо силер...

— Болуптур эми, айтпа десең, айтпайбыз да... — Экөө кучакташып үйгө кирип кетишти.

— Калпычылар! — деди Элзар экөөнүн артынан жек көрө карап.

— Сакибай, дасторкон жас, балам,— деди Бермет. — Мен казанды көтөрүп кирейин.

Баары үйгө кирип кетишти. Каш карарып баратты. Теребел мемиреп тынч. Тойгон музоо энесинин жанында бейкапар кепшеп жатат. Короонун ичинде жаткан жандыктардан чыккан үн гана ээн капчыгайды шоокум жаңыртат. Киреше күпкөсүнүн ичинде эки күчүгүн эмизип, ойлонуп жаткан шекилдүү, көзүн бат-бат ачып, жумат. Тээ өйүздө Валерканын жарыгы күйдү. Аркы чоң жолдон өткөн машинелердин жарыгы жылтылдап, үнү кылайып угулбайт. Жанаараак, кечки жарыкка жасалма көлдүн бети кулпунуп турду эле, мына эми, тап-такыр көрүнбөй калды. Ал турмак бүдөмүк көрүнгөн эки асканын ортосу капкараңгы туңгуюктай, сүрдүү сезилет. Жакын жерден бабырган үрдү эле, жыланач аскалар коштой экиленип, кара түндүн сүрүн арттырды. Азыр ай отуруп тийип калган мезгил. Ушул учур эң эле көңүлсүз... Адатта кечкисин балдардын үнү гана кыштактын көркүн чыгарып турат эмеспи! Ал учур эчак унутулат. Опурап-топураган жан жок. Электр жарыгы эчак жоголгон. Жаңы ГЭСтен арзан электр алынса деле, Кара-Булуңга келээр эмес. Күүгүм кирди бүттү, эртерээк тамактанып, төшөккө жатуу керек. Мурда атасы менен жатканда узакка чейин сүйлөшүп, кызыктуу жомокторду укчу. Азыр ал дагы унутулду. Апасы жомок билбейт. Андыктан көзүн жумгандан кийин Чук, Онгуран, жапан кишилер, Кайберен-зортеке жөнүндө ойлонуп жатып уйкуга кирет, Элзар. Бүгүн балким, түшүнө Желкайып кирээр?..

Валерка менен атасына таарынган Элзар үнчүкпай ойлуу отуруп, кесме ичип жатат. Валерка тамакты кылайып

оозуна албай, көнгөн адатынча көмкөрөсүнөн жатып алган. Сайкалдын дагы деле кабагы ачылбай, кесмеден ичип-ичмексен болуп, ойлуу. Аманат сүрсүгөн кабырганын этинен кесип, келинчегине сунду, анысы такыр албай койду. Анан жасакерленип, оозуна салууга аракет кыды.

— Койчу!? Жебейм! — деди ачууанган Сайкал.

— Бирөө сунган насипти алып коюш керек, балам... — деди Бермет апасы акырын.

— Жебейм!.. — Сайкал орой күнк этти.

— Сен таарынтып койгонсуң го? — деди Аманатка. — Курулай эле таарынта бересиңби?!.

— Курулай эле таарынып жатпайбы,— деди Аманат калп күлүп.

— Таарынбайт. Эмнеге тарынмак эле. Сенден кетип жаткан го. Бул азыр бала: кагылат, согулат, билет, үйрөнөт, түшүнөт. Ага чейин таарынтпагын. Адамдын баары эле акылдуу болуп төрөлбөйт эмеспи. Садага болоюн, иче кой тамагыңды...— Бермет Сайкалды эркелете карады эле, жаш келин жылуу сөзгө эреркедиби, көзүнө жаш заматта толо түшүп, ордунан атып турду да, сыртка чыга качты.

— Баладай дагы түшүнүгү жок! — деди Аманат ызаалуу күңк этип.

— Түшүнүктүү аялдан кайсыл жакшылыкты көрдүң эле?.. Сен буга бир нерсени түшүндүрүүгө аракет кылбай, жайына кой! Жанына көп имерчиктебей, өз жумушуң менен алектен. — Бермет инисине акыл катары жеме узатты.

Бардыгы ойлуу, унчукпай калышты. Элзардын жүрөгү негедир кысылып, ичине уйгу-туйгу ойлор батпай, кандайдыр бир чындыкты айтып, кыйкырып ыйлагысы келди...

Сайкал сыртка чыкса, кемегедеги чок өчө элек экен. Чокко коюлган чайнек кайнап жатыптыр. Кемегенин боюна отура калып, көзүнүн жашын сыгып жиберди да, чакадагы суу менен бетин чайкап, калганын кемегедеги чокко сээп, өчүрүп, кайнаган чайнекти үйгө ала киргени келди. Сырт бүлбүл жарык болучу. Ошо тапта Кирешенин күчүктөрү кыңылдап, Сайкалды эрксиз каратты. Күпкөнүн жанында килейген дөбөт турганын көрдү. «Бул кайдагы дөбөт?» деп ойлоду ал. Жакыныраак басып барып, жакшылап караса, кулагы тикчийген, буттары узун, дөбөт күпкөнүн оозунда туруптур. Кireше жасакерленип, анын бут алдында кулуйуп жатат.

— Кет! — деди Сайкал. — Бул кайдагы ит. Кет дейм!? Көк дөбөт ордунан кыймылдабай, башын көңүлсүз буруп, Сайкалды карады.

— Кет! — деди Сайкал кайра. — Өлүгүңдү көрөйүн, кайдагы жолбун бу, кет дейм! — Колундагы кайнаган чайнек менен тап берип, аны коркуткусу келди.

Көк дөбөт көз ачып жумганча атырылып келип, чайнекти булкуп өттү эле, кайнаган суу дөбөткө жаба берип, чайнек алыс тоголонду. — И-ний, өлүгүңдү көрөйүн! — Каарданган Сайкал жерде жаткан чоң баканды ала коюп, дөбөттүн артынан кубалады. — Кайдан чыккан балакет бу?!.

Дөбөт алыска кетпей, так кемегенин кырында Сайкалга октолуп турган эле. Каарданган Сайкал узун бакан менен башка чабаарда, дөбөт баканды булка тиштеп, качырата чайнап жиберди. Кураган долоно бакан бычырап кеткенде Сайкалдын үрөйү уча түшүп, үйдү карай качты. Жанталашкан келин босогону аттай бергенде, көк дөбөт артынан атырылып келип, бою менен тең асыла секирип, ийнинен булкуп ыргытты.

— А-аай! — деп кыйкырды Бермет, кесме куйган табак менен дөбөтү атып уруп.

— Ке-ет! — деп кыйкырды Аманат, отурган ордунан козголууга чамасы келбей, көз чакчайып.

— Карышкыр! — деп бакырды Валерка, ордунан атып тура калып.

— Желкайып, ке-ет! — деди Элзар. Ал азыр коркуунун ордуна негедир кубангандай көзү жайнады.

Көк дөбөт кандай кирсе, ошондой тездик менен эшиктен атып чыгып, көздөн кайым болду. Эсинен танган Сайкал дем алалбай, чалкасынан жатты. Ийнинен аккан кан төшөк үстүн жошолонтуп жиберди.

— Катыгү-үн! Эмне шумдук болуп кетти?! — Бермет дөбөттүн тиши айра тарткан этти жабыштыра кармап, Аманатка кыйкырды. — Эмне турасың?! Тигил кийизден кесип алып күйгүз! Ак шейшептен айрып жиберип, ысык боюнча жаратты бекем таң! Бол эрте!?.

— Аманат... — деп акырын шыбырады Валерка.— Мылтык барбы? Мен сыртка чыгып атып таштайын! Бул карышкр турбайбы...

— Атпайсың! — деди Элзар өктөм. — Бу Желкайып!

— Турчу мындай! — деди атасы, ачууланып,— Обу жок сүйлөбөй! — Анан ала кийиздин четинен кесип жатып, Валеркага көңүлсүз жооп берди. — Мылтык жок...

— Анда өлдүк!.. — деди Валерка көзү чакчайып. Ошентти да акырын басып, эшикти бекем тартып, ичинен илип койду.

Бардыгы Сайкалды эс алдыра албай алектеништи. Өнү

купкуу бозоргон келин өлүктөй сулк жатты. Аманат карбаластап, күйгөн кийизди ысык боюнча кан аккан жерге жерге басып, шейшептин айрындысы менен таңып жиберди. Жараат ачыштырды көрүнөт, келин акылына келип эчкирип ыйлап жиберди. «Карышкырдын тиши уу, муну эртерээк врачка жеткирүү керек» деп ойлоду Аманат. Көзү чекчейген Валерка эшик алдында тикесинен туруп, карышкырды кантип өлтүрүүнүн амалын ойлоду. Колун жууганга суу таппаган Бермет этегине чала-була аарчып, «малдын баарын кырып таштады го бу түгөт» деп күдүктөндү. Сыртка кантип чыгуу жөнүндөгү ой үчөөнү тең кыйнап турду.

Элзардын эшикке чыккысы келди. Бая, Сайкал жебей койгон сүрсүгөн майлуу кабырга чачылган дасторкондун четинде жатат. Ага нандан кошуп алып, эшикти акырын ачып, Желкайыпты чакыргысы келди: «Желкайып, кел, тамак ич? Курсагың ачып калгандыр? Сайкал катуу айтып койсо, ага ачууланба? Анын кыялы ошондой... Мындан ары сени эч кимге уруштурбайм. Кел, Сайкал эже жебей койгон кабырганы сен же. Келегой?!» деп айткысы келди.

— Валерка, бизди өйүзгө чыгар? — деди Аманат жалооругандай. — Машине тосуп, врачка баруу керек.

— Кантип? — деди Валерка үрөйү учкандай көзү чекчейип. — Азыр өйүз эмес, эшикке чыгууга мүмкүнбү?!

— Чыгабыз. Башка арга жок! — деди Аманат чечкиндүү.

— Мен баралбайм! — Валерканын ыйлагысы келгендей өңү бузулду.

— Анда сен кал. Биз кайык менен өйүзгө чыгалы.

— Мен кантип калам?.. Карышкырчы?.. А тигил, аялым эмне дейт?

— Анда жүр, чогуу чыгалы? Врачка барбасак болбойт, түшүнүп турасыңбы?

— Түшүнүп го турам...— Валерка айласыз шүмүрөйдү. Азыр ал аябагандай коркуп чыккан эле.

Аманат кийизден куургуч жасап, колуна асма чыракты алды.

— Сарайга барып, муну керосин майга чылап келейин. Күйгүзүп көтөрүп алсак, карышкыр жолобойт.

— Кантип чыгасың? — деди Бермет, коркконунан шыбырап сүйлөп. — Балакет болуп, карышкыр эшик алдында турса кантесиң?

— Кандай кылсак дагы чыгуу керек! Сайкалды доктурга жеткирбесек, коркунучтуу,— деп көшөрдү Аманат.

— Мен кошо чыгайын? — деди Элзар.

— Кой катыгүн!? — Үрөйү учкан Бермет, баланы булка тартып, кучагына имерди. — Коркосуң?!.

— Коркпойм, апа. Мен ага тамак көтөрүп алам,— деди Элзар.

— Дайыны жок сүйлөбөчү! — Ачууланган Аманат уулун жекире карап, ошол калыбында сыртка чыгып кетти.

Аманат сыртка чыкканда демейдегидей эле, сыртта бейпилдик экен. Байланган уй ордунан турбай, музоосунун жанында кепшеп жатат. Киреше эки күчүгү менен күпкөсүнөн жылбаптыр. Короодогу жандык өз калыбында, көп тойгондоруна чыдабай онтолоп, адаттагыдай тынч. Ушуларды көрдү да, жаңы эле болуп өткөн окуяга түк ишенгиси келбеди. Алиги кирип чыккан көк карышкырдан дайын жок. Көндүм болгон адатындай эле, эшик алдында эркин басып, сарайга кирип, керасинге куургучту малып, кайра үйгө башбакты.

— Өх, келдиңби?! — деди Бермет терең дем алып.

— Эртерээк чыккыла?! Керасин күйүп түгөнүп калат. Кайыкка чейин жарык жетели,— деди Аманат шаштырып. — Валерка, жүр.

Баардыгы карбаластап, үнсүз сыртка чыгышты. Жалгыз гана Сайкалдын ый аралаш онтогону басыла элек. Эшикти чала-була бекиткен болуп, «Пристанды» көздөй шашыла жөнөштү. Колуна балбылдаган жарыкты кармаган Аманат Сайкалды колтуктап, алдыда баратат. Ортого Элзарды жетелеген Бермет түшүп, асма чыракты көтөргөн Валерка артта келатты. Өчөшкөнсүп, эшик өлчөөсүз караңгы эле. Күн бүркөлүп калган окшойт, жылдыздар дагы жарашыктуу көрүнбөйт. Кайыкка чейинки аралык анча узак болбосо да булар үчүн жердин түбүндөй — узак туюлду. Айлананын баардыгы сүрдүү, кооптуу көрүнүп, жүрөгү алкымына тыгыла корккон Валерка чыракты артына кармап, эки жагын элеңдей каранат. Түндөтөн бери күйөөсүнөн боюн алыстатып, көргүсү келбеген Сайкал, азыр күйөөсүнөн ажырабачуудай жабышып алыптыр. Элзар гана эки жагына элеңдей карап, Желкайыптын караанын издеп баратат.

Алар жуп кайыкка жакындаганда куургучтун майы түгөнүп, кийиз кара көөгө айланды. Асма чырак көтөргөн Валерка жанталашып алдыга өтө качты. Айлана заматта караңгылап, жалгыз гана Валерканын колундагы асма чырак көрүнүп калды.

— Кайык бардыгыбызды көтөрөбү? — деп сурады Аманат.

— Көтөрбөсө дагы түшөбүз. Бул жерде кимдин калгы-

сы келсин. — Кайыктын тумшугуна жаңы жеткен Валерка жибин чече албай шашкалактады.

— Эмне дейт карангүн, чөгүп кетпейбизби?— деп безилдеди Бермет, Элзардын колунан бекем кармап.

— Силер баргыла. Биз апам экөөбүз калалы,— деди Элзар. Бирок анын сөзүн эч ким уккан жок. Дал ушул учурда Элзардын арт жагы шытырай түштү да, көк дөбөт атырылып келип, кайрадан Аманатка сүйөнүп турган Сайкалдын этек тарабынан серпип өттү.

— Апа-а! — деди Сайкал бакырып.

— Коку-уй! — деди Бермет.

— Өлдү-үк! — деп кыйкырды Валерка.

— Желкайып, тийбегин!? — деп кыйкырды Элзар. Ошол замат Желкайыптын карааны көздөн кайым болду. Карышкырдын тиши Сайкалдын этине жетпей, көйнөгүнүн тең этегин тиштей кетиптир.

— Тезирээк отургула!? — Валерка кайыктын ичинен айкырды. — Азыр баарыбызды өлтүрөт! — Андан соң уңулдап ыйлаганга окшогон үн чыгарды да, чөнтөгүнөн ширеңке алып чыгып, кутучанын ичине жалын коюп, колуна кармап турду. Төртөө үн-сөзү жок кайыкка отурушту. Кайыкты байлаган жип чечилбей калган экен, Валерка аны жалын менен күйгүзүп жиберип, көлгө чыкты.

— Бул кутурган карышкыр экен! Азыр артыбыздан сүзүп келет! Бизди сөзсүз өлтүрөт! Бүгүн биздин өлө турган күн! О кудуре-ет! — деп, Валерка үнүн баспай уңулдап отурду.

Беш киши оордук кылды окшойт, кичинекей кайык, сууга дээрлик капталынан кирип кетти. Күн күркүрөп, жамгыр жаай тургандай кейиптенди. Кайыктын ичиндегилер бирин-бири жакшылыктуу көрүшпөй, Валерка тээ өйүздөгү өзүнүн эшигинде күйүп турган жарыкты бет алып, жан үрөй калак шилтейт. Сайкалдын жүрөгү түшүп калганбы, ыйын түк басалбай кыңкыстап, Аманатка жабышып жатат. Берметтин коркунучу мурдагыдан күчөдү, кайык азыр эле көлгө чөгүп кетчүүдөй, жүрөгү дүкүлдөп, ичинен күбүрөнө алладан жардам сурап, жан тери келди. Кайыктын каптал жагы шарпылдай түшүп, отургандардын жүзүнө суу чачырады.

— Мына, айтпадым беле. Карышкыр бизди кууп келе жатат! Ал сууда укмуш сүзөт дебедим беле! Өлдүк! Өлдү-үк! — деп кайрадан кыйкыра баштады Валерка. Отургандар туш-тарабына жанталаша карашты. — Кыймылдабай отургула! Кайык оодарылып кетет. Өлдүк! Өлдү-үк! У-уу!— — деп уңулдады ал.

— Кудай жалгагыр, өкүрбөчү?! — деди Аманат. — Андан көрө калагыңды бирдей шилтесең? Эки жакка чайпалтып жатасың.

— «Чайпалтып» дейт тура! Өлүп бараткаңың менен ишиң жокпу? Эч нерсени түшүнбөгөн макоолор! Дагы мага акыл айтып коёт... Кайдан да бардым экен силерге аа! У-уу!.. — Валерка жиндене калак шилтеп, үнүнүн барынча өкүрө берди. Бет алдынан шамал күчөй согуп, кайыкты алдыга жылдырбай тургандай сыяктанды.

Башкалары жандарын ойлоп капарына албады, Элзар Валерканын сөзүнө катуу терикти. «Эч нерсеге түшүнбөгөн макоолор дейт тура!.. Түшүнгөндө кандай кылыш керек эле? Бул жөн гана, кайыктын ээси болгондугу үчүн чоң сүйлөп жатканы. Ээси болсо эмне экен? Кайыксыз кишилердин баарысы «эч нерсе түшүнбөгөн макоо» болуп калышабы? Кайыкты сатып алууга болот да. А акылды сатып алууга болбойт, албетте. Мен муну айтамын. Азыр баргандa аялына бардыгын айтамын» деген бүтүмгө келди Элзар. Баардыгын коркунуч чырмап, тамактарын бүтөп салгандай болду, бирок кууп келаткан карышкырдан дайын билинбей калды.

— Карышкыр бизди куубастыр? — деп күңкүлдөй сурады Бермет.

— Куубайт. Ал сууда сүзүп көргөн эмес,— деди Аманат.

— Короодогу малдын баарын кырып салаар бекен?

— Ким билет?.. — Аманат акырын оюн улады. — Балким тийбейт. Бул жем издеп келген карышкыр эмес. Мунун максаты башка... Кыясы, Киреше ушул карышкырдан күчүктөгөн окшойт.

— Ошондой го, кудай албагыр...

— Баласын көтөрүп кеткени келсе керек.

— Ким билет, каргашаны...

Экөө саамга үнчүкпай калышты. Өмүрүндө мындай окуяны көрбөгөн Берметтин жүрөгү али ордуна келбей, санаасы санга бөлүнүп, бул окуянын аягы эмне менен бүтөөрүн биле албай, кыйналды. Баягы жаманчылык жылдары, карышкыр адамга кол салып турган учурда дагы мындай окуяны кулагы чалбаган. «Талаада жайнаган мал турса, үйдө отурган кишиге кол салганы эмнеси?..»

Аманат дагы ушул ойго камалып отурган. «Эмне үчүн экинчи жолу Сайкалга кол салат?..» Бирок, бул суроону ачык айтуудан коркту...

Элзар апасы менен атасынын сөздөрүн угуп, өзүнчө ойго батып отурат: «Желкайыпта эч кандай күнөө жок. Күнөөнүн баары Сайкал жеңеде. Эгерде көк күчүктү чоң

таштын түбүнөн көтөрүп келбей койсо, Желкайып үйгө келбейт болчу...

— Куураган Киреңе Кумайык тууп жүрбөсүн? — деп күбүрөндү Бермет.

— Кумайык деген кандай неме? — деп сурады Аманат.

— Кумайык — иттин көк жалы дешет. Аны сейрек гана ит тууйт имиш. Кокус Кумайык аман чоңойсо, карышкырды үйүрү менен кырып, ал чөлкөмгө жолотпойт дечү. Көк жал карышкыр Кумайыктын туулганын жытынан билип, издеп таап, көзүн ача электе жок кылат деп уккам.

— Бул дагы кызык экен... — деди Аманат акырын.

— Апа,— деди Элзар жандуу. — Анда жанагы көк күчүк Кумайык турбайбы ээ?!

— Кайдан билейин. Укканымды айтып жатпаймынбы,— деди Бермет апасы кабатырлана. — Кандай айтсак дагы, бир каргашага туш болдук...

Жээкке жакындап калышты окшойт. Жамгыр дыбырттап жаап кирди. Валерканын үнү негедир басылып, калакты шилтеген сайын, күшүлдөгөнү угулат. Сайкалдын солкулдаганы басылбай, ооруган жери чыдатбай баратабы, кыңкылдаганы күчөдү. «Боюнан козголуп калбаса экен» деп кабатырланат Бермет. «Кокус кутурган карышкыр болсо, Сайкал соо калбайт!» деген ой, Аманаттын тынчын кетирет...

Кайыктын каптал жагынан суу кайрадан шарп этип жок болду.

— Чоң балык окшойт,— деп кобурады Аманат.

Элзардын көзүнө чоң балык элестеди. О мурда эле ушул дарыяда адамдан чоң балыктар бар деген сөздү укчу. «Эми алар жаян болуп калышкандыр! Ошол жаяндар биздин ноопасты эмдигиче жеп түгөтүштү го?.. Байкуш Ноопас!» деп кейиди Элзар.

Валерканын калагы эки ирээт ташка урунду. Жээкке чыгып калышкан экен. Кайыктын тумшугу кумга сүрүлүп барып токтоду. Валерка биринчи секирип түшүп, кайыкты тумшугунан кармап турду.

Кургак жерге буту тийгенде сүйүнгөн Бермет кыйла эс ала түшүп, Элзарды колунан бекем кармап, эч кимге карабай алдыга жөнөдү. Аңгыча Валерканын сулуу аялы аларды утурлап, чуркап келатканын көрдү.

— Силер кимсиңер? — деп чаңырды аял, алыс токтоп.

— Бизбиз, кагылайын,— деди Бермет, каңырыгы түтөп.

— Айткылачы, менин Валеркам барбы? Аман-соobу?

— Бар. Аман эле... Бизге жаман болду кагылайын. — Бермет жакынын көргөндөй эреркеп, бир аз жашып кетти.

— Любаша, кырсык! Кырсык, Любаша! — Анын үнү ыйлагандай жашык дагы, жалынгандай аянычтуу да эле. Ангыча, арттан Валерканын жалынычтуу үнү угулду:

— Эмне кырсык? Кандай болгон кырсык? Айтчы?! Тезирээк айтчы?!

Мен сенден чочулап, өлбөй аз эле жерден калдым. Мынча келбесең өлмөкмүн! Сөзсүз, көлгө түшүп өлмөкмүн! Эртең сөөгүмдү да таппайт элең! Кана айтчы? Амансыңбы? Соосуңбу деги? — Любашасы ый аралаш сүйлөп, күйөөсүн өпкүлөп жатып, тык токтоду. — Сен ичтиңби!?. Сен ичипсиң! Сен массыңбы?!. Сен массың! — деди тажаалдана кыйкырып.

— Любаша, укчу? Ичкен деле жокмун... Мына буларга жардам берем деп... Любаша уксаң?! — Валерка сөзүн ирээттүү айталбай, жанталашып аялынын колун кармоого аракет кылды.

— Жо-ок, укпаймын! — деди ал Валерканы алка жакадан алып. — Эми таптакыр укпаймын! — Күйөөсүн чакылдата башка муштап, бир колу менен чачынан толгоп, экинчи колу менен кулагын үзүп алчуудай толгоду. — Мени гана алдайсың э, наадан!..

— Сабыр кылыңызчы? — деди Аманат ортого түшө калып. — Биз эң катуу кырсыкка кабылдык...

— Тургун ары илешпей! — Каарданган аял Аманатты бет талаштыра чаап жиберди. — Окшошкон наадандар! Билгем силерди! Жөн жүргөн кишини бузуп. ...Кеткиле! Жоголгула, бул жерден!

— Туура эмес! Сиз туура эмес айтып жатасыз! — деди Элзар ортого кыпчылып. — Күйөөңүз өзү күнөлүү. Жапайы жүзүмдөн ачытып...

— Тургун кыпчылбай, жапайы чөө! — Суйкайган сулуу аял баланын колунан кармап булка ыргытты да, Валерканын чачынан коё бербей, үйүн карай сүйрөп жөнөдү.

— Кокуй, эртерээк кетеличи?! Жүрчү, кагылайын?! — деди Бермет Элзарды жетелей тартып, Элзар булкунуп ыйлап жиберди.

— Жапайы чөө сизсиз! Билдиңизби, сиз чөөсүз. — Бирок, Элзардын сөзүн Суйкайган сулуу уккан жок. Ал Валерканы «Любаша, уксаң» дедиртип, бирок бир дагы сөзүн укпай, тажаалдана кыйкырып, үйүн көздөй сүйрөп бараткан.

Ызасы ичинде калган Элзар кыйлага чейин артын кылчак карап, өпкөлөп ыйлап келатты. Аманат онтологон аялынын азабын тартып, болуп өткөн окуяга анча маани бербеди көрүнөт, чоң жолдун боюна жетүүгө шашты.

Төртөө чоң жолдун боюна жеткенде алай-дүлөй жамгыр төгүп, чагылган так төбөдө чартылдап, жүрөктүн үшүн алды. Бермет Элзарды коркпосун деген ойдо кемселинин этегине калкалап, чоң таштын түбүнө корголошту. Ошондо да Элзардын ыйы басылган жок. Ачуу кыйкырык менен күйөөсүнүн чачын апчый кармаган ак саргыл аял көз алдынан кетпей, «Чөө!» деген сөз кулагына жаңыра берди. Мындай жаман сөздү, мындан жаман кордоону элестете албай, өпкөлөп ыйлады. Чагылгандын чартылдаганы кулагына угулбай, карышкырдын качырганы эчак эсинен чыгып кеткен. Учурунда бир ооз каршы сөз айтышпаган Бермет апасына, айрыкча атасына катуу таарынды...

Машине «дүр» этсе, Аманат далдоодон сыртка чыга калып, жанталаша кол көтөрүп, же анысы токтобой, улам чуркай берип, алма-чөлмө суу болду. «Шоферлор караңгыда коркуп, токтобой жатышат» деди Аманат күңкүлдөп. Эми алыстан машиненин үнү угулганда Бермет чыга турган болду. Элзар ыйын тып басып, апасы менен кошо жөнөдү. Экөө жол боюнда эрбеңдешип, жарыша кол көтөрүштү эле артисттер түшүүчү кичинекей автобус экен, кыйла алыс барып токтоду.

— Караңгы түндө кайдан жүрөсүңөр? — деди шофер терезесинен башын чыгарып. — Уулуңуз кайыгып калган жокпу?

— Кайыккан жокмун. Байке, бизди ала кетиңиз? Эжем абдан ооруп атат,— деди Элзар, кабинанын жанына чуркап жетип барып.

— Ой азамат! Сени сөзсүз алып кетемин... Түшкүлө эми?!

— Биз төртөөбүз, кагылайын. Ойдо жок жерден кырсыкка учурадык. Келинимди карышкыр талап... — Бермет узак сөзгө киргенде эле, Аманат менен Сайкал машинеге киришип, жумшак орундукка отуруп калышкан.

— Калганын машинеге отуруп айтыңыз, эже, суу болдуңуз? — деди шофер.

Машиненин ичинде экөөнөн башка киши деле жок экен. Шофердун жанында отурган салабаттуу киши кыргызча тап-так сүйлөп, (өзүн маданият үйүнүн директорумун дейт) бул жердин ийне-жибине чейин биле турганын айтты. Берметтин сөзүн кунт коюп угуп, жабыр тарткандарга аябай жаны ачыды. Ал дагы бул суунун бекер тосулганын, мамлекет канча зыян тартканын, бир колхоздун элинин тарткан түйшүгүнө кейиди.

— Ошону айтсаң, кагылайын. Бир кезде, мындай техника жокто, жалаң кара күч менен бүтүргөн жолубуз, за-

матта түп орду менен жок болду. Эл көчүп кетишти. Көр оокаттын айынан мен эле жалгыз калгам. Эми, көргөнүм бул... — деп даттана сүйлөдү Бермет.

— Ырас токтогон экемин... Береги жигит болбосо (Элзарга башын нускады) чынымды айтсам, токтомок эмесмин. Ушундай караңгы түндө, ээн капчыгайда, ким токтойт?.. — Шофер өзүнө курсант болду.

Элзар апасынын жылуу колтугунда мемиреп, көңүлү бир аз тынчып, бүгүнкү көргөн окуяларын ойлонуп баратат. Жакшы көргөн каармандары: Чук, Онгураи, Кайберен-Зортеке, жакшы көргөн жери «Африка» — жапайы жүзүмдүн арасын экинчи көрбөөчүдөй заманасы куурулду. Баарынан сонуну Желкайып эле! «Ал абдан акылдуу болуу керек. Болгону — биз ага түшүнө албай койдук. «Желкайып, тийбегин десем, эки жолу тилимди алды» деп кубана эскерди Элзар. Кокус «Африкага» кайра келишпесе, анда кандай болот?! Бул баарынан кейиштүү!.. «Чук, кокус биз «Африкага» кайра келбей калсак, сен Желкайып менен дос болгун. Ал сени алдабайт. Анан дагы Кайберен-Зортекеге эгерим ок тийгизбе?» деп күбүрөндү ичинен. Ушундан кийин Валерканын суйкайган сулуу аялынан көргөн ызасын, Валерканын ачытмасын, дайыма таарынычы жазылбаган Сайкал эжесин, жоош-момун Бермет апасын, көк көйнөкчөн энекесин, асан кайгы атасын, түгөл ойдон кечирип көрдү. Негедир баардыгынан өзүн оолактай, жакындай албагандай сезилди. Ошолордун ичинен Чук гана өзүнө бир кадам жакын көрүнөт. «Чук, сен айтпасаң дагы билип турам. Сен түшүнбөстүк менен ызага чыдабай койбодуңбу! Ырас, түшүнбөстүк менен ызадан ашкан азап жок окшойт. Карабайсыңбы, мен дагы көп нерселерге ыза болуп жүрөм. Эмне кылуум керек?.. Дагы ойлоном го...

Кайра деле ээн калган «Африка», Кирешенин көк күчүгү, Желкайып көзүнө элестей берди. Ушулардын баардыгы аянычтуу сезилди. «Ушулардын бардыгын эч ким түшүнгөн жок!.. Желкайып бүгүн көк күчүктү алып кетет же, өлтүрөт!..» деп күбүрөндү да, ыйлагысы келди.

— Апа, биз Кара-Булуңга качан келебиз? — деп шыбырады Элзар.

— Билбейм, уулум,— деди Бермет, оор улутунуп. Ушул улутунуу, Элзардын денесин муздатып жиберди.

Ушул учурда Сайкал ый аралаш онтоп, Аманат аны өз боoруна тарта кучактап, кейиштүү шыпшынды.

— Ата,— деди Элзар, жеңинен тарткылап. — Биз Кара-Булуңга келебизби?

— Коё турчу!? — деди атасы ачуулуу. Бир аздан кийин кейиштүү үн менен: — Аны ойлонуш керек... Ким билет, бизди дагы эмнелер күтүп турат?.. — деп кошумчалады.

— Кудай, жакшылыгыңды бере гөр?! — Бермет оор улутунду да, Элзардын жумшак чачынан сылап эркелетти.

Элзардын көз алдынан «Африка» менен көк күчүк кетпей, жок дегенде бүгүн Желкайып түшүнө киришин тиледи...

*1986-89-жж.*

# АҢГЕМЕЛЕР



## АЛТЫН ЧЕПКЕН

Картаң тоолор...

Эсепсиз картаң тоолор бири-бирине ыкташып, үн чыгарышпай купуя сыр айтып жаткан өңдөнүшөт. Булардын так жашын билген ким бар?! Ушул ташты ким басып, ушул чокуга кимдер чыкпаган. Ушул таш, ушул тоо, ушул аска, ушу суу, эчендеген болумуштарга күбө эмеспи! Кайсы бирин айтып берди?! Жаңы төрөлгөн нарсте менен кошо жаралгансып, күчөй куллуруп, күчөй жашарып, күчөй сыр катат...

Таң азандан бери жедеп жат болгон картаң тоолордун жылга-жыбытын, кокту-колотун түгөл кыдырып, курсагы ачып чарчаган Улан, айласы түгөнгөндөй, Ак-Чокунун тумшугуна чыгып эки жакты карап, эс алганы отурду. Арам өлгөн Тай-Буурулдун караанды эч жерден көрүнбөдү. Айылдаштарынын менчик жылкылары ар кайсы колоттордо жайылып жүрүшөт. Алардын ичинде Тай-Буурул жок. Кыштын каары өткөн жылкылар жерден башын алышпай, көк кууп, жайытты бат-бат алмаштырышат. Жана Сары-Булакта жайылып жүрүшкөн Жибек-Жалдын үйүрү азыр Ак-Чокуга таянып калыптыр.

Жибек-Жал — Кененбайдын менчик айгыры. Бул чөлкөмдө мындан чоң, мындан күлүк айгыр жок. Муну элдин баары билишет. Анан дагы, алтымышка чыкты дешет. А

балким, андан дагы улуубу, ким билет. Кайбири: «калп, Кытайдан келген Жибек-Жал мунун атасы болучу. Ал дагы дал ушуга окшош, сулуу, дубандан чыккан күлүк эле. Кененбай эжеси экөө Кытайдан минип келишкен. Жибек-Жал он эсый болчу» дешет. Мунун чын-быштыгын бир билсе Кененбайдын эжеси Жийде анығын айтаар. Ал кемпир абдан карып калды. Кененбай азыр деле күүлүү бирок, үйдөн алыска чыга албайт. Эмнеси болсо да айтылуу Жибек-Жал ушул, береги жыйырмага чамалуу кулун, бээлердин ичинде, алтындай жалын чубатып, алыстан эле көзгө урунат.

Оңбогон Тай-Буурулдун кайда житкени билинбейт. Анан деле «Тай-Буурул» деп кастарлап койгонун айтпайсыңбы! Өзү ыркыйган арык, узун жалдуу Буурул ат. Атасы такай үстүнөн түшпөй жүрсө арык болот да. Көрүнгөн үйгө тизгин тартпай бурулуп, алдынан киши чыкса тык токтоп, таң аткандан эл жатканга чейин кыйтың-кыйтың жорголоп жүргөнү жүргөн. «Өзүң бир бөлүмдүн башкармасы болсоң, башка ат тандап минбейсиңби» дешсе, атасы ага көнбөйт. «Тай-Буурулдай болобу. Үстүнүн тынчын айтпа. Жоош. Жалгыз өзүм бутун көтөрүп такалап алам» деп мактайт.

Атасы мактаган атын өзү жалгыз такалап жатып, мыкты тууралатып алыптыр. Кайра сууруп алса кан чыгып, анан бир аз сылтып калгандан улам, «эки, үч күн эс алсын, мыктын уусу тарап калаар» деп, үйгө калтырып кетиптир. Аялы дагы Тай-Буурулга боор ооруп, короонун ичиндеги жаңыдан көктөп келаткан бедеге бош коё берген экен. Ошол күнү Улан мектептен кеч келген. Үйдө ата-энеси кыжылдашып жатыптыр.

— Керээлден кечке үйдөсүң. Атты бир күнгө калтырсам, көз салып койгонго жарабадыңбы? — дейт атасы.

— Короого бош коё бергем, тойсун дебедимби байкушту. Күн батаарга жакын карасам, турган. Кармап, байлап коёюн деп, анан көр оокатка алаксып, эсимден чыгып кетиптир. Бир аздан кийин карасам эле жок,— деп күнөөлүүдөй сүйлөдү.

Ал түнү атасы экөө кошуналардын короолорун кыдырып, кыштактын четине чейин барып келишти. Эртеси дагы эки жактан көзөмөлдөп, таптыра алган жок. Кечээ кечинде жумуштан жөө чарчап келген атасы чечинип жатып, өзүнчө кейип-кепчиди:

— Эми канттим? Издейин десем, жумуш калат. Бригадир киши жөө жүрсө, жумушу бүтөбү. Же машинем жок...

— Мен издейин,— деди апасы,— Кайдан издесем болот?

— Кыйратасың! — деди атасы. — Талаадан таап келгенди коюп, колунда турганда жакшылап көз салганга үйрөнсөң... Жер жутуп кетти дейсиңби, Сары-Булак жакка эле кетти. Бир колотунда жүрөт да, эшейип. Чыксам эле таап келет элем. Кымындай чолоом жок...

— Анда мен барайын? —деди Улан астейдил.

Атасы уулун кызыга карап, анан коонтуу сурады:

— Бара аласыңбы?.. Коркпойсуңбу?

— Эмнеден коркот элем, кызык. — Улан намыстана түштү. Сегизинчи класста окуса, анан ушу турган Сары-Булакка барыштан кантип корксун...

— Жарайт... Коркпосоң барып кел,— деди атасы ишенкиребей. — Жөө чарчайсың. Табылбаса, күн батканга калбай баса бер. Мен мектебиңе айтып коём. Уланды бир сабактан калтырганыма кечиргиле дейм. Андай болсо, эрте жатып, эрте туруп, жөнө...— Ынангандай сөзүн бүтүрдү атасы.

Ошол Тай-Буурулду издегени чыккан Улан тыным албай Сары-Булактын кокту-колотун тинтип, Ак-Чокуга чыгып, эки жакты карап отурат. Бүгүнкү чарчаганына, курсагынын ачканына кайыл эле, жалгыз гана Тай-Буурул табылса болмок. Мына эми, күн уясына жакындап баратат. Эгерде Ак-Жондун аркы бетине түшсө, анда бүгүн кайтып келалбасы бышык. Ушул жерден үйгө кайтса деле жатаарда араң барат. Айла жок Тай-Буурулсуз үйгө кайтуу керек.

Эртеден бери басып келген жери Уланга эң эле алыс көрүндү. Кайра артына баскан жолу менен жөнөсө, эл жатаарда үйгө жетээри бышык. Ал эми ушул аскалуу чокудан тик ылдый түшсө, күн бата электе үйдө болушу мүмкүн. Жол аябай кыскарат... Аска анчалык коркунучтуу көрүнбөйт. Урчук таштарды тээп түшүп кетсе болгудай.

Ушул ойго ынанган Улан ордунан ыкчам туруп, урчук таштарды тээп, ылдый карай шуулдап жөнөдү. Кадимки эле тамдан шаты менен түшүп бараткандай сезди өзүн. Денесинен тер куюлуп, көзү караңгылап бараткан сезбей, жылаңач асканын бетине тырмышып түшүп баратты.

Асканын ортосунда кичинекей шагыл тектирче бар экен. Дал ошол жерге жеткенде үстү жагы шуулдай түштү да, бир көгүчкөн так жанына кулап келип жатып калды. Баш жагында айланган кыргый тепкен жемин алалбай, көздөн кайым болду. Улан сызып кеткен кыргыйга кызыга карап туруп, анан жарадар көгүчкөндү кармайын дегиче, ага жан кирип, ыргала ордунан туруп, ийрелеңдей басып капталды карай жөнөдү. Колунда турган көгүчкөндү кетирип жибергиси келбеген Улан, эки кадам алдында бараткан араң

жан көгүчкөнгө жете албай, шагыл таштар улам артка тартып, уламдан-улам өйдөлөй берди Аны таштап кетүүнү негедир намыс көрүп, жарадар көгүчкөндүн артынан калбай тырмышып отуруп, кичинекей үңкүргө сойлоп кирди.

Үңкүрдүн ичи караңгы болучу. Көз бир аз үйүралган кыйла жерин жарык кылды. Төрү оңбогондой кенен окшойт. Капталы кууш келип үстү жагы бийик экен. Жанагы көгүчкөн эшиктен эки метр узабай өлүп жатат. Анын жогорook жагында кызарган нерсе көрүндү. «Кийиктин өлүгү окшойт, — деп ойлоду Улан — Сүйрөп кирип, чала жеп таштаган экен». Кантсе да кызарган нерсени көрүү максатында ордунан туруп барып, эңкейип карады. Ал малдын өлүгүнө окшобойт, кадимки эле кийизден жасалган аяк капка түспөлдөштү. Улан ойлонбой туруп, аяк капты булуңунан кармап өйдө көтөрдү эле, кийиз колго келбей, упадай сапырылып кетти. Ичинен ак матанын чети булайып, кандайдыр бир нерсе оролуп жаткандай туюлду. Улан аны бутунун башы менен акырын козгоду эле, ак мата чаңдай сапырылып, ичинен жалтыраган нур чачырады. Ошол замат баланын бүткөн боюу дүркүрөп, үңкүрдө мындан узак турууну каалабай, эшикти карай ашыга жөнөдү...

Күүгүм кирген сайын эне-атасынын тынчы кетип, үйгө отура алышпай, кайрадан кер-мур айтыша баштаганда Улан үйгө кирди.

— Ат барбы? —деди атасы.

— Жок...— деп араң жооп берди Улан.

— Жоголмоктон житип кетсин! Өзүң аман келдиң болду. Кудай албаган кырчаңгыга карышкырдын тиши өтпөйт. — Энеси сөз арасында уулун чечиндирип, жуунтуп, дасторконго отургузду. Улан үнсүз тамактанып, жанагы көргөнү эстен кетпей, аны айтаар айтпасын билбей, узакка ойлуу отурду. Жалтыраган нерсени аягына чейин көрбөгөнүнө өкүнүп, айтуудан уялды. Коркоктой туюлуп жатпайбы!..

— Сен эмне кубарасың? Корктуңбу? — деп сурады апасы.

— Жок... — Улан чочугандай башын көтөрдү. — Корккон жокмун. Бирок, бир кызык нерсе көрдүм.

— Эмне көрдүң? — энесинин көзү чакчайды.

— Ак-Чокунун берки бетинде аска бар эмеспи э? — деп сөзүн баштады.

— Сен эмне, ошол аска менен түштүңбү? — Атасы эми сөзгө аралашты.

— Ооба, аска менен түшүп келаткам...

— Көрдүңбү?! Анаң сен тырмактай баланы ат издегенге

жибересиң! Аскадан түшүп келатып кулап кетсе эмне болот эле, ыя? Мен ушуну билгем! Өзүң бошой албасаң, бир кишинди жиберип издетсең эмне болмок!? Кокус эси жок бала аскадан майып болуп калса, кайдан табат элек, ыя? —Энекеси ый аралаш эбиреп, күйөөсүнүн кулагын жеди. Күйөөсү көндүм болгондой дулдуюп, күнөөлүүдөй үнчүккан жок.

— Коюнузчу?! Мен корккон жокмун,— деп апасын тыйды Улан. — Аскадан оңой эле түштүм. Бир кыргый көгүчкөндү тээп жиберди окшойт. Ал менин жаныма келип кулады. Анан бат эле эсине келип, шагыл менен өйдө жүгүрүп жөнөдү. Мен шагылдан басалбай буйдалып куйругуна эми колум жетээрде кичинекей үңкүргө кирип кетти. Артынан мен дагы сойлоп кирдим. — А-а! — Энеси өңгөчүн тарта кыйкырды. —Балекетинди алайын! Эмне балекетке кабылып келдиң?

— Эч кандай балекет болгон жок. Калп эле... — Улан апасын жактырбай карады.

— Коё турбайсыңбы, айтсын! — деди атасы.

— Үңкүрдүн ичи чоң экен. — Жакшылап сүрөттөөгө аракет кылды Улан. — Мен кубалап кирген көгүчкөн оозунда эле өлүп жатыптыр. Анын ары жагында кызыл кийизге оролгон бир нерсе жатыптыр, кыясы ак кап окшойт. Алайын десем колго тийбей сапырылып кетти. Анын ичинде ак түйүнчөк бар экен, бутум менен кыймылдатсам, ал дагы бырыксый түштү да, жалтыраган нерсе көрүндү...

— Ал жалтыраган эмне экен? — деп көзүн алайта сурады энеси.

— Билбейм... Жакшылап көргөнүм жок... Күн кечкирип кетпедиби...— деп күңкүлдөдү Улан.

— Жалтыраган темир го...— деди атасы. — Көрсөң болмок...

— Ошону айтайын десе... — деп өкүнүчтүү күңкүлдөдү Улан.

— Күн кечкирип кетсе кантип карайт. Караңгы үңкүрдүн ичинде бармактай бала жүрөгү түшпөйбү! Балким, жыландыр! — деп чырылдады энеси. — Балекетинди алайын, баса бергенин жакшы болуптур. Жалтырабаса жерге кирсин!.. Анын эмне кереги бар сага.

— Ак-Чокуда андай чоң үңкүр бар экенин укпапмын. — Атасы ойлуу сүйлөдү.

— Ата? — Уландын үнү жалынычтуу чыкты. — Эртең менен эрте туруп, ошол үңкүргө баралычы? Кайра жакшылап көрөлү да? Мен аябай өкүнүп калдым! Балким Тай-Буурулду таба келебиз?

— Жарайт. Эс ал. Эрте чыгабыз. — деди атасы...

Бул укмуштуу кабар айылдын четинен ашып, узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына угулду. Ар ким ар башка айтып, кошоломтуп, кызыктуу жомокко айлантышты. Кай бири: «Улан деген окуучу бала бөдөнөнү кармайм деп кубалап, бир ачык мүрзөнүн ичине кирип кеткен имиш. Мүрзөнүн ичи айтылуу хандын ак сарайына окшоп, алтын менен күмүшкө жык толгон кенч экен. Бала коркуп кетип үйүнө чуркап келип, атасын ээрчитип кайра барса, түп-түз эле жерде бир алтын чепкен жаткан имиш» дешсе, экинчиси: «Жок андай эмес, бала мал кайтарып жүрүп талаада уктап калып ойгонсо, алтын сарайдын ичинде турган имиш. Аңгыча бир карыя келип: «Уулум, атайын келипсиң, ушунун ичинен тандаганыңды ал» десе, бала бир алтын чепкен жамынып чыгыптыр. Үйүнө келип, атасын ээрчитип кайра барса, тептегиз, кадимки эле чий баскан талаа жатканын көрүшөт» деген аңызга айлантышты.

Ал эми сөздүн чынында Улан атасын ээрчитип көргөн үңкүргө барган болучу. Күндүн нуру Ак-Чокуга биринчи тийет эмеспи. Ошол учурда үңкүрдүн ичи жапжарык экен. Кечөөгү ак матага оролгон жалтырак калыбында жатыптыр. Атасы колундагы таяктын учу менен чукулап, анан акырын илип көтөрдү эле, өз боюнан бийик алтын чепкен бөлүп чыкты. Сыртына оролгон мата менен кийиз чаң сыяктуу бырыксып учуп жоголду. Атасы экөө үңкүрдүн түбүнө чейин кыдырып, жакшылап байкады. Энекеси дагы туура божомолдогон көрүнөт, бир аз нараакта чаар жыландын териси үңкүрдүн бир тешигине кирип бараткан жеринде шыпырылып калыптыр.

Чепкенди алып келишип, үйдүн төрүнө илип коюшту эле, этеги жерге чубалып, караңгыда нур чачып турганын айылдаштарынын баардыгы келип көрүштү. Мектеп окуучулары, мугалимдер баш болуп бир жумага жакын агылып келип турушту. Айыл аксакалдары түгөл келишип, алтын чепкенди кармалап, ал гана турсун кай бири жамынып көрүштү. «Муну кийген адам биз жашаган доордо болбогон чыгаар» дешти баары. «Мындай чепкенди көрмөк түгүл, кийген киши жөнүндө уккан эмеспиз. Мынчалык зор адам балким, Манастын учурунда болгондур» деген кептерди айтышты. Кай бир билермандар: «бул жөн чепкен эмес, муну бери болгондо мындан он кылым мурда жашаган ата-бабабыздын бирөөнүн салыгынан калган» деп божомолдоду.

Баарынан Кенепбайдын уулу, тарых мугалими Таштанбектин божомолу чындыкка жакын турду. Ал Улан

баш болгон окуучуларды ээрчитип, Ак-Чокунун аскасындагы үңкүргө бир нече жолу барып, изилдеп көрдү. Айрыкча үңкүрдүн бир тешигине кирип бараткаиде калтырган жыландын териси, аны өзгөчө кызыктырды. «Биз көргөн үңкүр чыныгы үңкүр эмес, — деди Таштанбек. — Бул үңкүрдүн оозу. Алтын чепкен атайын калтырылган белги. Чыныгы казына тереңде жатат. Үңкүрдүн жылан кирип кеткен жагы кол менен жасалганга окшоп турат. Таштар кандайдыр кол менен кыналып коюлганга окшош. Анык үңкүр ошол тарапта. Жылан дагы ал тарапка бекеринен кирип кеткен эмес. Жылан жаткан жерде сөзсүз алтын болууга тийиш»...»

Таштанбектин божомолуна бардыгы ынанышты. Ошондон улам, кандай болбосун, жылан кирип кеткен тарапты казууну туура деп эсептешти. Тандамал окуучулар менен шамдагай мугалимдер топтошуп, Таштанбектин айтканындай даярданышып, Ак-Чокудагы кенч жаткан үңкүрдү казууну чечишти.

Таштанбек эч кимге кеңешпей, өзү менен өзү болуп, керектүү шаймандарын камдап, аска жардыруучу дарыларды мол алып, асма чырак, чукулдук, күрөктөрдү даярдап, март айынын аягындагы каникулда үч күнү чатыр менен Сары-Булакта болууну тактады.

* * *

— Үч күндүк азык камдагын,— деди Таштанбек аялына. — Туз, ширеңке салышты унутпа!..

—Ай бала, каникулуң болсо деле колуң бошобой жатабы? — деди Кененбай, уулуна ачуулуу карап.

—Бошобой калдым, ата. Баягы сизге айткан, Ак-Чокудагы үңкүрдү казганы барабыз. Ал үңкүрдөн оңбогондой байлык табылат. Мен ишенип турам. — Таштанбек ишеничтүү да, кубанычтуу да сүйлөдү.

—Жок байлыкты эсебей, колуңдагыны көздөп алсаң боло? Тууй турган бээлер бар эле, алар эмне болду? Кыштан араң чыккан тайларды карышкыр жеп кеттиби? Деги малды качан ойлоносуң? Мен болсо минтип, атка минип бастыра албай калдым...

—Жибек-Жал турганда эмнеден коркосуз, жарыктык?! — деди Таштанбек каадалуу.

—Ай бала! Жибек-Жал адам эмес! — деди Кененбай каардуу. — Жаңы туулган кулун бийигирээк жерге түшсө, учуп өлөт. Жибек-Жалдын колу жок, кармап калгыдай. Мал сеники! А мен көргө бутумду салып отурам. — Ток-

сондогу атасынын каардуу үнүнөн уулу кадимкидей сестенди.

—Карайм, ата. Жибек-Жалдын үйүрү Сары-Булак таранта жүрөт деп, бригадирдин уулу Улан айткан.

—Ал үйүрдү аркандап койгон эмессиң! Болбосо, бир жерди тегеренип оттой бергидей, «ширин күрүч» төгүп койгон жоксуң! Төрт аяктуу мал көк кууп кете берет. Үзүмчүлүк маал. Короого алып келе турган учур болуп калды эле го? Бир жумача колго кармап, жем-чөп берип, туз жалатып, жаңы туулгандарына эн салып, деги бир малдын ээсине окшоп кам көрсөң боло!? Бутумду көргө салып отурган мага ишенесиңби?! Же жанагы үңкүрдөн Жибек-Жалдын үйүрүнөн артык байлык табасыңбы, ыя?!— деди Кененбай кадыресе таягын кезеп.

—Жарайт ата, Жибек-Жалдын үйүрүн таап, үйгө айдай келем. — Таштанбек эми атасынын сөзүнө муюгандай жоошуй сүйлөдү.

Аңгыча төрдө үнсүз отурган Жибек байбиче сөзгө аралашты. Көзү көрбөгөнгө көп болгон. Кулагы каңырыш эле. Ичкен жегени, эшикке кирип чыкканы тың болучу. Бул кишинин канчага чыкканын эч ким билбейт. Өзү болсо: «Жашымды билмек турсун, атымды араң жаттап калгам, ал кезде...» деп каңырыгы түтөп кетет эстеткенде. Таштанбек гана болжолдоп туруп, былтыр жүз үчтөн ашырган.

—Силер эмне бакылдашып жатасыңар? — деди Жийде байбиче. Кызы урушуп жатат деп чочулаган окшойт.

—Жөн эле... — Таштанбек энесин кучактап, тамашалай сүйлөдү. — Тигил Ак-Чокунун аскасында бир үңкүр бар экен. Ошол үңкүрдөн бригадирдин баласы алтын чепкен таап алган болучу. Биз барып байкасак, ал үңкүрдүн оозу окшойт. Чыныгы үңкүрдүн оозун бекитип коюшуптур. Биз ошону казалы дегенбиз... Алтын чепкенди уктуңуз беле?

—Алтын чепкен!? — Жийде байбиче чектен тыш чочуп, сокур көзү менен эки жакты олоңдой карады. — Ал кандай чепкен экен?

— Алптар кийүүчү алтын чепкен экен. Бригадирдин үйүндө илинип турат. Аябай узун, чоң, караңгыда нур чачып турат. Уга элек белеңиз?

— Жок... Мага ким айтат... — деп тынчы кете күңкүлдөдү байбиче.

— Бир кезде ошондой алтын чепкен кийген кишини көргөн жок белеңиз? Балким уккандырсыз?— деп кыйкыра сүйлөдү Таштанбек.

— Кайдан таантыр дейсиң?

— Ак-Чокунун берки бетинде бир үңкүр бар экен, ошондон... Эмне ал чепкенди уккан белеңиз?

— Жок... — деп титирей түштү Жийде байбиче. — Үңкүрдү көргөн эмесмин.

— Чепкендичи? Чепкенди билесизби?

— Чепкенди?.. Жок, чепкенди да көргөн эмесмин...

— Жарыктык, эмнеге чочулайсыз? Бир билгениңиз бар го деймин ыя?

— Карыган кишини мазактаба!— деди Кенeнбай уулун кекетип. — Эмне билгени болот эле?.. Акылы жаш баланыкындай, өйдө-төмөн сүйлөй берет да.

— Мазактаган жокмун ата. Апам өзү кызыктай сүйлөп жатпайбы.

— Алжыган кемпирдин эмнеси кызык?!.

— Сүйлөгөнү кандайдыр...

— Болду! Калжактабай!.. — Кенeнбай уулун сүйлөтпөй таштады. Башка сөз жаңырбай, сөз бүтүп, жатууга камынышты. Жийде байбиче жыйылбаган төшөгүнө кирип, төрт бүктөлө жатып, көзүн чылк жумду. Уйку кайда туруптур. Өткөндөгү өйдө-төмөн окуялар элестеп, көбү өзөктү өрттөп, сөөк жашытат. Карыганда кубанычтуу күндөрдүн караанын көрүнбөгөнү баарынан азап эмеспи! Жок дегенде жаштыктын таттуу учуру жүрөк башында уюп калса, мына эми кайра-кайра жандырып канаат албас беле! Андай күндөрдүн бири дагы эсинде жок. Эзели согончогу канабай, эрден бешенеси жылыбай, жалгыз иниси Кенeнбайды караан тутуп, өлбөй-житпей жашап келетат.

Жийде иниси Кенебайды учкаштырып Кытайдан келгенде, ушул айылда кан күйүп жаткан учур экен. Бирөөнө сыр ачып сүйлөшмөк түгүл, өз тууганы өзүнө өч чыгып, өлгөнгө топурак салуу кыйындап айылда эр азамат азайып, түндүктөн коюу түтүн булабай, акырзаман жакындап калгандай сезилген эле Жийдеге.

Тагдырдын тузун татпаска арга канча, беш жолу турмушка чыгып, бешөөнөн тең жесир калды. Шүгүрчүлүк, жалгыз иниси Кенeнбай гана үйлөнгөндөн жылуу төшөгүн суутпай, очор-бачар болду. Жийде байбиче анын балдарынын балдарын көрдү. Эсинде ушулар гана калган...

А бүгүн тап-такыр башка нерселер оюна түштү. Үстүн кабат-кабат желе басып, дат болгон темирдей калдырап, кайдагы унут калган окуялар элдир-селдир эске келип, сырдуу үн кулагына жаңырыктап угула баштады. Балакет баскырдыкы, бул үн эчак унутулуп, аманат сыр таштай катып калбады беле! Ойдо жок жерден Таштанбек эмнелерди эске түшүрдү десең!..

* * *

Жийде менен Кененбайдын ата-энеси Кытайга тентип барган жылы кышында ачкачылыктан каза табышты. Үчкө чыга элек бөбөгүн колунан жетелеген секелек кыз ээн талаада эрбендеп, жолуккан кишиден кайыр сурап, акыры бир кыштакка туш келишкен. Эки жетим биринчи эле киришкен короодон чыгышкан жок. (Экөөнүн ичээр суусу түгөнбөгөн го сыягы...)

Ал короодо Темир аттуу кыргыз киши байбичеси менен жашоочу. Өмүр бою перзент көрүшпөгөн экөөнүн турмушу тың эле. Темир карыя тентиген эки жетимди үйүнө жетелеп кирди да: «буларды биз бала кылып, асырап алабыз!» деп буйруду кемпирине. Ошентип Жийде менен Кененбай экөөнүн асыранды баласы болуп калышты.

Жийденин акылы жетик, өзү тың эле. Колу колуна тийбей кыймылдап, буту бутуна тийбей чуркоочу. Таң аткандан жатканга чейин тыным албай, короону шыпырып, кирди жууп, малды кайтарып, тамакты бышырып, нанды жапчу. Кемпир серүүгө отуруп алып, аларга көрсөтмө берчүү.

Жыл айланбай Жийде суйкайып бойго жетип, көзгө көрүндү. «Эми муну бирөөнө сатып калың жейбиз» деп кемпир ичинен тынды. Бирок, али да күүдөн-күчтөн кала элек, кыраакы Темир чалдын максаты башка эле. Кыздын илбериңки кыймылына, тетик акылына астыртан көз салып, эртерээк жетилишин кудайдан тилеп жүргөн...

Күндөрдүн биринде өзү теңдүү үч-төрт аксакалды үйгө чакырып, өмүр бою туяксыз бараткнын айтып, жашоодон куу баш өткөрүп бараткан кемпирине наразылык айтып, Жийдеге нике кыйдырууну өтүндү. «Аксакалдар, мени алжыды дебегиле?.. Жаш улгайганда көңүлүмдү көтөрөйүн деген ойдон алыс элем. Бирок, тагдыр бизге таш боорлук кылып ушул күнгө чейин бир перзент ыраа көрбөдү...
Кемпирим эми тукум бериштен калды... Долон баатырдын тукуму менден кийин бүтпөсүн деп, арбагыңдан айланайындар (!) өздөрү жибериштиби, же кудай таала берерин унуткан эмеспи, жедеп жакшылыктан үмүт үзүлгөндө, берети секелек кызды босогомо киргизип берди!.. Долон баатырдын тукуму өчкөн отту тамыздары ажап эмес!..» деп, каңырыгын түтөткөн Темир чал... Ошол түн Жийде менен кемпирге өлчөөсүз кыйын болгон...

Жийде байбиче азыр бүрүшүп жаткан калыбында ошол биринчи көз ачып көргөн күйөөсүн көз алдына элестетти. Узун бойлуу, жайык төш, жазы мандай, буурул сакал, ке-

зү оттой жанган сүрдүү киши эле. Мүнөзү катуу, сөзгө бек, айтканынан кайтпаган, кабагын чытып кейибеген кайраттуу адам болучу. Аны менен канча жыл жашаганын Жийде байбиче так биле албай калыптыр. Эси-дарты Кенебайдын аман чоңоюшун тилеп, эртедир-кечтир эл журтка кайра качып кетүүнү ойлоп жүрүп, мезгилдин кандай өткөнүн билбей калыптыр.

Келишимдүү байынан бала көрбөдү.. Анысы — күндөшүнүн чырагына май тамызды. Артынан калбай ээрчип, көрүнгөн сөздү күңкүлдөп, кулагынын кужурун алчуу. «Сен, биздин көзүбүз өтсө ушул мал-мүлккө ээ болуп калам деп ойлойсуң го, сетер. Оозуңдан отуз эки айлансын! Менин төркүндөрүм бул тырмагымды жыртып жасаган оокаттарымдын кылын дыгы карматпайт, сага! Билип ал, арам күн!» дечү ал. Жийде кайрылып сөз айтпай, оокатын жасай берчү...

Күндөрдүн биринде Темир карыя талаадагы жылкыларына барып, ошол жактан ооруп келди. Өмүрү ооруп жаздыкка баш койбогон кажарлуу киши бу саам өң-алеттен кетип, сунган бутун жыя албай, көзүн жуумп, үнсүз жатты кыйла күн. Эмне болуп, эмне койгонун айтпай, оозуна наар албай бир жумача жатты да, акыры кайраттанып ордунан туруп, короого чоң боз үй тиктирип, жуунуп, тазаланып, сакал мурутун тегиздетип, кийимин алмаштырып кийип, кыбыла жак капшытка төшөктү калың салдырып жатты, жарыктык. «Көксөө чалыңа өзүң көз сал! Мен чарчадым» деп, күндөшү ысык үйгө кирип кетти.

Түн бышып калган убак эле, Темир чал жанында үргүлөп отурган Жийденин колунан акырын кармап, өзүнө тартты да, «укчу?..» деп күбүрөдү. Анын үнү алсыз эле. Жийде кадырлаган абышкасына дилгир жакындап, сөзүн тыңшап калды.

— Сөзүмдү жакшылап угуп ал? — деди Темир чал. — Укканыңды жан кишиге айтпа?!. Айтпайсыңбы?

— Айтпа десеңиз, айтпайм, — деди Жийде шыбырап.

— Ишенем... Ишенем сага, наристем... — Темир чалдын бир аз жашыгандай үнү каргылданып, анан өзүн-өзү токтоткондой болду. — Сенден перзент көрөм деп ишендим эле... Кудай таалам буйрубаптыр.. Арга жок... Эми сөзүмдү ук?!. Угуп жатасыңбы?— деди ал бир аз киркиреп.

— Угуп жатам...

— Тоого барсам, атам жарыктык, Жибек-Жалды минип жылкынын четинде жүрүптүр...

— Ким?!.. — деп чочуду Жийде.

— Сен коркпо... Атам жарыктыктын арбагын мурда

эле көрчү элем... Биздин Жибек-Жалдын тукуму тогуз атабыздан бери келаткан жылкы. Баардыгы ушуга окшош болушат. Аларды дагы Жибек-Жал дешчү... Бул Долон бабабыздын тукуму... «Бул дагы Долондун акыркы мураскери менен кошо бүтөт» дечү атам... Сөзүм угулуп жатабы?

— Ооба, угуп жатам...

— Жарыктык атам, кадимки карышкыр ичигин, сүлөөсүн тебетейин кийип алыптыр. Мен жакындаганча кыймылдаган жок. Кичинекей суунун аркы өйүзүндө, күн батышты тиктеп турат. Жүрөгүм өрөпкүп, салам айтып жибере жаздадым. Ошол оюмду билдиби же башка билгени барбы, жарыктык, «мени ээрчи дегендей кол булгап, Жибек-Жалга камчы салды. Эмне кылаарымды билбей, делдейип туруп калдым. Атамдын карааны заматта кырды ашып кетти... Жибек-Жалдын үйүрү бейкапар жайылып жүрүшүптүр. Көптөн кийин эсиме келип, мен дагы артынан камчы салсам болмок экен!» деп катуу өкүндүм. Балким, кайып болуп кетет белем... Ким билет... Эмнеси болсо да менин кетээр күнүм жакындады . Сага айтаарым бул эмес, башка... — Темир чал кабагын түйүп, көзүн жуумп унчукпай калды.

— Айта бериңиз, мен угуп жатам?... — Жийде абышканын акыркы керээзин уккусу келип, кулагына жумшак шыбырады.

— Шашпа, бир аз эс алайын... Байкачы, эч ким тыңшап турган жокпу?

Жийде элпек серпилип ордунан турду да, сыртка чыгып, айланага сере салып карады. Түн мемиреп тынч экен. Аңгыча короонун сыртында жылкынын бышкырыгы угулду. Атчан киши келдиби кыязда каалганын жылчыгынан шыкаалаca, Жибек-Жалдын үйүрү турганын көрдү. Жаш келин шаша-буша үйгө кирип, абышкасына шыбырады.

— Жибек-Жал үйүрүн ээрчитип келиптир.

— Аа, иш оңунда экен... — Темирдин жүзү жадырай түштү. — Суумдун түгөнүшүнө аз калган экен... Эми Жибек-Жал бул жерден кетпейт... Уккун, наристем?!

— Угуп атам...

— Перзентимдин жоктугунан тогуз атамдын жашыруун сырын азыр сага ишенип, мурас кылайын деп чечтим. Бул — Долон бабамдын баласына калтырылган өтө жашыруун сыр-мурасы Андан бери сегиз ата өттү. Мен онунчусу элем. Аны мен өзүмдүн перзентиме айтып кетишим керек эле... Өзүн көрүп, туяксыз өтүп баратам. — Зээни кейиген Темир чалдын көз чөйчөгү мөлтүрөгөн жашка толду.

Үлбүрөгөн Жийде күнөөлүүдөй муңайып, жоолугунун учу менен абышкасынын көз жашын сүрттү.

— Тогуз атамдын жашыруун сыр-мурасын сага ишенип айтканым, сени перзентимдей ыйык тутуп жатканым. Эгерде муну сактай албай, элге жайып жиберсең, тогуз атамдын арбагы урат. Ушуну түшүн! Ант бере аласыңбы, нарыстем?!

— Ант берем! — Жийде абышкасынын көкүрөгүнө жүзүн коюп, шолоктоп ыйлап жиберди.

— Сага ишенем... Ишенем сага... Кокус эркек перзенттүү болбосоң, жаныңдай жакын кишиге мурас кыл. Бул сыр түбөлүк жок болуп кетпесин?!. Мага атам ушинтип айткан. Сен дагы ишенген кишиңе дал ушинтип айтууң керек, жарайбы?

— Жарайт, аткарам...

— Анда кулагыңды жакын тосуп, жакшылап ук?! Көкүрөгүм оордоп, үнүм чыкпагансып баратат...

— Угуп жатам,— деп ашыкты Жийде.

— Өзүңдүн төрөлгөн жериңди билесиңби?

— Билем.

— Сары-Булактын суусу дагы деле агып жатабы?

— Сары-Булактын суусу?.. Ооба, агып жатат.

— Демек, бардыгы ордунда!.. Капчыгайдын оозундагы тегирмен дагы деле жүрөбү?

— Жүрөт.

Ошол тегирменден беш кадам ылдый басып, күн батышты карасаң, Ак-Чокунун аскасындагы үңкүрдүн оозу көрүнөт. Атам мени ээрчитип барып, баардыгын көрсөткөн. Мен өз мурасчыма көрсөтүшүм керек эле. Аткара албадым... Тагдыр сени буйруп колума тийгизгенине сүйүнүп жүрбөдүмбү!.. Анткени сен дал ошол жердин кулуну элең. Айлам кетсе сага айтсам, тынчыраак өлөм деп ойлогом. Мына эми, айтканы турам. Угуп жатасыңбы?

— Ооба...

— Биздин чоң бабабыз Долон баатыр айтылуу алп Манаска жигит болгон экен. Манас өлгөндө анын сөөгүн душмандардан жашырып, акылман Каныкей апабыз түн жамынып тогуз дөө менен Ак-Чокунун аскасындагы үңкүргө алып келген дейт. Тогуз дөө жан кишинин көзүнө чалдыкпай, арча табытка салынган алптын сөөгүн үңкүрдүн ичине алып кирип, төрүндөгү чоң ташты жара чаап, ичин көңдөйлөп, арча табытты ага орнотушат. Үстүн таш капкак менен кайра бекитип, жик билгизбей жылмалап, жогорку жылганын суусун жергүй кылып, үңкүргө киргизишет. Бийиктен кулап түшкөн суу үңкүрдүн ичин муздатып, ки-

чинекей көлчүк пайда болот. Суунун учу тешик издеп, Ак-Чокунун батыш тарабынан атып чыгат. Кийинчерээк эл аны Сары-Булак деп атап алышкан дешет. Үңкүрдүн оозун өгүздөй таштар менен кынай бекитип, өздөру түндүк тарабындагы сойломо жол менен сыртка чыгышкан экен. «Сойломо жолдун оозуна үйдөй кара таш койгонбуз» деген экен Долон баатыр. Атам мага ал ташты көргөзгөн, жумуру кара таш эле. Жайдын саратанында барганбыз, сол жак кычыгындагы жеңдүү билектей тешигинен муздак шамал чыгып, ич тарабын катмарланган муз каптап турганын көргөм. Азыр деле ошол калыбында болуу керек... — Темир чал чарчагандай бат-бат дем алып, үнчукпай жатып калды.

— Каныкей апабыз Манас атанын сөөгүн койгондорду түгөл өлтүргөн дешет эмеспи, анда... — деп сурады Жийде.

— А, дурус, дурус... Идирегиң бар экен!... Бул сыр дал ошол жерде... Тогуз балбандын эң кенжеси Долон бабабыз болгон дейт. Ошондон улам балким, анча шек кылган эмеспи, ким билет... Ап-аппак кийинген Каныкей апа чоң суунун боюнан тогуз алпты тосуп алып, кучактап өөп, Мекеден алдырган шараптан тогуз алтын аякка куюп сунат. Ал кишинин колунан даам сызуу сыймык болгон эмеспи! Андыктан колдоруна тийээри менен баардыгы тегиз жутуп жиберүүгө ашыгышат... Долон бабабыз: «Мен деле ичмекмин бирок, өмүрүмдө оозума албаган наардан бир аз жийиркирип, аякты оозума жакындата кармап тургам. Карасам, чөгөлөп отурушкан алптар четинен кулап баратканын байкап, шекший түштүм да, аякты этиме такап туруп, шарапты койнума төгүп жибердим. Сүттөй жанган айдын жарыгы ал кылмышымды даана байкатпай калган окшоду» деген имиш. Каныкей апа тоголонгон тогуз дөөнү бирден сүйрөп барып, албууттанган тоо дайрасына салып жиберет. Өлүмүш болуп бүктөлүп жаткан Долон баатырды эң акырында сүйрөп барып суугa салат. Тоонун суусу чамындыдай серпип, таштан-ташка уруп, Каныкей ападан куткарат... Ошол түнү жан кишиге көрүнбөй Алманбеттин элине качып келип, өмүр бою бир ооз сыр катпай, акырында уулуна керээз кылып, дүйнөдөн өтүптүр. Жарыктык Долон бабабыз аруу аял Каныкей апанын алдаганын кылмыш катары сезген экен... Тогуз атадан келаткан биздин жашыруун — ыйык сыр ушул. Атам мени ээрчитип барып, баардыгын көрсөткөн. Ошол барышта Ак-Чокунун аскасындагы үңкүрдүн оозуна матага оролгон алтын чепкенди калтырып келген болучу. «Бул үңкүрдү кара ниеттик менен казууну каалагандар жапырт мерт болушат. Бул жердин

бир ташын козгоо коркунучтуу. Негизги оозун муз каптап калды. Кокус бул үңкүр бузулса, Сары-Булактын суусу акпай калат. Анда Манас атанын сөөгүнө коркунуч келет. Бул сыр Манас атанын сөөгү кайда экенин, жана аны сактап калуу үчүн керек» деген атам. Аны сага түшүндүрдүм. Унутпайсыңбы?

— Эч качан унутпайм! — деди Жийде ант бергендей.

— Дагы бир сөзүм бар: кокус айта турган ишенчиликтүү киши таппасаң азыр орус элинен Балчайбек деген ченебеген алп адам чыккан имиш. Ал эң эле калыс, акыйкатчыл дешет. Ошого жолуксаң ушул сырды айт. Түшүндүңбү?

— Түшүндүм...

— Эми акыркы сөзүмдү тыңша?.. — Темир чалдын деми кысылып, дем алуусу ыкчамдады. — Мен өлгөндөн кийин сени бул короого бир күн түнөтүшпөйт. Азыгыңды камдап Жибек-Жалды минип, ининди учкаштырып бүгүн түндөн калбай элиңе жөнө. Менин өлүгүмдү күтпө. Сага ыраазымын. Эми сен менин сыр жашыраар жападан-жалгыз мурасчымсың. Макулбу, наристем?!

— Макул!.. — Жийде буркурап ыйлап жиберди...

Жийде байбиче түнү бою ушул окуяларды элестетип, денесин алка-шалка тер басып, акыл жетпеген азапка батты. Андан бери канча жылдар канча азаптуу күндөр өтпөдү. Темир чалдын жомокко окшогон кайдагы бир жашыруун сыры түгүл, анын өзү дагы алда качан эстен чыгып кетиптир. Бейшии болгур, бүгүн түнү тирилип келгендей, көз алдынан түк кетпей койду. «Көргө бутумду салып отуруп, ак ниеттүү аксакалдын аманат сырын өзүм менен ала кеткеним күнөө болмок экен го?! Демек, тогуз атанын жашыруун сыры кара ниеттик менен талкаланганы калган экен го?! Эмне кылсам? Таштанбекке айтсамбы? Тукумуң өскүр, алангазар неме эле, элге жайып жиберсе кантем?.. Олдо жараткан ай! Бул кандай укмуш сыр эле?! Атаганат, баягы Балчайбек деген алпты түк жолуктура албадым го?! Деги ал кайда жүрөт болду экен? Ошону сурасамбы?..»

Өзү менен өзү кармашып, өзүнүн терине өзү киринип, этинин ысыгына өзү куйкаланып, жөөлүгөн өңдүү күбүрөнүп жатып, таңга маал көзү илинип кетиптир. Канча уктаганын кайдан билет, түшүнө эзелки көрбөгөн Каныкей, Манас, Долон баатыр, Темир абышкасы, Жибек-Жалдын үйүрү биринен сала бири көрүнүп, тоонун суусуна жанчылып агып бараткандай, кимдир бирөө кыл аркан менен муунтуп сүйрөп жүргөндөй, айла таппай алдастады.. Кө-

зүн ачса, үйдүн ичи жарык болуп калган өңдөнөт. Биреөнүн үнү чыккансыйт.

— Сен кимсиң? Эмне деп жатасың? — деди Жийде байбиче башын көтөрүп.

— Учурашып жатам...

— Сен кимсиң?

— Уланмын. Жунуш бригадирдин уулумун.

— И, Жунуштун баласысыңбы?.. Жакшы айланайын, келе гой?..

— Үйдөгүлөр кайда кетишкен?

— Аны кайдан билейин... Таң атыптырбы?

— Таң атканы качан... Таштан агайга келгем.

— Аны эмне кыласың?

— Тоого бармакпыс...

— Тоого? Тоодо эмнеңер бар?

— Ак-Чокунун аскасында бир үңкүр бар экен. Андан мен алтын чепкен таап алгам.

— Алтын чепкен? — Жийде байбиче кыйналгандай бүрүшө түштү.

— Ооба... Анын ары жагында дагы чоң үңкүр бар окшойт, ошону касмакпыс...

— Кой!? — Жийде байбиче чочулагандай кыйкырып, титиреп колу менен Уланды сыйпалай издеди. — Казбагыла!? Баарыңар өлөсүңөр! Тоо көчүп кетет! Мен билем, анын башка жагында оозу бар! Ал ыйык жер! Чакыр Таштанбекти!? Айта турган ыйык сырым бар! Бол кагылайын!? Казбагыла?! Ал ыйык жер! Угуп жатасыңбы, кагылайын?!.

Улан күтүүсүз кабарга жүрөгү жарыла кубанып, Таштанбек агайын чакырганы бая эле тыз койгон. Көйнөгүн чала кийген Жийде байбиче, эч ким колуна урунбаган соң, эшикти карай темтеңдеп жөнөдү... «Эмени айттым? Туура айттымбы?... Кечире көр, арбагыңдан айланайын Манас ата?! Силер дагы кечиргиле, он атанын арбагы?! Эмне кылдым? Туура эмес айттымбы, ыя!» деп, бир сөзүн улам кайталай күбүрөп, эшикке чыкканын, анан бийик тепкичтен топтой тоголонуп кулаганын сезбей калды. Тоголонуп баратып, кайсы бир жерге токтогондо, башын жарчуудай куулдөгөн сезим бүткүл денесин силкип өттү. «Арбагыңардан айланайындар, кечиргиле?!» деп күбүрөндү да, кыймылсыз жатып калды...

Ушул учурда дүпүрөгөн добуш угулуп, көчөнү чаңдатып, иттерди абалатып, өз үйүрүн баштаган Жибек-Жал Кененбайдын короосуна келип кирди. Ал демейдеги адатындай жем жеген акырына кайрылбай, таноолорун

көптүрө демигип, ачык турган короого ашыга кирди да, эки-жакка элеңдей серп салып, тепкичтин алдында бужүйүп жаткан Жийде байбичени тумшугу менен түрткүлөй искегилеп, анан жерди жиндене чапчылап, айлананы жаңырта кишенеп жиберди...

Шүмүрөйгөн Тай-Буурул күнөөлүүдөй башын жерге салып, үйүрдүн эң артында кыймылсыз турду...

*1987-1989*

## КАМБАР-ХАН

Эми Камбардын өзү эмес комузу сүйлөп жатты...

Күүнүн ар бир ыргактары Азаматтын жүрөгүн аралап өтүп, андагы албан окуялар көз алдына элестейт. Отургандар туңжурап — ойлуу. Балким, бул күүнүн тагдыры аларга эчактан тааныш болгондуктан, аны урматтап угуп отурушкан. А балким, Камбардын өзүндүр? Камбар комузду колуна алды дегенче, алдынан суу каптап өтсө дагы кыймылдабай отуруу адаты. Күү чертилип жатканда кокус кимдир бирөө башка сөзгө көчүп, таназар албаса, этегин кагынып эшикке чыгып кетет. «Күүнүн кадырына жетпеген адамга комуз чертип бекер, ага комуз чертилип жатабы же, дагара калдырап жатабы — баары бир» деп наразы болчу.

А бүгүн угуучулардын бар болгону экөө — аялы жана бир тууган жээни Азамат. Ортодогу алоолонгон арча отундун табынанбы же мекере даамдуу кээр чачкан кымыздын күчүбү, болбосо, чертилип жаткан күүнүн таасириби, айтор, Азаматтын бүткөн бою көөлгүп, ысып чыкты. Капкакты тээп буу сапырып жаткан казан — ушул күүдөгү баяндалган албуут турмушка окшошот...

«Уайт десеңчи!» деп баштаган Камбар комуз чертээр алдында өткөн жолу. «Жалын жүрөк берендердин табынан от жаралып, Кеменгердин акылынан жер жаралган болуу керек... Күүнүн дагы тегин киши жаратпайт. Күүнүн өзүн жараткан турмуш. Мен эми күүнү көкүрөгүндө терметкен береги үч кыл комуздун кантип жаралганы туурралуу айтып берейин. «Деген соң жеңин бир аз түртүп, башын сол жагына кыйшайта ойлуу отуруп, туурулган шадылуу колдорун кыймылга келтирет. Көөдөнү менен чарасы жазы мойну узун өрүк комуз Камбарга жарашып ка-

дат. Азамат ушул жашка келгени буга окшош чабылган комузду көрбөгөн. Алгачкы жолу көргөндө атасынын комузуна окшоп кеткен. Ошондон улам бул комузду кармагысы да, мындан чыккан күүнү уккусу да келген эмес. Кечке маал кулундарды желеден агытып, малды короого имерип койгондон кийин, адаттагыдай үйгө кирип, жыты буруксуган арча отунду кемегеге калай жагып коюп, тыбыттуу эчкинин терисинен жасалган бостекти алдына жая салып жайлана отурду да, «бүгүн жээнимдин урматына күү чертип берейин: атасы комузчу эмеспи, балким, Азамат дагы күү жандуу чыгаар» деп териси жазыла бакылдаган. «Кайдагы комуз,— деп ойлогон Азамат ичинен,— атам бар болгону комузда ойнойт. «Анын көз алдына мүнөзү түнт, чарчы бойлуу атасы элестеди. Үйдө комуз чертип отурганын бир да жолу көргөн эмес. Эл аспаптар оркестринин сол жаккы канатынын арткы катарында отуруп, күүнүн кай бир кайрыктарын терип жатканын албетте, көргөн. Эрте менен жумушка шашып кетип, кечинде кеч кайтчу. Апасы дагы ошондой эле, оркестрде ырчы. Көбүнчө классикалык ырларды аткарат. Экөө тең жумуштан колдору бошобогондуктан, Азамат көбүнчө балдар бакчасында тарбияланды. Кийин интернатка беришти, күрөш, акыркы учурда карэте боюнча машыгып жүрөт. «Мындан музыкант чыкпайт, шыгы жок» дешкен ата-энеси. Андан бери алты жыл өтсө да, Азаматтан жакшылыктуу спортсмен чыкпады. «Мейли, өз жанына тың болот. Бирөөдөн токмок жебей жүргөнү жакшы» — дешет азыр. Чындыгында Азамат эч нерсеге кызыкпайт. Интернаттын мугалимдеринен ата-энесинин айырмасы жоктой сезилет. Тилдесе кейибей, мактаса кубанбай бейкапар жүрө берет. Быйыл жайында турмушту көрүп, кымыз ичип эс алып келсин дешип, ушул таякесиникине жиберишкен. Мында бардыгы башкача: көйкөлгөн көк шибер, күзгүдөй жалтыраган туп-тунук суу, түмөндөгөн мал, кырацга тигилген боз үйлөр, келишимдүү жасалган ат жабдыктар, жеген тамак-аштары дагы шаардыкына окшошпойт. Булардын бардыгы биригип, береги таякеси Камбардын черткен күүсүнө таасир калтырбаган өңдүү. Ошол күнү азыр кайрадан чертип отурат. Болгондо да, Азаматтын өтүнүчү боюнча. Ошондон улам Камбар күүнү мурдагыдан мукам кайрыктарын так келтирүүгө аракеттенет.

Башын сол жагына кыйшайта отурган Камбар кудум ошол жомоктогу кеменгердин өзүнө окшошот. Ал тунжурап үнсүз. Анын ордуна комуз сүйлөйт. Азаматтын көз алдына мезгил закымдары сапырылып, тулпардын дүбүр-

ту кулагына жаңырат. Күүнүн кайрыктары жомокту тап-так сүйлөп жаткан өңдүү...

«...Аларды асыраган ушул жер ошол бойдон жашап келатат... Оу-у, эсепсиз кылым өтпөдүбү... Аны жараткан адамдын ысмы унутулса дагы күүнүн өзү жашап келатканын айтсан! Ошол күүнү көмөкөйүнө сактаган ушул комуз. Комуздун жаратылышына себепкер бир окуя болгон. Улуу ачылыш капилеттен жаралаары чын. Ал кезде мунун улуу ачылыш экенин ким билиптир. Эл тагдырын ойлогон ошол эр-азаматтын ысмы унут болуп, зулум хандын аты сакталганына не дейсиң! Ал зулум хандын аты дагы Камбар болуптур.

Камбардын жалгыз уулу тентек чоңоюп, ит агытып, куш салып дооран сүрчү дейт. Күндөрдүн биринде ит агытып, куш салып кеткен бала үйүнө кайтпай калат. Камбар-хан киши чаптырып, туш-тарапка кабар салат. Арадан күндөр өтүп, ай тогошот. Дарексиз жоголгон баласынан тынчы кеткен хан, жумурай-журтту жыйып жар салат.

— Ат минүүгө жараган эркек колуна жарак алып, менин уулумду издеп чыксын. Жакшы кабар айтып келген кишиге өз боюндай алтын берем. Кимде ким жаман кабар алып келсе, анын башы кесилет. Кокус эч ким эч кандай кабар билдирбесе, бардыгыңардын башыңар алынат,— дейт хан.

Атка минүүгө жараган эркек түп көтөрүлө дүргүп, тердиктей жер койбой тинтип жөнөштү. Эчен күн тынымсыз тулпарлардын даңканы сапырылды. «Күүнүн кайрыгы Азаматтын кулагын жаңыртып, башын тегеретет. Азыр жалгыз комуз эмес, бүтүндөй оркестр ойноп жаткандай туюлду. Ал турсун атасы комузун кучактап, арткы катарда отургандай элестетти. Даңкан сапырылган аргымактар!.. Уайт! Камбар таякеси дайыма ушитип кыйкырат. Ошондо жылкылардын дүбүртү да шандуу боло түшкөнсүйт. Азыр күүнүн ыргагындагы аргымактардын дүбүртүн тыңшап отуруп, «уайт!» деп кыйкыргысы келди. Күүнүн таасирин мынчалык мурда эмнеге сезбеди экен?!

Дүбүрт токтоду. Жым-жырт. Кудум ээн калган эрме чөлдөй туюлат. Азанган аргымактардын тери тамчылап, үмүттөн ажыраган азаматтар тунжурап турушту. Теребел мокочодой кап-кара. Өрттөн калган дарактардын сөңгөктөрү сокоюшат. Кыбыр эткен жан жок. Баардыгын алоолонгон жалындын тили жалмап кетиптир. Тегеректеген элдин ортосунда Камбар-хандын чала жан куу тайганы кыңылдап жатат. Арыта эриген кылыч, найзанын учу ка-

лыптыр. «Бул алаамат түн ичинде, уктап жатканда болсо керек» деп түюшту эл. Ушинтип гана түюшту. Үндөшкөн жок. Үн чыгарып айтууга эч ким батына албайт. Ханга жаман кабар угузууга ким батынат, теңири?! Андан көрө лудук болгон артык. Түмөндөгөн эл чала күйгөн сөңгөктөй сенейишти. Мындайда ооз ачып пикирлешүү дагы коркунучтуу өңдөнөт. Алардын эртеңи береги кара кочкул талаадай капкараңгы эле...

Ошол тушта кара көөнү сапырып бороон сокту. Чарчаган аттар, чаалыккан эл ташка айлангандай, кыймылсыз. Аңгыча жакын эле жерден чыккан жалгыз үн боттодой боздоп, түнжураган элдин жүлүнүн аралады. Ага да көңүл бурбаган өңдүү, бардыгы кыймылсыз. Топ ичинен бир азамат бөлүнүп бастырды да, алиги боздогон үндү издеп жөнөдү. Ал алыс эмес экен. Бет маңдайындагы чала күйгөн теректин эки бутагына керилген кыл термелип калыптыр. Кыясы, маймылдын ичегиси болсо керек. Ушинтип ойлоду акылман. Бороон күчөгөн сайын, кууралган ичегинин боздогону дагы күчөдү. Боздогон үндүн ыргагы Камбар-Хандын уулунун кайгылуу өлүмүн айтып жаткандай сезилет. Бул кереметтүү добуш улуу ишке жарай турганына көзү жеткен акылман, аттан ыргып түшүп, шапа-шупа ишке киришти. Кууралган дөңгөчтү жара чаап, аны адам түспөлүндө сомдоду да, ичин оюп кирди. Түмөндөгөн эл кайгыга батып турушса, береги «бей акылдын» оюнчук жасап жатканы эч кимге жаккан жок. Көп узабай эки колун бөйрөгүнө таянып, маңдаш урунуп отурган ак сакалдуу карыянын түспөлүндөгү аспап пайда болду. Ага сакалы ыпдый жаш куюлуп жаткандай жалтырай кууралган ичегиден бир нече катар тартты да, алиги боздогон добуштай кылып чыңай толгоду.

— Кеттик! — деди акылман. — Эми ханга барабыз.
Эл дүрбөй түштү. Баардыгында «өлүмгө башты байлап кантип барабыз?» деген ой. А бирок барбаска айла канча. Көпчүлүк алиги «оюнчук — жасаган «бей акылдын» артынан үнсүз дүңүрөй жөнөштү.

Чыдамы кеткен Камбар-Хан кароол дөбөдө күтүп турган экен Теребел аза күткөндөй жым-жырт. Жалгыз гана аттардын дүбүртү жер дүңгүрөтөт. Белгисиз азамат ак көбүк чачкан аргымактын оозун тартпай ыргып түштү да, Хандын алдына чөгөлөй отура калып өзү жасаган аспабын колуна алды. Камбар-Хан үндөгөн жок. Баардыгы жым-жырт. Ушу саам торгойдун тили үзүлүп, күндүн нуру түгөнүп, шамал сокпой калган сыяктуу, жансыз эле...

Белгисиз аспап тилге кирди. Анын добушу ааламга

угулчудай бийик эле. Мурда мындай керемет үндү ким угуптур!? Күүнүн ыргактары өлгөн жан тирилчүүдөй мукам, сокур көздөн жаш чыкчуудай муңдуу да эле. Хандын көз алдына бардыгы айкын тартылды. Түмөндогон аргымактардын дүбүртү кулан кууп жүргөндөй жүрөк дегдетет. Ай талаанын шамалы кулактын кырында ойнойт. Андан соң жым-жырт Кулан да жок, жел да жок. Бардыгы жергуйга кирип кеткендей ың-жың. Жалгыз гана боздогон добуш бул дүйнөгө муңун айткандай сыздайт. Хандын жүрөгү булкунду. Көзүнөн жаш атты.

— Токтот! — деди ал каардуу. — Бул каяктагы балакет добуш эле?!— Теребел кайрадан тунжурады.

— Башка айтаарың жокпу? — деди Хан.

Белгисиз азамат жер караган калыбында баш чайкады.

— Мунун башын алгыла! — Хандын каарынан солк эте ойгонушкан желдеттер белгисиз азаматка учуп жетишти

— О, акыйкаттуу Ханым, — деди белгисиз азамат отурушун жазбай.— Мен Сизге үн катканым жокко. Сиздин жүрөгүңүздү оорутуп жаман кабарды айткан береги добуш эмеспи. Күнөөлөсөңүз ушуну күнөөлөңүз. Менде эмне жазык?.. Хан саамга таш тиштегендей үнсүз турду.

— Аттин болбостур...— Бармагын тиштеп, көзүн жумду. Анын азыркы бүтүмү бардыгын чечмек.

— Алгыла! — деди Хан ордунан ыргып туруп. Эл толкуй түштү. Бул эмне деген шумдук!?

— Береги сай сөөгүмдү сыздаткан добуштун башын алгыла! Эки колун кесип, бутун жулгула! Ал эми сен!... — деди Хан белгисиз азаматка өмүрүң өтүп, күнүң бүткөнчө менин мандайымда ушул күүнү чертип отурасың!...

Уайт десенчи! Бүтүм болбосоң коё кал! Белгисиз азамат башы кесилип, колу бутунан ажыраган аспабын колунан түшүрбөй, өмүрү өтүп, күнү бүткөнчө Хандын маңдайында күү чертип отурган дейт. Ал жараткан күү чачыраган элди бириктирип, жүректөн түнөк алып, укумдан-тукумга тарады. Керемет добушту чыгарган аспап КОМУЗ деп аталып, мына, бизге жетти. «Күүнүн башы Камбаркан» деген сөз ушундан калган».

Күү бүттү. Камбар чекесиндеги чыбырчыктаган терин аарчып, комузун жүккө жөлөдү да, үнсүз ордунан туруп, коломтодогу чыччаланы ичкеретти. Байбичеси камыр ийлеп кирди. Азамат жаагын таянып отурган калыбында кыймылсыз. Анын көз алдына: бөйрөгүн таянган аксакалга түспөлдөш биринчи комуз, аны чертип отурган белгисиз азаматты элестетти. Күүнүн кайрыктары ааламга угул-

чудай бийик дагы, муңдуу дагы. Ошол замат оркестрге алмашат. Арткы катарда комузун үңкүйө кучактап отурган атасы белгисиз азаматка окшош. «Жок!.. — дейт Азамат өз ичинен, — атам андай чечкиндүүлүккө бара алмак эмес. Башканы кой, мамам мени чыркыратып сабап жатканда эч нерсе укпагандай үңкүйүп отура берет... — Белгисиз азамат андайга чыдамак эмес... «Үңкүйүшүп, эркинен ажыраган элдин өмүрүнө себепкер болгон сыйкырдуу добуш, ичегисин кылга айланткан маймыл көз алдыга тартылат. Келечектин бактысына себепкер болгон өлүм кандай ардактуу!.. Эч нерсеге кызыкпай жашаган өмүрдөн, ошол маймылдын өлүмү артык эмеспи!?. «Мен күрөшкө деген кызыкпайм. Мамам болбосо эчак чыгып кетмекмин. Ал Камбар-Хандай буйрук берет да турат. Белгисиз азамат өндөнүп буйруктан керемет иш жаратуу менин колумдан келбейт...»

— Дасторконго карайлы, — деди Камбар,— Өмүр дасторкондун үстүндө гана токтоп турат имиш..

...Эртеси күн чачырай бээлерди желеге айдап келип, кулундарды байлап, чепкенин үй үстүнө ыргытып, камчысын сүйрөй, кирген Камбар, куураган арча дөңгөчтү балталап отурган Азаматты көрдү. Ал үнсүз дулдуңдап жыгач сомдоп жатат.

— Эмне кылып жатасың?— деди Камбар кызыгып.

— Биринчи комузду жасайын дедим эле... — Азамат уялгандай төмөн карап, чекесин түйдү.

— О, ошондойбу!? Жакшы оюң бар экен... Байбиче, аркы көмөкөйдү алып келчи? Азаматка керкилеримди берейин! Угуп жатасыңбы?! Бул Азамат биринчи комузду жасайм деп жатпайбы!..

Азаматтын денесине от тутангандай болду. Көзүнө биринчи комуз элестеп, кулагына «Камбаркан» күүсү жаңырып турду...

*1983-жыл.*

## КЫЗГАНЫЧ

Изат көптөн бери жүрөк өйүгөн ушул ойдон бир жыйынтык чыгара албай капалуу да, ойчул да болуп кетти. Же аңысын бирөөнө айтып кеңешин уккан болсо, балким мынчалык жабыркабас беле? Бирок ага жүрөгүндөгү чиеленген түйүндү чечип, жанга кубат берер акыл айтуучу ким?! Мындан эчен жыл мурда өтүп кеткен бул иш көңүлүндө күнү бүгүнкүдөй жашап, а тургай күндө-

лук жашоосуна көмөктөшкөн сыяктанат. Түгөнбөгөн ойго батып, чарчаганча сапар тартса да, эмдигиче эшигин таппай келет.

Канткен менен бүгүн бир жыйынтыкка келгендей болду. Жумуштан кайткандан бери стол үстүндө башын мыкчып отуруп, акыры райондук оорукананын башкы врачына арыз жазып кирди.

Кою чачы ала булут каптаган асмандай болуп, буурул тартат. Анткен менен чырымтал келген өңү сулуу көрүнүп, бырыштары байкалбайт. Изат оор үшкүрүндү...

Капилеттен ачылган эшик капарсыз отурган аялдын бүткөн боюн титиретти. Кирпик ирмелгенче болбой, чачы уйпаланган, узун бойлуу жигит, босогого тиреле калды. Анын канталаган көздөрү жеп жиберчүүдөй Изатка кадалды. Көрө сала чочуган аял кыйкырып жибере жаздап, ордунан тура калды да каргылданган үнү менен:

— Келегой!? — деп орун көрсөттү. Жигиттин карышкан колу эми араң туткадан бошонуп, кутурган немедей айкырып, аялга жакын барды.

— Сволочь! Апам кана? Апамды эмне кылдың, апамды?! — Тиштери кемирип жиберчүүдөй көзүн көзүнө кадады.

Изат жылмаюга аракет кылып, күлө карады эле ичкиликке жеңдирген кызуу кандуу жигиттен түк ырайым байкалбайт.

— Кандай өчүң бар эле?! Чыныңды айткын! Болбосо өлтүрүп коём! Безгек болгон немедей калтырап, Изатты кол жоолуктай төрдөгү кроватка алып ыргытты. Ызасына чыдабаган аял чыйрала түшүп кроваттан турду да:

— Жакындаба мага! Ошондой тур! — деп буйрук берди. Жигит кирпигин ирмеп ачканда, тайманбас аял пистолет сунуп тургансып өтө сүрдүү көрүндү.

— Уккуң келеби менин сөзүмдү? Чыдап уксаң, мен баштан-аяк айтып берем, — деди Изат.

— Кайдагы калпыңды айтып кутулгуң келет? Баары бир сени кутултпайм. Бир гана ооз сөзүң керек мага. Апамда кандай өчүң бар эле, сойку?!

— Дөөрүбө!... Абал мурун, сен ким менен сүйлөшүп жатканыңды билип ал!.. — Аял ордунан жай турду да жыйылуу турган чемодандарынын бирин аҥтарып кирди.

— Токтот?! Сен андан эмнеңди алып жатасың? — Кыйкырып жиберди жигит.

— Менден чочуба,— деди аял ишенимдүү...

Изат чемодандан кош бүктөлгөн саргыч кагазды алып чыгып, жигитке карматты.

— Мына муну оку. Бардыгын түшүнөсүң.

Жигит кагазды шашкалактай окуп чыгып, эч нерсеге түшүнбөгөн кишиче башын бир жакка кыйшайта калып, кайра башынан жан талаша көз жүгүрттү. Анан ал мас болгон немедей кеңгирей түшүп:

— Сен эмнең менен арбап жатасың мени?! — Муунуп бараткансып, көйнөгүнүн топчуларын бадырата үзүп бакырып жиберди.

— Уккуң келсе мындай отур. Мен сөзүмдүн аягына чыккандан кийин эмне кылсаң өз эркиң...

* * *

«Биздин айыл тоонун арасында Толук деген жер болот. Атам менен байкем согуштан келбей калды. Ошондо да алардын жоктугун сезбей эне колунда өстүм. Байкуш апам! Атамдын кийинки жашоосун жалгыз гана мага арнап, өмүр гүлүн мага тагып, мен үчүн эмгектенип жүрдү. Балким мен болбогондо бир эркектин этегин кармап тирүүлүктүн жыргалын тартып өлөт беле!? Көзүмдү жалдыратып бирөөнүн эшигине сагалаткысы келбей, эркин өсүшүмдү, өмүрүмдү, бактымды тилеп жүрүп өттү, байкушум!

Таң азандан талаа жумушуна кетет. Мен дайыма үйдөмүн. Ал кечинде чарчап, эзги кеберсип келгенин байкачуумун. Чоноюп калсам да алдын утурлап, эркелеп сүйлөгөндү жакшы көрөр элем. Анда ал чарчаганын билгизбей чачымдан сылап, чекемден жыттачу. Кээде, «Апа сен барбай эле койчу жумушка. Ордуна мен барайын» десем, «Кой балам, ашыкпа. Мээнет табылат. Азырынча мен деле күүдөн күчтөн кала электмин. Көр оокатка менин тапканым деле жетишет» деп жолотчу эмес. Көрсө мени турмушка чыгып, өз бет алдынча оокат кылгыча эркин өссүн деген тура.

Бир күнү айлыбыздагы Сайраке деген келин биздин үйгө келди. Шакылдаган, оозу оозуна жукпаган неме болчу. Апкен менен мен анын шайыр, тамашакөйлүгүн жакшы көрөр элем.

— И, «кайсы жигит сулуу болду экен» деп терезеден көзүңдү жыртып жатасыңбы? — деди тамашалап.

— Канчалык карасам деле, бычака саптыгы көрүнбөйт,— мен анын күлкүсүнө кошулдум.

— Жакшылап кара. Турнабайыңа бирөө илинээр. — Бадырайган кашка тиштерин жаркылдата күлүп, сөз аягын башкага бурду. —Апан жумуштабы?

— Ооба. Сиз эмнеге барган жоксуз?

— Ар кайсы жерим ооруп, эки күндөн бери барбадым. Андан калса, сага бир атайлап келейин деп, бүгүн арац чолом тийди.

— Магабы?

— Ооба, сага. — Өкүмдөнө сүйлөдү.— Ботом, кара далы болгуча энеңдин төрүндө отурбай, байкуш Асылды баксаң боло.

— Эмне кылып багам? Жумушка чыгып акча табайын десем, болбойт.

— Олдо десеңчи ай! Сен жумуш кылып кайсыны кыйратмак элең?

— Коюңузчу. Кантип эле...

— Койчу ой, секет кетейин. Бойго жеткен кыз бала энесинин төрүнө отуруп бакмак түгүл, кайра аны түгөткөнүн койсун да. Кыздын милдети ылайыктуу жерге турмушка чыгып, ооз толтура калың жедирип, барган-келгенде сый болсо эле, бакканы ошол. Андан башка аягына алтын, башына күмүш уламак белең. Эне баарыбыздан эле ошону күтөт.

— Кыскасы мени «күйөөгө тий» дегени турасызбы?

— Опей! Анан коржоктоп эле жүрө бермек белең.

— Табылбай жатпайбы.— Эзилип күлдүм.

— Чонойгонуңду билбей, арсандай бересиңби,— деди, бир чети тамашалап, бир чети мени ишендире. — Уксаң, тигил биздин «Төрө бала» сени жактырып калыптыр. «Бир жолу сүйлөштүрсөң жеңе» деп жанымды койбойт. Өзүмө карап мактангандыгым эмес. Мага бары бир. Бирок, биздин айылдагы балдардын жүнү тирүүрөөгү эле «төрө бала». Өзүң ойлонуп көр.

Бул сөзгө тышымдан тыбырчылап чычалаганым менен, ичимден терең ойго чөмүлгөнсүдүм. Сайраке айткандай айылдагы балдардын дурусу эле ошол Жолчубек. Өңдүү, түстүү. Өзү да жибектей чоюлган неме. Эки жылдан бери селолук советке секретарь болуп иштеп келет. Эси жок неме болсо ошондой жооптуу иштерди тапшырмак беле.

Ал экөөбүз мурунтан бери жолуккан жерде жылуу саламдашып, ага көзүм чалдыга түшкөндө жоодурай карап жылмайып өткөнүн байкачумун.

— Карызымдан кутулдум. Мен кеткенден кийин ойлонуп аларсың. Кана, «Төрө балага» эмне деп коёюн?

— Эмне дейт элеңиз. Кызыксыз...— Бетим кызарып, бир башкача абалда боло түшсөм керек. Сайраке кайра күчөп шакылдады.

— Оолда тамылжыган бечарам ай! Сүйүү деген ушинтип келет. Хи, хи, ха, ха... Чычаламыш болуп коёсуң ээ.

Айтпасаң деле эмне дээриңди билип тура-ам. Макул анда мен кетейин...

Ошондон кийин бул сөз апама эмес, айылдагылардын баарына тараптыр. Менин турмушума Сайраке күбө болбодубу, же тагдырдын мага буюрганыбы, кыскасы, турмушумдагы биринчи жана акыркы сүйүүм так ошол күндөн тутанып так ошол күндөн бүттү.

Менин бактым үчүн өмүрүн саткан байкуш апам! Жаны калбай сүйүнүп, Жолчубекти мага ылайык таалтыр.

Ошентип мен турмушка чыктым...

Сөз кыйлага үзүлдү.

— Тамекиден тарттырчы?

— Эмне, тамеки тартасызбы?

— Жок.Сенин колуңдан тарткым келип кетти. — Мурда тартып көрбөгөн Изат, тамекинин ачуу түтүнү тамагын кычыштырып, көзүнөн жаш чыгарганына карабай эки үч курдай аптыга, аптыга соруп, курулай жылмайды.

Алгачкы жылдар кандай өтүп кеткенин байкабай да калдым. Жашоомдун акыркы минуталарына чейин так ошол жылдагыдай өмүр сүргөн болсом, анда мен калган бактыга наразы болбос элем! Чындыгында Жолчубек жакшы жигит болчу. Айткан оюмдан чыкпай, апама да жардамыбыз тийип жүрдү. Колоң коңшулар, абысын-айыңдар, үй-бүлөм менин кылган эткениме ыраазы болушту. «Энесин көрүп кызын ал деп, энеси Асыл жакшы ургаачы эмеспи. Изат аны тартып жакшы киши болуптур» деген сөздөрүн көп укчумун. Анда баламын да, бул сөздү укканда жетпне албай ансайын учуп, кыларга иш таппай, колум колума тийбей калчу. Мени ушундай кылып тарбиялап чоңойткон апама да ар дайым сыймыктанаар элем!

Тиричилик түгөнбөйт эмеспи. Үйдүн ичин мисир кылсаң да баягы жумуш кайталана берет. Эки жакка чыкпай, эл арасында болбой бук болуп кеттим. Кенен баскым, эмгектин кайнаган жеринде өзүм кырдуулар менен тең иштешип, кубалашып ойногум келет. «Мен деле жумушка чыгып иштебейминби» деп Жолчубекке бир курдай айтсам «Колуң кычышса үйдөгү жумуштарды деле бүтүрүп алсаң» деп жактырбай койгон. Кошуналардыкына барып бир аз кечигип калсам же, үйгө келген тентуш балдар менен сүйлөшүп турганымды көрүшсө, үйдөгүлөр да, Жолчубек да жактырышчу эмес. Бир күнү түшкө жуук:

— Жумуш көп болуп, кишинин саны жетпей жатат. Бир жагынан чабылган чөп куурап, бир жагынан эгиндин сугаты, апийим тилүү. Деги азыр кыйын учур эмеспи. Келиндериңди он чакты күн жардамга чыгарсаң кантет?

— деген эшиктен бригадирдин үнү чыкты. Мен үйдө болчумун. Эшике чуркап чыктым. Эч кимден жооп болбогондон кийин кайра менден сурады:

— Айтчы садагасы, бир аз күн чөпкө жардамга чыга аласыңбы? Мен үн дебестен көзүмдүн кыйыгы менен үйдөгүлөрдү карадым. Алар дагы үнчүгүшпады.

— Түшкө ысык тамак уюштуруп койгонбуз. Араба менен барып араба менен келет. Баары өзү теңдүү жаштар. — Бригадир бул сөзүн кошумчалап «эмне дээр экен» дегенсип тигилерди карады.

— Өзү билет да, — деп жооп берди кайненем.

— Бара аласыңбы?— Бригадир дагы сурады менден. Өзүм каалап турган жаным, андан калса улуу кишинин сөзүн калтыргым келбей:

— Мейли, — деп жибердим да, уялганымдан жер карадым. Үйдөгүлөр мени жактырбагандай бир карап алышып, сыр алдырбай өз иштери менен алек болушту.

— Ошент айланайын. Ырас болбодубу. Эрте менен Кара-Ой жакка айрыңды көтөрүп алып бара бер.

Эртеси мен жумушка жөнөгөнү камындым эле, үйдөгүлөр үнчүгүшкан жок. Андан кийин көпчүлүктүн катарына кошулдум.

Талаа... Коюн колтукка кирип кытыгылаган сыдырым жел. Ал жерде жарыша күлгөн жаштардын каткырганына аралаш, өзүң теңдүү улан-кыздардын арасында иштөөдө, эмненин чарчаганы. Кайра жарпың жазылып кечке сейилдеп жүргөндөй көңүлдүү кайтасың үйгө.

Ушундан кийин мен үйдөгүлөргө да Жолчубекке да шектүү киши катары көрүнүп калгансыдым. Эркек аттуунун жанында күлүп койсом же бирге келатканымды көрүп калса ««И, убадаң бүттүбү?» деп көр жемеге салып, ичтен жеген курттай эзгилеп кирет А турсун кээде «эркектик» каадасын салып уруп да койчу болду. Бирок мен баарын көңүлгө албай, эртеси жумушка барганда эле эсимден чыгарып койчумун. Кийин биздин ошол адатыбыз күндөн-күнгө азайган жок.

Бир күнү апам биздин уруштун үстүнөн чыкты. Эне жүрөгү өтө назик келет эмеспи. Менин ыйлап отурганымды көрүп:

— Балам, бул эмне кылганың? Наарazы сөзүнөрдү ооз менен эле бүтүрүп, эт оорутуп урушпай жүрсөңөр боло. Уруш кимге жакшылык алып келиптир, балам? Көзүнө муштаган көрүнөсүң, кызарып турат. Эртең көгөрүп калса эмне дейт, катүгүн, — деп апам безилдеп ийди.

— Аны менен сиздин жумушуңуз болбосун. Сиз биздин

ортобузга киришпеңиз. Эгер уккунуз келсе, кызыңызга бул аздык кылат. Андан көрө сыйыңыз менен келип, сыйыңыз менен кетип жүрүңүз.

— Менин эмнеге ишим болбойт, катыгү-үн! Өз боорумдан чыккан жалгызымды...

— Анда аманында алып кетиңиз кызыңызды, — деди да Жолчубек эшикке чыгып кетти.

Мен анын ушул сөзүнө ичим муздай түштү. Апам ызаланып жаш балача өксүп-өксүп ыйлады. Ага мен кошулуп көпкө чейин муңдаштык. Менин көз жашымды коргогон байкуш апам ай! Биздин бул чатагыбызды угуп билип турушса да уулуна бир ооз сөз айтып коюунун ордуна, «Эки баланын бир аз тартышынын ортосуна киришип сага эмне болгон. Эрди катын урушат, эси кеткен болушат» дешип, апамды уялтышты.

Чөп бүткөндөн кийин корккондумдан жумушка чыкпай калдым. Анткен менен баары бир биздин ортобуздагы ынтымактуулуктун илеби кайтып, күн өтөөр жашоого түшкөнсүдүк. Апам дагы биздикине көп каттабай калды. Колума тийген оокаттардан бууп-түйүп алып мен гана кез-кез барып келип жүрдүм. Байкуш апам, күйкөдөй болуп жүдөп, күндөн күнгө карып бараткандай көрүндү мага. Каныр-күңүрү жок жалгыз үйдө жашоо өзүнчө азап тура. Анын от боюнда үнсүз отурганын ойлоп каңырыгым түтөйт! Менден эмне жакшылыкты күттү экен, байкуш апам! Жок дегенде жанында караан болуп бербесем, ага кайсынын бала!?

«Төркүнү жакындын төшөгү жыйылбайт», эки күндүн бириnде эле салпактап жөнөп калат, байкуш, үйдөгү оокаттарды келемишче ташып отуруп бүттү. Үйдөгүлөрдүн мындай сөздөрүн эшик эликте жүргөндө кулагым чалып калчу болду. Уксам да айлам канча, укмаксан болуп кымпыям. Аял ушак чагылгандай тез тарайт эмеспи, апама да жетиптир. «Балам, мага бербе да, көп үйгө келбе. Андан көрө ыр-чыры жок оокатыңды кыл. Эл бар, оокатыңды кыл. Эл бар, оокатым өтөөр» деп апам менин баруу тизгинимди тартып койду.

Баарынан кыйыны, баарынан азаптуусу апам өлгөн жыл эч качан эсимден чыкпас. Мен ошондо кыз болуп калганымды тил жеткиче каргап, жаш түгөнгүчө ыйладым. Мени эмне кылып бакпадың эле, байкуш апам! А мен ага жылуу чөгүн чайымды өз бешене теримден таап кайнатып бере алдымбы? Жок. Ал тургай жүрөгүнө дем болор жылуу сөз уккан жокко, тирүүсүндө. Менден күткөнү чоң эле...»

— Ширеңкени чагып койчу?
— Эми ыйлап кирдиңизби?
— Менде ый калбай калган. Сен жүрөк өрттөгөн сөздөрүмдү чыдап ук. — Изат тамекинин түтүнү менен бир аз алаксыды.
Барар үйүм, ишенгеним, ырысым, бактым, тоодой медерим болгон апамдан ажырагандан кийин, жашоонун кызыкчылыгы жоктой сезилип жүрдү мага. Түшүмдө да, өңүмдө да ый менен жашап, күн өткөрдүм. Ичимдеги арманымды апамдын элесине жүрөгүмдөн айтып, аны менен ый аркылуу сүйлөшөм. Ал убакта кайгымды тең бөлүшүп, мага муңдаш болор Жолчубектен башка ким бар эле? Менин ыйлап отурганымды көргөндө «Болду да, сөөгү чирип бүткүчө эле бышактай бербей. Карыган апаңа темирден тирөөч койсоң да болмок эмес» деп, корсулдаган. Мунун сөзү ансайын сай сөөгүмдү сыздатып, көз жашымды көрсөтпөй сууга барган кашатка таштачумун.
Үч жыл төрөбөй жүрүп, апам өлгөндөн кийинки жылы тун уулумду төрөдүм. Ал менин биринчи жана эң акыркы төрөшүм болучу. Жаш баланын жыты жанымды жыргатып, ошондон кийин жашоого кызыккансып бараткам.
Бала күндөн-күнгө торолуп, көзгө сүйкүмдүү көрүнө баштады. Апамдан кийинки жакыным ошол болуп калды. Ал менин ичимди жылытып, жаныма кубат болгону менен Жолчубек экөөбүздүн жүрөгүбүздү данакердей албады.
Баланы эркелетип, отурганымды көрүшсө «Бала туруп баласаагына кантесиң» дешип жаман көрүшчү үйдөгүлөр.
Мезгил айланып кыш чилдеси кирип келген. Жолчубек мал санап тоодогу кыштоолорго кеткен. Кечке маал. Өзү менен кошо бир короо суукту алып, айылдагы комсомол уюмунун секретары кирип келди.
Сени парторг чакырып жатат, —деди мага.
— Эмне жумушу бар экен?
Билбейм барганда угасың да. Мен үйдөгүлөргө карадым.
— Барсаң эртерээк барып келбейсиңби,— дешти алар.
Жумушу болсо жарык-жазда чакырбайбы, —деп кошумчалады бири.
— Барбай эле коёюнчу — дедим тартынып.
— Кой балам, барып кел. Чоңдун каарына калабыз. Мен кыйылып туруп үйдөн чыктым. Барсам айылдагы жаштардын көбү контордо экен. Отурдук. Тигил төрдөгү

столдо парторг, клубдун башчысы, комсомол уюмунун секретары отурушат.

— Сөз мындай деди парторг.— Районго барып, өздүк көркөм чыгармачылык кружогунун отчеттук концертин берет экенбиз. Ал үчүн ушул отургандарыбыз даярданабыз. Убакыт аз калды. Башка чарбалардан калып уят болбойлу. Күн сайын кечки саат бештен кечикпей, клубга келип тургула. Келбей калгандар менен өзүбүзчө сүйлөшөбүз.

Жаш баламды шылтоолоп жооп сурасам көнүшөөр бекен деп кымырылып атып айттым эле,— тигил жанында сенден кийинки төрөгөндөр дагы отурушат, садагасы. Эки үч саатка бала эч нерсе болбос. Кана баштай бергиле!..

Айла канча башка сөз айтуудан тартындым.

Шаңдуу музыка, уккулуктуу овон! Койчу, кандай сонун кеч. Көптөн бери бук болгон жаным, тартынбай ырдай берип черим жазылды. Үнүм да жаман эмес болучу. Ошентип отуруп түндүн кайсы убак экенин билбей калыптырмын. Даярдануу бүтүп үйгө тарадык.

Жолчубек экөөбүздүн бөлмөбүз бөлөк болчу. Үч күндөн бери ал жок, чырак жагылбай калган. Азыр ошол бөмөнүн терезесинен жарык күйүп турганын көргөндө жүрөгүм шуу дей түштү. Жаңылган эмес экенмин. Эшикти ачсам Жолчубек кош жаздыктын үстүндө чалкалап жатыптыр. Менин добушумдан ойгондубу же мурун эле ойгоо жатканбы айтор мен босогону аттаганда эле:

—И моокумуң кандыбы?— деп, көзүн төбөсү менен карап жекирди.

— Жөндөп сүйлөчү Жолчубек. Андан көрө качан келдиң? Кыйналан жоксуңбу? — Жалтаңдай жанына отурдум.

— Ох, шерменде! Кайра мени тезбеге салгың бар го ээ. «Жөндөп сүйлөчү» деп!

— Капырай, эмнеге күпүлдөйсүң? Абал мурун уксаң, менин кайда жүргөнүмдү?

— Я, сенин кайда жүргөнүңдүбү? Анын эмнесин уктургуң келет мага.— Ал үстүндөгү жууурканды серпип таштады. Тээ башынан бери ошол комсомол уюмунун секретарынан күмөнсүп жүргөн немеге эми тимеле табылбай калган сыяктанды.

— Бизди парторг...

— Бас жаагыңды. Ошол парторгдон соо жүрүпсүңбү.

— Оозуңа карап сүйлөчү?— Каным кайнап кетти. Ал ордунан ыргып туруп жакамдан муунта кармады да, эшикти карай ыргытты,— оозума алым жетпеген зөөкүр экенмин да сага!

— Баягы адатың кармаган экен ээ?!— Бет маңдайымдан барып жерге тийип, ызалангаңымдан ушуну айтып жиберди м.

— Тапкан экенсиң жаманды.— Ысыган темирге согулган барскандай, анын буттары үстүмө бычырап калды. Этим ооруганынан кыйкырып жибердим эле,— долусун. Атаңдын...— Чоң муштуму менен башымды ийлеп, оозуна кирген сөз менен боктоп жатты. Кыймылдоого алым келбей, ичимден солуктап, көзүмдүн жашы менен жерди сугардым. Бир оокумда:

— Айланайын акебай! Бир чыны суу берип койчу,—деп жалындым эле.

— А тойгон экенсиң, суусап,— ал кабырга талаштыра чоң буту менен берип алды эле, жүрөгүм куушурулуп, көзүм караңгылап кетти. Ошончо жылдан бери жаман айткан эмес элем, жан ачыганга чыдабайт көрүнөсүн, оозума кирген сөз менен каргап калсам керек. Ал колумдан булка тартып ордумдан тургузду да, босогодон сүйрөп чыгып, жаап жаткан карга көмөлөтө ыргытып, эшикти тартып алды. Ошол түнү бороондун ышкырыгы ай! Күн да мага өчөшкөнсүп көз ачырбай турду. Мен ордумдан сүйрөлө туруп, кыштактын сыртын көздөй чуркап жөнөдүм. Уюлгуган бороон алдыга бастырбай, көкүрөгүмдөн түртөт. Жол түшпөгөн тизеден карды жан талаша жирел бараттым. Ачарчылыкта тентиген мусапырдай теңселип барып, апамдын мүрзөсүнүн үстүнө куладым. Дүлөй мүрзөлөрдүн арасынан боздоп чыккан менин үнүмдү албууттанган бороон оозумдан жула качып, алда кайда алып кетип жатты. «Айланайын апакем ай! Мени жалгыз таштаганча, өзүң менен кошо ала кетсенчи? Эми мен кайда барам сенден башка? Угуп жатасынбы, менин үнүмдү!?» Канчалык ботодой боздосом да, ак шейшеп жамынган бейиттер ырайым кылбачуудай мисирээт. Бара, бара менин денемди мүрзөлөргө теңеш үчүн сиңирип бараткан сыйктуу үстүмдөн олпок кар чүмкөп кирди. Денем жансыз тартып, жаактарым карышып, тамагым буулгансып баратты.

Бир убакта күртүлдөгөн добушту укканда кайрадан эсиме келе түштүм. Ошондо да менин көзүмө Жолчубектин элеси тартыла калганда жаланкычтан сүрдүү көрүнүп, кайрадан жан талаша кыйкырып жибердим. Алиги неме так жаныма келди. Тарбайган колдор денемди куушуруп бараткан сыктуу, карбаластап, ансайын боюмду апамдын мүрзөсүнө кынадым. Ошондо жер оюлуп кетип, апамдын жанына барып жатып калсам деген ой көңүлүмдү билеп турду. Аңгыча кимдир бирөө үстүмдү тырма-

лап кирди. Кайрадан жан талаша бакырып жибердим эле:

— Аял экен,— деген чоочун эркектин үнү угулду.

— Сен кимсиң, кагылайын, тур өйдө?— Каргылданган кишинин үнү башымды өйдө кылды.

Мүрзөнүн жанынан алыс эмес жерде уй сарай бар болучу. Менин боздогон үнүм андагы жашаган уйчу абышкага угулган экен.

Эртеси мени ошол абышка райондогу ооуканага жеткирди. Он күндөн ашык эс учумду билбей жөөлүп жатып, араң онолсом керек. Врачтын жардамы болбосо, балким мен киши болбос белем. Ошондон кийин «адамдын өмүрү үчүн күрөшүү кандай сыймык» деген ойдо калгам. Кийин мен ушул абалда калышымдын себебин эчен ирет такып сурашса да, «Отурушта отуруп мас болуп калсам керек. Андан кийинкисин билбейм» — деп жооп бердим.

Ооруканада бир айдан ашык жаттым. Уйчу абышка биздин тууган болот экен. Дайыма келип-кетип турчу. Мен аларга да чечилип сырымды айтпадым.

Ушул ишти деле көңүлүмө сактабай, өз үй өлөң төшөгүмө кайрадан барып жашап калат белем, ким билет? Бирок бир айдын жүзүндө Жолчубек же анын үй-бүлөсү бир жолу келип абалымды сурашкан жок. Менин акыбалымды уйчудан угушуптур.

Оруканадан чыккандан кийин, өзүмдүн кийимимди салган чемоданымды гана уйчу абышкадан суратып алдым да, Фрунзеге кетип калдым.

Абал мурун фабрикага орношуп, жатакана алып, кийин окууга тапшырдым. Инсититутка барсам кокус экзаменден кулап калсам болбос. Андан көрө женилирээк дедим да, медициналык окуу жайына документтеримди тапшырдым. Китепти күндүр-түндүр окуп жан талаша даярдандым. Эмгегим кайтып экзамендерден өтүп кеткендеги кубанычымды айтпа! Энем бешенемден сылап эркелетип тургандай, кубанычым койнума батпады. Ошентип мен студент болуп калдым.

Окууну бүткөндөн кийин мени Алайга жиберешти. Балким мен түбөлүк ошол жерди жердеп калат белем?.. Бирок, ага өжөр эрким көнбөдү. Эчен киши акедей асылып. колумду сурап, артымдан калышпады. Ошондо деле өндүү-түстүү жаш элем. «Кээде бир үйдө жалгыз жашаганча үйлүү-жайлуу болуп турмуш куруп алсамбы» деп ойлосом, сүйүп барган жарымдан көргөн «сыйымды» ойлогондо төбө чачым тик туруп, бүткөн боюм титирейт. Андан көрө өз эркимче жашап, бой жүргөнүм дурус дедим да, эч кимге сөз бербедим. Күн өткөн сайын артымдан калбай, чап

кенедей жабышып сөз айткандар көбөйүп кетти. Андан калса айыл ичи мен жөнүндө ар түрдүү ушактарды таратып жибериштир. Ошондон кийин жер которууга туура келди.

Акыры 12 жылдан кийин дан жыттанган Чүйгө келип, ушул кыштактын мед. пунктунда, азыркы ишиме орноштум.

Иштегениме аз эле күн болгон. Эрте менен жумушка келип, конторумдун ичин шреттеп жаткан элем. Бир убакта эшик ачылып, далдайган узун бойлуу киши киргендей болду. Келип кетип жүргөн көп кишилердин бири дегенсип, ага назар салганым жок. Анан ал «жакшысыңар» деп койду. Ошондо гана артыма бурулуп, тигинин жүзүн карадым. Биз тиктеше калдык. Денеме электр тогу тийгендей чымырап түмөндөлгөн ойлор башыма чагылгандын изиндей чакмак уруп өтүп жатты. Мен нес болгон кишидей катып калдым. Көзүмө ушунчалык суук көрүндү. Сыйкырлаган бир күч ортобузду чырмай салгансып, анын көзүнөн көзүмдү тарта албадым. Ал да абал мурун таң кала түшүп анан жекире бир карады да эшикти булка тартып чыгып кетти.

Эгерде мага Жолчубек кезикпеген болсо, өткөн иштердин бардыгын унутуп, а тургай калган баланы да эсимден таптакыр чыгарып коймок белем? Деги ким билет. Мен аны бул айылдан кезиктирмек түгүл, өмүр бою жүзүн көрбөөнү тилегем. Көрсө ал үй-бүлөсү менен ушул жерде экен. Ал да менин келгенимди кайдан билсин. Бир жумуш боюнча кире калган чыгаар.

Ошентип, он жети жылдан кийин биринчи жана акыркы күйөөмдү жолуктурдум. Ал кеткенден кийин өткөндүн баары кире тарткан кербендей көз алдыман мончоктой чубуруп, акырында баланын дайнын билүүгө шаштым. Бирок, аны жолуктурушум өзүнчө азап болду. Же бул жерде жокпу? Балким, өлүп калгандыр? деп ойлодум.

Бир күнү машиненин радиаторундагы кайнаган суунун оозун ачып жиберип, бууга бетин күйгүзгөн жаш жигит келди. Ага дары жаап, тандым да журналга аты жөнүн каттап калдым. Сурай электе эле, «Жолчубеков Бообек» деди жигит шакылдап. Жанымдан мылтык атылгансып кулагым туна түштү. Көзүмдү бир аз ирмеп алгандан кийин жүзүнө тигилдим. Колумдагы калемсап өзүнөн-өзү жылмышып столдун үстүнө түшүп калды. Рас эле көзү мага окшошуп кетти. Өзү берекем ай! Чоңойуп калган тура. Жүрөгүмдөн сүйлөп, жүрөгүмдөн өрттөнүп бараттым. Тура калып боорума кысып, «кулунум» деп жалынгым

келди. Эриндерим комузун кылындай титиреп, көзүм жайнап ал жака обдулуп бараткан сыяктандым.

— Кана, болдуңузбу? Мен кетейин,— деди корс-корс эте. Ошондо гана чочуп ойгонгонсуп ручканы ала коюп ишке кириштим. Сенин орой, одоно мүнөзүңдү ошондо эле байкагамын. Бообек унчукпай оор улутунду.

Андан кийин сенин гана карааның менен жашап жүрдүм. Көчөдө машинеңди айдап жүргөнүңдү, дүкөндөрдүн жанында кызуу болуп жолдошторуң менен турганыңды дайыма кезиктирем. Кээде мас болуп бирөө менен кыжылдашып турчуусуң. Андагы абалыңды көрүп ичим түтөсө да, жаныңдан алыс кетпей карагым, чуркап барып боорума кыскым, жыттагым келип жүрөгүм эзилчүү.

Күндөрдүн биринде чоң жолдо келатсам машинеңдин жанында үч бала менен кызуу турупсуң. Мен жолдун аркы өйүзүндө элем. Негедир бутум өзүнөн-өзү тартылып силерге чукул өттүм.

— Жене, отурбайсызбы? Мен жеткирип коёюн,— деп, ырсактай тамашаладың эле, жолдошторуң күлүп калышты... Тушап койгон немедей кыбырап, араң алыстадым силерден. Сенин ал сөзүңө канча күн боздогонумду кайдан билдиң?... Эстедиңби?

Эми бул жерден кетким келди. Бирок сенин караныңды көрүп жүрүүгө кумар болуп алыстай албадым. Өткөн жылдын күзүндө сенин Токтогул ГЭСине кеткениңди уктум.

Андан кийин көзүңдү көргөнүм ушул. Болгондо да апаңдын кунун кууп, мени күнөкөр катары издеп келген жериңден көрдүм.

Сенин энеңди өлүүсүндө эмес, тирүүсүндө да көрөйүн деген ниетим жок эле.

Түн бир убак. Уктап жатсам терезе чертилди.

— Ким?

— Эже, жардам бериңиз? Коңшубуздун аялы кыйналып жатат,— деди баланын үнү. Кимдин үйү экенин кадан билейин. Бардым. Оозгу үй толгон кемпирлер. Ортосунда бир аял тил оозу жок сулк жаткан экен. Эртелеп ишке кириштим. Аял алда качан эс учунан ажырап калыптыр. Жасалма түрдө дем алдырып, дары жыттаттым. Бирок натыйжа чыкпады. Же, районго жеткире койгонго машине жок. Кеч барып калып, ажалдан алып кала албаганыма эмдигиче өкүнөм. Ичинен баласы да өлүк түштү. Аялдар чурулдай түшкөндө, эшиктен бир эркек өкүрүп кирип келди. Карасам Жолчубек. Мен ошондо гана анын аялы экенин билдим.

— Колундан келбегенден кийин, бул жерге айланганы келдинби? Алар өчүндү ушинтип алайын деген экенсиң го, бетпак! — деп, ыйга аралаш сөгүп калды. Отурган аялдар сөздүн тек жайын кайдан түшүнсүн. Бири-бирин карашып тим болушту. Мен үн катпастан эшикке кеттим да, райондон врач, милиция чакырып, түшүнүгүмдү бердим.

Сен убагында келбей калдың. Кабар кеч жетсе керек. Өз баламды өзүмө тукурарына, ошондо эле шекигем...

— Сиз бул күбөлүктү кайдан алгансыз?— деп сурады Бообек.

Мага уйчу абышка жеткирген чемодан менен кошо келген. Бул менин документтеримдин ичинде болчу. Ошондон бери сенин күбөлүгүңдү, өзүмдүн турмушумдун күбөлүгү катары сактап келдим.

— Суусадым...

— Тамак ичесиңби?

— Жок. Максым болсо... Изат чыныга толтура куйган максымын өз уулуна биринчи жолу сунду. Биринчи жолу колунан даам берип отурганына сыймыктангандай ууртунан кусалуу жылмайды. Ал азыр да кучактагысы келди, бооруна кыскысы, эркелеткиси келип, ичи эзилип турду.

— Рахмат, — деди Бообек. — Мен кеттим.

— Кайда?

— Жумушка. Токтогулга.

— Таң атканда жөнөбөйсүңбү?

— Жок азыр. — Бообек жай кадам шилтеп эшике чыкты.

— Атаңа жолуга кетесиңби?

— Барбайм.

— Кой, антпе. Жолугуп кет... Анткен менен, атаң жаман киши эмес эле... Азыр ойлосом, анын кызганычынын дагы жүйөлүү себеби бар өңдөнөт... Эгерде мен анын талабын туура түшүнүп, ошонун эркине көнүп, өз кызыкчылыгымды токтоткон болсом, балким турмуштун бул кыйноосуна туш келбес белек...

— Жакында мен да бошонуп элге кетем.

— Туура кыласыз.

— Кайра качан келесиң?

— Жакында эмес. Сиздин айлыңызга электр жарыгы Токтогулдан барган кезде, — деди да, ууртунан аз гана жылмайды.

— Саламатта тур. Берекем!..

— Жакшы калыңыз.

— Бообек узап баратты. Анын карааны чоң жолго жет-

кенден кийин, булбулдөп көрүнбөй калды. Изат артынан узата карап, көзүнөн чыккан жашты жоолугунун учу менен сүртүп, күлүмсүрөдү.

— Аман жүр, кулунум!

Тоонун башынан таңдын шооласы созолонуп келатты.

*1965-жыл.*

## ЖОЛ МАЕГИ

Биз «Кыз-Арттын» белин ашканда күн тоо-тоонун башынан кызыл оромолун кымтып бараткан эле. Баятан бери өр талаша ызылдаган машиненин мотору туу жонго чыкканда эс ала түшкөндөй, деми сууп, эңиш тарта лепилдеп жөнөдү. Жаз айынын нәристе кыздын илебиндей көңүл сергиткен желине кабинадан башымды чыгарып чачымды сылата эркеледим. Ал мени аңсайын койнуна кымыра кабыл алып, көзгө көрүнбөс, назик «манжалары» менен жүзүмдү аймалап, мотор үнүнө кошул-ташыл болуп, жүрөк кылын козгогон мукам обонго окшошуп баратты.

— Иничек?! — деди шофер бакылдап. — Айтчы, сенин кандайдыр бир эңсеп сагынган жериң барбы? Мен ойлоно калдым. Ал адатынча жайдары жүзүн мага буруп, күлүңдөй карады.

— Жакшы көргөн жерим көп...

— Көңүлдөн кетпей сагынган жериңди сурап жатам.

— Мен үчүн Фрунзе кымбат туюлат. — Мен ооз учумдан бош айттым.

— Фрунзе деген кенен шаар. Ошонун ичинен кичинекей бир булуңун, бир түп дарагын көз алдыңдан өчүрө албай сагынасың, ал жер өмүрүңө тете болуп калат... А менин көз алдымдан кетпей, көңүлүмдө калган, сүйгөн жерим: береги кичинекей көпүрөнүн жаны. Мына, көрдүңбү? Дал ушул жер.. Шофер көрсөткөн жерди мойнум «үзүлгөнчө» карадым. Биз шуулдап өтүп кеттик. Бирок, көз алдымда кичинекей сууга салынган көпүрөнүн жанындагы боз үйдөй тегерек ак таш элестеп калды.

— Сыры болсо керек, туурабы Кыяс байке?! — дедим тамашалагым келип.

— Сыры бар иничек, сыры бар!..

— Айтсаңыз?

— Өзүм дагы айтайын деп турам... Келинчек ала элексиңби?

— Жок... Окууну бүткөндөн кийин болбосо...
— Баса, кайсыда окуйсуң?
— Университетте. Тилчимин.
— Менин кызым биофактын экинчи курсунда. Каралдым үйдү сагынып калгандыр.
— Жанагы көпүрөнүн сырын айтпайсызбы, Кыяс байке?
— Мен аялымды биринчи жолу, дал ошол көпүрөнүн жанындагы ак таштан жолуктургам... Ээ, иничек, ата-энең бар, заман бейкут.... Бактың бар баласың. А мен ата-энемди билбейм. Төрөлгөн жеримди, чынымды айтсам, улутумду дагы так айта албайм. Али акыл кире элек кезимде талаада жаткан жеримден кимдир бирөө таап келип, балдар үйүнө тапшырган имиш... Токмокто чоңойдум. Ал жерден окуп, шофер болдум. Бизди алыскы райондорго айлап, жылдап командировкага жиберишчүү. Ал кезде жалгыз гана машинеден артык жакыным болгон эмес... Ушул Кочкор районуна келип, Суусамырдан саман тартып жүргөнбүз. Бир күнү дал ушул маалда Кызартты ашып, саман тартып келатсам, ошол көпүрөнүн жанынан бир кыз кол көтөрдү. Кабинам бош эле, тормозду тээп, күүлөнгөн машинени токтотконча, кыздын жанынан кыйла узап кеттим. Торчого салынган буюмун көтөргөн, татынакай кара көз кыз, энтиге чуркап мага жетти.
— Кайда барасыз? — дедим мен.
— Районго. Ала кетсеңиз агай?! — Өтө шашып тургагынын билдиргендей жалооруй өтүнүп, чыдамсыздык менен жооп күттү. Ушул учурда анын оюн бир гана нерсе бийлеп, менден чоң жардам күткөндөй чебеленип турду. Азыраак минутанын ичинде көзүнө көзүмдү батыра кайырмактадым да, «отуруңуз» деп, сый көрсөттүм. Жол бою үнсүз жүрүп отурдук. Уюлгуган чаңды артына ээрчитип, дөңгөлөктөр чимирилет. Ал кападар окшойт. Мен негедир тийишким келип, сөз баштадым:
— Карындаш, үйүңүз райондобу? Ал менин турпатымды көз кыйыгы менен кечирип алды да:
— Ооба, — деп ойлуу кымырылды.
— Окуйсузбу?
— Жок. Онунчуну бүтүп, окубай калгам.
— Эмне турмушка чыгыпбы?
— Жок. Башка себептер менен... — Кыз тынчсыздангандай кабак бүркөп, алдыга телмирди. Саат жебеси сапар тарткан сайын, тигил кыз жүрөгүмө жакын сезилип, сугум артылат. Ушул машинени айдагандан бери менин жаман кабинама мындай жан туш келбегенин туйдум. Олдо десеңчи ай!! Табийгат чоркоктук кылып, мурдунун учун

бир аз кыска жаратканы болбосо, жомоктогу перилер мындан артыкчылык кылбас эле!..

— Атыңыз ким? — дедим кулагымды жакын төшөп.

— Гүлшат.

— Гүлшат деңизчи... Гүлшат... — Мен бул атты улам кайталадым.

Машинени аябай катуу айдаганымбы же, ушунча убакыт өттүбү, айтор, райондун борборуна жетип келипмиз. Күүгүм кирип, көчөнүн жарыктары күйүп калган экен.

— Токтотуп коюнуз, байке? — деди Гүлшат акырын.

— Үйүнүз ушул жердеби?

— Ооба. Ыракмат, мына, акыңызды алыңыз? Кыз мага акча сунуп жатса керек, мен аны укпай, телмирип карап тура бердим. Анын акча сунган колун эмес, бырыш түшө элек жумуру моюнун, узун кирпиктүү карагат көзүн, жанга жагымдуу назик үнүн угуп, суктана карап турдум.

— Алыныз байке?! — Гүлшаттын ууртуна күлкү аралап, үнү андан бетер шыңгыр угулду.

— Жок, ыракмат. Тим эле коюңуз... Даагы бир жолукканда берерсиз... — Ызалуу күлүмсүрөдүм. «Эми кайдан жолукмак элең, куурагыр!» деп кимдир бирөө желкемден жекирип тургандай сезилди.

— Ыракмат анда... Жакшы калыныз... — Гүлшат кабинадан тез түшүп, шаша басып көчөнү имерилип кетти. Заматта эле көздөн кайым болгондой, карааның таппай калдым... Ал жерде шалдыраган боюмду жыя албай, узакка турсам керек...

Кыяс ошол учуруна эми өкүнгөндөй, алдын буруя тиктеп, унчукпай калды.

— Кийин кантип таптыңыз? — деп суроону жаңыртып койдум.

— Э иничек, жакшылыктан күдөр үзбөсөң, акыры ага жолугасың. Эгерде эки кишинин таза сезимдери илинишип калса, түбү жүрүп биригет. Буга ишенип кой...

— Кызык экен...

— Арадан ай өтпөй чыныгы кызыкты көрдүм. Бул анык жомок эле... Дал ушул маалда Кыз-Артты ашып келатсам, баягы жерде баягы кыз кол көтөрүп турса болобу! Көргөн көзүмө ишенбей карбаластап, машинемди аз жерден кулатып ала жаздапмын. Тормозду катуу берген экенмин, ордунда чимирилип, тумшугу жанагы ак ташка такалып барып токтоду. Гүлшат коркконунан кыйкырып, бетин баса калды окшойт Али машинени түзөбөй жатып, кабинадан секирип түштүм.

— Гүлшат, бул сенсинби?! Кызык ээ! Биз кайрадан дал ушул жерден жолугуштук!? — Менин кубанычым кызга жактыбы, жакпадыбы билбейм. Ал үндөбөй, жалдырап мени карады. Колунда баягы эле торчо бар экен.

— Районго барасынбы? Жүр, отур!?

— А, сиз белениз... — Гүлшат эми аран тааныгандай акырын унчукту.

— Эмне, тааныбай калдынбы? Менмин. Атым Кыяс. Баягыда айтпасам керек ээ? Сураган эмессиң.

— Жүрөгүм түшүп калды... — Гүлшат акырын күлгөн болду. Күн чыга калгандай жүзү ажарлана, жүрөгүм суурулуп кетчүүдөй булкунду.

— А мен кубанганымдан, машинем менен кошо тоңкошатып ойногум келди.

— Коюңузчу?! Ошондой кантип оюн болсун...

— Ырас... андай оюн болбойт. Бирок, негедир ошентким келди... Жүрүңүз, отуруңуз, жөнөйлү?!

Гүлшат мурдагыдай шашпай, ашыкпай, мага жалооруп суранбай акырын басып барып кабинама отурду. Мен эми өзүмдү дегеле каадалуу сезип, машинени от алдырдым, айдап жөнөдүм. Жолдо оюма келгенди сүйлөй бердим окшойт. Гүлшат жадабай угуп, жылмаюу менен гана жооп берип келатты.

Айлана коңур тартып, түн пардасын жамынып кирди. Менин оозумдан кандайдыр бир сөздөр чыккан менен эсакылым башкада эле. Бара-бара ээнбаш ойлор эркимди бийлеп, бүт денемди бир гана максат баш ийдирип турду. Ооба, ошентти... Өмүрүмдө биринчи жолу чечкиндүүлүк жасадым. Машинамды жолдон сыртка буруп тээ тоону карай айдадым. Оозум сөздөн бошой элек болчу.

— Кайда барабыз? Көрүп жатасызбы? Машина жолдон чыгып кетти... — Гүлшат тынчсыздана түштү.

— Тормозун карап алайын... Жана катуу тормоз бергенде житкиси агып калса керек, — дедим, кур шылтоону айтып. Гүлшат эми үндөбөй, менин эркиме көндү. Биз жолдон четтеп, коюу түнгө аралашып кеттик...

Кыяс кайрадан унчукпай калды. Мен калган сөздү уккум келбей, сөздү кыскартууну ойлодум.

— Ошентип үйлөндүм денизчи?

— Кайдагы үйлөнгөндү айтасың!.. Ойлогон иш оңойчулук менен ишке ашпайт, иничек... Балким, тагдырдын бурулуштары көп болсо турмуш кызыктуу туюлаар...

— Үйлөнгөндөй айтпадыңыз беле?

— Шашпай уксаң айтып берем...

Жумуштан кийин машинемди базага токтотуп, Гүлшат-

тыкына барчу болдум. Алар эски базардын бурчундагы жепирейген кара тамда жашашчу. Короонун булун-бурчтарында чакан-чакан купкөлөр, эскилиги жеткен бастырма, кыскасы ушул кичинекей аянттагы көрүнүш эле бул үйдүн баш көтөрөр бүлөсү жок экенин билдиргенсийт. Чындыгында ошондой болучу: үйдүн белдүү кишиси Гүлшат, карамагында апасы Пазилат бар экен. Ал киши эшикке чыгып киргендин ортосунда муундары калтырап, өңү бузулуп, безгек болгон немедей титиреп калар эле.

«Абышкам өлгөндөн кийин ушинтип калдым. Мурда тың элем... Жалгыз кызыма кыйын болуп атат... Дагы бир жыл чыдаса, оңолуп кетээрбиз... Ушул короо жайды үркүндөн келген жылы кургаибыз. Ата-энем өзбек болучу. Он эки жашымда ушул уйгур абышкам сатып алган... Эмдигиче мен өзүмдү жер астынан келгендей туям... Эмнелерди гана көрбөдүк... Эми бардыгы өзгөрдү. Бардыгы эскирди. Там дагы эскирди. Мен дагы карыдым... Жалгыз гана көзгө басаарым, кенже кызым бар. Ушунун оордун тапканча жашап туруум керек. Аз калды. Дагы бир жыл чыдасак...» деп, Пазилат апа алгачкы күнү эле ички сырынын чекесин чыгарган эле жарыктык. Мен анын сөзүнүн түп жайын даана түшүнбөй, ичимден күбүндөп, бош убактымда үй тиричилигине кол кабыш кылганга өттүм.

Гүлшат ушул апасына карап окуусун улантпай турмуш-тиричилик комбинатына кирип иштейт экен. Пазилат апа сүтсүз тамак ичпү эмес. Ошондон улам Гүлшат колунан кичинекей челегин түшүрбөй дүкөндөрдү кыдырып, кээде тааныштарын издеп кетчү. Ал катык алып келиш үчүн көбүнчө Кызарттын берки түбүндөгү сарайдагы тааныпынына барчу. Ошол себептен биздин жолугушуубузга өбөлгө түзүлүптүр...

Бул үйдүн бир бөлмөсүн квартира жалдап алдым. Өзүмдү командировкада жүргөн киши катарында, үй-бүлөм Токмокто деп түшүндүргөм. Келген сайын арзыбас белектеримди көтөрүп келип, Пазилат апага тапшырам. Карт киши жан дили менен кабыл алып бул сыйыма жетине албай жүрдү. Гүлшат мага чечилип сыр айтпаганы менен көз карашы, жасаган мамилеси астейдил болчу.

Бир күнү кезектеги айлыгымды алып, Пазилат апага бир сыйра кийим Гүлшатка көйнөктүк кездеме, дагы-дагы майда бачек буюмдарды сатып алып, дердендей басып жетип келдим. Бул ишиме өзүмдөн-өзүм кубанып, өзүмдөн-өзүм толкундапам. Камкор адам өз үй-бүлөсүнө арнагандай, бир чекеден алып тапшыра баштадым.

— Мына булар сизге, апа: маасы гөлөш, жоолук, көй-

нөк... Ал эми буну болсо, Гүлшат... Сары гүлдүү крепдешинди колума алып, никелешкен өмүрлүк жарым сымак, ичимден чексиз махабатка батып, акырын басып келдим да тамак жасап жаткан Гүлшаттын ийнине жаптым. Ал мени астырттан карап «ыракмат» дегендей башын ийкеди. Мен андагы түйүндүү көз караштын түшүнбөй, «буларды кубанттым го» деген ишеничте чечинип, жуунуп, дасторконго отурдум.

Пазилат апа демейдеги алкоосун унуткандай түнөрүңкү тартат.

— Уулум, — деди ал, мени сырдуу тиктеп. — Сен келгенден бери эки айдай убакыт өттү. Бир ай жүрөм дедиң эле... Ошондон бери алган тыйыныңды бизге ысырап кылгансып жатасың. А тиги үй-бүлөңө жөнөттүңбү? Жооп таба албай буйдалып калдым. Кантсе да менин жүрүм-турумумду таразалап, эмне үчүн далбас уруп жүргөнүмдү карт киши байкагандыр деп ойлогом. А балким азыр чындыктын көзүн ачканы жаткандыр. Андай болсо ачык айтуудан башка жакшысы жок өңдөнду.

— Кечириңиз апа... — дедим мукактана. — Менин эч кандай үй-бүлөм жок. Эне-ата дегенди билбейм. Балдар үйүндө чоңойгом.. Бул райондо командировкада жүргөнүм ырас. Гүлшатка жолуккандан бери... — дедим да, сөз аягын таппай, жалооруй кызга карадым. Ал жүзүн менден ала качып, бир нерсе жасап отурат.

— Ушундай болмок... — Пазилат апанын үнү сүрдүү угулду. — Сенин амалыңды биринчи эле күнү байкагам. Демек, жаңылбаптырмын... Мен кишиге ишенген адаммын. Кызыма дагы өзүмдөй ишенем... Ушундан улам сөзүңө ынап, үйүмө тургуздум эле. Мени алдаган экенсиң го?!

— Антип ойлобоңуз апа? Жүрөгүмдөгү...

— Болду!.. Жүрөгүңдүн маган кереги жок!.. Угуп тур уулум? Гүлшат сен ойлогондой жеңил-желпи, чолок акыл кыздардан эмес. Мен ага кандай ишенсем, ал дагы мага ошондой ишенет. Экөөбүз бири-бирибизсиз өмүр сүрө албайбыз... Гүлшат төрөлгөндө эле сөйкө салган жери бар. Бул атасы ыраматылыктын чоң аманаты. Аны орундатуум керек. Гүлшат дагы ошондой ойлойт. Кудалашкан жерим алыс, менин өлгөндөн калган төркүндөрүм... Бала аскерде, бир жылдан кийин келет. Абышкамдын аманатынан кутулсам, андан кийин өлсөм ыраазымын!.. Ушул уулум. Капа этпе.

Сөз бүттү. Гүлшат тескери караган калыбында өз иши менен алек. Мен ордумдан үнсүз турдум да, бөлмөмө кеттим. «Балким, Гүлшат мага өз оюн билдирээр» деп ойло-

дум. Таң атканча баш катырып, эрте менен жумушка кеттим. Гүлшат сөзгө келмек түгүл, кылчайып карабады...

Машинем бузулуп атат деген шылтоо менен, рейске чыкпадым. Кечинде жумуштан кийин буфеттен бир аз сеп этип, үйгө кызуу келдим. Эски көз караштагы кемпирге оюмду ачык түшүндүргүм келди.

— Апа, — дедим отура электе. — Гүлшат экөөбүздүн убадабыз бар... Сизди эч кимден кем кылбай багып алабыз. Ишениңиз?.. — Мусаапырдай колумду ушалап, жалынчуудай бужүрөп, көзүмдү жашылдантып турганымды эч ким көргөн жок. Пазилат апа үн сөзү жок ордунан турду да, жүк бурчунда жаткан түйүнчөктү алып келип, колума карматты. Аны эчак даярдап коюшса керек.

— Карма айланайын?! Буюмдарың түгөл. Мындан кийин бул үйгө келүүчү болбо!? — Ачууга чыдабай демиккендиктеп, үнү калтырап чыкты.

— Апа, сиз бизди түшүнбөй жатасыз...

— Болду!..— Жанынын бардыгынча катуу кыйкырды. — Сендей селсаяктар эмес, аттуу-баштуу кишилердин сөзүн кабыл албай койгонмун. Ооздон чыккан сөз жан чыккан менен барабар. Сөз эбак бүткөн. Жүзүмдү эки дүйнөдө кара кылгын барбы?! Же, баш-аягын таппаган селсаякка кызымды берип, мээм шишиптирби?! Бол! Бол!.. Өз жайыңа барып, оокатыңды кыл! — Пазилат апа калтырап, титиреп, көзү чанагынан чыкчуудай кейиптенди. Бетинин бырыштары улам жыйрылып, бара-бара чүрүшүп, жүзүнөн мээрим качты. Демек, мындан түк ырайым чыкпасын сездим...

Башка чапкан немедей сыртка чыктым. Түйүнчөктү дубалга жөлөп койдум да, жашоодон үмүтүм үзүлгөндөй, көчөдө тентиреп бараттым. Баарынан да эрки бош, бейкүнөө Гүлшаттын тагдырына кабыргам кайышат...

Жедеп көнүп бүткөн экенмин, буттарым өзүнөн-өзү шилтенип, мени бозочу кара кемпирдикине алып барганын билбей калыптырмын. Төрт киши алдыларына чоң чыныдан бозо куюп алып, карта ойноп жатышат. Кара кемпир чоң чарага куюлган бозосун аралаштыра көзүн ачып жумуп ичинен бир нерселерди күбүрөнөт да, чөнтөктөрүн кармалап, манжаларын санаган болот. Чоң чыныдагы бозону тартып жиберип, төртүнчүсүн кайталадым. Аңгыча эшик ачылып, Чоңмурун каалгый басып кирди.

— О, дос, мында белең! — деди ал кубанып, — Тулуптун оозу буума болгондур?.. Мага калтырдыңбы? Жаман элең... ха, ха... Толтура куюңузчу? — Ал чөгөлөй калып эки кесе тартып жиберди.

Чоңмурун мени менен чогуу иштешкен шофер. Мен үчүн жан тартып имерилип калат. Ошондон улам, экөөбүз кыйла ынакпыз. Көрүшпөгөнүбүзгө көп болгон.

— Моторум талкаланды,— деди ал мурутун аарчып. — Эртең Токмокко баруум керек. Бүгүнчө мында эс алайын деп, сени издеп чыккам. Сен кайда турасың? Эмне, үйлөндүңбү?

— Мага кантип кыз тийсин... Көрүнгөн жерде жүрөм...

— Койсоңчу достум. Сенден кыз айлансын... Бол, алдыңдагыны бошот. Кеттик!..

— Кайда?

— Өнө турган жерге... Машинеңди айдап чык...

Досумдун сөзүн эки кылбай машинемди айдап чыгып, кыштактын сыртындагы бир үйгө бардык. Чоңмурун кирип кетип, кыйладан кийин бир сулуу келинди ээрчитип чыкты.

— Менин досум. Таанышып ал Тукуш,— деди ал келинге. Келин наздуу жылмайып, жумшак манжаларын сунду. Мен атымды айтып, анын колун кыстым.

— Кеттик. Суунун боюна, айда!.. — Чоңмурун кабинаны жаба отурду.

— Экөөңөр менен жалгыз баргыдай мен...— деди Тукуш.

— Коркпо...— Чоңмурун ажыкыстана күлдү.— Досумду түгөйлүү кылыш үчүн бүгүн сүйлөшөбүз. Сенсиз колубуздан эмне келет, Тукуш!..

Төрт кесе бозонун күчүнөнбү же, ичтеги кыжаалаттын таасириби, айтоор, маанисиз сүйлөп, максатсыз күлүп, обу жоктово бердим. Досумдун жетектөөсү менен суунун боюндагы көкмайсаң жайыкка келип токтодук. Тукуштун сумкасы толтура тамак-аш экен. Аларды газетанын үстүнө жайнатып, ай-уйга келбей бир бөтөлкөнү серпип ыргыттык. Келин чычайта тамекини тиштеп, аппак балтырларын айкалыштыра, чалкалап отурду. Мен абал мурун айланага көз салып негедир башка нерселер менен алаксыгым келди.

Болжошкон жерге келген жигиттин чоң таштын далдоосуна туруп көз оттору менен аткылап жаткан сулуудай, ай тиги чокудан моюн созду. Анан айланага тегиз карап, саргыч боёгун жер бетине төгүп, бизди карай жылып келатат. Абал мурун Тукуштун сары жоолугун, анан жылдыздуу бешенесин, албырган жүзүн, жарашыктуу оозун жарык кылды. Ой! Кандай чырайлуу жан! Карагаттай көзүн мөлтүрөтүп, сыйкырдуу жылмаюу менен мени карап туруптур. Көзүм көзүнө илине калганда денем өрттөнүп кете салды! Ангыча Чоңмурун бери оонап, келинди өзүнө имергенде гана эсиме келдим.

— Кандай сүйкүмдүүсүң, Тукуш! — деди ал келинди сыга кучактап, жүзүнөн аймалап. Кызып калганданбы, же, мурунтан мамилелери ошондойбу, келин каршы болгон жок.

— Жарык дүйнөдө сулуулар көп. Бирок, анын баарына үлгүрө албайсың э, чиркин! — деди Чоңмурун өкүнүчтүү. — Ошол сулуулардын бирине, болгондо да ашкан сулуусуна туш болгон менин бактым мухиддей терең тура! Ыраспы, Тукуш?!

— Бул сенин жаттап алган сөзүң... Жолуккан аялдарыңа айта берип, тарпы кеткен.

— Койсоңчу!? Кайдагы аял... Аларга кайсыл сөз... Өткөндү эске салбачы, жаным!? Өзүң сыяктуу мен дагы жайлуу конуш таппай жүрүп, бир эки күн ат жонун сергитсем, сергиткендирмин... Анын эмнесин кеп кыласың. Бул жагынан экөөбүз окшошпуз... Мени карачы?!

— Коё берчи жабышпай! — деди Тукуш ызалуу улутунуп. — Азезил эркектердин баары сендей сүйлөшөт... А балким, жарык дүйнөдөгү сулуулардын аягына чыгуу үчүн ашыгып баратып, мага да жоор атыңдын ыңырчагын алып жайдактап, бир эки күн өргүй кетүүнү ойлоп жүргөндүрсүң?..

— Антпейм кагылайын!.. Ха, ха,.. Жик билгизбей гана сөөсүң ээ, Тукуш, хи, хи... Мен койдум, Койдум эми... Кана, биздин жарык келечегибиз, ак сүйүүбүз үчүн, ушуну тартып жиберели, көтөр, Кыяс!?

Стакандар бошой берди. Мен алардын ортосундагы сөзгө кийлигишпедим. Күчүмдү адаттан тыш арактан чыгарып, арман ырларын созуп жатканымды билем...

Денем суу сепкендей чыйрыгып, бүткөн боюм оордошуп, чукуранып жатып көзүмдү ачтым. Кичинекей тешиктен күндүн учкундары кирип жатыптыр. Кызык, кайда жатканым эсимде жок. Бул кимдин үйү?.. Оордумдан араң туруп, ыргалып барып, эшикти түрттүм. Картаң эшик кычырап, кычырап коюп тим болду. Ой, мен кайдамын?.. Анан эшикти катуу катуу түрттүм.

Бейтааныш эшик ачылбады. Каалганын сыртынан темирдин калдыраганы угулду. Ошондо гана тышымдан бирөө кулптап койгонун билдим.

— Ой ким бар? Ачып койгулачы?! — Ушундай дагы тамаша болобу деп ойлодум ичимде. Ары жактан келе жаткан өтүкчөн кишинин дабышы угулду.

— Кимсиң ачып кой?! — Үнүмдөн ачуумдун келгени билинип турду. Эшик өтө тез ачылып, кызыл жакачан киши бетме-бет тура калды...

Кыяс оор улутунуп, ор талаша калган машинесин ылдамдыгын алмаштырып, бир колу менен рулду кармап, экинчи колу менен тамекини оозуна салып, ширеңке чакты. Боз түтүндү аптыга-аптыга соруп, бет маңдайын теше тиктеп, жаак эттери түйүлө түшүп, оор тынымдан кийин сөзүн улады.

— Ошентип мен камалып кеттим...

— Эмне үчүн?

— Киши тебелетип...

— Кандайча?..

— Э, иничек... «Ишенбегин досуңа, топон салаар көзүңө» деген сөздү сен дагы эсиңе ала жүр... Окуянын кандай болгонун сот болгонго чейин биле албадым. Кишини тебелеп өтүп, жол боюндагы теректи сүзүп токтогон жеримден милиция табышыптыр. Менин бактыма тебеленген кишим аман калды.

— Аман калганы жакшы болгон экен! — дедим кубанып. — Досуңузчу? Досуңуз жардамга келдиби?

— Кептин баары ошол досто экен иничек. Аны сот болуп жаткан күнү билдим. Прокурор бүтүмүн угузуп, жазамды чектеп, айтаарын айтып, ордуна отурган. «Мага баары бир... Кайсыл жакывым ыйлап жатыптыр... Кылмыш кылгандан кийин көтөрбөскө айла канча. Актанаар сөзүм деле жок» деген ойго батып, башымды төмөн салып отургам. Залдын ичи саамга тунуп турган. Ангыча «сөз сүйлөөгө уруксатпы?» деген аялдын үнү угулду. «Дагы кимиси жамандап жиберер экен» деп ойлодум, башымды көтөрбөй. Аял так менин жаныма басып келди. Акырын имерилип карасам Тукуш экен. Мен булар жөнүндө суракта дегеле ооз ачкан эмесмин. «А бул эмнени дөөрүгөнү жатат?» деп, жек көрдүм ичимде... Көрсө, мен бекер жек көрүптүрмүн. Ал болгон чындыкты болгондой айтты. Уккан кулагыма ишенгим келбеди, иничек!...

Эс учумдан ажырап мас болуп жаткан жеримден кабинага салышып, Чоңмурун айдап жөнөптүр. Албетте, ал дагы мас болсо керек. Тукуштардын үйүнө жете берердеги кичинекей көчөгө бурула берип, алдындагы кишини чукулдан көрүп, тебелеп өтүп, теректи сүзүп токтоптур. Ошол замат мага да, тебеленген кишиге да карабай, мени рулга отургузуп, Тукушту алып качып жөнөптүр...

— Акмак экен ээ! — дедим кыжырлана.

— Жакшы адам ушуну кылмак беле... Менин ишим кайра бузулду. Тукуштун актоо сөзү, мен иштеген мекеменин мактоо кагазы кишинин аман калганын эске алып, эки жыл эркимден бошотту...

— Кыйын болгон экен... — Өкүнүчтүү күнк эттим.

— Күнөкөрдүн иши күнөкөр... Андайда жакын адамың көздөн учуп, сары убайымга батасың... Гүлшат келер бекен деп күттүм, бирок, келбеди. Экөөбүздүн байланышыбыз менин келесоолугумдан чыккан күнүмдүк көңүл иши экенин түшүндүм да, аны унутууга аракет кылдым.

Бир күнү мени бир келин күтүп турганын айтышты. Укмушуң кур! Жүрөгүмдүн туйлаганына башым кеңгиреп, жыгылып кете салдым. Чуркап келсем... Тукуш экен. Кургур, колдо барын аябай, бууп-түйүп көтөрүп келиптир. Жакын адамымдай өнтөлөп, жанымда узакка отурду. Мурдагыдан да ажарлуу, сулуу болуп калыптыр...

— Эси бар аял турбайбы. — Мен сөзгө аралаштым.

— Ким билет... — Кыяс бет алдына ойлуу тигилди. — Менин бир оорум бар, ушундай аялдарды көргөндө эле, кучунашым кармап, туталана берем. Дегеле оозумдан жакшы сөз чыкпайт...

— Уруштуңузбу?

— Жок, албетте... Ырахмат айтып, жакшы коштоштук... Кийин дагы келди. Ал келишинде: мени күтөрүн, жакшы көрүп калганын, мендей адамды издеп жүргөнүн айтты.

— Жаман аял эмес экен... Мен сунушка каршы болбос элем... — Бул сөздү жүрөгүмдөн айтсам керек, жүзүм албыра түштү.

— Чынымды айтсам, мен деле ага башты байлап, калган өмүрдү өтөгүм келди. Бирок, жүрөгүмдүн түпкүрүндөгү бир жанган от Тукушту жаныма жуутпай туруп албадыбы...

— Сиз эмне дедиңиз?

— Мен ага Гүлшат жөнүндө толук айттым... Эгерде бардыгы Пазилат апанын айтканындай бүтсө, анда түбү жүрүп сага үйлөнөмүн деп, ачык сүйлөштүм...

— Ойтобо-о, ушундай сөздү аял чыдап угат экен ээ?!

— Укту. Укканда да кандай укту дейсиң!...

Ошондон кийин Тукуштан да Гүлшаттан дагы кабар болбоду. Мен экөөнөн тең ажыраганымды сезип, аябай өкүндүм. Эки жылдык мөөнөтүмдү өтөп, эркиндикке чыгаар замат, түз эле Кочкорго — Гүлшаттыкына жөнөдүм. Азапка салган ойдон тезирээк кутулгум келди.

Келдим. Мага тааныш эски короонун босогосун аттап кирсем, короонун ичи ирээттелип, там акталып, эшик, терезелер сырдалып, кыйла оңолуп калыптыр. Ушул көрүнүш эле мени сүрдөнтүп таштады. «Демек, Пазилат апанын тилеги акталган экен» деп ойлодум. Оюмдан арыла

элек жатып каалгага жеттим да, анан аны акырын черттим.

— Кириңиз!? — деген аялдын үнү угулду. Бул Гүлшаттын үнү болчу. Мен эңсеп күткөн үн! Абдыраган боюмду жыя электе көз алдыма Пазилат апа тартыла калды. Ал азыр эшикти ачып, мени жутуп жиберчүүдөй теше карап тургандай сезилип кетти. Ошол замат артка буруулдум. «Эмнеге келдим бул жерге? Пазилат апа жек көрөт эмеспи. Буларга кесепетим тийе электе жоголоюн. Бирөөдөн дайынын уккандан кийин балким, келип учурашаармын» деген ой менен, тезирээк чыгып кетүүгө ашыктым.

Короонун оозуна жете бергенде тамдын эшиги «кыйч» деп ачылгандай болду. Сезимим эркиме баш ийбей, аркама кайрылдым. Босогодон баш багып Гүлшат карап туруптур! Менин Гүлшатым! Дал өзү! Сагындырган, эки жыл эсимден кетпей айламды кетирген Гүлшат! Өңү азып, жүдөңкү, улгая түшкөндөй. Экөөбүз үн сөзү жок жалдырап тиктешип калдык.

— Жакшы жатасыңарбы, Гүкү!? — дедим каргылданган үн менен. Ал таназарына албаган кишидей баш ийкеп жооп берди. Мени көрөйүн деген көзү жок сыяктанат.

— Кириңиз? — деди акырын өтүнүп. Бутума кишен салып койгондой акырын жылып үйгө кирдим. Баягы бөлмө. Ички ирээтке келип, эки кроват пайда болуп калыптыр. Үнчукпай стулга отурдум. Гүлшат өмүрүндө көрбөгөн кишидей мисирейип, алдыма нан койду.

— Пазилат апа кайда кеткен? — дедим, сунулган чайды алып жатып. Гүлшат дароо жооп бербей, кермеде илинүү турган жаш баланын кийимдерин алып кроваттын үстүнө ыргытты.

— Ээсине тапшыргандбыз... — деди көптөн кийин, оозун араң бүлкүлдөтүп.

— Качан?..

— Эки айдан ашты...

— Жаман болгон экен,— дедим күңкүлдөп.

Биз үнчугушпай калдык. Башка сөз айтууга күчүм келбеди. Баланын кийимдери менен эки кроват көбүрөөк тынчымды кетирди. Гүлшаттын кебетеси дагы бала баскан аялдай жүдөңкү эле.

— Балалуу болгонсуңар го?.. — дедим акырын.

— Ооба... — деди Гүлшат, сөздү бирөөдөн суроочудай маалкатып. — Кыздуу болгонбуз...

Мага бардыгы түшүнүктүү болду. Мени кызыктырган мындан башка суроо жок эле. Күйөөсү жөнүндө угууну каалабадым. Бара-бара санаадан арылгандай, денем муз-

дай баштады. Ушул үнсүз жолугушуу мени көп азаптан куткаргандай болду.

— Чайыңыз муздап калды... — деди Гүлшат.

А... Ичтим... Ыракмат... — дедим карбаластап. Ал мени шаштырып, «эртерээк кетип калсаңыз?!» дегендей туюлду. — Келгендигим үчүн кечирип койгула?.. Капа болбогула... — Ушинттим да эшикке бет алдым. Гүлшат үндөгөн жок...

Короонун оозуна жете бергенде «Токто!..» деген аялдын чечкиндүү үнү желкемден кирип, таманымдан чыгып кеткендей болду. Муну Гүлшат деп ойлогон жокмун. Аркама жалт карасам: гүлдүү оромолун желкесине таштап, окко каршы баскан баатыр энедей Гүлшат мени карай келатты. Ал укмуштуудай сүрдүү көрүндү. Денем үркө түштү. Бет маңдайыма чукул келди да, оттуу көздөрү менен жекире карап, сөз айта албай энтигип тура калды. Мен аны тике карай албай, көзүмдү ирмеп жибердим окшойт. «Тарс!» деген үнгө аралаш жаак эттерим ысый түштү.

— Макоо!.. — деди Гүлшат. Эзели мен укпаган үнү менен. — Өмүр бою азапка салганың аз келгенсип, азыр дагы билмексен болуп чыгып баратасың ээ?!

Ангыча сырттан аялдын жумшак күлкүсү угулуп, анан короонун эшиги ачылды.

— Мына биз келдик. Перизат келди, мамасы,— деди кирген аял. Бул укмуш көрүнүш эле!.. Жашыл коляскага салган баланы түртүп кирген баягы шайыр Тукуш болучу. Ал мени көрө сала, колясканы коё берип, кучактап жыгылчуудай болуп обдулуп, анан өңгөчүн тарта кубанычтуу сүйлөп кирди.

— Келдиби!? Келдиби?! Айттым беле?! Айткам! Келет деген ээ?! Сөзсүз келет дегем! «Кыяс сени сүйөт! Бошоноор менен сени издеп келет, көрөсүң го!» десем, бул көкмелтей түк ишенбейт. «Издеп баралы, жок дегенде кат жазып койсоң боло?» десем да ынабайт, бул көкмелтей. Мына, келиптир го! Акыры келдиби?! Күткөнүң келдиби, берекем! — деди да, Гүлшатты бекем кучактап өпкүлөп кирди. Ошол учурда анын көзүнөн жаш куюлуп жатканын байкадым...

Биз кайрадан үнчүгүшпай калдык. Кыяс кубанычтуу учурунун аягын уланткысы келбеди. Мен дагы сурабадым... Көз алдыма анын тун кызы Перизат элестеди. Университеттин экинчи курсунда, биофакта окуйт дедиби. Бараар замат издеп жолуккум келди... Бул киши өзү айткандай, балким, дагы кездешип, аңгемебиздин аягы дагы уланаар...

*1965-жыл.*

## АҢГЕМЕЛЕР ТҮРМӨГҮ

### НУСКА

Агам менен атамды угузгандан кийин апамдын жашоосу оордосо керек. Ошондон улам эжем экөөбүздү колубуздан жетелеп, Семетейче төркүндөрүнө ала качып кетиптир. Ал жактан эресеге жеткенде айылыма келдим.

Эл менен жердин баркын, негедир, ачык айтып түшүндүрө албайм. Бул кумар эркине көнбөй, жүрөгүмдө кайнап жетилет да, анан ошол сезим аркылуу өзүмдү каадалуу туюп, денемди балкытам. Бала кезимде алыс жүрүп кумарым арткандыктанбы, муну ажырата албайм. Кыскасы мени эске алып издеген киши болбосо да, бой жеткенде кайра апамды жетелеп, жериме келдим.

Сураштырып жакындарымды таптым. Учурашуу учуру өмүр бою эсимде калды. Анчалык ысык боордошууну мурда көрбөгөнүм чын. Атам өскөн жер, атам ичкен суу менин кумарымды арттырды. Бала кезимде үстүнө минип ойночу эски дубалдын нугу дагы калбаптыр. Андан башка эч нерсени элестете албадым.

Бир күнү туугандарымдын бирөө мени колхоздун башкармасына ээрчитип келди. Мунун себеби да бар эле: анткени эми иштөөм керек, чеке теримди төгүп, апамды багуум керек деп чечкем.

Колхоздун башкармасы улгайып калган, токтоо, олбурлуу, кара тору киши экен. Жашы улгайганына байланыштуу, жакын арада эс алууга чыкканы жатыптыр.

Биз салам айтып туруп калдык. Башкарма мени оңурая тиктеди.

— Баке, береги бала кайдан келген? Эсекемдин уулу эмеспи?! — деди жандуу.

— Ооба,— деди менин тууганым сыймыктуу. — Бизди издеп келиптир. Эр жеткенден кийин, ата-журтун табат деген ушул!

— Ой, мурдуңду урайын!.. Келе колуңду?! Айланайын, атасына аябай окшош турбайбы! Капырай, Эсекемди жигит кезинде көргөндөй болбодумбу!.. — Башкарма жетине албай бакылдады. Денемди жылуу кан аралап, жүрөгүм алып учту. Бул менин эмес, атамдын кадыры эле. Өз элдин өзгөчө жыты, кадыры ушундан улам билинет бейм деген ойго баттым.

Ошол башкарманын ысмы Кадыр экен. Атам менен бир өсүп, бир иштешип, ынак жолдош болуптур. Андан кийин Кадыр аке мени жанынан чыгарбай ээрчитип, өткөн-кет-

кенден, атам жөнүндө көп аңгемелерди айтып берчүү. Ал кишиге мен дагы ынак болуп, атама жолуккандай сүйүнүп жүрдүм. «Атам өлсө өлсүн, атамды көргөн өлбөсүн» деген сөздүн чоо-жайын түшүндүм.

Апам жарыктык, ошол мезгилде өзүн жоготуп койгонун ушундан билем, атамдын бир дагы сүрөтүн сактай албаптыр. Аны сураштырып көп тааныштарын кыдырдым. Бирок, ушул убакка чейин таба албадым. Бар болгону Кадыр акенин айтуусу боюнча анын мүнөзүн, кыял-жоругун, өңүтүсүн элестеткен болом.

Кадыр аке сөзмөр, акылы терең, пускалуу киши эле. Мен барган сайын, көргөн-билгенден кеп салып, эрикпей сүйлөп берчүү. Ойлосом, ошол кезде деле бала боюнча жүрүптүрмүн. Бир дагы аңгемесин кагазга түшүрүп калбай, терең маани бербей кулактын сыртынан кетиргениме өкүнөм. Арадан кыйла жыл өткөндөн кийин Кадыр акенин айткандарынан эсте калганын кагазга түшүрүүнү туура көрдүм. Балким, ушул аңгемелерде айтылгандан улам, менин чөбөрөм, түпкү атасы Кадыр акенин элесин табаар...

## ЫР МЕНЕН КУТУЛГӨН АЗА

— Армиядан согуш бүтө электе кайттым,— деди Кадыр аке оор дем алгандан кийин. — Айыл ичи каатчылык, кайгы-муңга толуп туруптур. Менин колхозума Жусуп, атаңдын колхозуна Жумаалы башкарма экен. Биздин убагыбызда Жусуп кампачы, Жумаалы ат багаар эле. Экөө тең итке минээр кедейдин тукуму болушкан. Ошондон улам, акылдарына карабай көтөрмөлөп, каралашып, ишеничтүү иштерди тапшыра берчүүбүз. Түшүнүгүбүз ошондой эле... Экөө тең кайсы бир себептер менен согуштан калышып, чарбага жетекчи экен...

Жаз алды. Кош чыгып калган. Кары дебей, жаш дебей талаада. Кийээрге кийим, ичээрге тамак жок. Балдар тиштеринин кирин соруп, текей терип, кемирчек казып жешет. Мен жумушка жарабайм. Колумдан эч нерсе келбейт. «Ушундан көрө согуштан келбей жоголсомчу!» деп кейим, ичимден.

Бир күнү үңкүйүп үйдө отурсам, Жумаалы кирип келди. Жүргөн турганы тын, сүйлөгөнү өкүм, кийингени эптүү экен. Баягы ат багар кебетеси жок.

— Шашып жүрөм Каке. Кош айдоо бүтпөйт. Арык чабылбайт. Айылда жумушка жарактуу киши жок. Силер «согушка бардык» деп кырдуусунасыңар. Мындан көрө согушка кеткен дурус экен. Бир өңчөй, жаның тынч.

— Бар. Эмне жүрөсүң? Сурансаң эле кетирет,— дедим орой.

— Өзүм дагы ойлонуп жүрөм. Күндө кайгы, күндө ый... Баягы биздин башкармабыз, сенин досуңа кара кагаз келиптир. Уулу экөөнү бириктирип, аялына угуздук. Азыр ошол жактан келаткам. Мен үн чыгарбай, аны жалдырай тиктедим. Өңүм бузулуп кеткенинен чочуду окшойт, тезирээк чыгып кетүүгө шашты.

— Аяшың «айтып кой» дегенинен атайын кайрылдым. Кенедей кол бошобойт... Болуптур Каке, мен кетейин. — Эшике бет алып чыгып баратат.

— Токто! — дедим ачуу. Экөөбүз үнсүз тиктешип туруп калдык. Үстүнө кийген кайыш тонду жазбай тааныдым, атаңдыкы экен. Азыр эле барып, анын терисин тирүүлөй сыйрып кийип калгансып, көзүмө дегеле суук көрүндү.

— Сөөк жууганыңа береги тонду алдыңбы? — дедим орой.

— Койсоңчу болбогон сөздү?! Мен муну бир улакка сатып алгам. Ишенбесең аялынан сура? — деди таноолору кыпчылып.

— Болуптур... Азыр мени жеткирип кой? Баса албайм, өзүң көрүп турасың. Атыңа учкашып жетип алайын.

— Жумуш кычап турганда, ушу силердики өттү. Бир кездеги силердин шаан-шөкөттүү дооруңар жок. Өлгөндүн артынан өлүп калбагандан кийин, тирүүлөр үчүн тырмаңдабаска арга барбы. Жанагы аяшыңа түшүндүргүн, эртең таң азандан сокого чыксын. Бүгүн сөзүмдү укпай көгөрүп ыйлап отуруп алды. Болуптур, жүр эми, эртерээк сени жеткирип, жумушка кетейин. — Мени жекире тилдеп, атына учкаштырып жөнөдү.

Биз барсак үйдө бир эки кемпир, үч төрт абышка бар экен. Эжең экөөң апаңдын эки жагына отуруп ыйлап жатыпсыңар. Ошону билесиңби?

— Билем,— дедим мен. — Бир топ балдар эски дубалга минип ойноп отурсак, бир кемпир келип,— «атасы өлүп атса, береги жетимдин ойноп атканын карасаң!» дегени эсимде.

— Ошентип, атаңдан, агаңдан бирдей ажырап, томсоруп отурупсуңар. Силерди көрүп мен ыйладым. Ал кезде көздөн жакшылыктуу жаш деле чыкпай калган. Ушуга ишенгин. Баарыбыз үнсүз, тунжурап отургангбыз. Менин колумдан эмне келет. Тим эле тирүүнүн өлүгү болчумун. Сөзүмдү угаар киши жок.

Аңгыча алыстан эле бир жөө киши өкүрүп келатат. Баарыбыз жарданып карап калдык. Бутуна кырым өтүк

кийген, жука кемселчен, башында суусар тебетейи бар кара мурут киши экен. Биз дагы утурлап үн чыгардык. Тигил киши жан-алы калбай, өксүп өкүрдү. Өкүрүк бүтүп, башымды көтөрсөм, баягы киши Калык экен. Кадимки акын Калык. Отурган аял-эркек дебей ыйлап учурашты. Силерди бооруна кысып, солуктап, кыйлага өлүктүн шаанисин чыгарды. Өлгөн кишинин ыйлаары болсо дурус тура... Атаң менен Калык тең өскөн курбу, ары жакын тууган эмес беле, билээрсиң?

— Билем...

— Курган Калык, ыйын токтотуп, бизге кайрылды:

— Эй, туугандар! Эмнеге үңкүйүп отурасыңар! Бүгүн онор кишиден ажырап жаткан жокпус. Атасы өлсө, уулу калбай, бул эмне деген укмуш! Мен борбордон түндө келгем. Бүгүн мында учурашайын деп келатсам, жолдон Жусуп жолугуп угузду. Айтты да, тескери бурулуп кетип калды. Заман ушул экен деп, каада салтыбызды унутпайлы, туугандар! Жер карап отурбай, жок дегенде бир жандык таап, куран окуйлук?

Эч кимибиз жооп айта алганыбыз жок.

— Эй, Жумаалы,— деди Калык. — Ушул колхоздун түбүн түптөгөн, акыркы улагына чейин жалпы менчикке кошкон Эсекем эле. Бир мал тап, акчасын мен төлөйүн? — деди, кайра.

— Табалбайм, Калык. Үзүмчүлүк маал. Жарактуу эч нерсем жок. Кадырың жан болсун,— деди да, бастырып кетип калды.

Калык күүгүмгө чейин эки жактан бир нерсе сурамжылап жүрүп, чарчаганда кайра келди. Ушул аттай-төөдөй адамдын кадыры бир жандыкча болбогонуна менин жети өмүрүм жерге кирип отурдум.

Айласы түгөнгөн апаң күүгүмдө ордунан туруп, бир чоң казан карандай жарма жасады. Аны баягы жакынсып кетпей отурган кемпир, чалдар менен майда балдар болуп бөлүп ичтик.

Баятан унчукпай отурган Калык бир убакта мындай деди:

— Чөкпөгүлө, кагылайын, эл! Биз ушул бойдон эле калбайбыз. Жакшылык күн келет. Казаныбызга тамак кайра толуп, үйүбүзгө кут кайра кирет. Баарынан жаманы мына минтип өлгөндөр, Эсекем гана арабызга кайра келбейт! Мен бүгүн Эсекемдин кадырына, анын арбагын сыйлап, таң атканча силерге ырдап берейин. Ага багышталган сыйыбыз ушул болсун! Кандай дейсиңер, туугандар?

— Туура, туура.

— Ырас айтасың кагылайын!

— Сенин ырың менен аза түнүн тосолу? — дешти баардыгы.

Калыктын анык акын экендигине ошол түнү көзүм жетти. Күн баткандан таң аппак атканга чейин тыным албай, алка-шалка тердеп, бирде ыйлатып, бирде күлдүрүп, жаагын жанып ырдап отурду. Ой, баракелде ая! Ак тандай деп ушуну айт! Курган Калыктын дубанда жок ырчы экенин ошондо билдим. Оозун ачканда эле, мүдүрүлбөй, такалбай, мөндүрдөй саптар куюла берди.

— Талантына чек жетпес,
Акылына кеп жетпес.
Сулуулардын уясы,
Сыйкырдуу жер бейм кыясы,
Сапжыргалуу Жумгалым...

деп, жалпы Жумгалды мактап келип, анын ичинен өздөрүнүн ата конушу Кичи-Жакет, Чоң-Жакеттин тоо ташынан бери жамактады.

Оюна тарyy айдаган,
Кырына желе байлаган,
Кымыздык, ышкын, карагат,
Күйгүзүп көздү жайнаган.
Жанындан алыс жүрсөм да,
Жүрөгүм менен байланам.

деп өзүнүн Сары-Булагын мактап өттү. Анан Жумгалдан чыккан мыктыларды, замандаштарына бирден токтолуп, ар бирин бир чай кайнамдан сүрөттөп өттү. Сенин атандын төрөлгөндөн өлгөнгө чейинкисин саймедиреп эң эле узак айтты. Анын эскиче да жаңыча да окуп билим алганын, Совет бийлиги үчүн кан-жанын аябаган, жалындаган жетекчи экендигин, өзү уюштурган «пионер» колхозу жөнүндө, жаркылдаган шайыр, комуз чертип, ырдай билген, адамдын кадырына жетип, жолдоштукка бекем жигит экендигин шурудай тизмектештирип ырдады. Атандын көрү, жок дегенде жаттап алаар талантым болсочу! Кийин өзү деле унуткан өңдөнөт, китептеринде жок...

Маңдайы жазы бою узун,
Боюнан дагы оюу узун.
Күйгүзчү нечен жүрөктү
Күлмүндөп тиктеп коюшуң!
Санаамда болжойм түшүмдөй,
Күдөрүм турат үзүлбөй.
Дайынсыз кеттиң жан досум,
Даркан ишти бүтүрбөй.
Аңылдап турат арман ай!
Бир капшытым бүтүндөй.

Ардактап алаар жан элең,
Алакандан түшүрбөй
Жүрөгүң укмуш ак эле,
Кадимки,
Эсекендин сүтүндөй!..

дегенде, бардыгыбыз ичибизден солуктап ыйладык...

Таң аппак атып калганда ит үрүп калды. Калык ырын токтотуп, баарыбыз сыртка кулак түрдүк.

— Үйдө ким ба-ар? — деди бирөө. Биз-эркектер түрүлүп эшикке чыктык. Алдына кой өңөргөн бели бүкүр адам короонун сыртында туруптур.

— Келиңиз?! — деди Калык алдыга обдулуп.

— Калык ырчы Сиз болосузбу? — деди бүкүр.

— Ооба, менмин...

— Сизге береги койду берип ийди эле...

— Ким берип ийди? — деди Калык.

— Айтпагын деди эле... Жөн гана «ушул койду ишине жаратып, капа болбой кетсин» деп өтүндү.

— Жакшы болуптур... Айтпасаң айтпа... Балким, сен алып келгендирсиң?! Эмнеси болсо дагы, ыракмат...— деди Калык жайдары. Биз койду түшүрдүк. Тургандар ойлонуп калышты. «Союш керекпи, жокпу?» Баарыбыз Калыкты күтүп калдык.

— Туугандар! — деди Калык. — Салтта жок болсо дагы Эсекемдин азасын ыр менен өткөрдүк. Ушуга канааттансаңар, береги койду балдарына аш катык калтыралы. Кандай дейсиңер? — деди эле, эл ага дагы макул болушту...

Калык сени өйдө көтөрүп, «Аман чоңоюп, атандай киши бол! Сага башка кааларым жок» деп, бооруна кысып, көз жашы кылганы, эмдигиче элестеп турат...

## КУЙРУЧУКТУН БЕЛЕГИ

Кадыр аке жан чөнтөгүнөн күмүш чакчасын алып чыкты да, оозун кастарлай ачып, насвайдан алаканына төгүп, ээгине салды. Чакча аземделип, оймолонуп, чиймеленип, дегеле кооз жасалыптыр. Бир капталында арапча жазуу жүрөт.

— Берсеңиз?.. Чакчаңыз эң эле кооз экен,— дедим имере тиктеп.— Буга эмне деп жазылган?

— Куруп кетсин... Бир обу жок сөз...

— Айтууга болобу?

— Көңүлүңө албасаң айтам... — деди Кадыр аке, ээгиндеги насвайды алып жатып.

Мен ойлоно калдым. «Эмнеге оюма алмак элем?» дедим ичимде. Анан кызыгып уккум келди.

— Көңүлүмө албайм, айта бериңиз?

— «Жаман кишиден бир татым насвай өйдө» деген жазуу бар. — Ууртунан жылмайып, жумшак күлүп койду.

— Кызык экен... Өзүңүз жаздыңыз беле?

— Жок. Муну Куйручук берген. Куйручуктун белеги...— Кадыр аке ойлоно калып, сөзүн кайра улады. — Бул сөздү кишиге айта элек элем. Сага оозумдан чыгып кетпедиби... Мени бул сөз чындап кызыктырды. «Ушунча жашка чыгып, жан кишиге айтпаган, кандай белек...».

— Бирөөнүн белегин сыймык менен айта жүргөн жакшы эмеспи... Болгондо да Куйручук берсе... — дедим акырын.

— Айтылбай турган сыры бар... Эми сага айтсам болот Корко турган жаным жок. — Жумшак күлүп койду. Токсон бешке чыктым... Сырды сактаганга жакшы эле бекем экенмин.

— Ушунчалык айтылбаган, балким, күмүштөн улам го?.. — «Билгичтигимди» көрсөтүп, айта салдым эле, Кадыр акенин кабагы бүркөлө түштү. Мен өзүмдөн-өзүм корунуп, жаңылганымды сездим.

— Капырай, силерге дүнүйөнүн каары мынчалык өткөнүн дегеле түшүнбөйм... Бардык нерсени алып келип эле, дүнүйө-мүлккө, акчага такайсыңар... Адамдын сөзү алтындан кымбат экенин билбейсиңерби? — деди төмөн караган калыбында.

— Аныңыз чын, ава, Мен жөн эле айта салдым. Капа болбоңуз? Белектин сырын тезирээк билүүгө кызыктым окшойт. Ушундан кийин Кадыр аке узакка үнсүз отуруп, анан сөз улады.

— Бул өзүнчө жомок. Уккан киши балким, чындык экенине ишенбейт... Жарыктык Куйручук адамдын сырттаны эле! Силер аны жазымыш этип жүрөсүңөр. Байкоомо караганда аны шум, митаамдыгы менен бай-манаптардын айласын түгөткөн киши катарында билсеңер керек. Ал кишинин артыкчылыгы адамды көзүнөн билгендиги, боло турган окуяны алдын ала туюп, айтканы айткандай келгендигинде болучу. Илгеркилер андайды «олуя» дешээр эле. Жамандык менен арамдыкка көзү жетип, ага өзү жалгыз күрөшкөн. Күрөшкөндө күч менен эмес, айла-амал менен, аз да болсо өч алган. Ушундан улам аны куудул дешет. Мен ал кишинин боорду эзип, элди күлдүрүп жаткан учурун көрө алганым жок. Анын акылдуу, ойлуу сөзүнөн, адамдын тагдырын алдын ала айтып, көздү карап туруп

ким экенин таамай билгендигинен көпчүлүк коркчу... Куйручук ушундай киши болчу...

— Белек жөнүндө айтсаңыз? — дедим кайрадан жеңилдигимди көрсөтүп.

— Бул белек дагы Куйручуктун алдын ала көрө билгендигинин бир далили. Кишиге айтпаган окуяны сага айтып берейин. Ишенсең ишен, ишенбесең кой...

— Сиздин айтканыңызга качан ишенбей койчу элем? Ишенем, ава...

Кадыр аке буладай сакалын сылап, узакка үңкүйүп отурду. Анан акырын күңгүрөнүп, ичинен бир нерсени жактыргандай, башын ийкеңдетип койду.

— Муну укканың жакшы болду... Аны дагы атаң экөөбүз көргөнбүз. А кургур сырды бат эле ачып коюп... Ким билет, өлүмүнө ошол себепкер болдубу, же башкабы, буйруктун иши дечи... Эмнеси болсо да окуя Куйручук айткандай болду.

Уга турган окуяга кайрадан атам катыша турганын уккандан кийин, кулуйуп үнсүз отурдум. Кадыр аке куюлуштуруп, көркөмдөп, прээти менен сүйлөп берди. А мен көп жыл өткөндөн соң кагазга түшүрдүм...

...Ал кезде сенин атаң дагы мен дагы башкармабыз. Экөөбүздү бир аз күндүк окууга борборго жиберишти. Үйдөн кеч аттанып, берегн Багышанга эл жата араң жеттик.

— Жүр, Кукемкине кайрылып, жатып алалы. Аттарды чалдырганга тегереги кенен. Эртеменен эрте жүрүп кетебиз,— деди атаң. Мен үнсүз көндүм. Ал айтканынан кайтчу эмес.

Күз маалы эле. Жыйын-терин аяктап, малдын жайыты кеңейип калган. Куйручук чоң үй тигип, сазга жакын отуруптур. Иттерди абалатып кирип бардык. Кукем жарыктык эшик алдында туруптур.

— Кел, кел, Сулуу карам. Сен белең,— деди атаңы көрүп. (Атаңды ушинтип атачу). Ал экөө башынан ынак эле. Аттарды байлап учурашып, үйгө киргенде кечки тамак казанда кайнап жатыптыр.

— Мына, кемпир, келишти. Айтсам болбойсуң. Көптөн бери келбеген коноктор келет. Бир аз күтө туралы десем, «жок нерсени айтпачы, эт эзилип кетти» деп урушат. — Кукем жайдарылана бизге даттанды.

— Качан уруштум, ботом,— деди байбичеси күлүмсүрөп. — Дайыны жок эле кишилерди келет десең, айтам да... Келгениңер ырас болбодубу. Жогору өткүлө?!

— Пейили жакшы адамдар ушинтип, казан тулгадан

чыга электе келет. Келериңди чын эле билгендей күтүпмүн. Силерди көрбөгөнүмө көп болду, ыраспы Сулуу кара?

— Эки айдай болду го дейм,— деди атаң. — Баягы, бешикте бөлөнүп жаткан баланын бел боолорун чечпей туруп, сууруп алып өңөрүп кеткениңизден бери бара элексиз.

— Ал кызың торолуп калдыбы? — деди Кукем. — Кыясы эжең болсо керек эле.

— Биттенип атат. Барсаңыз алдыңыздан тосуп чыгат,— деди атаң күлүп.

— Болсун, болсун... Экөөң жасанып-түсөнүп ээрчишип калганыңарга караганда алыс барасыңар го дейм?

— Ооба, борборго. Бир аз күнгө окууга баратабыз,— дедим мен.

Ушинтип, ал-жай сурашып, тамактанып, чер жазыла сүйлөшкөнчө төшөк орун салынды. Атандын башы жаздыкка тийээри менен эле уктап кетти. Мен али уктай элек болчумун. Сыртка атчан бирөө келгендей болду. Кукем сыртка чыгып, жолоочунун ал-жайын сурады. Кочкорго бараткан адам экен, түнөп өтүүгө бурулуптур. Байбичеси ага биздин төмөн жагыбызга орун салып берди. Кукем даам ооз тийгизбей, сүйлөшпөй дагы койду. Кыясы аны жактырган жок окшойт.

Чырак өчүп, түндүк тартылып, боз үйдүн ичи караңгы. Алиги жолоочу жатаары менен коңурук тартып кирди, түгөт. Менин дегеле кирпигим ирмелбей койсо болобу. Кукемдин дагы тынчы кетти көрүнөт, бир убакта ак көйнөк, ак дамбалчан болуп, төшөктөн суурулуп, эшик жакка барды. Анан акырын басып келип, коңурук тартып жаткан жолоочуну басып жыгылды. Ал олбурлуу неме көрүнөт. Коңуругу тып басылып, кыйкылдай баштады. Кыясы кекиртектен муунта кармаган окшойт. Буттарын бир аз тыбыратып, кырылдап, шырылдап, акыры, дымы чыкпай калды. Менин денем муздап, кадимкидей коркуп калдым. «Бул эмнеси, коңурук тарткандыгы үчүн ушинттиби?.. Кудай у-ур, коңурук тартсак бизди дагы ушинтет ко?» деген ойдо, атаңды акырын колтука түрткүлөдүм.

Кукем тигинин үстүнөн туруп, эшик жакка шырп алдырбай басып барып, керегеде илинип турган кара чапанды жамынып, төрдү карай өтүп, ордуна жатып алды. Мен тигил конокту «өлдү» деп ойлодум. Бирок ал өлбөптүр. Көптөн кийин эс алып, аябай келме келтирип, акыры ордунан турду да, атын токунуп жүрүп кеткендей боду.

Мен эптеп таң атырдым. Куйручуктун үйүнө түнөгөнүм ошол. Эрте менен чай үстүндө отуруп Кукем ачуулу күңкүлдөдү:

— Адеби жок... Таанытбаган үйгө келсе да адеби жоктугун көрсөтөт. Жаман адатын билген соң көрпөчөсүн төшөнүн тигиндей эле бир жерге жатып албайбы. Азыр күн жылуу. Ал уктап, эс алышы керек экен. Биз анын коңуругун тыңшап, түн күзөтөбүзбү?! Адеби жок! Өзүнөн башканы ойлбогон айбан!.. Эми ал «мага бир сыр көрүндү» деп, үйүнө барып түлөө өткөрөт эмеспи.

— Мен аны өлүп калдыбы деп корктум,— дедим мен.

— Өлбөй жерге кирсин. Доңуздай күчтүү неме экен. Көкүрөгүн ныгыра басып отурсам дагы ойгонуп койбойт.

— Мен эч нерсе туйбаппын,— деди сенин атаң.

— Туйбаганың жакшы болду Сулуу кара. Аны билгенде тура калып менин айыбымды ачат белең. Оңор ак жүрөк эмессиң... — деп жылмайды Кукем.

— Чынында эле үйүңүзгө келген конокту жакшы кылбапсыз,— деди сенин атаң.

— Мына, ушинтет... — Куке ойлуу отуруп анан,— Коногум,— тууганым, жакыным, досум, таанышым деп, алардын кемчилигин кечирип, жамандыгын жашырып, көңүлкош болсоң, сенин андан айырмаң кайсы. Ал өзү жамандыкты багып, бапестегендик эмеспи. Колдон келсе жаман нерселерди аябай туруп эле, отоо чөптөй тамыры менен суурул туруу керек, Сулуу кара. Кеп, жаман менен жакшыны туура ылгай билиште.

— Бул айтканыңыз тура,— деди атаң тез ынанып. — Атаганат. Сиз дайым жанымда болгонуңузда, жаңылбас элем! Көчүрүп кетейинби, Куке?

— Мына дагы жаңылдың. Мен көчүп кетсем эл эмне дейт? Андан көрө сен көчүп келсең жарашат. Колхозго башкарма болосуң. Эрөөн-терөөнү жок.

— Мунуңуз дагы туура сөз,— атаң дагы кошулду. Туура сөзгө бат ынанчу.

Чай ичилип, дасторкон жыйналганча, Кукем көзүн жуумп үнсүз отурду. Кез-кез башын ийкеп, күңгүрөнүп коёт. Ордумдан үнсүз туруп, эшикке чыгууга камындым. Көрсө бала экенмин... Атаң кебелбей отурган. Ал Кукемдин сырын билчү тура.

— Отур, чунак бала,— деди Кукем мени. — Азыр жөнөйсүңөр... Угуп тур Сулуу кара?.. Жакшы барып, жакшы келесиңер. Барган жериңден олжолуу кайтасыңар. Жолуңар шыдыр болот. Экөөңөрдүн насибиңерге бир табылга буйруду. Эмне экенин билбейм. Табылып калса, эч кимге бербей, эч кимге айтпай, сырды ичиңерге сактагыла. Ошол өмүрүңөргө өбөк, жаныңарга жөлөк болсун! Оомийин! — деп бата кылды.

Биз эшикке чыгып аттанганда, атаңдын тизгинин кармап туруп акырын өтүндү.

— Сулуу кара, көрүнүп калса мага гөлөш ала келчи? Гөлөшүм эскирип кетти,— деген сөзүн угуп калдым. Атаң баш ийкеп, макул болду. Биз жөнөп кеттик.

Сүрө бастырып, Шамшынын белине жете бергенде кеч кирип кетти. Чоң таштын түбүнө имерилип, жатып калдык. Эрте менен эрте аттанып, мен алдыга кеттим. Атаң артта бир аз кармалып калган. Белге жакындаган сайын, бетеге белден буралып, эң эле кооз экен. Аңгыча жолдун тамашында дөмпөйүп жаткан бир нерсе көрүндү. Жакындап келсем, баштык экен. Аттан эңкейип эңип алдым да, койнумаката койдум. Ырасын айтсам, атаңдан жашыргым келди.

Кукемдин «эч кимге көрсөтпөй, эч кимге айтпагыла» дегени эсиме түштү.

— Сен эмнени эңип алдың? — деди атаң артымдан жете келип.

— Эч нерсе. . .— дедим жашырып.

— Жаныңды жебе! Койнуң дөмпөйүп турбайбы.

Мен уятымдан ыңгайсыз күлүп, тапкан баштыгымды көрсөттүм.

— Азык окшойт,— деди атаң, баштыкты карап көрүп,— Ырас болду, белден эңкейип тамактанабыз. Ошенттик да, чуу коюп жүрүп кеттик. Ичимден ойлонуп баратам: «Бул кимден түштү? Биздин алдыбыздан киши көрүнгөндөй болгон эмес. Түшкөн күндө да бир нерсе жеп кетпегенин кара. . . Кызык, бизге эрте менен, ооз ача элегибизде табылды. Кукемдин айтканы ушу го?. .»

Белден эңкейип, булактын боюна отуруп, баягы баштыктын оозун чечтик. Ичинде бир аз боорсок, алты бышкан керчөө, эки бышкан чучук, бир маки, анан ушул чакча бар экен. Бир чучук менен үч керчөөнү боорсокко аралаштырып жеп койдук. Артынан кол чаначка байланган кымыздан тоё жутуп, аттарды чалдырып, эс алып отурдук.

— Мен Кукеме баа бере албайм. Ал баасы жок адам, деди атаң.

— Мындай даанышмандык чанда кишилерде гана болсо керек. Колумдан келсе Кукемдин ушул артыкчылыгын жумурай журтка жар салаар элем!.. Мен үнсүз баш ийкеп ыпадым. Эки табылганы экөөбүз бөлүп алдык: ал макини, мага чакчаны берди.

— Насвай чекпесем, мунун эмне керги бар? — дедим мен. Анткеним, көзүм макиге түшүп турган. Мүйүз саптуу, келишкен маки эле.

—Азыр чекпесең, кийин чеккенде пайдасы тийээр. — Катын ал, деди ал өкүм...

Атаң ал табылга жөнүндө жолдошторуна ачык эле айтып жүрдү. Мен кылайып ооз ачканым жок... Арадан жыл өтпөй согуш чыгып кетти. Экөөбүз тең чогуу жөнөдүк. Ал байкуш, кайтпай калды. Мен минтип жашап жүрөм... Көп жыл өтүп, жолдоштордон ажырап «томолой жетим» калганда, бир күнү көмүркөйүмдүн ичинен ушул чакчаны таап алдым. Өзүмдөн-өзүм буулугуп, жөндөн-жөн эле насвай тарткым келди. Ошондон бери насвай атам...

Кадыр аке чакчасын жаңы көргөндөй кызыга айландыра карап, анан бир атым насвай алып, ызаалуу ээгине какты...

## ШОРГОНУН ТҮНҮ

Кадыр акеден уккан бул баянды, 1928-жылы Жумгал өрөөнүнөн аялдардын ичинен алгачкы чыккан Советтик жеткиче Сасык кызы Айнанын элесине таазим катары эске түшүрдүм.

* * *

Жыйналыш кеч бүттү.

Калың чийдин арасындагы сокмо жол менен Айна жалгыз келатат. Сары жорго жүрүшүнөн жазбай, көнгөн багытына салды. Өрөөндү жөө туман каптап турса керек, ай нуру бүлбүл төгүлөт. Айлана ээн, жансыз. Алыстан үргөн иттин үнү угулду.

Ушул азыр Айнанын көзүнө эч нерсе көрүнбөй, кулагына эч нерсе угулбай келаткан. Кандай басып, кайда баруу эркин сары жоргого берип, өзү мурда болуп көрбөгөндөй асыл кыялга аралашып алган. «Шумдук ай... Мен бүгүн кандай сөз угуп, кандай адамды көрдүм!» деп күбүрөнөт ичинен. Жыйырма бир жылдык жашоонун ичинде жүрөккө мынчалык жылуулук берген бир ооз сөз укпаганын сезди. Көзүнөн от чачырата жалындап сүйлөп турган кара мурут, кайыш тончон кишинин элеси көзүнөн түк кетпеди. Анын сөзүнөн, анын акылынан, анын көз карашынан улам, Айна азыр дагы ат үстүндө баратып, кичирейип, жүдөп, уялып кетти. Жеткилең окубай, жеткилең түшүнбөй туруп, ат минип, эл башкарып жүргөнүнө ардаңды.

Ырас, айыл аткомунун председателдигин өзү сурап алган жок. Мындан бир жылча мурун жаңы түзүлгөн колхоз-

дун кеңсесине чакан кыштактын элин түгөл чогултуп, райондон келишкен өкүлдөр жыйын курушту. Аялдар кайра эле качып чыгып кетүүгө ыңгайлашып эшик алдында топтошуп турушту. Кимдир бирөө жаңы колхоз, жаңы шарт, жаңы тартип жөнүндө узакка сөз сүйлөдү. Эркектерди тикирейе тиктөө, аялдар үчүн уят иш. Ошондон улам бири-бирине ыкташып, баштарын төмөн салып турушат.

Айна турмушка жаңы чыгып, жүзү ачыла элек кези. Антсе да кирпик арасынан кылыя тиктеп, жыйналыш башчыларын көз электен өткөрүп, сөздөрдү кунт коюп укту. Сөзгө сергек маани берип, өз акылынан талдаганды, бала кезинен жакшы көрчү. Ал эми азыркы учурда күн сайын жаңылык. Күн сайын түшүнүксүз сөздөр угулат.

— Кана, кыз-келиндерден кимиңер сүйлөйсүңөр? — деди өкүлдөрдүн бирөө — сүйлөгүлө?! Оюңарды айткыла? Эми силер баягы бечара аял эмессиңер. Эркек менен аял тең укуктуу. Төмөн карап салбырабай, башыңарды өйдө көтөрүп, коркпостон жаңы заманды беттеп баскыла?! Эмнеге бүжүрөйсүңөр? Эмнеге бурчка корголойсуңар? Эгерде өзүңөрдү эркин сезсеңер, биз жакты карагылачы?! Эмне, кылмыш кылдыңар беле? — Бул сөз Айнанын намысына тийдиби жүзүн жапкан жоолукту бир аз артка серпип, боюн түзөй, тигил төрдө отурган өкүлдөрдү карап тура калды.

— Сенин атың ким? — деди өкүл.

— Айна — үнү буулгандай акырын угулду.

— Фамилияңчы?.. Атаңдын аты?..

Айна өз атасын айтаарын же, кайын атасын айтаарын биле албай буйдала түштү. Аңгыча ооз жакта турган кайкы мурун болук кемпир атырыла сүйлөдү:

— Атасынын аты Сасык. Сасыктын кызы. Кайсы каадалуу атасы бар дейсиң?! Өмүр бою үстүнөн сасыган даакы түшпөгөн тегирменчинин кызы. Анчалык эмне аты-жөнүн сурап калдың, садага?! Ачыгын билгиң келсе, менин келиним.

— Келиниңиз болсо жакшы экен.. .— деди өкүл, мыйыгынан жылмайып. Эмесе биз аны айылдык советтин төрагасы кылып дайындайбыз.

— Туура, туура.

— Эң туура. Айна сабаттуу келин. Өзү дагы тың, эстүү. — деген сөздөр угулду.

Ошол күндөн баштап Айна айыл аткомунун председатели болуп иштеп калды. — Бул — өмүрүндө ойго келбеген жумуш эле. Эл деген эл экен, ой-боюна койбой, шартын түзүп, аттап, тондоп жиберишти. Күйөөсү менен кайын

энесинин каршы турушканына дагы көнүшпөдү. Эл ишенимин берип, сары жоргону туура тартып турса, жаш келин кайда барат. Андан калса, жаңы түзүлүшкө жүрөгү өрөпкүп, бир жакшылыктын келгенин сезип жүргөн Айна, бул сунушту ичинен жактырды.

...Кечинде жумуштан кеч кайткан Айна үйдүн сырткы эшигин акырын ачып, босогону коолтоно аттады. Төркү үйдөн чыгып жаткан кайын энесинин үнүнүн ызгаары төбөсүнөн кирип, таманынан чыгып кеткендей болду. Сөз өзү жөнүндө жүрүп жатканын түшүнүп, ичкери кирип барууга батынбай, дубалга жөлөнүп тура калды.

— Айна сенин катының эмес, сен анын катынысың! Телпейген каракчы! Кайсыл кудай урган катынына тең болбой басып жүрөт, айтчы!? Сен, ар-рам ашкеби! Көз көрүнөө эринин башын аттап, элди көзүнө илбей, топ эркектердин арасында күндөп-түндөп жүргөн аялды уктуң беле? Бул аял эмес, тарп! Муну куттуу үйгө киргизүүгө болбойт. Эл бузаар шермендени албагын десем көнбөй койдуң эле го, шүмшүгүм! Билгем. Андан ушундай шермеңде чыгаарын билгем. Кана, анын чырайын чылап ичтинби? Сулуу катын алсаң, койнуңа бычагыңды сала жүр деген кеп бекер айтылыптырбы? Эл бетин карай албай, уятымдан өлө турган болдум. А сен өгүзгө окшоп кебелбейсиң, ар-рам...

— Кебелгенде эмне кылайын?.. — деди уулу.

— Сөзгө түшүнбөгөн катынга камчы керек. «Камчы кайраттуу болсо, катын уяттуу болот». Айт, кеч боло электе ишин таштап, аялга окшоп үйгө отурсун. Болбособу, сен тилбесең, анын бетин мен тилем!.. Ичинен ызырына күңгүрөнгөн эркек ордунан атып туруп, төркү үйдүн эшигин жиндене серпип, аялын көрүп токтоду.

— Кайда жүрөсүң?! — деди каардуу. — Кайда жүрөсүң, ыя?!

— Жумушта. — Айна күйөөсүн ызалуу тиктеди. Анын ичинде «баятан берки апаң айтып жаткан балит сөздөрдү кантип угуп, кантип ишенип отурдуң?» деген ой бар эле. Аз да болсо күйөөсүн жакын тутуп, күйөөсүнө ишенчү.

— Кандай жумуш?! — деди күйөөсү кош өрүм чачынан толгой кармап. — Сенин жумушуң эркек жандоо, эр тандоо. Аларды күн сайын, саат сайын бирден алмаштырып, бетиңди жалатасың ээ?! Береги бетиңди! Береги бетиңди-и!.. — Чачынан толгой көтөрүп бет талаштыра муштап жиберди. Келин бурчтагы ун салынган капты кучактай жыгылып, үн чыгарбай жатып калды. Ачууга жеңдирген эркек көк буусу тараганча тепкилесе да, көкмелтей

келин эч нерсени сезбеген өңдүү, үн чыгарып койгон жок.

— Көпкөнүн карачы, токмокту тоготуп койбойт,— деди айласы түгөнө күшүлдөгөн эркек. — Кеткин! Көзүмө көрүнбөй жоголгун! Эгерде көзүмө көрүнсөң мууздап саламын! — Ушинтти да, эстен танган келинди өлүк жандай эшик алдына сүйрөп салды.

Ошол учурдан баштап жаш келинге эркек аттуунун баары жек көрүнүп кетти. Эч нерсеге кебелбей, кыйынчылык менен азапты көрбөгөн өңдүү бүкүрөйүп басып жүргөн атасы да көзүнө куник көрүнө баштады. «Макоолор! — деди ичинен. — Акыйкаттыкты, чындыкты, кыйынчылыкты, сүйүүнү, сыйды түшүнбөгөн макоолор! Аялдын асыл жүрөгүн баалай албаган, көрө албаган сокурлар!»..

Ушул атасы кыясы, өмүр бою тегирменчи болуп келатат. Кайын энеси айткандай, үстүнө жаңы чепкен кийген учуруп көрө элек байбичеси каза тапканда жалгыз кызы Айна жаш болчу. Мына ошол жалгыз кызы бой жетип, турмушка чыгып, айыл аткомунун төрагасына көтөрүлсө дагы эч кандай өңүнөн өзгөрүү байкалбай, мурдагы калыбында басып жүрөт. Кыясы бул кишинин жакын урук-тууганы деле жок болсо керек. Бала кездеги аты Сасыкул экен. Кийин теңтуштары шылдыңдап «Сасык» дешкенине терикпей жүрүп, эми ага биротоло көнүп алды.

«Эркектин бардыгы бирдей,— деп болжоду Айна. — Аялды, энени түшүнүшпөйт. Аялды, энени түшүнүшпөгөн немелер, жерди, ата-журттун баркын билишеби. Булар үчүн күнүмдүк жыргалчылыктан артыгы жок. Макоолор!... Силердиби!... Коё тургула, кезегинер келет!..»

Айткандай эркектердин кезеги бат эле келди. Айылдагы бай, манаптарды кулакка тартып, жер которуштуруу укугу Айнанын колуна тийди. Кичинекей кыштакта малдуу, жандуу эки гана киши бар экен. Сарынын уулу Көлбай менен Акылбектин уулу Назарды колхоздун кеңсесине айдап келишип, жалпы жыйын курушту. Колхоз мүчөлөрү сөз кезегин күтпөй, алардын жети ааларынан, беркини чукушуп, биринен сала бири сүйлөштү.

— Жердин баарына ээ болуп келишкен,— деди бир үн.

— Суу дагы ушулардыкы.

— Минге жакын койлору бар.

— Жылкыларычы!

— Назардын эки аялы бар.

— Туугандар! — деди Көлбай жаны кашайгандай кабагын чытып. — Айтканыңардын бардыгы туура. Малга да, сууга да, кенен элек. Өзүбүздүн конушубуз болгон. Муну танбаймын. Бирок, айтсылачы, аны киминерден тартып

алдык эле? Болбосо, бирөөнөрдөн жайыт аяп, бирөөңөрдөн суу аяган күнүбүз болдубу? Кимиңерди малай жумшап, киминерден мээнетиңерди жедик? Атамдын жети уулу болгон экен, баарыбыз чогуу иштеп, өз оокатыбызды өзүбүз бүтүрчүүбүз. Ырас, урук-туугандар кирди-чыкты жардамдашкандары да чын. Бирок мен ошолордун бирөөнү малайым катары көргөн эмесмин. Ыза көрсөтсөк айткыла?! Жети уулдан өлүп-өлүп мен калган экенмин. Агаларымдын өчүн менден алгыла?! Карызыбыз болсо төлөйүн. Кемчилик кетирсек кечиргиле? Малды, жерди ансыз дагы албадыңарбы. Каршы турдумбу? Силердин араңарга кошулуп, мен деле кызмат кылууга даярмын. А бирок, эл, жерден ажырап, сүргүнгө айдоонун кереги не? Өлсөк да жеримде, силердин араңарда өлөйүн, туугандар?! Бизди алыска айдаганыңарды койгула?! — Эл саамга тунжурап үнсүз отурушту. Азыр бул сөздү бирөө дагы төгүнгө чыгарып, бирөө дагы кайра айта турган түрлөрү жок. Тунжуроо узакка созулду.

Айна тумандын арасында калды. Көлбайдын сөзүн төгүнгө чыгаруу ал үчүн кыйынга турду. Бир жыйынтыкка келе албай, башына акыл кирбей кыйналды. Аңгыча дулдуюп, Айнаны жеп жибергүчүдөй тиктеп турган өзүнүн күйөөсү көзүнө урунду. Ошол замат сезим денесин каптап өттү эле, күтүлбөгөндөй ордунан атып туруп, адаттан тыш өкүм сүйлөдү:

— Силер эмнеге тунжурайсыңар? Көлбайдын айта жүргөн бал тилине көөлгүп кеттиңерби? Булар укум-тукуму менен ушундай куу, митайым эмес беле. Сөздөрү менен жыргатып коюшат. Бал тилдери менен өмүр бою силерди алдап келишкен. Азыр дагы алдап-сооолап арабызга кирип алып, баардыгын былгыткысы бар. Жок! Биз эми сокур эмеспиз. Кууланам деп аракет кылбагыла! Байсыңарбы? Байсыңар Бай менен кедей эч качан келише албайт. Силерге окшогон төбөбүздөн сынай карап турган кишилерден биротоло арылып, анан жаңы заманды курабыз. Кылмышыңар барбы, жокпу, мен аны териштирбейм. Керектүү жер териштирээр. Силер бай катары жазаңарды аласыңар... Силердин аялдарыңар жөнүндө айтаарым бул: каалашаңар калгыла. Билем, силерде эрк жок. Укугуңарды талаша албай келгенсиңер. Эми көзүңөрдү ачып, колхозго мүчө болгула. Жаңы заман менен аралашкыла. Силерге мал, жер, үй беребиз. Жок каалабасаңар, өзүңөр билгиле...

Айна айткандай эркектерди ошол эле күнү айдап кетишти. Аялдары балдарын ээрчитишип, артынан жөнөштү.

«Байкуш аялдар ай! Качан өз эркиндигиңерди түшүнөөр экенсиңер?!» деп ойлогон Айна.

Арадан көп күн өтпөй айылга отуз солдат ээрчитип Таабалды Жукеев (Пудовкин) келди. Кайыш тон кийип, куруна тапанча тагынып алыптыр. Кою кара муруту бар, маңдайы жазы, сүрдүү киши экен. Райондун жетекчилерин ээрчитип, жаңы уюштурулган колхоздорду, эл арасын кыдырып көрдү. Кээ бир жерге жыйын куруп, көпчүлүктүн пикирин укту. Бир жумача жүргөндөн кийин районго активдерди чогултуп, кеңешме өткөрдү. Көрсө, жаңы башталышты кылдат сынап жүргөн окшойт.

...Айна азыр сары жоргонун үстүндө келатып, бүгүнкү кеңешме жөнүндө ойлонот. Таабалдынын айткан сөздөрү кулагына улам жаңырып, денесине жылуулук чачат. «Жолдоштор, жакшылап ойлонгула. Совет бийлигинин жаңы жетекчилери өздөрүнүн кыраакылыгы, келечекти таасын көрө билүүсү менен айырмаланууга тийиш. Апсыз одоно кемчилик кетирип, ондоого кыйынчылык келтириши мүмкүн. Айрыкча эскини жоюу маселесинде, кулакка тартуу ишине кыраакы болгула. Эскини биротоло жоюу мүмкүн эмес, аны билгичтик менен пайдалануу керек. Өткөндү үйрөнбөй туруп, жаңыны жаратуу кыйын. Баарынан мурун адамды ажырата, талдай, түшүнө билүү — зор жетишкендиктин бири дейт Таабалды...

— «Мен адамды адамдан ажырата аламбы? Эски нерсенин жаңыга керектигин түшүнөмбү? Эркектердин баардыгын бирдей деп ойлободум беле. Көрсө, жаңылышкан окшойм! Таабалды байке эмне деген адам! Ал дагы эркек эмеспи. Көрсө мен адамды ажыратып түшүнө албайт экемин го. Балким, Көлбай менен Назарды бекер эле айдаткандырмын? Балким, күйөөмдүн кадырына жетпей жүргөндүрмүн?.. Аттиң ай! Мунун бардыгы менин билимсиздигимдин кесепети го! Окусам, көп нерсени билип, көзүм ачылбас беле!.. Кой, чын эле окушум керек», деп ойлоду Айна. Анан ошол замат кечээ эрте мененки Куйручук аксакалдын сөзүн эстеди.

Айна эрте менен эрте районго жөнөп баратып, кеңсесине кайрылган. Атын сыртындагы мамыга байлап, короого кирсе, Куйручук аксакал отуруптур. Мынчалык эрте бул жерде киши болот деп ойлобогон Айна көрө сала денеси дүркүрөй түшүп токтоду.

— Чочуп кеттиң го балам... — деди Куйручук, бир аз ыңгайсыз.

— А сиз белеңиз, Кудайберген ата. Мынчалык эмне...— Айна сөзүн бүтпөй аптыга токтоду.

— Мага эч нерсе болгон жок, балам... Сенин эрте бир жакка кетериңди билип, атайын келдим.

— Сизге ким айтты?

— Ким айтмак эле...— Капа болгондой, кабагын чытып, кейий сүйлөдү.— Мындай отурчу!? Балам, сага мен атайы келгениме түндөгү көргөн түшүм себепкер болду... Билип турам, силер эми, андай мындайга ишенгинер келбейт. Ошентсе да айтайын. Балким, сага пайдасы тийээр. Эмнеси болсо да кийин өкүттө калбайын дедим... Айтайынбы?

— Айтыңыз?..

Куйручук адатынча көзүн жуумп, күңгүрөнүп, узакка отурду.

— Капырай!...— деди кыйладан соң.— Таңга маал түш көрсөм, Шоргодогу атаңдын тегирменинин жогору жагынан оргуштаган тунук суу чыгып жатыптыр. Тим эле туп-тунук! «Ырас болду. Дагы бир тегирмен куруп алалы» деп сүйүнүп жаткан экенбиз. Ангыча эле, он кадам узабай, жеркуйга сиңип, булак соолуп калды. Шумдугуң кур...— Куйручук аксакал көзүн жуумп, кайрадан үнсүз болду.

— Мунун эмнесин мага айткыңыз келди? — деп сурады Айна, кооптуу.

— Айтайын дегеним... Айтайын дегеним... Сен бул ишиңди ташта. Түбү сага бапа бербейт. Андан көрө борборго, окууга кетип кал. Азыр айыл ичи тынч эмес. Бир көзүң бир көзүңө жоо, сенин жаныңда жүрүп, максатыңа шериктеш болбос белем! Айла жок. Айтканыңа ынанып, сөзүңдү түшүнгөн киши аз. Бир, эки жылга борборго барып билим алып кайтсаң, апаң тагдырга жазганын көрөрсүң. Тилимди алсаң ушул. Антпесең, бул жердеги жүрүшүң опурталдуу, кызым. Коркутуп жатат дебе.

Экөө үнсүз отурушту. Айтылган сөзгө ынанаар, ынанбасын билбеген Айна, ушул саам бейкам эле.

— Карачы, алды жак тумандап, эч нерсе көрүнбөй жатпайбы! — Көзүн жуумп отурган Куйручук аксакал өзүнчө күңгүрөндү.

— Мага ушуну эле айтайын деп келдиңиз беле? — деди Айна.

Куйручук оңурая карап алды да олуттуу үн катты:

— Мен муну маанилүү иш деп эсептейм, балам. Сага каалаарым — узак өмүр. Башка айтаарым жок. — Ушинтти да, таарынчаак баладай этегин кагынып ордунан турду.

— Ыракмат ата, оюңузга түшүндүм...— деди Айна жаркырай күлүп. — Мага таарынып калган жоксузбу?!

— Сага кантип таарынайын, кызым. Таарына турган

болсом, ушул сөздү айтамбы...— деди, көзүн жүлжүйтө, ойлуу тиктеп...

Айна азыр ат үстүндө баратып, Куйручук аксакалдын ошол сөзүн эске түшүрүп, узакка ойлонду. «Балким, митайым кайын энем үгүттөп, атайын жибергендир?» деп ойлоду Айна, жаман оюнда. «Өмүрүндө бирөөнүн сөзүнө жетеленбеген киши, кантип эле кайын энеме азгырыла койсун?» деп ойлоду кайра. «Кантсе да Кудайберген атанын «окууга кет» дегени туура. Окуушум керек. Билим албай туруп эл башкаруу жөнүндө ойлонуу, акылга сыйбаган нерсе го. Болгондо да жаңы заманга, жаңы чарбага жетекчилик кылуу... Ушул түшүнүгүм менен элге уят боло элегимде окууга кеткеним оң. Ооба, кетем. Эртең күйөөмө барып, өзүнчө сүйлөшүп, көнсө экөөбүз чогуу кетебиз. Ал дагы бир окууну окуйт. Жакшылап сүйлөшсөм, балким, сөзгө келээр. Айтканыңа макулмун. Мындан ары иштебейм. Экөөбүз окууга кетели десем, көнөөр» деген бүтүмгө келди.

Өмүрүндө өзүнө-өзү мынчалык сын көз менен карап көргөн эместир, балким. Айна азыр көңүлүндө калган уруштуу учурларын кайра баштан жандырып, кайра баштап талдап көрдү. Кыясы келечекти көрө билгүүсү, адамга болгон баасы, жасаган мамилелери деле ойдогудай эмес өңдөнөт. «Мындай болушума билим гана эмес, турмуштук тажрыйбанын аздыгы дагы себепкер» деди, өзүнчө күбүрөп.

Сары жорго көнгөн адатынча калың чийди аралап, өйүздү карай бурулду эле, Айна уйкудан ойгонгондой селт эте боюн түзөп, тизгинди төштү карай тартты. «Жок, ал үйгө барбайм. Артымдан бир жолу келип койбойт...» дегенче, денеси чыйрыга түшүп, анан кайра күбүрөндү: «Апасынын азгырыгына көнбөсө, жакшы эле байкушум... Ачуусу келгенде жиндиге окшоп калат... Мейли, жүзүмдү ачып өпкөн, биринчи жубайым. Анын көңүлү менен эсептешкеним туура го. Эртең түштө барайын. Өзүнчө сүйлөшсөм, балким, көнөөр...» Ушинтти да, аттын тизгинин Шоргонун секисиндеги жепирейген кара тамдарды карай бурду.

* * *

Куту учкан үйдө экөө үнсүз отурушат. Көп күндөн берки уруш уйкуларын качырган өңдүү, төшөк салууну дагы унутушкан. Кара чырактын бүлбүл жарыгы алардын керсары өңдөрүн андан бетер суук көрсөтөт. Көзүн тостойткон олбурлуу, кара сур жигит тиштенген калыбын жазбай

энесинен уккан сөздөрдү таразалайт: «Сен киши болбой жерге кир! Намысы жок айбан! Айыл арасындагы ушак сөздөргө уугуп бүттүм. А сен кантип чыдап жүрөсүң, билбейм. Же келген келин, же коё берген катынын экени белгисиз, тобобүздү аттан дардактап жүрөт, бети жок. Бала болуп башыма түк чыкканы мындай бети жокту көргөн эмесмин. Кайсыл кудай урган катын эрден же элден жазганбай, көз көрүнө көрүнгөн менен ойн салышчу эле?! Болду, айбаным, бүттү. Мунундун көзүн тазала. Болбосо талак кылып, коё берип тын. Аялга башын аттаткан кайсыл эркекти көрдүң? Сен жерге кир! Сенин ордуна намысымдан мен өлө турган болдум!.. Карачы эми, жанагы борбордон келген кайыш тончон киши менен кыңылашып, беш күндөн бери конуп, түнөп талаада жүрөт. Өлүп кал ий, өлүп калгыр! Менин маңдайымда үңкүйүп кантип чыдап отурасың ыя?! Эгерде сен намыстанбасаң айт, өзүм барып, бетин тилип, туз салам, ал шермендеге!»

Эшик кутуусуз ачылып, дудук киши карбаластап кирип келди.

— Бар бекен ал шермендe? Келиптирби? — деди кемпир. Дудук өзүнчө ишарат кылып, «келиптир» дегендей белги берди.

— Үйүндө киши бар бекен? Башка чоочун киши? Дудук колдорун жаңсап, манжаларын серендетип, «аты байланып турат» дегенди билдирди.

— Өлүксүз, макоо! — деди кемпир азанап. — Өзүн сураса атын айтат. . . Сен ушинтип отур, үңкүйүп. Мен барып чачынан сүйрөп келемин да, бүгүн түнү тынышып бүтөмүн. Койнунда жатканын кошо байлап келбесем элеби! — деп уулун зекиген кемпир, чач учугун артка серпип, ордунан турду. — Бас! — деди дудукка. — Экөөбүз барабыз!

Дудук кандайдыр бир нерселерди айткан болуп, анан «барбайм» дегендей ишараат менен кетенчиктеп, үйдөн качып чыкты.

— Өлүгүңдү көрөйүн, бок жүрөк эркектер! Силерден көрө эки колум өйдө.

— Жок! — уулу оордунан атып турду. Анын өңү кан ичкендей куп-куу болчу. — Өзүм барам! — Ушинтти да, эшикке мас кишидей теңселип чыкты. Таш чайнап жаткандай тишин кычыратып, тээ мунарыктаган өйүздү бир карап алып, калдаңдай жөнөдү. Кемпир анын артынан калбай ээрчип, караандап баратты. . .

Ошол түн өрөөнгө салмагын салып тургандай оор, күңүрт болучу. Ай булут арасынан бүлбүл шоола чачып, Шоргонун жепирейген кара тамдарын сүрдүү көрсөтөт.

Каардапа кадам шилтеген эркек калың чийлерди качырата басып, четтеги кара тамдын жанына жеткенде, карала дөбөт көңүлсүз үрүп, кайра ордуна жатты. Кыясы тааныды окшойт. Бастырмага секирип чыгып, булундагы тамдан чыккан кемегенин морусуна кулагын тосту.

Аңгыча күшүлдөй демиккен кемпир жете келип, энгиге шыбырады:

— Чоң капты ала келдим. Башына кийгизе коюп, көтөрүп кетебиз. Антпесек, албуут шерменде кыйкырып, абийирди кетирет. — Эркек үндөгөн жок. Ошол тушта эшик кычырай ачылып, ичкериден киши чыкты.

— Как баш атасы экен! — деди эркек.

— Тегирменге кетти,— деди кемпир.

— Кирип барайынбы? — деди эркек бир аз обдулуп.

— Кой! Ал жалгыз эмес. Алың жетпейт...

Бастырманын астында байлануу турган Айнанын аты үстү жагына чочулай кулак төшөп, акырын окуранып койду. Ушундан көп өтпөй, эшик кайрадан ачылды. Кып-кызыл тукаба кемселчен Айна жоолугун артына байлана чыгып, түз эле бастырманы карай басты. Ал азыр таң ашырган атын отко коюшу керек болучу. Бастырманын эшик алдында даяр турган бир боо чөптү көтөрө бергенде бастырманын үстүнөн секирген калдайган караан келиндин үнүн чыгарбай басып жыгылды.

— Бетин тил! Бетпактын бетин тил! — деп киркирей шыбырады кемпир. Эркек ойлонгон жок. Жаак эттерин кабыштыра чайнап, кан аралаш шилекейди оозунан буруддата чачыратып, балит сөздөр менен кошо, мүйүз саптуу бычакты уздай аппак деңеге матыра берди...

Сары жорго кооптоно, Шоргону жаңырта кишенеп жиберди...

Шоргонун түнү эзели атпоочудай, улам күңүрттөп баратты...

## КОЖОМКУЛДУН КАНЖЫГАСЫ

Кадыр авам бизди жетине албай кабыл алды. Жашы токсондон ашып калса да акылы тунук, сөздөрү ордунда экен. Суйдаң сакалы ак куунун канатындай үлбүрөп, коюу кашынын алдындагы темир алкактуу көз айнеги ажарлуу жүзүнө жарашып турат. Жолдошум экөөбүздү күлүндөй карап, ал-жайыбызды сурап, бардык нерседен кабары бардай туюнуп отурду.

— Ийи атакөрү,— деди ал мени күлүндөй карап. — Жазмакер болсоң мына Кожомкулду жазбайсыңбы?

— Кожомкул жөнүндө жазылбадыбы,— дедим мен, айчейин кайдыгер.

— Эмнеси жазылды? Ыр кылып жибергенинерди окугам... Ал балбан эле эмес, эл үчүн, совет өкмөтү үчүн жан аябай иштеген жетекчи болучу. Сенин атаң анын секретары болгонун билесинби?

— Билем. Апамдан уккам...

— Ай байкуш, апаң тирүүбү?

— Ооба...

— Анда быйыл жетимиш тогузга чыккан экен. Менден он жаш кичүү эле, бейтаалай, күйөөсүнөн жаш калган... Ошону кор кылбай бак?!

— Колдон келишинче,— дедим күлүп.

— Ниетинер түз болсо, колуңардан бардыгы келет... Азыр эмне, бардыгы жетиштүү, Ниетти ондоо керек... Мен жан багыш үчүн отун терип жүргөнүмдө бир «кыдыр» кишиге жолуккам. «Отунунду ташта,— деди ал,— учкаш». Ошол күндөн ушул күнгө чейин балта алып отунга барбадым. Ал киши мени тозоктон түбөлүк куткарды. Окудум, билим алдым, совет мамлекетинин алгачкы жетекчилеринен болуп чыга келдим. Мындай турмушта жашайм деген ой уч уктасам түшүмө кирген эмес. Ошол жолуккан кишинин ысмы эсимде калбаптыр... Өкүнөм.. Пенде экенбиз... Жаны өкмөт жаныма багалбаган билимсиз тоголок жетим — мени ушунча киши кылды, анан, силерге деги сөз барбы!? Нээтинерди түзөп, нээтинерди бурсаңар, колунардан бардыгы келет.

— Келбей жатпайбы, ата! — деди жолдошум, бир аз шумдангысы келип. — Буга окшоп китеп жазуу менин колумдан келбейт. Береги аппарат менен көрүнгөндү шыкаалап тартып жүрүп, бала-чакамды араң багам. — Кадыр аке тигини кабагын чытый карады да бир аз ойлоно калды.

— Жаныңды араң баксаң, жигит эместигиң ошо...— Аксакал жүзүн буруп, кетенчиктеп отурду. — Эр жигит эптеп жан багыш үчүн эмес, элге кантип аркамды тийгизээр экенмин деп ойлоо керек.

Бейкүнөө жолдошумдун олдоксон тамашасынан улам, менин дагы шагым сынып калгандай болду. Ортодо саамга сөз үзүлүп, кемегедеги оттун чатыраган доошу гана угулуп калды. Түн коюулуп баратат Асмандагы жылдыздар бажырайып, түндүктөн көрүнүп турат. Мен кенти кайрадан эмне менен жаныртаарымды билбей, түндүктөн сеңгилген оттун учкуну менен жылдыздарга тийиштире албай, ойлоп отурдум. Аңгыча жолдошум аксакалды кайрадан сөзгө алды.

— Кожомкул жөнүндө сүйлөп берсеңиз, ата? Балким, биз укпаган окуялары көптүр?..

— Кожомкул жөнүндө силер эмнени укканыңарды билбейм, бирок, ал жөнүндө жазылбагандар көп. Айрыкча айкөлдүгү, адамгерчилиги, сынаалыгы, балалык күндөрү тууралуу азыраак билесиңер го дейм... Кадыр аке ойлоно калды. Мен «дагы кандай балакет суроону бере койду эле сөз менен көтөрүп чаап шагын сындырбаса экен» деп кыйпычыктадым. Бул киши менен сагыраак сүйлөшпөсө капканына оңой эле кабылтаарын билчүүмүн.

— Кожомкулдун бир окуясын айтып берейин. — Балким уккан чыгарсыңар, мүмкүн бирөө жазгандыр, аныcын билбейм,— деди Кадыр аке ойлуу. Мен эми эс ала түшүп, жайлана отурдум.

Казан кайнап, келини камыр жууруганга киришти. Байбичеси төрдө бешик терметип, үнсүз, уулу эшикке кирип чыгып, короодогу малга көз салып, конок камын көрүп жүрөт. Үйдүн ички жасалгасы, дегеле ушул үйдөгү бейпилдикке ыраазы болуп, аксакалдын өмүрүнө суктанып отурдум.

Кадыр аке сөзүн улады. Анын уккулуктуу үнү, сүйлөмдөрүнүн көркөмдүгү да кызыктырып, жанымда магнитофонумдун жоктугуна өкүнүп отурдум. (Азыр мен ал кишинин айтканындай кагазга түшүрө албаганымды сезем)

...Токойдо отун алып жүрсөм, артымдан Кожомкул барды. Дулдуюп унчукпай, жоон сандай куу жыгачтарды толгой сындырып алдыма таштады. Анан билектей суу кайыңды тамыры менен жулуп алды да, башынан тегерете ыргытты эле, дайынсыз учуп жоголду. Анын түнөргөн жүзүнөн ызаалуу экенин туйдум.

— Сага эмне болду? — дедим мен.

— Мени менен Кетмен-Төбөгө барасыңбы? — деди Кожомкул.

— Эмне болду?

— Түркмөн ыза кылды,— деди түнөрүп,— Мен анын көзүнө көрүнөм.

— Кетмен-Төбөгө эмне бар? Түркмөн бул жерде эмеспи??

— Жок, ал Кетмен-Төбөгө, Рыскулбектин тоюна кетти. Барсаң жүр, азыр жөнөйбүз.

— Жөө кантип барабыз? — дедим жүрөксүп.

— Эки аттап, бир чуркап жетебиз. Барасыңбы, жокпу? Мен апкаарып калдым. Түндө түнөгөн үйүмө отун алып баруум керек эле. Алдасам, кийинким кандай болот? Анын айтканынан кайтпай турганын сездим. Бирок, барганда

эмне бүтүрөөрүн түшүнө албай, кайрадан күңкүлдөй сурадым.

— Айтчы барганда экөөбүз эмне бүтүрөбүз?

— Балбанга түшөм! Уктунбу?! Керек болсо жанагы Дунган баатырынын колун толгоп жулуп алам! — Анын көзүнөн от чачырап кеткенсиди Анын көзүнөн чачыраган от менин денемди жылыткандай, кубана түштүм. Рас эле балбанга түшсө эмне экен! Кожомкулдун күчүн бизден башка эч ким көрө элек. Көрүшсүн! Анын айтылуу балбандар менен күрөшүп жатканын ушунчалык көргүм келип кетти.

— Кеттик! — дедим мен.

— Арканыңды алып ал. Кереги тиет,— деди Кожомкул. Жап-жаңы кыл арканды түрүп, мойнума арта салдым да, Кожокулдун артынан ээрчидим.

Улуу шашке ченде Тунуктан жөө чыгып, үнсүз жүрүп отурдук. Суусамырдын толукшуп турган кези эле. Суунун өйүз-бүйүзүнө боз үйлөр тигилип, күтүрөгөн мал батпай, бетеге белден буралып туруучу. Отуруп эс албай, же бир үйгө кирип наар сызбай, Өтмөктөн өттүк.

Күн ордуна отура Ала-Белге жетпей, кан жолдон обочороктогу дөңсөөгө тигилген жалгыз үйгө кайрылдык. Салам айтып үйгө кирсек төрдө отурган кара сакал казак ордунан тура калып, кол берип учурашты. Жашыраак аялы жактырбагандай башын ийкеп тим болду. Колунда бар, салабаттуу кишилик окшойт, каадасын жазбай кайра төрдөгү ордуна отурду да, аялына «кымыз куй» деп буйруду. Жаман кийимчен томаяктарды жактырбаган жаш аял, алдыбызга дасторкон жазбай, жалгыз жыгач кесеге кымыз куюп узатты. Кымызды Кожомкул алып, токтоосуз тартып жиберип, кайра сунду. Аял экинчисин куйду эле, аны дагы Кожомкул шыпкап жиберди. Алты жолу мага узатпай тынымсыз жутту да, жетинчисин алдына коюп отуруп алды. Ошондо гана төрдө отурган кожоюн, көзүм кымыздан өтүп турган мени байкап, аялына «башка кесеге куй!» деп жекирe тиктеди. Мен экини ичкенден кийин эле эсим оой түштү. Кара аяктын ичи беш чөмүчтөй бар окшойт сыягы.

Кара сакал казак Кожомкулду кызыга карап, ал жайын, кайда бараткапын сурады. Кожомкул анча чечилип сүйлөбөй, кыска жооп берип, балтырына батып кеткен чокоюнун кончун акырын гана айрып койду. Үй ээсинин көзү чоңоё түшүп, Кожомкулду ансайын кызыга карады. Анан аялын коңшунасыныкына жиберип, кишини чакыртты да, бизге козу союп конок кыла турган болду. Үй ээси бапырандап, колунда барын койдуруп, өзүнүн төрт аял алганын, ушул убакка чейин перзент көрбөгөнүн айтып отур-

ду. Аялынын аты Айсары, өзүнүн аты Төлөгөн экенин билдик.

Эрте менен турсак экөөбүзгө эки ат токутуп коюптур. Кожомкулга семиз көк бышты, мага бир чобур ат мингизди. Ошого төбөм көккө жеткендей сүйүнүп, жолго камындык. Биздин эмне максат менен баратканыбызды билген Төлөгөн нускалуу адамча мындай деди:

— Жолуңар ачылсын! Канжыгаң бекем болсун, Кожомкул! Олжолуу кайткыла!

Кеч бешимде Рыскулбектин айылына жеттик. Суунун өйүз-бүйүзүнө каз-катар боз үйлөрдү тиктирип, дөңсөөлөргө кермелерди тарттырып коюптур. Кемегелерде казан кайнап, шымаланган жигиттер текилдеп чуркап жүрүшөт. Койкойушкан келиндер суйкая басышып, кишини алыстан арбашат. Ал кезде шарактаган шолпулары эле бир бээ туюлчу. Анын жылаажындай үнү сени эрксиз каратаар эле. Конок күтүүнүн шаан-шөкөтү укмуш окшойт. Атчандын караанын алыстан көргөндө эле, жигиттер алдынан тосо чыгышып, ийиле салам айтышып, кайдан келгендерин билген соң, тийиштүү үйлөрүнө жетелеп кетип жатышат. Кызмат кылган жигиттеринин, кыз-келиндеринин кийингендери бир баа! Бул жерге жаңы конушса керек, айлана-тегеректин баары көк-жашыл, булганбас үчүн үйлөрдүн ортосуна мал жолотушпаптыр.

Кожомкул экөөбүздү дагы кастарлап тосуп алышты. Алдыбызда ат болгондон кийин, каадалуу мейман болуп көрүндүк окшойт. Биз куралтуу жигит салам айтып, кайдан келгенибизди сурады эле мен «Суусамырдан» деп жиберди м.

— Жок! — деди Кожомкул. — Бизди Түркмөндүн үстүнө алып барбагын. Мени байыңа жолуктур? Сөзүм бар.

— Бай тигинде отурат,— деди жигит төш жакты нускап — Барсаңар, аттарды мында калтыргыла?

Экөөбүз аттан түшүп, дөңдө үй мүйүз тартып отурушкан, аксакалдарды карай бет алдык. Менде эми адаттагыдай коруну у, айбыгуу адаты башталды. Кожомкул кандай абалда баратканын билбейм. Ал андан мындан бир аттам алдымда. Кожомкул салам айтты, мен оозумду күбүрөттүм. Он чакты кадырлуу кишилердин ортосундагы ак чекенди желбегей жамынып отурган буудай ыраң торолгон киши Рыскулбек экен. Кожомкул этегинен баштап кол берип учурашты. Мен дагы аны тууралдым. Чарык кийген төмөяктардын сүзө келип салам айтканын жактырышпагандай, мостоюп отурушту. «Тойго асмандагы куш дагы конот тын төшүн сөтөт имиш» деген сөздөн улам, биздин адепсиз-

дигибизге чыдашты го кыясы. Рыскулбекке жеткенде Кожомкул анын колун бекемирээк кысып койгон окшоду. Ал «ики» деп күңк этти да, өйдө козголо түшүп, кайра сыр билгизбей түзөлүп отурду. Мен анын жүзүнөн кара көк болуп чыкканын байкадым. Чынымды айтсам, жүрөгүм оозума каптала түштү.

— Бул кайдан келген балдар?! — деп жиберди Рыскулбек, биз али кол алышып бүтө электе. Эч ким жооп берबеди.

— Суусамырдан. — Кожомкул акыркы кишиге колун бербей, Рыскулбекке карады.

— Суусамырданбы?.. — Рыскулбек ойлоно калды.

— Сиздин той бергениңизди угуп, атайын, кызматыңызды кылганы келдим,— деди Кожомкул, ортого чөгөлөй отура калып.

— Ии, кызмат кылганы келдим дечи?!. Кээ бирөө мыскылдай күлүп жиберишти. Кыясы бул сөз эки эстүү кишинин айтканындай туюлду окшойт.

— Колуңдан эмне келет? — деди Рыскулбек мыскылдуу.

— Балбанга түшөм! — Кожомкулдун жаак эттери муштумдай болуп түйүлүп чыкканын байкадым.

— Ии, балбанга түшөм дечи... Сени Түркмөн ээрчитип келдиби?

— Жок. Досум экөөбүз жарым жолго чейин жөө келдик. Өзүбүзчө, атайын келдик.

Бу саам эч ким күлгөн жок. Баардыгы Кожомкулга карап калышты. Рыскулбек кыл муруту жаңы чыккан өспүрүмгө кызыга карады да, узакка ойлуу отуруп, анан бөюн түзөй эки жакты карап, ууртунан кексе жылмайды.

— Менин ак тоюма кызмат кылам деп келген жакшы ниэтиң үчүн тээтиги үйүрдө турган жээрде кулунду кармап ал,— деди.

— Мен кулун алганы келген жок элем... — деди Кожомкул.

— Э, кармап ал дегенден кийин, кармап ала бербейсиңби! — деп жекирди отургандардын бири...

Экөөбүз тузга иймерилип турган жылкылардын жанына бардык. Жээрде кулун бейкапар энесинин жанында турат. Эгерим нокто салынбаган кулун экен. Жалы тикчийип, соорусу көмкөргөн казандай толуптур. Бул эми карматпай айланы кетирээр бекен деп чочулайм. Болуштар тамашага баткысы келгендей, бизди карап турушат. Мен антип-минтип оюмдун аягына чыга электе, Кожомкул ыргып барып кулунду эки арткы буттан алды. Жылкылар жапырт үр-

күп, кулун чыңырып жиберди. Азоосуна салып секиргиси келди эле ошол замат жерге күп жыгылды. Кожомкул аны бурай кармап, көөлктөй колтуктап, көтөрүп жөнөдү. Мен чуркап жетип, аркан менен ноктолоп жибердим.

— Болуптур,— деди Рыскулбек. — Байлап алгыла. — Анан жигитине буйруду. — Буларды өзүнчө киргизгиле. Мен анан барам...

Бизди байдын байбичесиникине киргизишти. Бажырайган сулуу текөөрлүү аял экен. Эки кызды жумшап, биздин курсагыбызды тойгузду. Буга Кожомкулдун кабары бая эле жетсе керек, сынай карап, кепке тартып, ал-жайыбызды билди.

— Миним кете албаса... Жетеке жүрбөгөн азоо кулунду берген уят эмеспи. Азыр мен бир байтал көргөзөм, ошону укурук салбай кармап, ал — деди. Балээ болбодубу, улоо байталды укурук салбай, же, аркан тоспой кантип кармоочу эле деп кыпылдайм ичимде.

Кожомкулдун жанында жорто чуркап баратып, «Мен таман тузак салып жиберейинби?» деп шыбырадым.

— Кой! — деди Кожомкул жекирип. — Мени булар сынап жатканын билбей турасыңбы? Шашпай тур, көзүңө көргөзөм!..

Биз жанагы эле жылкылардын арасына бардык. Байбиченин байтал дегени эки жыл туу калган улоо бээ экен. Жал куйругу тогулгөн, кундуздай кап-кара, чекесинде топчудай агы бар, чүрөктөй суп-сулуу асыл мал окшоду. Айгырга ыктай жөлөнүп, жылкынын четинде турат.

— Сен ушул жерде тур, чочутпа,— деди Кожомкул жакындаганда. — Арканың барбы?

— Бар,— дедим. — Жанагынын теңин кесип алгам.

— Ушул жерде тур. Жардам берем деп ойлобо.

Кожомкул жылкыларга эки-үч саржандай жакындаганда эле, кара бээ кошкуруп, ойт берип, оолактай качты. Жанына жолото турган түрү жок деп ойлодум мен, тептирип алып майып болбогой эле. Болуштардын тамашасына айланып, кайдан да келдик мында! Ичим уйгу-туйгу болуп, көзүм кара бээден өтөт. Бээ ойкуштай басып, кайра жылкылардын арасына кирди.

Күн кып-кызыл болуп уясына батып бараткан. Бир аздан соң желе агытылып, жылкы жайытка кетмек. Тигине чака көтөргөн аялдар желе тарапка баратканы көрүндү. Шашуу керек. Эгерде кулундар агытылса, иштин бүткөнү. Жылкылар заматта төрдү карай жүрүп беришээри бышык. Кожомкулдун көктүгү кармаса, эмненин ичинен чыгарып билбей, санаам санырылат.

Кара бээ жанына жакындатпай, жылкыны тегеренип жүрөт. Кожомкул аны кубалабай, жөн гана илээлен ээрчип алыптыр. Экөө кыйлага чейин ээрчишип жүрүп, уйүр алып калышкандай да болду. Үймөлөктөшкөн субай жылкы ылаалашып, сыдырым желге тумшуктарын тосуп турушат.

Кара бээ эми калың топту аралап, ичине кирди. Кожомкул ылдый жагынан качыра кирип барды эле, жолундагы жылкылар жарыла берип, кошкурган кара бээ алдындагы субайларды жөөлөп калды. Кожомкул анын куйругунан бурдай кармап силкигенде, кара бээ очурулуп отура калып кишенеп жиберди. Мен анын бели үзүлдү го деп ойлодум. Кожомкул учуп жетип, эки кулагын толгой кармаганда азанган азоо кайрадан асманга атырылды. Укмуштуу кур, кулагына асылган Кожомкул кадимкидей өйдө көтөрүлдү. Ангыча бээ чыңырып жиберип жерге тумшугу менен сайылды. Мен чуркап барып ноктолоп жибердим Кожомкулдун колдору карышып калса керек, бээнин кулак түбүнөн кан шырылдап ага баштаганда араң коё берди. Көрсө, териси айрылып кетиптир.

Биз бээни жетелеп ылдый түшүп келатсак, алдыбыздан жигит утурлады.

— Сени бай чакырып жатат,— деди ал Кожомкулду. Кожомкул дулдуюп, үнсүз жигиттин артына түштү. Мен ойкуштаган бээ менен убара болуп, алыста калдым. Ал түнү экөөбүз көрүшө албадык. Мен бээ менен кулунду кошоктоп, айылдын сыртында жаттым. Өзүмчө жатып Кожомкул жөнүндө ойлопом. Аны эмне кылышты, кайда алып кетишти? Кайсыл үйдө отурат болду экен? Эмнеси болсо да аман болсо болду деп коём ичимде. Анан келбей жатып эки жылкылуу болгонго сүйүнөм. (Кадыр аке өзүнөн-өзү уялгандай жумшак күлүп койду).

Экөөбүз эртеси жолугуштук. Ал кайдадыр шашкандай, мени менен өтө кыска сүйлөштү.

— Суусамырлыктарга жолуккан жоксуңбу? — деди ал.

— Жок...

— Мен күрөшө турган болдум. Кийим тигип жатышат. Тамагым жалаң гана майга көйлөнгөн куурулган буудай. Башка эч нерсе беришпейт. Сен биздин мында экенибизди эч кимге айтпагын. Түркмөн мени күрөшкө чыкканда гана бир билет.

— Билсе эмне болмок эле? — деп сурадым.

— Билбесин! Керек болсо мен анын Дунганы менен күрөшөм.

— Макул...

— Эгерде жыгылсам... анда, өзүмдүн колу бутумду кайрып таштайм!.. — Анын жаак эттери муштумдай болуп түйүлө калды.

— Эмнеге антмек элең? Жыгылгандар...

— Болду! Бар... Мага жолукпай эле кой. Суусамырлыктарга эч нерсе айтпа. Экөөбүз күрөштөн кийин жолугушабыз.

— Макул,— дедим акырын. Ага сөз айтуудан дагы чочуладым. Ошол учурдагы анын абалын мен айтып түшүндүрүшүм кыйын.

Кулун менен бээни багып, өзүмдүн курсагымды тойгузуп, айылдын сыртында үч күн жаттым. Мени эмне кылып жүрөсүң деген киши болгон жок. Анжыян, аркадан келген кыргыздар. Мерке тараптан келген казактар батпай кетти. Төртүнчү күн болгондо суунун боюндагы көк майсанга эл топтолуп, ортодо тору ат минген ырчы жар салып жүрдү:

Калайык туугац уккула,
Калкыма келген кут мына!
Рыскулбек байдын ырысын,
Ыраатын көрүп турусуң.
Жакшылап тыңшап алгыла.
Жалпыңа айтаар сунушум:
Көбиме көңүл бургула.
Көнөнирээк тургула?!
Балбандар оюн салышат,
Байгени мыктап алышат.
Көрүп турган калың журт,
Бир кумардан канышат.
Казактан келди Дөө балбан.
Ат көтөргүс жөө балбан.
Чымчып алып эт жебес,
Чыдап адам беттебес.
Анжияндан, аркадан.
Ага ылайык канча жан,
Шымаланып турушат.
Кезектери келгенде,
Аттарын менден угушат.
Ошолордун ичинен.
Аты чыккан Кожомкул,
Арыстандай айбаттуу,
Катуу чыккан Кожомкул...

деп эле Кожокемди мактап киргенде, денем чымырап, тердеп чыктым. Тирелишкен элдин араларынан сойлоп отуруп, алдына өттүм эле, казактан келген Дөө балбаны тери шым кийип, жеңин шымалана түрүп, ортодо басып туруптур. Мойну күржүйгөн, эткээл, жашы отуздарга чамалап калган жигит экен. Тасырайта кырдырган башы күнгө күзгүдөй чагылышат.

Эл ичи у-дууга толуп, келген балбандардын аттарын атап, кай бирин даңктап жатышты. Менин кулагыма эч нерсе кирген жок. Эсн дартым Кожомкулда. Аңгыча устундай зуңкуюп Кожокем чыкты. Бою узун болгону менен тигил кишиден алда канча арык экен. Аяк жагы ичке, көөдөнү дагдайып кенен экен. Ошонусун мен азыр гана байкадым. Кийген шымынын өңү кызыл экен, кыясы, ышкын түпкө салган тери окшойт. Белине калың кездемеден курчап коюптур.

Кожомкул кебелбей басып келип, Дөө балбанга учурашканы колун сунду. Казак жөн гана учурашуунун ордуна, салтты бузуп, сунулган колду эки колдоп чирене тартып туруп алды. Кожокем муну күтпөсө керек, колун тартып чыгара албай, кыйлага буйдалды. Менин жаным чыгып кетти. Бүткөн боюм тарамыштай тырышып, тишим ээрдиме батып кетиптир. Кожомкул күч менен колун сууруп алды эле, оң билеги кызыл-ала кан болгонун көрдүм. Көрсө, териси сыйрылып кетиптир.

Экөө аңдашып басып жүрүштү. Элдин арасында кобур сөздөр күчөдү. — Бу кайдан келген бала? Мурда күрөшкө түшүп көрбөгөн окшойт...

— Балапан жүнү түшө элек немени балбанга салып, казакка намыс алдыра турган болдук ээ!

— Бүттү. Жүрөгүн алып койду. Эми бир качырса, баланы басып жыгылат.

— Жөн эле жыгылса болду го. Омуртка сөөгүнөн ажырайбы деп чочулайм.

Айтылган сөздөр жаныма батып, көзүм чанагынан чыкчуудай чакчайып, таш болуп түйүлүп турдум. Эмне болуп кеткенин көрбөй калдым, балким кирпигим ирмелип кетсе керек. Кожокем Дөө балбанды сыга кучактап, жамбашка алып калган экен. Казак жанталашып, буттарын артка сунду. Бели сынып кетчүүдөй чүлүк турат. Аңгыча Кожомкул далыга салып тап-так көтөрдү да, тегеретип келип жерге урду...

Айлана чууга толду. Мен тамагым айрылганча кыйкырсам керек. Кожомкулду топтошкон эл кайдадыр көтөрүп кетишти. Мен тебелендиде калдым...

Кайра чуркап аттарга келсем, көк бышты менен чобур калып, кара бээ менен кулун жок. Бошонуп кеткени же, бирөө жетелеп кеткени билинбейт. Желедеги жылкылардан, кокту-колоттордун барын издедим, көрүнбөйт. Жедеп шайым оогондо эки атты жетелеп, айылдын сыртындагы дөңгө чыгып отурсам, Кожомкул жетип келди. Ал дагы мени издеп жүрүптүр.

— Кеттик! — деди ал.
— Эмне болду.
— Тигилер ач бөрүдөй байге талашып жатышат.
— Кимдер?
— Түркмөн «бул менин балбаным» дейт. Рыскулбек «сенин балбаның эмес, бул кыргыздын балбаны» дейт.
— Сага байге бербейт бекен?
— Байгени бердим ошолорго. — Кеттик. — Кожомкул жайдарылана күлүп, көк быштыга минди.
— Күлүп менен бээ жок,— дедим мен күнөөлүүдөй.
— Ошолорду бизге бермек беле. Байлардын миң айласынын бир айласы. Аттан. Чычканды өрдөн барып эс алабыз. — Көк быштыны адырандатып, Кожомкул алдыга түштү.
Айылдан кыйла узап кеткенбиз. Артыбыздан салдай сабап, бир жигит жетип келди
— Рыскулбек бай сени чакырып жатат.
— Жумушум жок.— деди Кожомкул.
— Анте көрбө? Мени аясаң кайрылып кет, баатыр? Кожомкул тигил жигитти аядыбы, кайра артка буруулдук. Келсек, эшик алдында күтүп туруптур.
— Айтнай-дебей качып жөнөгөнүң кандай, баатыр? — деди Рыскулбек.
— Кимден качмак элем? — деди Кожомкул орой.
— Ыракмат, намыс алып бердиң... — анан жигитине буйруду: — Тарт, тигил атты! — Жигит мамыда турган токулгалуу жээрде кашка атты жетелеп келди. — Минип кет, баатыр. Менин сыйым болсун...
Кожомкул үнсүз аттан түшүп, жээрдеге минди.
— Кыйналсаң кайрылып кел? — деди Рыскулбек, биз жөнөөрдө. Кожомкул үн каткан жок.
Сүрө жүрүп, кара сакал казактыкына келип жаттык. Ал андан бетер бапырандап, жетине албай коноктоду. «Мен ушундай болоорун билгем. Үйгө биринчи кирип келгенде эле бешенеңден окугам» деди ал мактанып.
Эртеси аттанаарда көк быштыны Кожомкулга тарттуу кылып, чеңкен жапты.
— Жаш болсоң дагы достошолу. Жолугушуп турабыз.
— Пейилиңе ыракмат, Төлөгөн,— деди Кожомкул. — Сага көрсөтөөр сыйым мойнумда.
— Андай дебе? Мага эч нерсе карыз эмессиң... Айып көрбөсөң бир нерсени сурайын, берип кет? — деди Төлөгөн.
— Сенден аяр эч нерсем жок, алгын...
— Мага бир канжыганды таштап кет? Достугубуз үчүн?..

— Ушул дагы сөзбү,— деди Кожомкул күлүп. — Керек болсо экөөнү тең ал.

Төлөгөн ай-буйга келбей, Кожомкулдун оң канжыгасын шарт кесип алды. Менин жүрөгүм кысыла түштү. Биз жүрүп кеттик.

Арадан бир жыл өткөндөн кийин ошол кара сакал казак мага жолукту «Уулду болдум. Кожомкулду издеп келдим. Бешик тоюма баргыла. Баягы Кожомкулдун канжыгасын уулумдун бешигине бел боо кылып койгом. Барганда көрөсүнөр...» деп бапырандады... Мен анын бешик тоюна барганым жок. Кожомкул барган, барбаганын сурабапмын...

Кадыр аке сөзүн бүтүп, узакка ойлуу отурду. Анын өңүндө терең кейигендиктин белгиси бар эле...

Казандагы тамактын бышканыбы, кемегедеги арча отундун жалыны жапыстап баратты. Бешикте жаткан наристе дагы эмнегедир ыйлап жиберди...

Эртеси биз аксакал менен коштошуп, жогорку чабандарды карай кеттик. Кайра кайтканда жолугушуп, бир, эки күн аңгемелеше турган болуп макулдашканбыз...

Ортодон эки күн өтпөй, жөндөн-жөн отуруп, Кадыр акенин мүрт кеткенин чабандардан уктук... Суук кабар мага кандай таасир эткенин айта албайм. Көөдөнүм мурда болуп көрбөгөндөй бөксөрдү. Кожомкулдун экинчи канжыгасын кимдир бирөө кара ниеттик менен кесип алгандай бөксөрдү... Ошол бөксөрүүнүн орду алигиче толо элек...

## ТҮПКҮРДӨГҮ ҮН

Бөлмөнүн жарыгы түнү бою өчкөн жок. Сүйлөй да ыйлай да берип эси оогончо чарчаган Дилде диванда кыйшайып, үнсүз отурат. Алмаз белгисиз жактан келген кагаз катты кайрадан барактап, кай бир беттерине көз жүгүртүп чыкты.

Бул кат кечээ кечинде Алмаздын колуна тийген. Ушул эле шаардык почтого салынган окшойт, сыртына жөнөткөн кишинин адреси жазылбаптыр. Эне-баланын эсин оодара бейпайга салган бул каттын автору Баатырбек деген киши экен. Жер үстүндө бул адамды тирүү жүрөт деп булардын үч уктаса түшүнө кирген эмес эле. Арадан ушунча жыл өткөндөн кийин жерден чыга калгансып, ойдо жок окуяларды тизмелеп, отуз барак кат жазыщы адам чыдагыс иш болду. Мындан көрө бул катты жазбай

койсо, ал адамдын буларга кылган акыркы жакшылыгы болбойт беле?!

Алмаз терезеден сыртты караса, таң агарып калыптыр. Жумушка барышка али эрте. Машинесинин келээрине дагы көп бар. Айтылаар сөз айтылып, угаар сөздү уккандан кийин, береги бөлмө Алмазга жат сыяктуу сезилди. Каттын автору канча жыл түпкүрдө жашынып жүрсө Алмаз дагы ошончо жыл ушул бөлмөдө думугуп отургандай камыкты. Ошондон улам кемселин кийди да, биринчи жолу апасы менен коштошпой сыртка чыкты.

Көчө кыймылга келип, машинелер кыйма-чийме каттап калыптыр. Алмаз тоону карай беттеп, ойлуу басып барат. Башында түнү бою айтылган сөздөр жаңырыктап, окуялар көз алдына тартылат...

* * *

Баатырбек райондук керек-жарак коомунун складына башчы болуп орношкондон бери үч жылга аяк басты. А деп складды өткөрүп алганда шагыраган бир додо ачкычын кайда катарын билбей, ар дайым сол чөнтөгүнө салып, сол колу менен бекем кармап жүрө турган. Жатканда ачкыч салган шымын так жамбашынын алдына кош бүктөп салып жатчу. Бир жыл өткөнчө складдан ажалдан корккондой коркуп жүрдү. Өткөрүлгөн товарлардын бир жылдык отчету туура чыккандан кийин гана, өзүнө-өзү ыраазы болуп, «Мен жеткен так кызматкер экемин» деп сыймыктанды. Анан ал биринчи жолу үйүнө арнап, он метр тас тукаба айрып алды да, Дилдеге келип: «ушуну эки үч жууркан каптап койчу, жүгүбүз жаңырып турсун» деген.

Ошондон кийин Баатырбектин санаалаш достору көбөйдү. Бардыгы өзүндөй эпчил, бардыгы өзүндөй так. Жалтыраган жакшыраак товарларды алар аркылуу эки эселентип пайдасын тең бөлүшүүнүн ыгын тапты. Деги иш ойдогудай. Кийим бүтүн, оокат жетиштүү. Там бар. Жазында короонун ичинде алты канат ак үйдү тиктирип коюп салкындап жатат. Райондогу кызматкерлер анын артынан калбай издешип, «Баке.Баке» деп турушат. Андан улам «Менин баркым райондо райкомдун секретарынан да күчтүүрөк. Ал киши элди чакырып алат. А мага чакыртпай эле өздөрү лепилдеп чуркап келип турушат» деп ачык эле мактанчу. Мурда ырбыйган арык бала эле көңүл өссө дүйнө өртөнгөнү эске келбейт көрүнөт, бөрсөйгөн курсак байлап алды.

Капилеттен согуш чыгып, Баатырбектин таттуу кыялдарына бүлүк түштү. Айылдагы замандаштарынын нечелин кетин, нечениннин каны төгүлдү. Нечен энелер боздоп, нечен жубайлар кара кийди. Нечен наристелер жетим калды. Бир сындырым нан үчүн баш көтөргөндөрдүн бардыгы колхоз талаасында кара жанын карч уруп иштеп жатышты. Жыл айланбай башка түшкөн мындай мүшкүлдүн аягы жакшылык менен бүтпөөчүдөй көрүндү Баатырбекке. Күн сайын жанындагы замандаштары майданга жөнөгөнүн көрүп, жанын оозуна тиштеп уйкудан безди...

Жетим өскөн Баатырбекти киши кылып, эресеге жеткирген райондук керек-жарак коомунун башкармасы Бектен эле. «Жамандык, жакшылыгыбыз бир, иним. Мен турганда кор кылбайм» деп убадасын берген. Кара басып ал кишинин аскерге кетенине жарым жылдан ашты. Эми анын бул чөлкөмдө ишенээри жок. Жалгыз үмүтү алыс жакта...

Мындан он күн мурун Раймагдын дүкөнчүсүн аскерге алып кеткенден бери Баатырбекте жан жок. Андан мурдараак, ошол имараттын жанындагы финансы бөлүмүнүн башчысы жөнөгөн. Демек, эмки кезек катары менен эле Баатырбекке туш келгени турат...

Дилде Баатырбекке он алты жашында келди. Муну да Бектен алып берген. Энеси жашында каза болуп, атасы башка аялга үйлөнгөн. Азыр ушул Баатырбектин складында кароолчу болуп иштөөчү. Кайрымы жок катуу киши эле. Ошондон улам күйөөсүнүн оозунан чыккан сөз Дилдеге закон катары туюлчу. Качан гана бирдин энеси болуп, баласы бир жашка чыкканда арақ, тиги төркү үйдөгү чоң сандыктын ачкычына ээ болду. Сандык Баатырбектин атасынан калган мурас. Ал өтө коолдолуп, бышык жасалган. Сандыкты билген гана киши ачпаса, адеп көргөндө түшүнүксүз эле. Муну кашкарлык соодагер устадан апасынын кыз кезинде сатып алган имиш.

Сары-санаага баткан Баатырбек тымызын убайым жеп, бат эле өңүнөн азып кетти. Түн ичинде уктап жатып, кыйкырып чочуп ойгонот. Бирде чак түштө кыйшайып отуруп көзү илинип кетсе, түмөндөгөн душмандын самолету какыраган жайдак талаада жалгыз гана Баатырбекти кубалап келатат. Самолеттордун кээде канаты, бирде дөгөлөктөрү төбөсүнө тийет. Жашынаарга чоңураак таш же жалгыз түп дарак жок. Жанталаша кыйкырып чуркап келатып мүдүрүлүп жыгылды. Чочуп ойгонсо бети, колуна жабалактаган чымындар, азыр эле түшүндө көргөн душмандын самолетторундай уча качышты. Жанында Алмазды

алып Дилде коңурук тартып жатканын көрдү. Анан ал ачуусу келип булкуп ойготту аялын.

— Коңуругуңдун үнү суук экен! — деп жекирди. — Коңурук тартпай уктабайсыңбы?! — Азыркы көргөнү түш болуп калганына сүйүнүп, кулап келаткан жаагындагы терин аарчыды. «Баары бир немецтер жеңет» деп жоруду түшүн.

Акыркы күндөрү складдан куру кол келбей калган. Бирде жакшыраак мата көтөрүп келсе, бирде тутам акча алып келип, Дилдеге карматат.

— Ме, тез салып кой сандыкка!

— Булардың эмне? Дегн мойнуңа түшпөйбү?..

— Сенин ишиң болбосун! Катып кой!.. Мен жок болсом, силерге кереги тиет, билдиңби!

— Койчу жаман сөзүңдү?! — дейт Дилде, баладай энөө.

— Э, сен эмнени билесиң, байкушум. Замандын түрү жаман... Бул ааламат заманда ким өлүп, ким тирүү калаарын бир кудайдын өзү билет дечи... Ошенсе да өз боюңа тың болуп, камдуу жашагын... — деп эскертчү болду.

Баатырбек күн сайын илең-салаң жумушка барып-келгени болбосо, күндүн эрте батышын, таңдын кеч атышын гана тилейт. Табигат ага көнчүбү бир күндө анын нечен ирээт жүрөгүн түшүрүп, анан адатынча кырды ашып кетет. Бирөөнүн чакыргынан, бирөөнө жолугуудан коркуп турат. «Кулагыма повестка деген сөз угулбаса экен!» деп тилейт миң ирээт. Алыстан күткөнү бардай жол карайт. Күндө жол карайт. Саат сайын жол карайт...

* * *

Орто Азиянын ичинде Пазилахундун көрбөгөн жери калбады. Бир кезде басмачылар арасында жүз башы болуп жүргөндө, Фергана өрөөнүн алаканга салып алгандай, булуң-бурчтарына чейин жатка билүүчү. Басмачылар талкаланганда Кытайга качып кетип башын калкалаган. Кийин эл арасы тынчыганда уурдана келип-кетүүсүн улантты. Көбүнчө Ысык-Көлгө каттайт.Жылына эки жолу — жазында жана жыйын-терин бүтөөрдө келет. Анын келишин айылдагы кээ бир кишилер чыдамсыздана күтүп калышат.

Пазилахун жазында келгенде Баатырбекке капилеттен жолугуп, жүрөгүнө бир учкун таштаган эле. Экөөнүн сөзү

айныбас шертке айланган. Баатырбек убаданы так аткарып, саат санап жол карап отурганы ошол. Пазилахун келбесе, өмүр шамынын өчүп калганы деп билет. Баш аман болсо көр оокат бардык жерде өтпөйбү. Колго повестка тийгенче куйрукту түйүп кетүү керек эле. Өчөшкөнсүп, болжошкон күн өтүп баратат.

Баатырбек кеч бешимде складдын сырткы чоң каалгасын бекитип, койнуна бүгүнкү тапкан табылгасын катып үйгө кайтаарда, көчө боюндагы теректердин далдоосунан Пазилахун чыга калды. Ошол замат алыска кеткен энесин көргөн балача сүйүнүп, алдынан чуркап барып колун берди. Пазилахун тоготмоксон кол учун кармады.

— Өтө кечигип калдың аваке, өтө кечиктиң,— деди Баатырбек.

Сен эмне? Жөнөгөнү калдыңбы? — Пазилахундун өңү бузула түштү.

— Азырынча жок. Кудайга шүгүр...

— А, түзүк экен...— Пазилахун жеңилдей түштү. — Сенин ишиң үчүн өлө турган болдум.

— Алып келдиңизби? — Жан талаша сурады Баатырбек.

— Сен эмнесиң өзү? Эркек болгондон кийин, айткан сөзүн аткарат да. — Пазилахун сүрдүү тиктеди.

— Түшүндүм, түшүндүм...— Баатырбек тигинин көзүнөн жалтаңдай түштү. — Мен анда өмүр бою карызмын аксакал, өмүр бою... — Ал кандайдыр бир нерсе ала тургансып тигиге колун созду.

— Ашыкпа,— деди Пазилахун мыскылдуу. — Ашыкпа...

— Мейли, аксакал мейли... — Даражасы кол жеткис бийик кишинин алдында тургандай, Баатырбек ар бир сөзүн «аксакал» менен бүтүп жатты. — Анда сиз Ашымдын күмбөсүнө... —Жо-жоок, анда болбойт! — деп карбаластады. — Анын үстү менен өтүп, Тешик-Таш мазарынын үстүнө барып эс алып туруңуз. Ишти эртелетпесек болбойт. Айыл арасына эркек адамдын батышы кыйын. Мен артыңыздан тез эле барам.

— Мен өтө чарчадым,— деди Пазилахун. — Андан калса курсагым да ач. Сен мени үйүңө алып баргың келбей жатса керек. Анда бир үйгө барып бир эки күн эс алайын.

— Жок, жок. Андай дей көрбөңүз? Эчен күнү жолдош болуп, иш кыйындап турганда мага каралашпасаңыз болбос. Ишениңиз, мен сизге керектүүнүн бардыгын ала барам.

— Сенин оюнду түшүнүп турам. Бирок кайра жол жүрүүгө шайманым жок. Тынымым керек.

— Андай дебеңиз? Мен сиздин керек дегениңизди калааганча орундатам. Сиз менин акыркы өтүнүчүмдү орундатып коюңуз. Мен үчүн кызмат кылдыңыз, эми мен сиз үчүн дайыма кызмат кылам. Ишенип коюңуз аксакал?

— Ох! Кыйналдым,— деди Пазилахун. — Сен мени аягың келбеди, дагы да болсо мен сени аяйын. Хуп болот. Мен жөнөдүм. Эртерээк бара көр?

Баатырбек Пазилахун менен ажырашаар замат, үйүнө шашып кирди.

— Мени облуска чакырыптыр, балким отчет боюнча болсо керек. Жаңы кийимдеримди алып бер?

— Кеч кирип калбадыбы, эртең барарсың,— деди Дилде.

— Болчу беле, ишим бүтсө, бат эле баса берем. Бол эми, эрте, делдейбей! Тигил бышкан эттен нан аралаштырып, эки бөтөлкө спирт орой сал! Жолдо пайдасы тийет. Машине тез эле чыга коёт дейсиңби.

— Эки бутылка спиртти эмне кыласың жүк кылып? — Кооптоно сурады Дилде.

— Жүк болсо мага болор. Өзүм ичпесем башкалар ичээр. Акчадан беш миң сом алып берчи? Кереги болсо жумшалаар, болбосо кайра келээр. Дилде Баатырбекти шектүү карады да, уичукпай чыптамасынын чөнтөгүнөн сандыктын ачкычын алды. Анан жүз кагаз чаптаган отуз сомдук акчадан бир боо, жана миң сомдук эки кагаз сууруп чыкты.

— Эми тамак ичип ал,— деди Дилде. Баатырбек дасторкондон бир чыны чайды аран түгөттү.

Дилде Баатырбекти короо озуна узатып чыкканда, колуна көтөрө чыккан Алмаз атасын карай талпынды эле, атасы аны чекесинен кайдигер сүйүп, үн катпай узап кетти.

Баатырбек кыштактын сыртына көз байлаганда чыкты. Анан арыктын ичинде бир аз эс алып отурду. Демин жыйнагандан кийин айлананы шектүү карады да, эски коргонду карай шыпылдап жөнөдү. Ашымдын күмбөзүнө жеткенде, адатынча дагы бир карады артын. Көрдой карангы дүлөй күмбөздүн ичи Баатырбектин денесин жашырды. Колундагы түйүнчөктү көнгөн жайынын босогосуна коюп, ортодогу сүзүштүргөн үч ташын сыйпалады. Күтпөгөн жерден колу ташка эмес үңүрөйгөн чуңкурга түштү. Ошол замат башына ок тийгендей, белгисиз күч укмуштуудай мээсине койгулады. Өлүм алдында тургандай кыйкырып жибере жаздады. Анан кутурган немедей чункурду максатсыз тырмалап кирди. Өзү койгон үч таш, күмбөздүн дубалынын түпкүрүндө жатканын таппы. Алар-

дын баарын жин ургандай тышка ыргытып, күмбөздүн төрт бурчун чапчылай берди. Колдорун катып калган куурайдын соңгөктөрү сыйрып, алакандары туз куйгандай ачышып жатты. Суукта калган баладай көзүнөн жаштар салаалап, мурдунан суу куюлуп, оозуна кирип жатканын сезип да койгон жок. Эң акыркы үмүт менен ортодогу чуңкурга колун салды эле, анын түбүнөн топурак чеңгелдеп чыкты. Топуракты эки колуна кармаган калыбында, өпкөлөп ыйлап кирди. «Эми менин күнүм бүттү» деп ойлоду ал.

* * *

— Сен катынга окшоп мажирөө экенсиң,— деди Пазилахун. — Күтө берип жиним кайнады.

— Мен өлдүм! Ишениң коюңуз, мен өлдүм!..— Атасына эреркеген наристедей буркурап жиберди. — Ашымдын күмбөзүнө бекиткен апийим жок. Түндө эл жата келип көрүп кеткемин. О, канча акчам кетпеди дейсиз. Сиз төрт килограмм дебедиңиз беле, а мен бирди ашык камдагамын. О, кайран башым!..

Пазилахундун алдына алып келген түйүнчөктү чечип жатып шолоктой берди.

— Демек, сенин анда катканыңды бирөө көргөн экен да. Кайдан сатып алдың эле? — Пазилахун тоготмоксон сурады.

— Жок, жок. Жан киши көргөн эмес. Көбүн тескейден сатып келгемин.

— Эгер сенин катканыңды жан киши көрбөсө, анда апийимди сатып алганың жалган. — Пазилахун чөнтөгүнөн мүйүздөн коолдолуп жасалган макисин алып чыкты да, экинчи омурткасын мүлжүп кирди.

— Теңир урсун! — деди Баатырбек, сөзүнүн чындыгын түшүндүрө албай, күйүп-бышып. — Болгондо да үч жолу сатып келип кошкомун. Беш килого жеткенде складдан беш метр калың чыт апкелип ороп, жерди чуңкурайтып көөмп, таш менен бастырып койгон элем. Биздин райондун кишилери алмак түгүл, Ашымдын күмбөзүнүн жанынан өтө алмак эмес.

— Анда сен менин маңдайымда эмне дегени отурасың? — Пазилахундундун каары көзүнө чыга түштү. Айдын жарыгына анын кыпкызыл көзү балбылдап турду Баатырбек коркуп кетти. Анан күнөөсүн толук мойнуна алган кишидей унчукпай калды.

— Куй спиртиңден! — деди Пазилахун, макисинин мүйүз

кынын тосуп. Баатырбектин денесин калтырак басканы, кынга такай кармаган бөтөлкөнүн оозунан майда титирегенинен билинип турду. Экөө үнчүгүшпай калышты көпкө. Пазилахундун эт менен нанды аралаштыра шапылдата чайнаганы гана тынчтыкты бузуп жаткансыды.

Тээ алыстан ит улуду. Ал чыныгы кайгыга баткандай жаагын тындырбай улуй берди. Баатырбек ошол белгисиз иттин турмушун элестетти. Көчүп кеткен эски конуштагы кемегенин боюнда улуп отургандай элестетти көзүнө. Өзүнүн турмушун окшоштурду ага. Чын эле, окшоп кетти.

— Куй дагы? — Күрс этти Пазилахун. Баатырбек чочуп кетти. — Карма, өзүң ич! — Пазилахун тойгондугун билдирип, чыканактап жатып алып тишин чукуй баштады. Колго түшкөн кишидей кулуюп отуруп нан жеп жаткан Баатырбекке кытмыр карады да, анын ушул абалына жийиркеничтүү жылмайды.

— Сүйлөбөйсүңбү, кожоюн? — деди Пазилахун. — Паспорт алып кел дедиң, паспорт алып келдим. Мазардын үстүнө бар дедиң мазардын үстүнө келдим. Курсактын ачкасына караба дедиң, курсактын ачкасына кайыл болдум. Эми эмне кыл дегени турасың?!

— Башым катып калды. — Күңк этти Баатырбек. Анан ал чочулагандай үнүн аяныччуу чыгарып Пазилахундун тизесин кучактап жалына баштады.

— Сиздин кылган кызматыңызды эки дүйнөдө унутпаймын. Сиз мага зор кызмат кылып жатасыз. Мен сизди кудайды күткөндөй күттүм. Күттүм. Күткөндө да сыймык менен күттүм. Анткени сиздин тапшырмаңызды ашык аткарып койгон болчумун. Биздин райондо менин апийим сатып алганымды жан киши билген эмес. Үйгө деле коюп коймокмун, бирок аялыма дагы ишенгем жокмун. Муну алган киши машкедей жыт билгич болсо керек. Олдо буюрбагыр ай! Буюрбай калбадыбы! Оңор апийим болсочу! Ох, башым ооруп чыкты. — Баатырбек сөзүн ташка айтып жаткандай сезди. Пазилахун ордунан кыймылдап да койгон жок. Бирок жүрөгүндөгү күткөнү оорундамайынча жалына берүүнү туура тапты. —Эгер мени чек арадан аман эсен өткөрүп койсоң, о, анда сизге малай болуудан кайра тартсам, мууздап салыңыз. Эми менин акыркы гана үмүтүм калды... Пазилахун ордунан жай козголуп, кынга спирттен куюп жатып:

— Үмүтүң үзүлбөс, айтып көрчү,— деп сурады.

— Оозуңа май! —деп жиберди Баатырбек. Анан одоно сүйлөгөнүнө уяла түшкөндөй сылык сөз менен аягын

улады. — Менин үмүтүм орундалса, сиздин үмүтүңүз дагы орундалсын!.. Менин жанымда, өзүмө деген бир аз акча турат.

— Суммасы?..

— Беш миң.

— Ал акчанды катынына бер, ыштан сатып алсын,— деди Пазилахун. — Бул паспорттун баасы сендей катын баакы жигиттердин бешөөнүн кунунан ашык турат.

— Абалыңа чактап сүйлөгүн! — Баатырбек чыйрала түштү. Анан аны кандайдыр бир белгисиз күч ээликтирип жиберди. — Керек болсо сендей кишини малай жумшап алууга кудуретим жетет. Мен сага мындан мурун дагы эчендн өткөргөмүн. Алар эсиңден чыгып кеттиби? Колго түшүп кала жаздап, дырдай жыланач качып келгенде үстүңө кепин жапкан ким эле? Бул кызмат эмес бекен? Эми бир өлүп калган кишинин паспортун таап алып, байыгың келет.

— Сен менден өткөн кызыл кулак экениңди унутпа! — Пазилахун жоошуй сүйлөдү. — Эгер экөөбүз сот алдында жооп бере турган болсок, сен түрмөдө чирип өлөсүң. А мен уулуң сендей болгондо келип, акымды өндүрүп кетем.

— Ооба,— деди Баатырбек каны кайнап. —Сенин ыргыткан ташыңдан менин ыргыткан ташым чукул түшөөр. Азырынча мен өз элимдин четинде, өз жеримде турам. Менин сөзүмдү бардыгы угушат. Керек болсо, сени кан ичээр качкын, басмачы деп карматам!.. Пазилахун ток тийгендей ыргып турду да, Баатырбекти кекиртектеп алып баса жыгылды. Баатырбек камынып тургандай, үстүнөн жеңил ыргытып жиберди да, аны коюп жиберүүгө таш сыйпады. Пазилахун дасторкон үстүндө жаткан макисине андан мурун жетти. Баатыберктин колундагы таш, Пазилахунга серпиле бергенде, мүйүз макинин сап жагы чак дей түштү да, жалаңдаган канжардын мизи айдын алсыз нуруна чагылышты.

— СИНИГНЫ! — деди Пазилахун, тишин кычыратып. — Ажалым сенден болсо да, аркаңдан өлөм. Баатырбектин жүрөгү оозуна капталып, көзү чакчайды.

— Жакшылыкты билгиң келбейби?! — Канжарды кекиртегине такады. — Сүйлө!.. Айткың келбейби!? — деди Пазилахун, канжар учун ныктай басып. — Аппйим кайда? Акчаң кайда?

— А-а!.. — Чыңырып жиберди Баатырбек. Канжар кирип баратканcыды. Анын ачуу кыйкырыгы Тешик-Таштын аркы маңдайындагы жалама аскага чабыла түшүп,

алсыз жаңырык чыгарды да, жымыраган тынчтыкка сиңип кетти.

— Чаңырба, эш-шек! Канжарды батырып жиберем. Андан көрө, сүйлө бат!..

— Акча сандыкта. — Бат-бат энтигип, жан талаша сүйлөп жатты. — Ачкыч аялда. Аны шордуу аялым менен балам оокат кылса дегем. Ох, кекиртегиме кирип баратат. Бир минут ырайым кылыңыз? Мен айтып бүтөйүн. Апийимди Ашымдын күмбөзүнө бекиткемин. Теңир урсун дебедимби.

— Эгер алып келгениң чын болсо, катыныңдан башка киши алган жок. Ошону билбей калгансың кеңкелес!

— Ким билет? — Анап тайсалдап, чын пикирин айтты. — Жо, жок. Менин аялым өлсө да ага барбай турган неме.

— Эх, катын паакы ит! — деди Пазилахун. — Анык душманың койнуңда жатканын билбейсиң. Бүгүн билсең ошол сандыгыңдын ичин кара! Жөнөгүн азыр! Барасыңбы? «Ушул сөзү чын болуп жүрбөсүн» деп ойлоду Баатырбек.

— Барам,— деди чечкиндүү.

Чет элге кетүүгө унутуң болсо, эки саатан кечикпегин! — деп эскертти Пазилахун Баатырбек жөнөп жатканда.

— Сен көп жашайсың. — Кытмыр жылмайып сүйлөдү Пазилахун. — Бул канжар ачылганда кансыз кайра жабылган эмес. Мейли эми. Анткен менен жакшы жигитсиң. Колум барбады! Карма... Ынак достук үчүн бердим сага ушул канжарды.

Баатырбек калтырап жатып канжарды алды.

— Мына, — деди Пазилахун, кагазга оролгон чет элдик паспортту алып чыгып көрсөтүп. — Бул сенин өмүр шеригиң, түбөлүк документиң. Жашагың келсе олжолуу кел. Жөнө!

Баатырбектин карааны Тешик-Таштын колотуна житип кеткенден кийин, бөтөлкөнүн оозунан спирттен бир аз жутту да, тепселе ордунан турду. Анан боркул таштарды аралай өйдөлөп, казандай кызыл таштын жанына жеткенде, курун чечип ичин бошоткондой болуп, айланага шектүү кулак түрүп, көпкө отурду. Кийин, ташты акырын көтөрүп, алдынан чүпүрөккө оролгон буюмду ишенбегендей сууруп чыгып көрдү да, кайра таштап, ташты көмкөрүп койду.

* * *

Баатырбек өзүнүн бийик коргонунан секирип түшүп, караңгыга боюн урду. Жүрөгүнүн дүкүлдөгөнү кулагын жарып жиберчүүдөй угулат. Анан жыла басып тамдын каалгасын кармап көрдү эле, чоң кишен колуна урунду. Ошол замат сүйүнүп кетти негедир. Абал мурун боз үйдүн сыртынан тыңшап көрдү эле, капарсыз уктап жаткан адамдын деми угулду. Боз үйдүн сырткы эшигине жамына калып, ички жыгач каалгасынын өзүнө таанып илгичин босогонун башынан колун салып, добуш чыгарбай бошотту. Эми аялынын чыптамасын табуу гана калды. Туурдуктун жыртыгынан түшкөн айдын шооласы Дилдениin ап-аппак көкүрөгүнө теңгедей кадалып калган. Ушул шоола караңгы боз үйдүн ичин бүлбүл жарык кылып турат. Дилденин бир байлам жоолугу негедир шыпырылып калган. Кош өрүм кара чачы төшөк башына арта салынып, уйкудагы аялдын ажарына көрк берип тургансыйт. Жаадай кирпиги, кырдач мурду, толмоч жүзү Баатырбекке биринчи жолу суук көрүндү. «Апийимди алганың чын болсо, өлтүрөмүн!» деп кыжынды ичинде. Баатырбек чыптаманы Дилденин жастыгынын алдынан акырын сууруп алды.

Сандыкты шырп алдырбай ачты да, болгон мата менен акчаны түйүнчөккө ороп сыртка бет алды. Издеген кымбат баалуу буюму мында да жок экен.

Күтпөгөн жерден бала чукуранып ойгонду эле, Дилде сергек ойгонуп, чыгып бараткан караанды көрө сала, бакырып жиберди.

Сөлөкөт босогого токтой калып, койнундагы канжарды кармалады. «Артымдан айгак түшүп жүрбөсүн, бүтүрүп кетсемби» деп ойлоду ал.

— Эл журт! Жардамга! Ууру!.. — Дилденин ачуу үнүнөн, баланын ыйлаганы күчөдү. Сөлөкөт артына бурулбай көздөн кайым болду...

— Арадан бир ай өттү. — Сөзүн улады Дилде, ыйын токтотуп: — Областка кеткен Баатырбектен кабар билинбеди. Сандыкты ачкан ууру табылган жок. Эл ичинде ар кандай ушак таран кеткен экен. Мен өзүмдөн мурун Баатырбектен сар-санаа болуп, жүрөгүм түшүп бүттү. Бир күнү «Баатырбекти өлтүрүп, көлгө салып жибериптир» деп угузуп коюшту. Бул туугап серөйлөрдүн жасаган иши экен көрсө.

Эл эмнени билбейт: «Баатырбек качып кетиптир» де-

ген ушак сөздөн, жакын санаалаштары коркушкан экен. Эл эмнени жашырбайт: ушул сөздү бирөөнүн оозунан эмдигиче уккан эмесмин.

Скаладты текшерүү жасаганда отуз миң сом жетпей калды. Ага тамды, короо жайды ичиндеги ит жеминдей оокаттарды калтырып мен кыскасы колума эки сыйра кийим салынган чемодан жана сени көтөрүп, үйдөн чыга бердим.

— Эмне үчүн «атаңдын тууган уругу жок» деп жүрдүң. Ал эмес биздин туулган жер Ысык-Көл экендигин жашырып келдиң?

— Кантип айтам? Айтуунун кандай кызыкчылыгы бар эле, балам?! Мен кара кийимим менен көчөдө калганда, бирөө жылуу ооз сөзүн айтууга жарашкан жок... Апам мен эс тартканда өлгөн... Атам экинчи аялы менен болчу. «Чыккан кыз чийден тышкары» сый болуп калганбыз. Анда барсам деле эптеп оокатым өтмөк. Бирок, элге батпай калгансыдым. Мен жөнүндө ушак. Мен жөнүндө күбүр-шыбыр.

«Ушундан көрөкчө көздөн далдоо жерге барып өлгөнүм артык» деп чечтим. Аркадан Анжиянга келгичекти көргөн азабымды, о, сен укпачы балам!.. Эгер өлүксүздөн бул оокат келбеген болсо, мен өмүр бою Ысык-Көл жөнүндө айтмак түгүл, эсиме салмак эмесмин. Кайгырып бүткөмүн.

Кайгы мени менен кетсин дегемин. Сени муңсуз өссүн дегемин...

Түштүккө жашымда келбедимби. Бир бөлмө там жалдап алдым да, издеп жүрүп контор шыпыргыч болуп орноштум.

Тапкан акчама сени кийинттим, сени окуттум. Сен үчүн жаштыгымды, өмүрүмдү жумшадым. Ошол ишимден пенсияга чыкпадымбы. Түштүктүн жериндей эли дагы кенен болот экен, азыр баары мага ага, ини, баары мага күйөрман...

Эми сен эр жетип, элдин ишеничин актап жүрөсүң... Сага акыл айталбайм... Катка кандай мамиле жасасаң өзүң бил, уулум.

Кат менен энесинин сөзүнөн улам Алмаз ушуларды билди...

* * *

Көчөдө ойлуу басып бараткан Алмаздын алдынан жеңил машине сызып өттү да, алда кайда узап барып кай-

ра артына кайрылды. «Мени көрдү го» деп ойлоду шофёр. Анан жөө кишинин жанына артынан жылдырып келип токтоду. Алмаз машинени көрмөк түгүл, көчөдө басып бара жатканын сезбегендей. Анын башында өмүрүндө көрбөгөн эркектин жоон үнү түпкүрдөн чыгып жаткандай сайрап келатты: «Уулум!.. Менин андан кийинки көргөн күнүмдү ит көрсүн! Адам көрбөсүн! Көрмөк түгүл укпасын! Адам укпасын, укпасын уулум. Мен жалгыз жүрдүм. Жоготкон буюмумду «кадырлуу досумдан» көрүп калып, чек арадан өткөндөн кийин, өз канжарып өзүнө жумшагам. Ошондон бери жалгызмын. Азыр дагы жалгызмын. Тирүүлөр арасынан ажырагам. Өлүктөр дүйнөсүнө да батпадым.

Азыр адам буту баспаган, адам деп албаган түпкүрдөн кат жазып жатам сага. Сен атаңды мендей киши деп ойлогон эместирсиң. Ооба, ошол оюң туура. Мен сага «АТА» делип аталууга арзыбаймын. Жарыкчылыкта мени чеке жарып эске алган адам болбосо керек эле. Ыраазымын уулум!

Ысымымда катталып жүрүпсүң. О, буга айтып бүткүс ыраазымын!

Сенин конторуна, сенин үйүңдүн жанына канча жолу барып, канча жолу караанындан кагылбадым. Дилдеге түспөлдөш экенсиң. Ошонуң жакшы. Атаң дагы ошол эмеспи. Уулум, Алмазтай! Мени өмүр бою күнөөлөй бер. А дагы мага аздык кылат. Бул кат сага оорчулук келтирерин, Дилде экөөңө азап болорун билип эле турам. Жазмак эмесмин. Бирок кеч ойлонгон аталык жүрөгүм сыздап, аргасыз кылды. Ушул үчүн, кечир уулум мени?!

Катты Дилдеге көрсөтпөй койсоң болот эле. Ай, ага болбоссун. Мейли эмесе. Караанындан кагылып, элесиңди өөп, атаң

*Баатырбек. 1962-жыл, май»*

— Отуруп алсаңыз? — Шофёрдун үнүнөн Алмаз чочуп токтоду. Анан үнсүз барып, кабинага кирди.

— Кайда айдайын?..

— Ыссык-Көлгө.

— ?

Шофёр таң калды.

— Айда!..

— Кайда дедиңиз? «Ыссык-Көлгө?..»

— Жо, жок, — шашып сүйлөдү Алмаз, — Конторго. Ысык-Көлгө жакында барабыз...

«Волга» сызып баратты алдыга...

Негедир анын артында өмүрүндө көрбөгөн кара мүртөс адам көк түтүнгө аралашып сапырылып келаткандай туюлду...

*1966-ж.*

# МАЗМУНУ

## ПОВЕСТТЕР

Көч . . . . . . . . . . . . . . 4
Ак-Бекет . . . . . . . . . . . . 27
Жапайы жүзүм . . . . . . . . . . . 78

## АҢГЕМЕЛЕР

Алтын чепкен . . . . . . . . . . . 144
Камбар-Хан . . . . . . . . . . . . 160
Кызганыч . . . . . . . . . . . . 165
Жол маеги . . . . . . . . . . . . 179
Аңгемелер түрмөгү . . . . . . . . . . 192
Нуска . . . . . . . . . . . . 192
Ыр менен кутулгон аза . . . . . . . . 193
Куйручуктун белеги . . . . . . . . . 197
Шоргонун түнү . . . . . . . . . . 203
Кожомкулдун каңжыгасы . . . . . . . . 212
Түпкүрдөгү үн . . . . . . . . . . 223

Литературно-художественное издание

ЭСЕНКУЛОВ ШАКИН

КОЧЕВЬЕ

ПОВЕСТИ, РАССКАЗЫ

Издательство «Адабият»

На киргизском языке

Адабий көркөм чыгарма

ЭСЕНКУЛОВ ШАКИН

КӨЧ

ПОВЕСТТЕР, АҢГЕМЕЛЕР

Редактору *Т. Ташматов*
Сүрөтчүсү *К. Дубашев*
Көркөм редактору *А. Момуналиев*
Техн. редактору *В. Крутикова*
Корректору *Р. Сакелова*

ИБ № 321

Терүүгө 11. 04. 90. берилди. Басууга 19. 11. 90. кол коюлду. Типографиялык кагазы № 2. Кагаздын форматы 84×108$^1/_{32}$. Адабий ариби. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 7,5 физ. басма табак, 12,6 шарттуу басма табак, 13,82 учеттук басма табак, 13,82 шарттуу боек түшүрүү. Нускасы 10 000. Заказ № 95. Баасы 1 с. 70 т.

«Адабият» басмасы.
720361, ГСП. Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты. 720461, ГСП, Фрунзе, 6, Жигули көчөсү, 102.

**Эсенкулов Шакин.**

**Э 84** Көч: Повесттер, аңгемелер. — Ф.: Адабият, 1990. — 240 б.

ISBN 5-660-00253-6

Жазуучунун бул жыйнакка киргизилген чыгармаларында негизинен адеп-ахлак маселелери көтөрүлөт, кейипкерлери ошол үчүн күрөшөт. Алардын бири-бирине болгон мамилеси күндөлүк иштери аркылуу чыңдалат. Ар кандай жагдайда акыйкаттыкка умтулат.

Поиск нравственных идеалов, борьба за них — главное, чем живут герои Ш. Эсенкулова. Повседневный труд, на котором строятся взаимоотношения героев, их выбор позиции в различных ситуациях, стремление к справедливости — на этом сосредоточен взгляд героев.

Э $\frac{4702300100-200}{М 455(11)-90}$ 62. 90 ББК 84 Ки 7—4